"Күчтүү, пайгамбарчылык жана шыктандыруучу китеп."
Кристин Кейн, A21 компаниясынын жана Propel Woman кызматынын негиздөөчүсү

Өзүңдү өзгөчө жана кайталангыс деп кабыл ал жана башаламандык менен ассимиляция кылымында түбөлүк максатыңды аткар



# АТААНДАШТЫКТАН ТЫШКАРЫ

## ЛИЗА БИВЕР

«Ургаачы арстандын ойгонушу» жана «Кылыччан кыздар» деген бестселлерлеринин автору

Кымбаттуу досум,

Сиз күчтүү жана максатка умтулган аял болуу үчүн Кудай тарабынан өзгөчө жаратылгансыз. Бирок, биздин көпчүлүгүбүз баш аламандыкта жана белгисиздикте өтө көп убакыт өткөрдүк. Биз өзүбүздү башкалар менен салыштырып, тынчтыгыбызды жана кубанычыбызды дайыма жоготтук.

Ордубуздан туруп, атаандаштыктан тышкары сулуулук, күч-кубаттуулук, ар-намыстуулук менен, таасирлүү жашоону баштоого убакыт келди. Машаяктан үмүт менен нурланган, кызматта ишенимдүү болгон жана бардык кылган нерсеңизди сүйүп аткарган өзүңүздүн чыныгы инсандыгыңызды табыңыз.

Бул билдирүү бардык курактагы аялдар үчүн. Мен бул китеп менен силерге бата бере алганым үчүн сыймыктанам, менин курбум жана эже-сиңдилерим. Бул материалды тааныштарыңыздын баары менен бөлүшүүдөн тартынбаңыз. Бул менин силерге берген белегим!
Кайраттуулук жана сүйүү, тайманбастык жана умтулуу менен жашагыла!

Чын жүрөктөн силердин,



Лиза Бивер
LisaBevere@ymail.com

MessengerX

Messenger INTERNATIONAL

"Күчтүү, пайгамбарчылык жана шыктандыруучу китеп."
Кристин Кейн, A21 компаниясынын жана Propel Woman кызматынын негиздөөчүсү

Өзүңдү өзгөчө жана кайталангыс
деп кабыл ал жана башаламандык менен
ассимиляция кылымында түбөлүк
максатыңды аткар

# АТААНДАШТЫКТАН ТЫШКАРЫ


ЛИЗА БИВЕР


«Ургаачы арстандын ойгонушу» жана «Кылыччан кыздар» деген бестселлерлеринин автору

**Without Rival** by Lisa Bevere, Kyrgyz
© 2024 Messenger International
MessengerInternational.org
Originally published in English as Without Rival by Lisa Bevere

Additional resources in Kyrgyz are available for free download and video streaming at **MessengerX.com** and on the **MessengerX** app
To contact the author: LisaBevere@ymail.com

This book is a gift from Messenger International and is NOT FOR SALE

**«Атаандаштыктан тышкары»** Лиза Бивер, кыргыз тилинде
Автордук укук © 2024 Messenger International
MessengerInternational.org
Алгач англис тилинде «Without Rival» деген аталышта жарыяланган.

Бекер жүктөп алуу жана агым үчүн **MessengerX.com** сайтында жана **MessengerX** колдонмосунда Джон менен Лиза Биверлердин кыргыз тилиндеги кошумча булактары бар.
Байланыш үчүн автордун электрондук почтасы: LisaBevere@ymail.com

Бул китеп «Мессенджер Интернэшнл» эл аралык уюмунун белеги жана САТУУГА БОЛБОЙТ.

Бул жерден жүктөп алууга болот App Store

Бул жерден алууга болот Google Play

App Store, Apple Inc.тин соода маркасы, АКШда жана башка өлкөлөрдө катталган.
Google Play жана Google Play Google LLC.тин соода маркасы болуп саналат.

*Кымбаттуу!*

*Сен, Атанын теңдешсиз жана сүйүктүү кызысың жана бул болуп көрбөгөндөй убакта сага теңдешсиз кабар жана убада берилген. Сен бир эле учурда улуу да, коркунучтуу да болгон ушул учур үчүн тандалгансың. Ошон үчүн да сен, коркпостон сүйүшүң керек... катуу ишенүүң керек... жана чексиз үмүт кылууң керек.*

# МАЗМУНУ


1. Атаандаштыктан тышкары инсан ........................................1
2. Биздин Кудайыбыз  атаандаштыктан тышкары ...................17
3. Биздин убадабыз атаандаштыктан тышкары .......................39
4. Салыштырууга батынбагыла!..............................................63
5. Качан силерге атаандаш катары карап жатышканда...........83
6. Атаандаштыктан тышкары жыныс.......................................107
7. Коркунуч менен сүйүүнүн ортосундагы атаандаштык..........141
8. Терең кудуктар жанакаалоолордун кудуктары.....................163
9. Атаандаштыктан тышкары кыз ............................................187
10. Атаандаштыктан тышкары жашоо.......................................213

# 1

# Атаандаштыктан тышкары инсан

“Биздин эң чоң каалообуз – биз боло ала турган адам болууга шыктандырган кимдир бирөө менен жолугуу.”

РАЛЬФ УОЛДО ЭМЕРСОН

Качандыр бир убакта силердин атаандаштарыңар болду беле? Мен спорттогу жөнөкөй жолдоштук мелдешти айткым келбейт. Анан ата–эненин көңүл буруусуна, мээримине умтулган наристелерди да айткым келбейт.

Мен олуттуураак атаандашты элестетем. Бул досуна же үй–бүлө мүчөсүнө таптакыр окшош эмес оппонент. Согуш талаасында ал жөн гана жеңүү эмес, атаандашынан толук кутулуу максатын көздөйт.

Бирок, силер ар дайым кыялданган жашооңор бул атаандаштыктан тышкары экенин билсеңерчи? Силер оюндан чыгуу үчүн утулуп калшыңардын кажети жок экенин билсеңер эмне болот? Эгер силер такыр *утулуп калбасыңарды* билсеңер эмне болот? Эгер силер кутудан тышкары (нестандартно) ойлонуп эле койбостон, кутудан тышкары *жашасаңарчы?*

Көп жылдар мурун мен жазуучунун биз билген дүйнөнүн акыры кеңири жайылган четтөө (келгиндердин басып алуусу

эмес) аркылуу келерин айткан китепти окугам. Китепте дүйнө эки карама–каршы лагерге же ой мектептерине бөлүнө турган мезгил келери айтылган. Мындай кеңири тараган бөлүнүү чөйрөсүндө, согушуп жаткан топторду толук апокалипсис болгонго чейин бири–бирине каршы согушууга тукуруу эч нерсеге турбайт.

Мындай чоңдуктагы ар кандай системалык бөлүнүү бир топ кичинекей чөйрөнүн ичинен башталат. Ал үйдөн башталышы мүмкүн, анткени жүрөгү жараланган адамдар бузулган үй–бүлөлөрдү түзүшөт. Жалган чындыктарды сепкен, адамдын аң–сезимин, эркин, сезимдерин кыйнап, аны алгач өзүнө, анан башкаларга каршы чыгып секирүүгө мажбурлаган абдан реалдуу күчтөр бар.

Биз жөнүндө жетишээрлик жакшы эмес, жетишээрлик жаш, акылдуу, тез же жетишээрлик бай эмес деген адамдардан качуу кыйын. Бизден алар күткөндөй болуп моюн сунуп, баш ийишибизди күтүп, бизге кол салышат. Бирок, адамдын табияты ушундай, ал өзүнө болгон бул чексиз кыйноодон качууга умтулат, мунун өзү аны баары жетишсиз экенине ишенүүгө мажбурлайт. Качан коркутуу өтө оор чекке жеткенде, кээ бирөөлөр эпке келип, көнүп, тuурап башташат, башкалары болсо, коргонуу позициясын ээлеп, жооп катары айыптоолорун айта башташат.

Биз айыптоону сезген кезде, башкаларды соттойбуз.

Өзүбүздү сүйбөгөн кезде, башкаларды да жек көрөбүз.

Өзүбүздүн тонолгонубузду сезгенибизде, башкаларды тоноону каалагандан алыс эмеспиз.

Бул процессте баары утулат, эч ким утпайт. Бирок, баары Пабыл айткандай болсо кандай болот?

> «Такыбаа жана ыраазы болуу чоң пайда» (1 Тим. 6:6).

Такыбаалык – бул Кудайдын көз карашын кабыл алуу жөндөмү. Бул Анын башка адамдарга болгон көз карашын кабыл алуу менен, биз Анын бизге болгон көз карашын кабыл алабыз дегенди билдирет.

Өзүңүздүн жан дүйнөңүздөгү канааттануу жана сооронуу сезими алсыздыкка алып келбейт, тескерисинче, чыгармачылыкты бошотот! Өзүңөрдүн азаптоочулаыңардан жана азабыңардан оолак болгула. Анын көздөрү бизде, ошондуктан биз Ага көзүбүздү көтөрө алабыз.

Анда эмне?

Силерге арналбаган нерсе үчүн күрөшкөндүн ордуна... силерге укуктуу түрдө тийиштүү болгон нерсени табууга күч пайда болот.

Бул китеп күнүмдүк ызы–чуунун зыяндарын баса көрсөтсө экен деп сыйынам. Сага эч нерсе алып келбей турган мелдешти жеңүүгө умтулгандын ордуна, согушта жеңүүгө даярдануунү каалайт элем. Силердин жаныңар үчүн чыныгы күрөш жүрүп жатат. Бул дүйнөдө өз ордун ээлей турган убакыт келди. Келгиле, калпты жана баш аламандыкты ачыкка чыгарып, чынында эле силердин ким экениңерди билели.

## Жоголгон жана табылган

Мен иттерди сүйөм. Жакында мен үйдөн алыс жүргөндө, Түштүк Кореяда, биздин сүйүктүү Тиа жоголуп кетти. Мүмкүн, жумушчулардын бири алдыңкы эшикти бекем жапкан эмес жана Тиа Колорадо штатынын кышкы суук көчөлөрүнө чакырык таштап, үйдүн жайлуу жылуулугун калтырып кетти. Эмнегедир ал ошол түнү үйүнө жол таба алган жок. Белгисиз кошуна боорукердик көрсөтүп, аны түнү менен үйүндө кармап, анан эртең менен аны жаныбарлардын баш калакалоочу жайына таштап кеткен.

Тианын мойнундагы моюнтурукта бирка бар болчу, бирок андагы телефон номери эскирип калгандыктан, анын анча деле пайдасы жок болчу. Анын үстүнө, анын лицензиясынын мөөнөтү бүтүп калган (кечиресиңер, мен итке бир эле жолу лицензия берилет деп ойлогом), ошентип ал үйү бар, бирок аны табууга жардам бере турган үнү же документациясы жок абдан сүйүктүү ит.

Түштүк Кореяда жүргөндө мындай нерсе болгону жөнүндө

щектенген жокмун. Уулдарым акылмандык менен менден Тианын жоголгонун жашырышты, бирок албетте, үйдө дүрбөлөң болду. Алар итти бардык жерден издешти, бирок эч жерден таба алышпады. Алар аны чөөлөр жеп кетти деп коркушкан. Акыры тамаша иретинде кимдир бирөөнүн кеңешин аткарып, иттердин баш калкалоочу жайын текшерүүнү чечишет.

Остин баш калкалоочу жайга келип, Тианы көргөндө, ал биздин ит экенине ишенген жок. Бул укмуштуу окуя анын сырткы көрүнүшүн бир топ өзгөртүп жиберди; аны көргөнүнө сүйүнбөгөндөй, көңүлү чөктү. Ал капастын бурчунда отуруп, топтой болуп ийилип, бүт жагы титиреп турду. Остин анын баш калкалоочу жайда калуу акысын төлөп бергенден кийин (бул жакшы мейманканада конуу баасы менен барабар болгон) жана ошондой эле, чоң айыптарды төлөгөндөн кийин (мөөнөтү өтүп кеткен лицензия үчүн катуу жазалар бар окшойт), ал кайрадан биздики болду.

Үйгө келип окуянын баарын билгенде бир аз чоочуп кеттим. Уулдарымдын айынан эмес, иттин айынан. Тиянын биз менен жашаганына он жылдан ашты, ал үйдөн чуркап чыгып, өз алдынча кайтып келбегени биринчи жолу болду. Мен тынчсыздандым...эмнеге азыр? Балким, катаракта анын көрүүсүн алсыратып койгонбу? Же анын карылыгы сезилип жатабы? Ал мени издеди бекен?

Акыры, эмне себептен кеткени маанилүү эмес. Ал биздин үй–бүлөбүздүн мүчөсү жана анын үйгө жол таба албаганы бул чындыкты өзгөртпөйт. Издедик, штраф төлөдүк, лицензиясын жаңырттык, ал ошол уяттуу капастан бошонуп, биздин керебетке, менин бутумун жанына, ордуна келди. Бир түн тентип жүрүү аны өзүмдөн ажыратууга себеп эмес.

Муну менен кайда бара жатканымды түшүндүңөр окшойт. Эгерде биз (жеткилең эмес үй жаныбарларынын ээлери) иттерибиз үчүн ушунчалык көп нерселерди кылсак, Асмандагы Атабыз биз үчүн эмнелерди кылып жатат? Өзүңдү таанып–билүүнүн биринчи кадамы – бул сенин Анын алдында ким экениңди түшүнүү. Жакандын биринчи каты Кудайдын бизге, Анын балдарына карата көз карашын минтип ачып берет.

> «Карагылачы, Кудайдын балдары деп аталышыбыз үчүн, Кудайдын балдары болушубуз үчүн, Ата бизге кандай сүйүү көрсөттү. Бул дүйнө Атаны таанып билбегендиктен, бизди да таанproblemбайт» (1 Жакан 3:1).

Келгиле, Кудайдын укмуштуудай сүйүүсү жөнүндө ой жүгүртөлү. Ал таң калтырат, курчап алып, башты айлантат. Бул кадимки жана табигый реалдуулукка толугу менен карама–каршы келет. Анын тереңдиги бизди таң калтырууга жетишерлик. Бул укмуштуудай сүйүүнүн уландысы бар, ал сатылып алына турган нерсенин үстүнө берилген белекке окшош, бирок андан да жакшыраак, анткени бул белекке бериле турган нерсенин үстүнө берилген белек. Бизге куткарылуу белекке берилди. Кудай бизди талкаланган абалда, капаска камалып, динчил адамзат коомунун бир бурчунда тыгылып турганыбызды көрүп, куткарылышыбыздын баасын төлөдү. Бирок, ал муну менен токтоп калган жок. Ал бизди өзүнө тартып, лицензиябызды жаңыртып, биздин Өзүнө таандык экенибизди аныктады. (Бул биз жуунганга чейин эле!) Силер чындап эле Ага таандыксыңар. Ал Өзүнүн балдарынын ар бирин бекем сүйөт. Бирок, ошол эле учурда Ал ар бир адамды өзгөчө сүйөт.

## Бирдейби же өзгөчөбү?

Бардык жакта адилеттүүлүктү орнотууга болгон адамдык аракеттерибизден улам, биз көп учурда Кудай баарыбызды бирдей сүйөт деген ойлорго азгырылууну сезебиз. Канчалык жакшы көрүнбөсүн, *бирдей* деген жетишерлик күчтүү дегенди билдирбейт. *Бирдей* деген сөз биздин алмаштырса болорлугун, башкача айтканда, бизди оңой эле башка бирөө менен алмаштырса боло тургандыкты билдирет. Бул: «Ой, жок! Мен өткөн аптада гипермаркетте сатып алган комплекттен сирень түстөгү стаканды сындырып алдым, бирок, алар дагы деле сатыкта бар деп үмүттөнөм”. Же менин: «Мен он жылдан ашык убакыттан бери жакшы көргөн итим байлоодон суурулуп чыкты. Эч нерсе

эмес. Мен өзүмө ошого окшошун сатып алам жана аны дал ошондой эле жакшы көрөм» деген абалымдагыдай.

Жок, бул мен үчүн андай эмес, Кудай үчүн да андай эмес деп ойлойм. Эмне үчүн экендигин мен силерге айтып берейин.

Бир күнү түштөн кийин эс алганы жаттым. Чындыгында мен төшөктө эмес, компьютердин алдында уктап калгам. Башым бир аз чайпалганда, ойгонуп кетип, "т" тамгасы жазылган сегиз барагын таптым.

Ошол учурда мен чындап эле жатышым керектей сезилди. Ошентип, бутумда жаткан итти алып, уктоочу бөлмөмө жөнөдүм. Мен уктап баратканда, Ыйык Рухтун шыбырап жатканын уктум: «Мен балдарымды бирдей сүйбөйм». Мен айран–таң болуп, керебетте түздөлө калдым. Бул жаман ой кайдан чыкты? Мен: «Сен бизди бирдей сүйүшүң керек, антпесе бул калыстык болбойт» дедим.

**Мен балдарымды бирдей сүйүү менен сүйбөйм, Мен аларды өзгөчө сүйөм.**

Менин нааразычылыгыма дароо эле жооп болду: «Жок, андай эмес. *Баарына бирдей сүйүү* – өлчөнө турган сүйүү, бирок Мен сени ишендирем, Менин сүйүүм өлчөнбөйт. *Бирдей* деген Менин балдарым бири–бирин алмаштырса болот дегенди билдирет, бирок андай эмес. Менин жүрөгүм бөлүмдөргө бөлүнгөн эмес. Анда эч ким башканы алмаштырбайт же башка бирөөнүн ордун ээлей албайт. Эми түшүндүңбү, Мен балдарымды бирдей сүйүү менен сүйбөйм, Мен силерди өзгөчө сүйөм".

Терең дем алып, окууну андан ары уланткыла. *Кудай бизди бирдей эмес, өзгөчө сүйөт.* Мага ишенгиле, *өзгөчө* деген – бул жакшыраак.

Эгерде силер эки же андан көп балалуу болсоңор, анда эмне жөнүндө сөз болуп жатканын түшүндүңөр окшойт. Силердин үй–бүлөңөрдө экинчи, андан кийин үчүнчү бала төрөлгөндө, сүйүүңөр алардын ортосунда бөлүнгөн эмес. Ал укмуштуудай көбөйдү. Ар бир балаңарга болгон сүйүүңөрдү аракет кылсаңар да өлчөй

албайсыңар. Жүрөгүңөрдүн күчүн өлчөө мүмкүнбү? Ар бир балага болгон сүйүүңөр өзгөчө. Ар бири силердин ата–энелик сүйүүңөрдү өзгөчө ойготот. Кызыктуусу, бир баладагы өзгөчө нерсени сүйө алсаңар, экинчисинин таптакыр ага карама–каршы болгон жагын сүйө аласыңар. Мисалы, менин эрке неберем бар, ал юла (айлануучу оюнчук) сыяктуу айланып–тегеренип турат. Анын агасы бар, биринчи неберебиз, ал абдан сезимтал, кунт койгон бала. Мен аларды салыштырбайм. Мен алардын жашоого болгон ушундай ар түрдүү мамилесин жакшы көрөм жана баалайм. Мен алардын бул дүйнөдө бирдей болушун каалабайт элем. Эч кимиси менин жүрөгүмдө экинчисинен чоңураак орунду ээлебейт; мен аларды толугу менен жана өзгөчө жакшы көрөм.

*Теңдик* деген ошондой эле, Кудайдын сүйүүсү өлчөнүүчү жана өлчөнгөн дегенди билдирет, бирок бул такыр андай эмес. Ал чексиз. *Өзгөчө сүйүү* алда канча тереңдикти камтыйт. Сендей болгон бирөө гана бар! Ыйык Августин: «Кудай ар бирибизди сүйө турган башка эч кимиси жоктой сүйөт» деген сонун сөздөрдү айткан.

Асмандагы Атанын сүйүүсүн камкор ата–эне тең бөлгөн шоколад же алча пирогуна салыштырууга болбойт. Анын даамдуу сүйүүсү порциянын көзөмөлүндө эмес. Ал силерди дүйнө жарала электе эле сүйгөнүн жана Анын силерге болгон сүйүүсү чексиз экенин түшүнөсүңөрбү? Андан жүз бурсаңар, качып кетесеңер, тозокко төшөгүңөрдү салып алсаңар да, кандай кылсаңар да, Ал силерди сүйүүсүн токтотпойт. (Бирок, кантип эле, кимдир бирөө тозокто уктагысы келсин?)

Жеремия пайгамбар аркылуу Кудай Өзүнүн сүйүүсү жөнүндө мындай деп айткан: «Мен сени түбөлүктүү сүйүү менен сүйдүм, ошондуктан сага ырайым кылдым» (Жер. 31:3).

Этиштин формасына көңүл бурсаңар – бул өткөн чак. Анын сүйүүсү – чечилген иш. Ал сени улуу сүйүү менен сүйдү, чыныгы сени, кайталангыс сени, жаш–карыны, арык–семиди, бүтпөс, түбөлүктүү сүйүү менен сүйдү. Ал сени жаш, акылсыз кезиңде

сүйчү. Ал жетилген жана күтүлбөгөндөй болгон мени да сүйөт. Кудай –Өзү сүйүү. Биздин Атабызда бизге болгон сүйүү жок – Ал Өзү бизге болгон сүйүүнүн *өзү*.

Атанын бизге болгон укмуштуудай сүйүүсү чексиз, ынак жана кайталангыс. Силер өзгөчө жаралганыңар үчүн өзгөчө сүйүлөсүңөр.

*Өзгөчө* деген сөз «өзгөчө, бир түрдөгү жалгыз гана» дегенди билдирет, ал эми, менин сүйүктүү аныктамам «тең келе турганы же атаандашы жок». Биздин Кудай Атабызда теңдер жок жана биз Анын көз алдында эч кандай атаандашы жок кыздар экенибизге таң калбашыбыз керек, ошондуктан бири–бирибиз менен атаандашууга эч кандай негиз да жок.

Чындап келгенде баары бир түрдө жалгыз гана!

Сен өзүңдүн башталышың жана аягысың. Массалык өндүрүш үчүн түзүлө турган мындай үлгү жок. Адамдар арасында эч кандай көчүрмөлөр, окшош жана теңдештер жок. Сендей сүйө алган атаандаштарың жок, сен Кудай сени гана сүйгөндөй, сүйө аласың. Эч ким *сенден* артык *сен* боло албайт!

Кудай силердин ДНКңарды уникалдуу кылып жаратkan жана бүт дүйнөнү таң калтыруу үчүн силерди жашыруун токуп койгон. Ал сенин жүрөгүң кандай болорун долбоорлогон, Ал сенин күлкүңдүн жана үнүңдүн обонунун архитектору болгон, сен жөнүндө эң жакшыны, эң жарыкты гана ойлоп, бардык өзгөчөлүктөрүңдү жараткан. Ата–энең менен бирге, Ал сенин биринчи жылмаюуңа сүйүнгөн жана сенин алгачкы кадамыңа назиктик менен караган.

Ушундай назик жана кунт койгон камкордуктан улам, жашооңорда Анын сүйүүсүн өзгөчө чагылдырган көптөгөн аспектилер бар. Ал өзгөчө сапаттарды, таланттарды бир пакетке, башкача айтканда сага, Анын кызына салып койгон. Ал ар бир өзгөчөлүк силердин аялдык формаңар аркылуу эң жакшы чагылдырыла турганын билген.

Ал сенин Анын өкүлү болооруңду жана эң жакшы кыз катары Ага таандык экениңди билген. Ошон үчүн да, Ал сени аялзаты кылып тандап алган. Аталар менен кыздардын ортосунда абдан назик байланыш бар.

Ал силерди жаратканда, силерди гана ойлогон... Силер Анын ырахатысың.

Бул силер узунураак, кыскараак, карараак же агыраак болгонуңарда жакшыраак болмок эмессиңер дегенди билдирет.

Эгер силер эркек болсоңор, Анын силерге тапшырган сүйүүсүн жакшыраак алып жүрмөк эмессиңер дегенди да билдирет. Кудай Өзүнүн кыздарын уулдарындай эле жакшы көрөт. Аларды бирдей сүйүү менен сүйбөгөндөй эле. Ал эркектерди да, аялдарды да өзгөчө сүйөт. Балким, бала кезде уул күтүп жатканда сен төрөлүп калганыңды айтып же кыйкырганын уккандырсыңар. Балким, сен өзүң эркек болгуң келгендир. Бирок, Кудай муну эч качан каалабагандыгын бил.

Силер биринчи дем алганыңарда Атабыз сүйүнгөн жана жылдар өткөн сайын сен кайра төрөлүп, Анын кызы болуп, Рухка толуп турганыңда, асмандагы периштелер Аны менен бирге кубанышкан.

Кереметтүү сүйүктүү, сен эч кандай кокустук эмессиң.

## Атаандашы жок кыз

Мунун баары эмнени билдирет? Бул баарыбызда чексиз жана түгөнгүс сүйүүдөн дагы чоңураак бир нерсе бар экенин билдирет. Күн астындагы ордуң үчүн күрөшүүнүн, Анын сүйүүсүн жеңип алуунун кереги жок. Силерди эч ким алмаштыра албайт, ордун баса албайт... Силерге атаандаштар жок.

> «Сүйүктүүлөрүм, биз эми Кудайдын балдарыбыз. Бирок эмне болорубуз бизге айкын боло элек. Машайак келгенде, Ага окшош болорубузду гана билебиз. Анткени Анын кандай экенин көрөбүз. Машайактан ушундай үмүт кылган адам Машайактай таза болуу үчүн, өзүн тазалайт» (1 Жакан 3:2, 3).

Башкалардын сүйүүсүнө жана кабыл алышына жетүү үчүн аракеттенген башка бирөө эмес, кантип биз өзүбүз менен өзүбүз

боло алабыз. Биз өзүбүздү башкалар менен салыштырууну токтотобуз, анткени салыштыруу шыктануу–эргүү алып келбейт. Салыштыруу бизди, биз аркылуу бүт дүйнөнү тоноп кетет. Биздин баалуулугубуз жана индивидуалдуулугубуз ички өзгөчөлүгүбүз менен тыгыз байланышта болуп турганда, салыштыруунун жана атаандашуунун кереги барбы? Биз өзүбүздү гана бошотобуз. Сен атаандашы жок, теңдеши жок жарык алып жүргөн, күрөш үчүн өзгөчө жабдылган кызсың.

> «Биз да көп болгонубузга карабастан, Машайактын ичинде бир денени түзөбүз, ал эми өз–өзүнчө алганда, бири–бирибизге мүчөбүз. Кудайдын бизге көрсөткөн ырайымынын негизинде ар кандай рухий жөндөмдүүлүктөргө ээбиз. Кимде пайгамбарчылык кылуу жөндөмдүүлүгү бар болсо, анда ал ишенимге ылайык пайгамбарчылык кылсын» (Рим. 12:5, 6).

Бул аят адамдарды атаандашсыз жашоого тоскоол кылган эки негизги сапатты көрсөтөт: текебердик жана көрө албастык. Атаандашы жок кыздын уникалдуулугу силердин бар экениңерди билдирбейт. Бул жөн гана жол бар экенин, мозаиканын **(**пазлдын) бир бөлүгү бар экендигин жана Машаяктын Денесинде силер аткарышыңар керек болгон функция бар экенин билдирет.

*Текебердик* бизди Денебизден ажыратып, бизди башкалардан өтө жогору көтөргөн жана: «Менин бөлүгүм – эң маанилүү. Мен өзүмчө, өзүмө–өзүм жетиштүү, маанилүү, жогорудамын жана татыктуумун» деген ойлорду берет.

Башка жагынан алганда, *көрө албастык* бизди бул дүйнөдө Кудай бизге берген ролду четке кагууга азгырат, ал биздин милдеттерибизди төмөндөтөт. Көрө албастык: «Мен өзүмдүн ролумду жана өзүмдүн бөлүгүмдү баалабайм, анткени мен сени жолдон түртүп салып, сенин ордуңду алгым келет» дейт.

**Силерди эч ким кысымга алып же ордуңарды алмаштыра албайт... Сизге атаандаштар жок.**

Бул эки сапат – адамдарды сайып, белгилүү бир топтордун өз милдетин аткарып, өз ордун ээлөөсүнө тоскоол болуу үчүн жасалган, кылычтын өлүмгө дуушар еылуучу курч учтары. Кээде душман эки мизин тең колдонот жана Машаяктын Денесиндеги эркектерге кол салып, аларга атаандаштыкты жана гендердик текебердикти сиңирип, аялдарды гендердик көрө албастыктын курмандыгына айлантат. Чыныгы өзүңүз болуу менен баарыбызга чыныгы дос болуңуз. Кудайдын кыздары өздөрүнүн уникалдуулугунан ырахат алып, «башкаларга окшош» болууга умтулууну же «көпкө» ээ болуу үчүн атаандашууну токтотууга убакыт келди. Анткени, силер өзүңөрдү жашырсаңар, башка адамдарга силерди сыйлабаганга укук бересиңер. Адамдар ар дайым жасалма жана көчүрмөнү түп нускадан айырмалай алышат. Ал тургай, эгерде аларды көрүшпөсө дагы силердин сөзүңөрдөн, кыймыл–аракетиңерден, сырткы келбетиңерден туюп, угушат. Үлгү алуу менен көчүрүүнүн ортосунда чоң айырма бар. Ошон үчүн да, башка бирөө болууга аракет кылганда кайгыргандан башка эч нерсеге жетпейсиңер. Жашоо жооптун бир нече варианттары сунуш кылынган тест сыяктуу, алардын ичинен силер үчүн башкалардын тандагандары гана туура эмес болуп калат.

Биз өзүбүздүн өзгөчөлүгүбүздү басуу менен Кудайдын сүйүүсүнүн маңызына көңүл бурбайбыз. Сырткы келбетиңер тынчсыздандырган нерселериңердин эң азы болушу керек экенин түшүнүшүңөрдү чындап каалар элем. Көптөгөн адамдар кийим, чач жасалгасы, зер буюмдары жана макияждагы жеке табити аркылуу өзгөчөлүгүн көрсөтөм деп ойлошот. Бул тышкы элементтер жөн гана аксессуарлар. Алар сенин ким экениңди терең ачып берүүдөн алыс.

Чындык, силер сырткы келбетиңерди өзгөртө алганыңар менен, бирок, өзүңөрдүн өзгөчөлүгүңөрдү түшүнө албаганыңарда.

Келгиле, айлана–чөйрөнү карап, убакытты текке кетирүүнү жана дайыма өзгөрүп турган коомдук пикирдин бизге өз сүрөттөрүн жана жасалмадан өйдө эмес болгон идеяларын

таңуулоого жол берүүнү токтотолу. Келгиле, Кудай бизге жайгаштырган нерселердин баарын ишенимдүү түрдө кабыл алып, өзгөчө чагылдыралы.

## Силер кимдикисиңер?

Мага сенин ким менен сүйлөшүп жатканыңды билишим керек эмес. Мага ата–энеңердин аты–жөнүн, силер окуган мектептин атын же силер иштеген компанияны билишимдин кереги жок. Мен сени куткарып алуу үчүн Өз жанын Бергендин атын гана билгим келет. Бирок, Анын курмандыгы ушул күн менен гана чектелет деп ойлосоңор, анда көп нерсени түшүнбөйсүңөр. Ал сени тапты, бирок андан кийин сени жөн эле тазалап, кайра турган жериңе койгон жок. Ал сени көтөрүп алды. Ал сага Өзүнүн адилдигин берди.

Жүрөгүңдүн шыбыры менен болсо да: “Мен Аныкымын, Ал болсо меники” – деп айткыла.

Силердин түбөлүктүү Атаңар гана силерди атаганга укуктуу. Апаң сени боюнда көтөрүп, тарбиялап чоңойтту, бирок Асмандагы Атаң сени алдын ала ойлоп жаратты жана сага өмүрдүн демин берди. Жоголгонуңда, Ал сени кайрадан Өзүнүкү деп аташ үчүн, куткарды. Бул жерде биздин заманыбыз бүтө турган күн келет; ошондо Ал ар бирибизди тирилтет жана ошондо биз жердеги жашообуз болгону урук гана экенин, ал асманда гүлдөп, табиятыбыздын толуктугуна жете турганын түшүнөбүз.

Бүгүн жашоо силерди кайда алып барбасын, көз ирмемдер, жерлер жана жагдайлар тынымсыз өзгөрүп турганын түшүнгүлө. Турмуштун оош–кыйыштары арасында эң негизгиси – бул өзүңөрдүн ким экениңерди жана кимге таандык экениңерди билүү.

Мен бул бөлүмдүн башында өзүмдүн сүйүктүү цитатам болгон Ральф Уолдо Эмерсондун: “Биздин эң чоң каалообуз – биз боло ала турган адам болууга бизди шыктандырган кимдир бирөө менен жолугушуу” дегенди жаздым. Ошол кимдир бирөө – Кудай. Анын бардык табияты жана бардык иштери шыктандырат. Жаратуучу биз көргөн, уккан жана билген нерселердин бардыгын

кереметтүү түрдө жаратып, бизди Өзүнүн кудайлык маңызы менен байланыштырган. Ал Өз Уулун Аны менен болгон мамилебизди калыбына келтирүү үчүн жиберди.

Биздин чыныгы табиятыбыз менен болгон бул улуу байланышка карабастан, өтө көп адамдар жашоодогу анча маанилүү эмес факторлордун мисалы: кесиби, мүлкү, жада калса жакындарынын чөйрөсү аларды аныктаганына ыраазы болушат. Анткени, өзүңүздү оңой эле алып сала турган нерсе менен аныктоо – бул акылсыздык. Жумуштар алмашат, көндүмдөр, нерселер жоголот. Ал тургай, эң жакын мамилелер да бузулушу мүмкүн. Мал–мүлкүңөр, жумушуңар жана айланаңардагы адамдар өзгөрүшү мүмкүн, бирок силер эч качан жоготпой турган эң негизги нерсеңер – бул чындап ким экениңер жана силер таандык болгон Жаратуучу.

Эгер силер кайда бара жатканыңарды билсеңер, жолдо өзүңөрдү жоготуп алуу коркунучу бар. Эгер силер эмне кылууга чакырылганыңарды билсеңер, анда бул максатка жетүү үчүн, өзүңөргө компромисске барышыңар мүмкүн.

Ошентип, байыркы суроо туулат:

> «Эгерде адам бүт дүйнөгө ээ болуп, бирок өз жанына зыян келтирсе, андан ага эмне пайда? Адам өз жанын куткарып алуу үчүн кандай кун төлөй алат?» (Мт. 16:26).

*Ким экениңди* билүү, кайда бара жатканыңды, ал тургай эмнеге жөндөмдүү экениңди билүүдөн да маанилүүрөөк. Кудай сенин Жаратуучуң болгондуктан, Анын сенин ким экениң жөнүндө айта турган сөзү бар. Сен кимсиң деген суроонун жообу ким боло ала турганыңдын ачылышын камтыйт.

## Силер кимсиңер?

Бул суроого жооп берүү үчүн силердин эмне кылганыңардын, жада калса эмнени башыңардан өткөргөнүңөрдү карап отуруунун кажети жок. Өзүңөргө жумушуңарга же үй–бүлөлүк абалыңарга

– бойдок, ажырашкан, үй–бүлөлүү же кимдир бирөө менен сүйлөшкөнүңөргө карап баа бербегиле. Бул силердин *Facebook* статусуңарды жаңыртуу жөнүндө эмес. Бул жооп мен үчүн эмес, алар үчүн да эмес.

Мен *силердин* ким экениңерди билгениңерди каалайм.

Улантуудан мурун, колуңарга калем алып, көзүңөрдү жумуп, Жараткандан алдын ала Анын силер үчүн ойлоп койгон кайталангыс сапаттарды шыбырап коюусун сурангыла. Сүйүү жана баалуу сөздөрдү жазуудан коркпогула. Алар Анын силерге болгон көз карашын чагылдырат. Токтогула жана үйрөнгүлө. Мен силерден бир кыйын нерсе сурайм – Ал силерге акырын гана айта турган үч сөздү же сөз айкашын жазгыла. Бүткөндөн кийин, башка адамдардын аныктамаларын четке кагып, Кудайдын силер жөнүндө эмне деп жатканына, Андан уккан сөздөрүңөргө карагыла. Силер түзгөн тизмеге бир аз таң калгандырсыңар. Балким, силер өзүңөрдү көптөн бери мындай карай электирсиңер?

Кудай эч качан Өз Сөзүнө каршы эч нерсе айтпайт деп силерди ишендиргим келет. *Ыйык Рух Кудайдын Сөзү баса белгилеген нерселерди жандандырат.* Бизде Ыйык Китеп бар, бирок биз аны окуп эле койбостон, угушубуз да керек. Ыйык Китептин “The Message” котормосунда «Кудай кайдыгер эмес байкоочу» деп айтылат (Эвр. 12:28). Аян китебинде жети жолу көтөрүлгөн түбөлүктүү суроо бүгүнкү күндө бизге чакыруу болуп кала берет деп ишенем:

> «Кулагыңар ачыкпы? Уккула. Рух Жыйындар аркылуу үйлөгөн Шамалдын Сөздөрүн уккула» (Аян 2:7, 11, 17, 29; 3:6, 13, 22, «The Message»).

Бул суроо Ыйык Китептин бир китебинде эле жети жолу кайталанат, ошондуктан бул өтө маанилүү... Бул мени өзүм сергек болуп турганда деле, кулагым уктап жаткан болушу мүмкүн деген ойго салат. Бул китеп силердин кулагыңарды ачат жана аларды угат деп ишенем.

Кулагыбызды төшөп, Кудайдын үнүн уга алабыз. Эгер биз

Ыйык Рухту биздин жашообуздун Ал унчукпай турат деп чечкен тармактарында сүйлөшүүгө чакырсак, эмне болушу мүмкүн? Ага сиз менен жекеме–жеке сүйлөшүүгө уруксат бересизби? Кудай сизге достугуңуз, никеңиз жана үй–бүлөңүз жөнүндө сүйлөсө болобу? Биз Кудайдын эскертүүлөрүнө өзүбүздүн дүлөй кулактарыбызды төшөп, Ал толтургусу келген башка жактарга көңүл бурбай көнүп калганбыз. Машаяктын бүт Денесиндеги угуу ар бир адамдын Кудайды угуу үчүн болгон чечимдеринен башталат. Биз угуу үчүн кулагыбызды ачууга батынабызбы?

Биз Кудай берген кайталангыс тагдырыбызга күмөн санай албайбыз. Андай болсо, анда бизге ишенип берилген бардык белектерге шектенүү, коркуу жана ачуулануу менен мамиле кылабыз. Эч кандай окуялар, жагдайлар, эч кандай көз ирмем, эч кандай өткөндөгү ысымдар бизди аныкбашы үчүн, Кудай бизди кун төлөп куткарып, калыбыбызга келтирип, биздин табиятыбызды өзгөрткүсү келет. Ооба, кырдаалдар, сын жана ар кандай окуялар бизди жаңырта алат, алардын биздин жашообуздун сапатына таасир эте ала турган патенциалдары бар, бирок жашоонун маселеси башкада – ал Кудайда.

Кудай сизди чын жүрөктөн издеди, анткени Ал сизди өзгөчө сүйөт жана сиз Анын башкаларга болгон сүйүүсүн өзгөчө чагылдырасыз. Кудайдын балдары катары биздин аныктыгыбыз бул башталышы гана экенин билдирет, ал Анын ар бир баласы ким болуп жаралган болсо, андан да чоң нерсеге айланат. Ар бир адам өзүн, атаандашсыз бир инсанды ачууга же кайра жасоого аракет кылган дүйнөдө Кудай Өзүнүн алдын ала ойлоп койгон ойлорун ишке ашырат. Бул китеп – Ал силерди ачып бере алышы үчүн – Аны ээрчүүгө болгон чакырык!

## Ой жүгүртүү үчүн суроолор

1. Эмне үчүн кайда бара жатканыңарга караганда, ким экениңерди билүү маанилүү?

2. Эмне үчүн өзгөчөлүк бирдей же ошондой эле дегенге караганда, жакшыраак экенин талкуулагыла?
3. Кудайдын сүйүүсүнө ээ болуу жөндөмүңөрдөн жана жекече инсандыгыңардан ажыраткан бир нече атаандашыңарды атагыла?
4. Силерге өзүңөрдүн ишиңердин түрүнө тиешеси жок категорияларда өзүңөрдү сүрөттөп берүү кыйынга турабы? Эгер ошондой болсо, эмне үчүн?
5. Кудай силер жөнүндө эмне дейт?

2

# Биздин Кудайыбыз атаандаштыктан тышкары

«Бул жерде жазылган сөздөр – жалпы түшүнүктөр гана.
Сиз аларды өзүңүздүн тажрыйбаңыз менен текшерип,
өзүңүз аркылуу өткөрүшүңүз керек».

ЫЙЫК АВГУСТИН

## Ага окшош эч ким жок

1980–жылдардын аягында, «Интегрити мьюзик» ар кайсы өлкөлөрдөн жана континенттерден сыйынуу музыкасын изилдеп жана аны бизге Түндүк Америкага алып келе баштаганда, машайакчылык табынуу музыкасынын көрүнүшү өзгөрө баштаган. Биздин үй–бүлө ай сайын жаңы кассетага жазылууну чыдамсыздык менен күтүшүп (ооба, мен ушунча карып калдым), анан аларды тынымсыз угушчу. Биз сүйүктүү ырларыбызды ушунчалык тез–тез кайталагандыктан, саякаттоочу күйөөм үйгө кайтып келип, аларды укканда, музыкадагы кылдаттык менен ойнолуп, жазылган акценттердин баары дээрлик байкалбай калган. Баарыбызга

өзгөчө "Кубан, Африка" аттуу жыйнак абдан жакты. Экинчи уулум Остин Микки Маустун сүрөтү бар пижамасы менен термелген аттын үстүндө термелип, алтын чачтары ар тарапка учуп, ырдын сөзүн тээ өңгөчүнөн ырдап жүргөнүн даана эстейм.

Бир ырында Түштүк Африканын мактоо жана сыйынуу тобунун лидери «Сен жалгыз ушундайсың!» деген сөздөрдү жалындуу ырдаар эле.

Үч жашар уулум эч ойлонбостон, африкалыктарды туурап, ыр жаңырган сайын ошол эле сөздөрдү кайраттуу түрдө кыйкырып айтып жатты.

Бир күнү Остин мага мен алдын ала көрүшүм керек болгон бир суроо менен келди.

– Апа, эмне үчүн Кудай жалгыз?

Мен ага кептин баары бир гана Кудай бар экенинде эмес, Ал гана – жалгыз *ушундай* экендигинде экенин ачык түшүндүрүүгө аракет кылдым.

«Кудай жалгыз» деген бул биз жалгызсыраган, зериктирген Кудайга кызмат кылабыз дегенди билдирбейт. Анын сыңарындай, «Анын жанында эч ким жок» дегени эч ким Ага жакын болгусу келбейт дегенди түшүндүрбөйт.

Биздин Кудай бизди пассивдүү болуп күтүп жана көз салып карап туруучу эмес. Ал бардыгын камсыздап, азыр бүтүргөн иши менен эс алып, качан Анын балдары Андан окуяны толугу менен көрсөтүүнү сураганда кубанат.

Ал бийик жана ыйык, бирок бул Ал кайсы бир жерде бизди сырттан гана байкап турат дегенди билдирбейт.

Өткөн, азыркы жана келечек Анын көрүү талаасында, бир бүтүнгө биригип турат, Ал башын жана аягын көрүп турат жана бир нерсени бүтүрөөр замат баарын жаңыдан баштайт.

Биз аркылуу Ал биздин көздөрүбүзгө муктаж болгондуктан эмес, биз Анын көрүнүшүнө муктаж болгондуктан, ички дүйнөнү карап көргүсү келет.

«Эң Жогорку Кудай» – биз жогоркулар жөнүндө биле ала турган нерселердин баарынан жогору турган Кудайды сүрөттөйт. Забурчу 95–забурда жазылгандардан алган аянынан улам титиреп турат:

> «Теңирди жаңы ыр менен даңктагыла. Бүт жер жүзү, Теңирди мактап ырда! Теңирге ырдагыла, Анын ысымын даңктагыла, Анын куткаруусун күн сайын жарыялагыла! Элдер арасында Анын даңкын жарыя кылгыла, бардык уруулар арасында Анын кереметтерин даңаза кылгыла! Анткени Теңир улуу жана мактоого татыктуу, Ал бардык кудайлардан коркунучтуу. Анткени бардык элдердин кудайлары – жасалма кудайлар, ал эми Теңир асманды жараткан. Даңк менен улуулук Анын алдында, күч жана ыйыктык Анын ыйык жайында. Бүт элдер, Теңирге Өзүнө тиешелүүсүн бергиле, Теңирди даңктагыла жана урматтагыла. Теңирди даңктагыла, Анын ысымын даңазалагыла, тартууларды алып келгиле, Анын короосуна киргиле. Теңирге Өзүнүн ыйык жайында табынгыла. Бүт жер жүзү, Анын алдында титире!» (Заб. 95:1–9).

Ыйык Жазууда бир эле суроо ар кандай сөздөр менен кайталанат: «Ким эң Жогорку Кудайга окшош?»

Бул бизге көңүл ачуу үчүн коюлган риторикалык суроо эмес. Бул өтө маанилүү суроо, ал: «Эч ким!» деген катуу жооп менен коштолот. Анын улуулугу жөнүндөгү бул билдирүүгө карата болгон биздин жообубуз, Кудайда биз үчүн эмне барын же кабыл ала турган, же билбестен четке кага турган абалга калтырат.

Билесиңерби, бир кезде өзүн Кудуреттүү Кудайдай элестеткен бирөө болгон. Ал периштелердин төрөсү, көп жагынан жаратуулардын таажысы болгон. Биз аны шайтан катары билебиз, бирок ошол кезде аны Люцифер деп чакырышкан, аны таңкы жылдыз жана башкы периште, башкы сыйынуучу дешкен. Ал бул сапатта Кудайдын даңкын көрүп, такты бөлмөсүндө ыйык жерде турган. Жезекиел пайгамбар муну мындайча сүрөттөйт:

> «Адам уулу! Тир падышасы үчүн ыйла, ага айт: Кудай–Теңир мындай дейт: “Сен жеткилеңдиктин мөөрүсүң, акылмандыктын толуктугусуң, сулуулуктун таажысысың. Сен Эйденде, Кудайдын багында, болчусуң. Сенин кийимдериң ар кандай асыл таштар менен: лаал, топаз, алмаз, хризолит, агат, яшма, сапфир, кызыл жакут, зымырыт менен жана алтын менен жасалгаланган эле. Дап менен чоорду мыкты ойногондор сенде болчу, алар сен жаралган күнү даярдалган эле. Сен калкалоо үчүн майланган керуп элең, Мен сени ошон үчүн койгом. Сен Кудайдын ыйык тоосунда болчусуң, оттуу таштардын арасында басып жүрчүсүң. Сенден мыйзамсыздык табылганга чейин, сен жаралган күнүңдөн бери өз жолуңда жеткилең элең. Сенин соодаң кеңири жайылгандыктан, ичиң жалгандыкка толду, сен күнөөгө баттың. Мен сени таза эмес катары Кудайдын тоосунан кулаттым, калкалаган керуп, сени оттуу таштардын арасынан кууп жибердим. Сулуулугуңдан жүрөгүң текеберденди. Менменсингендигиң акылмандыгыңдан ажыратты. Мен сени жерге кулаттым, падышалардын алдында маскара болууга бердим» (Жез. 28:12–17).

Кудай аны кереметтүү, даанышмандыкка толгон, сырткы көрүнүшү жана жөндөмү жагынан кемчиликсиз жараткан. Кайсы бир убакта анын сыйынуусу алсырап калган болушу керек. Балким, бул суктануу аны бой көтөрүүгө чейин алып келгендир. Анын күнөөсүнүн жолу бизге бүдөмүк, бирок бул улуу жана даанышман макулук Жаратканга атаандаш катары карай баштаганын билебиз. Сыйынууда Кудайдан тышкары эч нерсе эмеспиз деген так түшүнүк бар. Ышайа муну мындайча сүрөттөйт:

> «Таң жылдызы, таң уулу, сен асмандан кандай куладың! Элдерди тебелеп–тепсөөчү, сен жерге кулап түшүп, кандай талкаландың! Бирок сен өз жүрөгүңдө мындай деп айттың эле: «Асманга чыгып, тагымды Кудайдын жылдыздарынан жогору коём, тоодо, сансыз кудайлардын арасында, түндүктүн

> четинде отурам. Булуттардын үстүнө чыгам, Бардыгынан Жогору Тургандын өзүнө окшоп калам» (Ыш. 14:12–14).

Ал өзүн Эң Жогорку Кудайдай кыла алган жок... ал болгону өзүн жок кыла алган, ал эми Люцифер, таңкы жылдыз, шайтанга – жалганчыга айланган. Бул кыйроо анын жүрөгүндө башталган. Ал жеткилеңдик менен баштады, кемчилдик менен аяктады. Биз төрөлгөндөн эле кемчиликтүү жана жеткилең эмеспиз, бирок биз Машаякта кайрадан төрөлүү аркылуу толуктукка жана жеткилеңдикке ээ болобуз. Текебердик адамды өзүнө сыйынууга мажбурлайт, ал эми момундук текебердик менен өзүмчүлдүктү тактыдан түшүрөт. Ышая Теңирди көргөндө, өзүнүн эң бир терең маанисиздигин сезди.

> **«**Ошондо мен: «Кайгы мага! Өлдүм! Анткени мен оозу таза эмес адаммын, ошондой эле оозу таза эмес элдин арасында жашап жатам. Көздөрүм болсо Падыша Себайот Теңирди көрдү», – дедим**»** (Ыш. 6:5).

Анын маанисиздиги Кудайдын камкордугун көрсөтүп турат; Люцифер бир жолу басып жүргөн чоктун бири Ышайага алынып келинген.

> «Ошондо мага сераптардын бири учуп келди, анын колунда курмандык чалынуучу жайдан кычкач менен алган күйүп турган чок бар эле. Ал чокту оозума тийгизип: «Бул чок оозуңа тийди, сенден мыйзамсыздык алынды, күнөөлөрүң тазаланды», – деди» (Ыш. 6:6, 7).

Эгерде биз Аны издесек, анда Аны табабыз. Бул аян менен биз Ал гана ыйык, Ал гана жакшы, Ал жалгыз жол, чындык жана өмүр экенин ырастайбыз жана Ага табынабыз. Ал жалгыз Кудуреттүү Кудай.

Биздин Кудайыбыздын бар экендиги мурда болуп көрбөгөндөй. Ага теңдеш жок, Ага тең келер эч ким жок. Ага чейин эч ким болгон эмес. Биздин Кудайыбыз пайда болгон жок. Ал болгон, Ал бар

жана Ал келе жатат. Эми биз өзгөчө экенибизди билебиз жана ошол өзгөчөлүктү так биздин Кудайыбыз жараткандыгын билебиз.

Анын алдында кудайлар болгон эмес, ошондуктан биз Анын алдында өзүбүзгө кудайларды ойлоп чыгарбашыбыз керек. Биздин Кудайыбыз көзгө көрүнбөгөн болсо да, Анын бар экени талашсыз. Римдиктер китебинде мындай деп жазылган:

> «Себеби Кудай жөнүндө эмнени билүү мүмкүн болсо, ошол аларга белгилүү, анткени Кудай аларга билдирген. Дүйнө жаратылгандан бери Кудайдын көзгө көрүнбөгөн табияты: түбөлүктүү күчү жана кудайлыгы Анын жараткан нерселерин карап чыгуу аркылуу көрүнөт. Ошондуктан бул адамдар актана алышпайт» (Рим. 1:19, 20, «Ыйык кабар»).

Заманбап котормодо мындай дейт: «Алар Кудай жөнүндө билимге ээ, Кудай аларга Өзүн таанытты. Анткени, Анын көзгө көрүнбөгөн касиеттери – түбөлүктүү кудурет жана кудайлык табияты – аалам жаралгандан бери акыл менен жаратылган нерселерге ой жүгүртүү аркылуу түшүнүлөт. Демек, алар үчүн эч кандай кечирим жок!”

Бардык жаратуу өзүнүн Жаратуучусунун чындыгын тастыктайт, бирок биздин Кудайыбыздын аныктамасы такыр башка. Бул бөлүм силердин рухуңарды Аны менен дагы да чоңураак кудайлык биримдикке түртөт деп үмүттөнөм.

Асмандагы Атабыз бизди өзгөчө сүйгөндүктөн, биз атаандашы жок кыздар экенибизди айттык. Кудай берген чыныгы табиятыбыз менен дагы да тереңирээк байланышта болуу үчүн, биз бул Кудайдын белегине эмнелер кирерин жакшыраак түшүнүшүбүз керек. Келгиле, Кудайыбыздын теңдеши жок деген эмнени билдирерин ойлонуп көрөлү. Мерриам–Вебстер сөздүгүндө Кудай мындайча сүрөттөлөт: «Ааламдын жаратуучусу жана башкаруучусу, күчү, акылмандыгы жана жакшылыгы боюнча жеткилең, кемчиликсиз Жандык».

Бул аныктама баарын өзүнө камтыйт деп ойлосо болот, бирок

бул башталышы гана. Биз, жердеги чектелүү тилибиз жана жердеги чектелүү ой жүгүртүүбүз менен Чексиз Кудайды чектелген түрдө гана элестетe алабыз. Биздин оозубузду жаба тургандай Ал жөнүндөгү ачылышты сүрөттөө үчүн сөздөрдү табуу мүмкүнбү?

Кудай Өзү жөнүндөгү бардык ойлордон жогору турат.

Бир нерсеге же кимдир бирөөгө аныктама берүү үчүн анын маңызын түшүнүү жана аны сөз менен жеткирүү маанилүү. Кудай бардык жердеги тилдерден жана тигил же бул тил менен белгиленген бардык параметрлерден жогору турат. Макул, аныктаманы калтыралы. Сүрөттөмө жөнүндө эмне айтууга болот? Ошондой эле, мүмкүн эмес. Эгерде биз кол жеткис жарыктан сокур болуп калсак, бүдөмүк контурларды кантип тактай алабыз?

> **«**Бул нерсени мактоого татыктуу, бирден–бир кубаттуу, падышалардын Падышасы, эгедерлердин Эгедери Өзү белгилеп койгон убакта ишке ашырат. Ал – бирден–бир өлбөс, адам жетпей турган жарыкта жашаган Кудай. Аны эч бир адам көргөн эмес, көрө да албайт. Түбөлүк урмат–сый жана бийлик Ага таандык! Оомийин**»** (1 Тим. 6:15, 16).

Эгер биз Кудайды өз көзүбүз менен көрө албасак, анда Анын кереметтеринин майда бөлүкчөлөрүн топтоодон башка чоңураак нерсени кантип кылмак элек? Бизге сөздөр жетишсиздик кылат жана Аюбдун Кудай ага кереметтердин бороон–чапкынында көрүнгөндөн кийин айткан сөздөрүн кайталайбыз: «Мен Сен жөнүндө ушуга чейин кулагым менен уккам, азыр болсо Сени өз көзүм менен көрүп турам. Ошондуктан мен мурунку айткан сөздөрүмдөн баш тартам, топурак менен күлгө отуруп алып өкүнөм» (Аюб 42:5, 6).

Мен *The Message* котормосундагы бул аяттарды окуганды абдан жакшы көрөм:

> «Мойнума алам, мен бир кезде Сен жөнүндө уккан кептерим боюнча гана жашачумун; эми баарын алгачкы колдон алдым,

> өз кулагым менен угуп, өз көзүм менен көрдүм! Мен өкүнөм – кечир мени. Мен эми мындан ары эч качан мындай кылбайм, убада берем! Мен эми мындан ары эч качан уккандарым боюнча жана уккандарымдын күкүмдөрү менен жашабайм».

Кудай жөнүндөгү бул ачылыш Аюбда көбүрөөк суусоону пайда кылган. Көптөрүбүз Кудай жөнүндөгү «уккан нерселерден» башка эч нерсе болбогон аянга ыраазыбыз. Чындыгында, Кудай силердин Өзүнүн ишенимдүүлүгү менен азыктанышыңарды каалайт. Ошондуктан, мен силердин табитиңерди ачууга аракет кылып жатам, анткени Кудай жөнүндө айтуу менен Кудайдын силерге айтып жатканын угуунун ортосунда чоң айырма бар.

Мен мындан ары сүйлөбөгөн Кудайга кызмат кылабыз дегендер бар экенин билем. Бирок, мындай аргумент Анын маңызына шек келтирет. Ал унчукпай коюуну тандаса да, Анын жаратуусунун кооздугу Анын үнү болуп калат. Ал бизди сооротуу жана бекемдөө үчүн Өз Рухун жиберди. Ыйык Китепте Кудайдын Ыйык Руху бизди бардык чындыкка үйрөтөт жана жетектейт деп айтылат. Кудай дүлөй же дудук буркан эмес. Кудай угуп анан жооп бербей койгон ата эмес. Кудайдын ким экенинин сырын ачмайынча, Ага кантип барарыбызды билбей калабыз. Кудай Өзүнүн Сөзү, жаратуулары, кулдары, аяндары, түштөрү жана Дене мүчөлөрү аркылуу сүйлөйт. Мен сыйынам жана бул китептин барактары аркылуу Ал силер менен сүйлөшөт деп ишенем. Кудай ар дайым сүйлөйт. Суроо: биз Аны угабызбы же Аны чектейбизби? Кудайдын кереметтерде канчалык теңдешсиз жана чексиз экенин түшүнүү жана Ал биз менен жеке баарлашууну каалайт деп ишенүү маанилүү.

Мыкты теолог Фома Аквинский өмүрүнүн көбүн Кудай жөнүндө жазууга арнаган. Ыйык кызматчы жана философ болгондуктан, ал илимий билимди биздин Жараткан жөнүндөгү билимибиз менен айкалыштырууга аракет кылган. Бирок, өлүмүнөн үч ай мурун Фома Аквинский түбөлүктүүлүк ааламын көргөндө абдан күчтүү окуяга туш болгон, андан соң өмүрүнүн акыркы сөзүн жазып, анан калемин койгон:

> «Менин эмгегим аягына келди. Мен көргөн жана мага ачылган нерселерден кийин мурда жазылгандардын баары мага самандай эле сезилип калды».

Ошентсе да, бул адам кылдат изилдеп, Кудайдын даңкы жана Жыйындын улуулугу жөнүндө көптөгөн сөздөрдү жазган. Ал такыр башка доордо жашаган, ал кезде сөз азыркыга караганда тереңирээк, маани–маңызы жогору болуп жана алар абдан кылдаттык менен тандалып алынган. Окуу жана жазуу жөндөмү бай адамдарга, падышаларга же демилгечилерге берилген сыймык болгон. Фома Аквинский сөз өнөрүнүн чебери болгон, бирок ал өзүнүн жазуусун сүрөттөө үчүн «саман» деген сөздү тандайт. Биз баркы жок нерсени саман дейбиз. Бул дан эгиндерин жыйноонун кошумча продуктусу жана көбүнчө малдын астына төшөлүп же өсүмдүктөр үчүн мульча катары колдонулат. Негизинде, теолог анын жазган эмгектери жакшы эле дегенде адамдардын же жаныбарлардын бут алдына төшөлүүгө гана ылайыктуу дейт.

Бул анын Кудай жөнүндөгү жазгандары менен ага ачылган Кудайдын чындыгынын ортосундагы эң сонун окшоштук. Балким, бул эки сүйлөм анын жыйырма жылдан ашык убакытта жазган бардык барактарынан көбүрөөк сүйлөдү. Бул сөздөр момундукка жана сукталууга толгон, анткени Фома Аквинский миң жыл мурун Ыйык Августин айткандай: «Кудай билбегендиктен эң жакшы таанылaрын» башынан өткөргөн.

Кудай жөнүндөгү аян биз Аны чындап тааныбай турганыбызды моюнга алганыбызда башталат. Биздин аныктамаларыбыздын кайсынысы болбосун, контекст жана адамдын категориялары боюнча классификацияланат. Биздин Кудайдын маңызын сөз менен жеткирүү жөндөмүбүздү, жаңы гана чулдурап сүйлөй баштаган наристенин өз энесин сыпаттоого аракет кылганы менен салыштырса болот. Бүт ааламда адамдар жаратуулардын болгону бир бөлүгүн гана жашашат. Бул кумдун үстүндө туруп, океандын кеңдигин жана тереңдигин сүрөттөөгө аракет кылган менен барабар.

## Биздин Кудай ким?

Муну менен бирге Атабыз биздин Ага жакындашыбызды, Аны жакшыраак таанып, Анын катышуусун сезип, Анын үнүн укканды үйрөнүшүбүздү каалайт. Отту билүү бир башка, анын жарыгын, жылуулугун жана күйүүсүн сезүү такыр башка, ошондуктан Кудай бизди Өзү жөнүндө билүүгө эмес, Анын Өзүн таанууга чакырат. Төмөндө Кудай жөнүндө белгилүү болгон кээ бир чындыктар бар, анткени ал Ыйык Жазууда ушундайча берилген.

**Мен жалгыз Кудаймын.** Мыйзам. 6:4; Mk. 12:29; Гал. 3:20; 1 Тим. 2:5; Жакып 2:19.

**Мен Альфа жана Омегамын.** Аян 1:8; 21:6; 22:13.

**Мен Бар Болуп Туруучумун.** Мисирден Чыгуу 3:14.

**Мен... кылымдан кылымга.** 1 Жылнама. 16:36.

**Мен сенин ишенимиңдин баштоочусу жана бүтүрүүчүсүмүн.** Эвр. 12:2.

**Мен асман менен жерди жараттым.** Башт. 1:1.

**Мен жасай алам.** Мт. 3:9.

**Мен жакшымын.** Мк. 10:18; Лк. 18:19; 1 Тим. 4:4.

**Мен силердин араңардамын.** Мыйзам. 6:15; Лк. 17:21; 1 Кор. 14:25.

**Мен чындыкмын.** Жкн. 3:33.

**Мен сенин айыктыруучуңмун.** Ref. 15:26.

**Мен рухмун**. Жкн. 4:24.

**Мен Атамын**. Жкн. 6:46; Фил. 2:11.

**Мен Уулда даңкталдым**. Жкн. 13:31.

**Мен күбөмүн.** Рим. 1:9; Фил. 1:8; 1 Тес. 2:5.

**Мен ачыкмын. Рим.** 1:17.

**Мен сен үчүнмүн.** Рим. 8:31.

**Мен баарынан жогорумун.** Рим. 9:5; Эф. 4:6.

**Мен боорукермин.** Мыйзам. 4:31; Рим. 12:1.

**Мен ишенимдүүмүн.** 1 Кор. 1:9; 10:13; 2 Кор. 1:18.

**Мен адамдарга караганда акылдуумун.** 1 Кор. 1:25.

**Мен баш аламандыктын Кудайы эмесмин.** 1 Кор. 14:33.

**Мен тынчтыктын Кудайымын.** 1 Кор. 14:33.

**Мен сенин жөндөмүңмүн.** 1 Кор. 3:5.

**Мен боорукер жана ырайымдуумун.** Чыг. 34; Нек. 9.

**Мен ачуулануга шашпаймын.** Жоел. 2:13; Накум. 1:3.

**Мен абдан бийикмин.** Фил. 2:9.

**Мен сенде аракеттенем.** Фил. 2:13.

**Мен көрүнбөйм.** Кол. 1:15.

**Мен келе жаткан Кудаймын.** Кол. 3:6.

**Мен адилеттүү Сотмун.** 2 Тес. 1:5.

**Мен бардык адамдардын Куткаруучусумун.** 1 Тим. 2:3; 4:10.

**Мен байланган эмесмин.** 2 Тим. 2:9.

**Мен куруучумун. Эвр. 3:4.**

**Мен адилмин**. Эвр. 6:10.

**Мен тирүүмүн.** Эвр. 0:31. Мен жалмап турган отмун.
Мыйзам. 9:3; Эвр. 12:29.

**Мен жарыкмын.** 1 Жакан 1:5.

**Мен сенин жүрөгүңдөн чоңмун.** 1 Жакан 3:20.

**Мен башынан эле бар болгон, азыр да болуп турган, келе жаткан Кудаймын.** Аян 1:8.

**Мен ыйыкмын.** Аян 4:8.

**Мен бардыгын кармап туруучу Кудаймын.** Аян 11:17.

**Мен сенин чебиңмин.** Чыгуу. 15:2.

**Мен сенин ырыңмын.** Чыг. 12:2.

**Мен кызганчаак Кудаймын.** Чыг. 34:14; Мыйзам. 4:24.

**Мен адам эмесмин.** Сан. 23:19; Ош. 11:9.

**Мен кудайлардын Кудайымын жана Теңирмин.**
Мыйзам. 10:17.

**Мен улуу, күчтүү жана коркунучтуу Кудаймын.** Мыйзам. 10:17.

**Мен калысмын.** Мыйзам. 10:17.

**Мен сенин мактооңмун.** Мыйзам. 10:21.

**Мен согушта сени мененмин.** Мыйзам. 20:4.

**Мен аскермин.** Чыг. 15:3.

**Мен сенин калканычыңмын.** Мыйзам. 33:27.

**Мен сенин аскаң жана баш калкалоочу жайыңмын.** 2 Падышалар 22:32, 33.

**Мен Кудаймын жана Менден башка эч ким жок.** Мыйзам. 4:35; 1 Падышалар 8:60.

Бул толук тизме эмес! Мен силерди бул сапаттардын ар бирин изилдөөгө чакырам, бирок бул бөлүмдө биз алардын үчөөнү карап чыгабыз. Биринчиси – Кудай жылгыз.

## Жалгыз Кудай

> «Кулак сал, Ысрайыл: силердин Кудай–Теңириңер – бир Кудай. Кудай–Теңириңди чын жүрөгүң менен, жан–дилиң менен, бардык күч–кубатың менен сүй» (Мыйз. 6:4, 5).

Кандайдыр бир универсалдуу атаандаштыктагы «бир» Кудай башка кудайлардын арасында бир жана негизгис и дегенди билдирет деп ойлошубуз жаңылыштык болот. Куд а йдын жалгыз экендиги Анын биринчилигин билдирбейт, тескерисинче, Кудайдын жалпы эле уникалдуу экендигин ырастайт. Жалгыз деген башкалары жок дегенди билдирет. Эки же үч, же төрт дег е н номердин астындагы кудай жок. Ал гана татыктуу, антке н и Ал жалгыз Кудай. Муну Ыйсанын эң улуу осуят жөнүндөгү сөздөрү тастыктайт:

> «Ыйса ага мындай деп жооп берди: «Кудай–Теңи р иңди чын жүрөгүң менен, жан–дилиң менен, бүт акылың м е нен сүй. Биринчи жана эң маанилүү осуят ушул» (Матай 22:37, 38).

Биздин Кудайга болгон сүйүүбүз жүрөктүн, жан д ын жана акылдын бирдиктүү көрүнүшү болушу керек, ал г армониялуу жана бир чекитке багытталган болушу керек. Б и з жалгыз Кудайга

гана карайбыз жана Ал гана биздин табынуубузга татыктуу. Кудай биздин экиге бөлүнгөн жүрөктөрүбүз жалгыз Ага сыйынууну кыйындатып жатканын түшүнөт, бирок, Ал башка атаандаш кудайларга чыдабайт, ошондуктан, бул маанилүү осуят. Ал бизге Кудай бизге карата болгон Өзүнүн абалына ишенбегендиги үчүн берилген эмес; ал биз алаксыбашыбыз же адашпашыбыз үчүн, биздин коргонучубуз үчүн берилген.

Азыркы коомдо бул сөздөр түшүнүксүз угулат, анткени бир нече адамдар башка кудайларга сыйынарын чынчылдык менен моюнга алышат. Бүгүнкү күндө биз байыркы цивилизациялардын кудайларына сыйынгандан көрө, өзүбүз үчүн жасалма идолдорго көбүрөөк ыктадык. Кудай Өз балдарына эң башында эле эскерткен:

> «Табыныш үчүн жасалма кудайларды, балбалдарды, мамыларды, сүрөт чегилген таштарды жашаган жериңерге орнотпогула, анткени силердин Кудай–Теңириңер Менмин» (Леб. 26:1).

Бизден бакчабызга же үйүбүзгө ар кандай кудайлардын сүрөтү түшүрүлгөн мамыларды же таштарды орнотуп алгандарыбыз аз, бирок бул, биздин жүрөгүбүздө буркандар жок дегенди билдирбейт. Буркан – бул силер энергияңарды эмнеге жумшайсыңар жана аны кайдан сузуп аласыңар. Жашоону улантуу үчүн ошол жерге барасыңар. Балким, дал ушул жерден башпаанек издеп жаткандырсыңар. Бул көз карандылыктан баштап, жердеги ырахаттарга, тамак–ашка же коомдук жашоо чөйрөсүндөгү башка нерсеге чейин болушу мүмкүн. Эгер Кудайдын жогорудагы сыпаттарынын тизмесин карасаңар, Ал биздин күчүбүз, жашообуз жана баш калкалоочу жайыбыз экенин түшүнөсүңөр. Кудайдан башка эч бир адам, эч кандай мамиле, уюм, эч ким жана эч нерсе силердин үстүңөрдө бийликке ээ болбошу керек.

Кээ бирибиз үчүн сезимдерибиз бурканга айланат. Эгерде мен өзүмдү сулуумун деп эсептесем, анда мен сулуумун деп ойлойм.

**Буркан – бул силер күчүңөрдү эмнеге жумшайсыңар жана аны кайдан сузуп аласыңар, ошол.**

Эгер өзүмдү жакшы сезип жатсам, мен жакшы иштеп жатам деп ойлойм. Сезим менен гана жашасак, алар бизди алдап коёт, бат эле адашабыз.

Чындыгында, силер сулуусуңар, анткени Кудай момундарды куткаруу менен кооздойт (Заб. 149:4 кара). Силер сулуусуңар, анткени Кудай бардыгын Өз убагында кооз кылат (Насаатчы 3:11). Жер дүйнөсүнүн жасалма буркандары жана сүрөтчүлөрү өздөрүнүн сулуулук түшүнүгүн таңуулоосуна жол бербегиле, анткени Кудай силерге эчак эле жакшылыгын жарыялаган! Табынуучу жана жоокер Дөөт бурканга табынууну мындайча сүрөттөгөн:

> «Ал эми тигилердин жасалма кудайлары – күмүш жана алтын, адамдын колу менен жасалган нерселер. Алардын ооздору бар, бирок сүйлөбөйт; алардын көздөрү бар, бирок көрбөйт. Алардын кулактары бар, бирок укпайт; алардын мурундары бар, бирок жыт билбейт. Алардын колдору бар, бирок сезбейт; алардын буттары бар, бирок баса албайт; алардын көмөкөйүнөн үн чыкпайт. *Аларды жасагандар жана алардан үмүт кылгандардын баары ошолорго окшоп калышсын»* (Заб. 113:12–16).

«Аларды кылгандар алардай болсун» деген эмнени билдирет? Качан биз адамды бийик көтөргөндө, биз адамдын жаратуулары менен гана чектелебиз. Идолдор–буркандар–бул иштей албаган формалар. Алар тирүү сыяктуу көрүнүшкө гана ээ, бирок башкаларда жашоону ойгото турган күчкө ээ эмес. Ошентип, аларга сыйынгандар Кудай берген сезимдер менен компромисске барышат, үндөрүн жоготуп, кыймыл эркиндигин жоготушат. Силер Кудайга сыйынганыңарда, даңктан даңкка чейин Анын бейнесине айланасыңар. Кудайга окшош эч ким жок болгондуктан, Аны

ээрчүүдөн башка силерде өзгөчөлүктү көрсөтүүнүн жакшы жолу жок. Башкаларга шакирт боло аласыңар, бирок аларга табына албайсыңар.

## Кудай – Альфа жана Омега

Экинчи чындык мында камтылып турат: Кудай түбөлүктүү, Ал түбөлүктөн түбөлүккө, башкача айтканда, Ал Альфа жана Омега. Бул грек алфавитинин биринчи жана акыркы тамгалары. Бул тамгалар бир сөз айкашында бириктирилгенде, алар башынан аягына чейин баарын символдоштурат. “Alpha” саноо, жаралуу, төрөлүү, таң, башталышы жана босого» дегенди билдирет. “Омега” сөзүнүн аныктамасы анчалык так эмес, бирок “аягы, акыркы чекит, эң чек” дегенди билдирет. Балким, «омега» сөзүнүн аныктамасы бүдөмүк, анткени биз адамдар боло турган нерсеге караганда эмне болгонун жакшыраак түшүнөбүз. Ошондуктан да, Кудайдын кеңешин угуу үчүн, биз Ага жакындашыбыз керек. Ал жалгыз убакыттын эң алыскы чектерине жетти. Биздин Кудайга окшош эч ким жок. Ышая пайгамбар мындай дейт:

> «Мурун болуп өткөндөрдү, атам замандан бери болгондорду эстегиле, анткени Мен Кудаймын, Менден башка Кудай жок, Мага окшош эч ким жок. Аягында эмне болорун Мен башынан алдын ала кабарлап келе жатам, али боло элек нерселерди Мен байыркы замандан бери айтып келе жатам: “Менин максатым ишке ашат, Мен эмнени кааласам, ошону жасайм» (Ыш. 46:9, 10).

*«The Message»* котормосу мындай дейт:

> «Узак жана бай тарыхыңды эсте. Мен Кудаймын, сенде бар жана боло турган жалгыз, теңдешсиз, орду толгус, акыры эмне болорун башынан эле айтып турган. Мен сага эмне болорун ачып берем жана сени ишендирем: «Мен көптөн бери силер мененмин, мен эмнени кааласам, ошону аткарам».

Кудай акыры эмне болорун башында эле кабарлайт. Ал Альфаны биринчи жолу жазганда эле Омеганы жарыялайт. Ал бизди артка кылчайып, Анын ишенимдүүлүгүн көрүүгө чакырат. Ал ар бир күндүн соңун таң атканда эле билет.

> «Мурункуну Мен көп убакыт мурун кабарлап турчумун. Алар Менин оозумдан чыкчу. Мен аны жарыя кылчумун, аны күтүлбөгөн жерден ишке ашырчумун, бардыгы ордунан чыкчу» (Ыш. 48:3).

Баары аткарылды, бардыгы бүттү. Ал эч нерсени бүтүрбөй калтырбайт; эч нерсе Аны оюн өзгөртүүгө же планын жокко чыгарууга мажбурлай албайт. Ыйса Анын акыркы жообу болуп калды.

> «Ошондуктан көп убакыт мурун, бул иш жүзүнө ашканга чейин Мен сага кабарлагам, “Муну менин жасалма кудайым кылды, муну менин бурканым менен куюлган кудайым буйруду” деп айтпашың үчүн, Мен сага алдын ала эле кабарлагам. Сен уктуң, ушунун баарын карап чык. Чын эле, силер муну мойнуңарга албайсыңарбы? Азыр болсо Мен сага жаңы жана жашыруун нерсени кабарлап жатам, сен муну билчү эмессиң» (Ыш. 48:5, 6).

Кудайыбыз эң башында эле биздин көңүлүбүздү калтыра турган же ийгиликсиз кыла турган адамдарга жана нерселерге таянбагыла дейт. Анткени, биз эмне кылганыбыз жөнүндө эмес, Анын эмне кылганы жөнүндө сүйлөшкөнүбүз жакшы, туурабы? Анын жараткандарына караганда, Жараткандын эмнени алдын ала айтканын билген жакшы, туурабы?

Кудай андан ары мындай дейт:

> «Бул көп убакыт мурун эмес, бир күн мурун эмес, азыр болду. “Мына! Мен муну билгем!” деп айтпашың үчүн, сен бул жөнүндө уккан эмессиң» (7–аят, азыркы котормосу).

Ошентип…

- Биздин Кудайыбыз акырын башында жарыялайт.
- Биз Аны сүйгөндөн мурун, Машайактын ичинде Кудай бизди сүйгөн.
- Ал бизди жыгыла электе кармап калды.
- Биз кечирим сураганга чейин бизди кечирди.
- Биз жылаңач экенибизди түшүнө электе эле, бизге адилдиктин кийимин кийгизди.
- Биз булгангандыгыбызды түшүнө электе эле, бизди тазалады.

Кудайга душман жана чоочун болгондорду Ал Өз балдары жана достору деп атады. Ал биздин жашообузду биз биринчи дем алганга чейин эле жазган. Мен силерди бул теңдешсиз Кудайды көрүүгө жана сүйүктүү жана сулуу балдардай болуп, Атаңарды туурай баштоого чакырам.

## Кудай – бул Мен, Ким болсом, Ошолмун.

Эми Кудайдын ысмын карап көрөлү – Мен, Ким болсом, Ошолмун.

Чыгуу китебинде мындай дейт:

> «Муса Кудайга: «Мен азыр Ысрайыл уулдарына барып, “Силердин ата–бабаңардын Кудайы мени силерге жиберди” десем, алар менден “Анын аты ким?” деп сурашса, эмне деп жооп беришим керек?» – деди. Кудай Мусага: «Мен Бар Болуп Туруучумун (Жахабамын). Ысрайыл уулдарына: Мени силерге Бар Болуп Туруучу Өзү жиберди деп айт», – деди (Мисирден Чыг. 3:13, 14).

Мен Муса бул ысымдын мааниси жөнүндө ойлонгон болушу керек деп ишенем. Элестетиңиз, сиз бир адамга жолугуп, анын атын сурасаңыз. Мен атын сураган киши мага: «Менин атым – Мен бармын», – деп жооп бергенин элестеткиле. Сиз

кошумча түшүндүрмө берүүнү сурайсыз жана жооп: «Менин атым Мен бармын». Бул жооп сизди чаташтырышы мүмкүн жана ал таң калыштуу эмес. Андан аркы сүйлөшүүнү элестетиңиз: “Саламатсызбы, Мен бармын! Иштер кандай?» Ага кайрылуу менен сиз бир эле убакта өзүңүзгө кайрылып жатасыз. Биздин башаламандыгыбыз бардыгын кучагына алган жалгыз жана бир гана Кудай деген идеяны кайталайт. Мени, албетте, «Мен ким болсом ошолмун» деп атоого болбойт. Биз үчүн тагыраак болгон ат – «Мен бармын, анткени Ал бар».

Кудай – Ал Ким болсо, Ошол. Кудай бар, анткени Кудай бар. Мен бар болгондуктан бар эмесмин жана ата–энем кошулгандыктан бар эмесмин. Акыр–аягы, мен бармын, анткени Кудай бар. Ал *бүт* жандыктардын Жаратуучусу.

Анткени, *Мен бармын деген Ал бар*, *мен Машайактын ичиндемин* деп айта алам. Менимче, биз бул беш сөздүн канчалык күчтүү экенин түшүнбөйбүз, анткени түшүнсөк, такыр башкача жашамакпыз. Дүйнө бизге Кудайдын ким экенин айтууга аракет кылат, бирок Кудай бизге Өзүн Өз Уулунда ачып берди. Уулу аркылуу Ал бизге Өзүн ачып бергиси келет, ошентип бизге өзүбүздү да ачып бергиси келет. Бир күнү Ыйса шакирттерине бул динамиканы түшүнүүгө жардам берүүгө аракет кылган.

«Ыйса Филиптин шаары Кейсареяга келгенде, шакирттеринен: «Адамдар Мени, Адам Уулун, ким деп эсептешет?» – деп сурады. Алар Ага: «Бирөөлөр: “Чөмүлдүрүүчү Жакан”, – деп, бирөөлөр: “Илияс”, – деп, дагы бирөөлөр: “Жеремия же пайгамбарлардын бири”, – деп эсептешет», – деп жооп беришти. Ыйса алардан: «А силер Мени ким деп эсептейсиңер?» – деп сурады. Шымон Петир Ага: «Сен тирүү Кудайдын Уулу Машайаксың», – деп жооп берди. Ошондо Ыйса ага мындай деди: «Бактылуусуң сен, Жунус уулу Шымон! Муну сага адам эмес, Асмандагы Атам ачып берди. Мен да сага айтып коёюн, сен Петирсиң. Мен Өз Жыйынымды ушул таштын үстүнө курам, аны өлүм да жеңе албайт» (Матай 16:13–18).

Силер муну угуп жатасыңарбы? Биз Ыйсанын чындыгында Ким

экени жөнүндөгү аянды алганыбызда, биз өзүбүз жөнүндө угууга даяр турган абалда болобуз. Шымон чынында Петир болгон. Ал ар дайым эле сезимдеринин жетегиндеги балыкчы боло бербейт. Ал Ыйык Рух жетектеген жол башчы болот жана аска болот. Мен Ыйсанын кийинки сөздөрүнөн ырахат алам:

> «Мен да сага айтып коёюн, сен Петирсиң. Мен Өз Жыйынымды ушул таштын үстүнө курам, аны өлүм да жеңе албайт. Сага Асман Падышачылыгынын ачкычтарын берем. Жер үстүндө эмнени байласаң, асманда да ошол байлануу болот. Жер үстүндө эмнени чечсең, асманда да ошол чечилүү болот. Жерде “ооба” деген нерсе, асманда да “ооба” болот. Жерде “жок” деген нерсе, асманда да “жок” болот» (Матай 16:18, 19).

Силер ким экениңерди билгениңерде... силерге эмне жеткилең экенин билесиңер. Жыйындын мүнөзү жана анын асмандагы байлыкка жетүүсү анын Машаяк жөнүндөгү ачылышы менен тыгыз байланышта. Качан биз Сөздү билгенибизде, качан биз Сөз менен сыйынганыбызда, асманда «Ооба» жана «Оомийин» деген жаңырыктар чыгат.

## Сиз Ыйсаны кантип атайсыз?

Силердин Кудай жөнүндөгү түшүнүгүңөр силерде чагылдырылат. Анын образы жашооңордо жана чечимдериңерде чагылдырылат. Ыйсаны кантип атаганыңар, силердин жашооңордо Кудай Өзүн кантип ачып берерин көрсөтүп турат. Эгерде биз Ыйсаны жакшы окутуучу десек, Ал бизди үйрөтөт. Аны акылман устат десек, Ал бизге акыл берет. Исламда Ыйсаны пайгамбар жана айыктыруучу деп аташат. Жекече алганда, бул наамдар жөн гана күкүмдөр. Бирок, силер Ыйса Машайакты, тирүү Кудайдын Уулу деп атасаңар, анда Ыйсанын Теңир катары ачылышы силерде жашайт. Жакандын Биринчи катында мындай дейт:

«Ыйсанын Кудай Уулу экендигин ачык тааныган адамдын ичинде Кудай жашайт, ал адам да Кудайдын ичинде жашайт. Кудайдын бизге болгон сүйүүсүн билип, ошого ишендик. Кудай – сүйүү. Сүйүп жашаган адам Кудайдын ичинде жашайт, Кудай да анын ичинде жашайт. Биздин ичибиздеги сүйүү жеткилеңдикке жеткендиктен, сот боло турган күнү биз кайраттуулукка ээбиз. Анткени Ал кандай болсо, биз да бул дүйнөдө ошондойбуз» (1 Жакан 4:15–17).

**Силердин Кудай жөнүндөгү түшүнүгүңөр силерде чагылдырылат.**

Бул моюнга алууда түбөлүк байланыш түзүлөт жана Анын кун төлөшү менен биздин чыныгы абалыбыздын ортосундагы аралык жок болот. Биз Кудайдын Сөзүн сүйлөгөндө, бизди чындыктан ажыраткан ажырымга көпүрө курган болобуз. Биз өзүбүздүн ким экенибизге эмес, Анын ким экендигине карап, өзүбүздү Кудай менен аныктоо позициясына коюлганбыз. Бул мен Ал кандай деген болсо, ошондоймун дегенди билдирет. Мен Ыйсаны эмне деп атаарымды билсем, «Машаяктагы» позициям аркылуу мага берилген Кудайдын бардык убадаларын түшүнүп, ача алам. Ал чынында эле Теңир, айыктыруучу, тынчтыктын Төрөсү, менин ишенимимдин автору жана аягына чыгаруучубу? Мен Ыйсаны Кудай дейминби же Ал жөн гана жакшы окутуучу деп айтамбы?

Ал сүйүү болгондуктан, мен сүйүктүүмүн жана сүйө алам.

Ал өмүр болгондуктан, мен тирүүмүн.

Ал кыла алгандыктан, мен да кыла алам.

Ал менин бир тууганым болгондуктан, мен Кудайдын кызымын.

Ал кудуреттүү болгондуктан, мен күчтүүмүн.

Ал айыктыруучу болгондуктан, мен айыгып жатам.

Ал акылман болгондуктан, мен акылдуумун.

Ал бар болгондуктан, мен бармын.

Ал бар болгондуктан, мен Ал эмне десе, ошондоймун.

Мен сулуу жана кереметтүү жаратылганмын.

Мен силерди Кудайдын Сөзүн жашооңорго чакырып жана аны иш жүзүндө баштан кечирүүгө чакырам. Дароо азыр эле баштоо үчүн, келгиле, ушул учурду сыйынуу менен белгилейли.

*Урматтуу асмандагы Атаке!*

*Мен жөнүндө Сен айткандай болгонум үчүн, Сага ыраазымын. Сенин образыңды төмөндөткөнүм үчүн, мени кечир. Өзүм үчүн жаратып алган буркандарга сыйынганым үчүн, мени кечир. Мен чектелген адам жасаган сүрөттөрдү кудайлаштыруудан баш тартам. Ыйык Рух, менин жашоомдо алардан арылуум керек болгон бардык аймактарымды ачып бер.*

*Сен сүйүүсүң, ошондуктан мен сүйүктүү гана болбостон, башкаларды да Сен сүйгөндөй сүйө алам. Сен менин жашоомсуң, Сен бар болгондуктан гана, мен дем алам. Сен менин жашоомдо баштаган ишиңди аягына чыгара аласың, алдыма Сен койгон бардык нерсени аткарууга жөндөм бердиң. Машаякта мен Сенин кызыңмын. Менин Асмандагы Атам баарын кыла алгандыктан, Сенин Рухуң аркылуу менде бардык күч–кубат бар. Сен менин башкы дабагеримсиң, ошондуктан мен жараат алган дүйнөдөн шыпаа издебейм. Сен бардык акылмандыктын булагы болгондуктан, мен Сенин кеңешиңе таянам.*

*Башкалардын сөздөрү аркылуу Сен жөнүндө чектелген көз карашка жол бергеним үчүн, мени кечир. Мен Сени жакындан жана терең билгим келет. Мен Сенин мен ойлогондон да улуу экениңе ишенем. Мени эч кандай атаандаштыгы жок, бирок, кереметтерге толгон жашоого жетелечи. Сен болгонуң үчүн, Сен кандай айтсаң, мен ошондой болгонум үчүн, ыраазымын. Азыркы учурда кандай сезимде болгондугума карабастан, мен сулуу жана кереметтүү жаралганмын.*

*Ыйсанын аты менен, оомийин.*

## Ой жүгүртүү үчүн суроолор

1. Буга чейин Кудуреттүү Жаратканды өзүңүз билген адам менен же жашоодо баштан өткөргөн нерсеңиз менен салыштырган учур болду беле? Мисалы, сиз аны атаңызга окшош (жакшы же жаман) деп ойлодуңуз беле? Сиз азыр Ал жөнүндө эмне деп ойлойсуз?
2. Башка адамдардын билими менен жашаган жактар барбы? Ушактар жөнүндө эмне айтууга болот?
3. Августин «Кудай билимсиздик аркылуу жакшы таанылат» деп эмнени айткысы келген деп ойлойсуз?
4. Кудай Өзүн Мен Ким болсом, Ошолмун деп сүрөттөгөн кайсы аймактарда сизге Аны жакшыраак билүү керек?
5. “Буркан – бул силер күчүңөрдү эмнеге жумшайсыңар жана аны кайдан сузуп аласыңар, ошол” деген контекстте жашооңуздагы өзүңүз билбей туруп, буркандарды жараткан тармактарды атаңыз.
6. Кудайдын алдында, Анын атын Мен Ким болсом, Ошолмун деп чакырганыңызда, Ал сизди ким деп атайт?

3

# Биздин убадабыз атаандаштыктан тышкары

“Машаяк бизге ушунчалык көп убада бергендиктен, биздин каалоолорубуз Ага өтө тайманбас эмес, тескерисинче, өтө тартынчаак көрүнөт. Бизге улуу кубаныч даярдалып турганда, биз ичимдик ичип, бузукулук жана акылсыздык кылабыз; баланын ата–энеси деңизге алып баргысы келип жатканын билбей эле, көлчүктө чапкылана бергенин элестетсеңер. Бизге жагуу кыйын эмес, бизге жагуу өтө оңой».

К. С. ЛЬЮИС

Таасирдүү сөздөр!

Биздин теңдешсиз убадабыз бар, ал биздин кенчибиз. Бул кенч бардык күтүүлөрдөн жана убакыттан ашат. Бул кенч бизге көрүнбөгөн потенциал түрүндө берилген. Кээ бирөөлөр бул белекти колдонбойт... ал бар, бирок ал уктап жатат.

Сиздин эсебиңизге бир миллиард доллар жаңы эле түшкөнүн айтсам, балким, сиз үчүн жеңилирээк жана кубанычтуураак болмок. Бирок, сизге өмүр бою сарптай ала тургандан алда канча

көп акча берилсе да... ал эч качан чындап сиздики болбойт, анткени мыйзам боюнча жер байлыгы жаралган жеринде калышы керек. Сиз өлгөндө ал жерде калат. Бирок, силер ээ болгон байлык сүйкүмдүү болуп өзгөрүп, көбөйөт жана сиз менен түбөлүккө кетет.

Мен айтып жаткан убаданын байлык деңгээлинде гана эмес, аралыкта да атаандашы жок. Бул убаданын жемиши сиз кеткенден кийин көптөн кийин балдарыңыздын артынан ээрчип, асманда да жолугат. Бул убаданы уурдап кетүү мүмкүн эмес жана Эйсап кылгандай майда–чүйдө нерсеге, мисалы бир чөйчөк шорпого да сатылбайт (Башт. 25). Эгерде кыялга, үмүткө оролуп, жакшы катылган болсо, эң жакшы сакталат. Эгерде жүрөгүңөрдүн топурагын жакшылап иштетсеңер, бул байлык гүлдөп, көбөйөт. Жашоосу өзгөргөн миллиондогон адамдардын жүрөгүндө бул убада бар жана канча адам өз үлүшүн талап кылбасын, бул кенч эч качан азайбайт.

Мен падышалардын Падышасынын жана теңирлердин Теңиринин батасы жөнүндө айтып жатам. Бул кенч байлап коюуга же долларлык купюралар, атүгүл алтын же күмүш менен өлчөө үчүн өтө чоң. Эгер силер бир жуп гана кийим менен калсаңар да, бул кенч дагы деле ошол жерде болмок. Бул байлык адамдын колунан жаралган нерселерге байланган эмес, ал түбөлүктүү жана шыбыраган сыйынуулар аркылуу деле берилиши мүмкүн. Урматтуу досум, сен деле башка таажы кийген адамдардай эле ханышасың.

## Падышанын чакыруусу

Элестеткиле, бирөө силердин эшигиңерди каккылап жатат. Ачайын деп чуркап барсаңар, босогодо падышанын кабарчысы турганын көрөсүңөр. Золушка жомогундагыдай эле, сизге падыша сарайынан кабарчынын ордуна периште келет. Ал ушунчалык чоң жана жалтырак болгондуктан, анын артында эч нерсе көрүнбөйт, бирок ал жерде силердин реакцияңарды күтүп турган бир топ күбөлөр турганын билесиңер. Кудайдын элчиси силерге ысымыңар менен кайрылып, силер Асман Падышачылыгынын мураскери,

ханбийке экениңерди катуу жар салат. Дүркүрөгөн кол чабуулар угулуп жатат. Таң калып, силер суроо менен жооп бересиңер: «Менби?» Ал башын ийкеп, силерге чакыруу кагазын берет. Калтыраган колдоруңар менен конвертти ачасыңар. Эч катасы жок, атың алтын тамгалар менен тыкан жазылган. Демиңерди кармап, көзүңөргө жаш толуп, босогодо силерден башка эч ким жок экенин түшүнөсүңөр. Периште менен күбөлөр көздөн кайым болушту.

Кандайдыр бир өзгөрүүнү сезүү сезими менен капталып жатасыңар, бирок жагдайга караганда, баары мурдагыдай эле. Анын иш сапарынын максаты силердин жагдайыңарды же жашаган жериңерди өзгөртүү эмес, силерди теңдешсиз өзгөрүүгө ичтен чакыруу болгон.

Силер өзүңөргө карагыла. Эшикти ачкан кийимиңизди кийип жүрөсүз, бирок алар капысынан жеңилирээк болуп калды, эч нерсе сизди токтотуп, чектеп, аныктап жаткан жок. Үйгө кайтып келесиз, акылыңыз айкын болуп, жашап жаткан жер сиздин чыныгы үйүңүз эмес экенин түшүнөсүз. Алыскы жерде сиздин Кудайыңыз жана Падышаңыз негиздеген шаар бар, ал сизди ошол жерде күтүп жатат. Сиз конок бөлмөсү аркылуу жакындарыңыздын табышмактуу жүздөрүн аралап өтүп, уктоочу бөлмөгө барасыз. Бөлмөңүздүн жымжырттыгында жана купуялыгында конвертти ачып, алтын жалатылган чакыруу кагазын кылдаттык менен чыгарасыз.

*«Сүйүктүү кызым, эми сен Эң Жогоркунун ханзада кызы Саррадай болуп кайра төрөлдүң.*

*Сен Ыйса жөнүндөгү терең билимиңди өстүрөсүң жана Анын ырайымы жана тынчтыгы жашооңдо акырындык менен көбөйөт.*

*Бул падышалык дайындоо сага такыбаалык жолунда жана өмүр бою саякатыңда керектүү нерселердин бардыгына жете аласың дегенди билдирет. Ыйык Жазууга сүңгүп киргениңде, сенин жаштыгың жана акыл–эсиң жаңырып, сага берилген улуу жана баалуу убадалардын кереметтүү казынасы жөнүндө көбүрөөк биле турганыңа ишен. Алардын ар бири сага керемет менен берилген! Сүйүктүүлөрүм, эгер дагы эле күмөн санап жатсаңар,*

*анда бул чакыруулардын эң жакшысы экенин билиңер! Силер азыр кыла турган нерсе – бул силерге буга чейин эле артын салган дүйнөгө, силер да артыңарды салышыңар керек».*

Мен чоң эркиндикке ээ болуп, 2 Петирдин аяттарын өзгөртүп, аларды бизге жекелештирдим. Бирок келгиле, аларды Ыйык Китептин заманбап котормосунда дагы бир жолу окуп көрөлү:

> «Кудайды жана Теңирибиз Ыйсаны таанып билүү аркылуу Кудай силерге ырайымын төгүп, тынчтыгын бере берсин! Бизди чакырып алган даңктуу, жеткилең Кудайдын кудайлык күчү бизге жашоо, такыбаа жашоо үчүн зарыл болгон нерселердин баарын берген. Буга биз Аны таанып билүү аркылуу ээ болдук. Силер бул дүйнөдө үстөмдүк кылган жаман кумарлардан алыстап, Кудайдыкындай табиятка ээ болушуңар үчүн, Анын даңкы жана жеткилеңдиги аркылуу бизге кымбат баалуу жана улуу убадалар берилген» (2 Пет. 1:2–4).

**Эмнеге артыкчылык берүү керек: мураспы же калдыкпы?**

Эгер Ыйса менин жүрөгүмдүн эшигин какпаганда, мен эч нерсесиз калмакмын. Бир гана керемет жолу менен, мен жок дегенде бир нерсени мурастай алмакмын! Ата–энемдин иним экөөбүзгө калтыра турган эч нерсеси жок болчу. Эгерде мага мурас менен калдыктардын ортосунда тандоо керек болсо, кайсынысын тандайт элем? Мен эчак эле Кудайдын убадасы бардык мал–мүлктөн жогору экенин түшүнүп калгам.

Биз бул улуу убадаларга кантип жете алабыз? Алар ишеним аркылуу бизге таандык. Галатиялыктар 3:13–14 мындай дейт:

> «Ыбрайымга берилген бата Ыйса Машайак аркылуу бутпарастарга да берилиши үчүн жана биз ишеним аркылуу убадаланган Рухту алышыбыз үчүн, Машайак биздин ордубузга каргышка калып, бизди мыйзамдын каргышынан кун төлөп куткарып алды».

## Ыбрайым жана Сара менен жолугушуу

Бул убадалар жөнүндө көбүрөөк билүү үчүн келгиле, атактуу окуяны кайра карап чыгалы жана аны сыртынан карап көрөлү. Башка адамдардын башынан өткөн окуялардан үйрөнүшүбүз үчүн, Кудай Ыйык Китепке окуяларды жазган. Аларды окуганда ар бир аңгемеден мен үчүн жашоого алып келе турган негизги сүйлөмдөрдү издейм. Мен анын кандай болушу мүмкүн экенин элестетип, Ыйык Рухту угуп, китептин барактарын жөн гана окуп жатканда эмнени көз жаздымда калтырганымды көрүп, уга алам. Мен суроолорду берем: алардын ордунда өзүмдү кандай сезмек элем? Мен үчүн эң оор жана эң коркунучтуу нерсе эмне болмок?

Бул Ыйык Жазууну окуунун көптөгөн жолдорунун бири гана. Бул толугу менен библиялык. Бул Ыйык Жазууну жанданткан ой жүгүртүү ыкмасы. Библиялык ата–бабаларыбыз жана ата–энелерибиз биздин бир тугандарыбыз. Мен “селахты” ушинтип машыгам (эврей сөзү, забурларда көп кездешет жана музыкалык же литургиялык кошумчаны билдирет – Котормочунун эскертүүсү). Мен тыным алып, ой жүгүртөм.

Адегенде мен силерди Ыбрам менен тааныштырам. Ал ишеними боюнча биздин атабыз. Ыймандуу, кемчиликсиз, кары жана такыбаа адамды элестеткиле. Эми Сара. Ал биздин убада боюнча биздин энебиз. Ал укмуштуудай сулуу жана Ыбрамга окшоп, ишенимдүү, кемчиликсиз, кары жана такыбаа.

Кудайдын чакыруусун уккандан кийин, бул эки киши эр жүрөк болуп, колунда болгондун баарын таштап кетишти. Кудай тукумсуз жубайлардын өмүрүн баталоону жана көбөйтүүнү убада кылган. Алар экөө бирге болуп көрбөгөндөй укмуштуу окуяга түшүп калышты. Алар эч качан көрбөгөн нерсени, Кудай жараткан элди издеп жатышты. Биз аларга кошулганга чейин алар ондогон жылдар жүрүштү. Ыбрам жүз жашта, анын аялы Сара токсон жашта.

Алар чөлдү аралап жүрүп көптөгөн өйдө–ылдыйларга туш болушкан. Мына менин кыскача корутундум. Кудай аларга батасын бергенде, алардын жашоосуна келген азапка чыдашты: бул

алардын жээни Лоттон бөлүнүүгө алып келди, Сара фараондун гаремине киргизилди, Сара гаремден бошотулду. Алар андан ары уланып, кичинекей согушта жеңишке жетишип, уурдалган жээнин куткарып, ондуктарын Эң Жогорку Кудайдын дин кызматчысы Мелкиседек падышага беришти. Алар турмуштун оор сыноосуна кабылып, Сара балалуу болуш үчүн күйөөсүнө Ажарды бергенде туура эмес чечимге келишкен, аларда Ысмайыл деген бала төрөлгөн. Сара үмүтсүздүктөн улам ачууланып, жаңжал чыгарды. Күйөө, аял жана күң үч бурчтугу эч кимге жакпады деп ойлойм.

Келгиле, Ыбрам менен Сара жөнүндөгү бул кыска аңгемеде аларды өткөрүп жибербөө үчүн, бир нече ойду айталы.

1. *Алар чогуу болушкан.* Ыбрам менен Сара артын карабай Урдан чыгып кетишти. Артка жол жок болчу. Кудай аларды чакырып, алар жөнөштү. Чекит. Башталыш (12:1, 2) мындай дейт:

   «Теңир Ыбрамга мындай деди: «Өз жериңен, өз тууганларыңан, атаңдын үйүнөн бөлүнүп чыгып, Мен көрсөткөн жерге бар. Ошондо Мен сенден улуу эл чыгарам, сага батамды берип, атыңды даңазалайм...»

   Кудай кандайдыр бир жаңы нерсеге жол даярдап жаткан. Ал аларды ишеним жана үмүт менен алдыга жетелеген. Аларката кетиришти, бирок артка кылчайып карашкан жок.

2. *Бардык талаш–тартыштарды четке кагышты.* Ыбрам менен Саара Урдан чыгып, Лотту алып келишти (анча жакшы идея эмес). Ыбрамга берилген бата Лоттун байлыгын көбөйткөн. Алардын жери экөөнү тең батыра албай калгандан кийин чабандары уруша башташты. Ыбрам ого бетер оорлошуп калбаш үчүн, Лотко тандоо укугун берген. Бирге болуп, урушуп кеткенден көрө, бөлүнгөнү жакшы эле. Көңүл бурсаңар: эгер силер менен бирге болбошу керек болгон адамдар менен жашап жатсаңар, анда Кудай экөөңөрдү тең ушунчалык кеңейтип, бөлүнүүгө туура келиши мүмкүн. Талаш–тартыштар Кудайдын батасын жана жашооңордун натыйжалуулугун азайтат.

3. *Алар ишенимдүү иш кылышты.* Ыбрам Мелкиседекке ондук бергенде, ал муну Кудайдын убадаларынын негизинде кылган. Содомду олжолоонун ордуна, ал ишеними аркылуу курмандык чалды, бул анын үмүтүн бекемдеген. Бул үч ойдун баары Кудай Ыбрамга көрүнүп, Башталыш китебинде (17:4, 5) жазылган убаданы жарыялаганда айкын болгон:

> «Менин сени менен түзгөн келишимим ушул: *сен көп элдердин атасы болосуң.* Сен мындан ары Ыбрам деп аталбайсың, атың Ыбрайым болот, анткени Мен сени көп элдердин атасы кылам...»

## Түбөлүк келишим

Мурасчы экениңерди билгениңерде, Кудай наамыңарды өзгөртөт. Кудай Ыбрамдын атын Ыбрайым деп өзгөрткөндө, ата–бабабыздын өмүрү кеңейген. Ал мындан ары элсиз адам болбойт...элдердин атасы болот. Башталыш китебинин 17–бөлүмүндө Кудай бул келишимдин кеңдигин жана бийиктигин майда–чүйдөсүнө чейин сүрөттөгөн. Ыбрайымдын өмүрү «муундар» жана «түбөлүктүү» сыяктуу сөздөр менен мүнөздөлөт. Ыбрайым чоочун жана келгин болуп басып жүргөн топурак бир күнү анын урпактарына мураска берилет жана түбөлүккө алардын менчигине айланат. Кудай Ыбрам менен болгон сыяктуу эле, Ыбрайымдын урпактары менен да бирге болом деп убада кылган. Мен Ыбрайымдын келечегинин улуулугун карап, Кудайдын алдында ыйлап жатканын элестетем.

Ыбрайымдын Кудайга кантип умтулуп, чөгөлөп, ыйлаган жүзүн жылдыздарга көтөргөнүн элестетем. Чөл асманынын караңгылыгында жаркырап турган жарык нурдун учуна тийгиси келгендей колун сунду. Ал ыраазылыкка толгон. Убаданын ар бир сөзү сөөк чучугуна чейин жетип кетет. Кайсы бир убакка чейин куректык катмар жоголуп, Ыбрайым кайрадан жаш болуп, анын ар бир клеткасы кереметтүү түрдө жашарат.

*Ыбрайым* деген жаңы ысым жүрөктү кубанычка жана үмүткө толтурат. Ысмайылды көрүп: *«Ушунун баары сеники болчу, уулум, өмүрүң көбөйүп, куттуу, кең тагдыр болот»* деп ойлойт.

Теңир Ыбрамга бул келишим белгини талап кылаарын айтат. Бул Нух үчүн асан–үсөн сыяктуу кооз жалпы белги эмес, бирок азаптуу жеке белги. Ыбрайымдын үйүндөгү бардык эркектер сүннөткө отургузулушу керек. Сүннөткө отургузулуу Ыбрайымдын жана анын урпактарынын Эң Жогорку Кудай менен келишимде экенин тастыктайт. Андан кийин Кудай менен болгон маектешүү төмөнкүдөй болот:

> «Кудай Ыбрайымга дагы мындай деди: *«Аялың Сараны* Сара дебе, анын аты Саара болот. Мен ага батамды берем. Андан сага уул берем. *Саарага батамды берем, андан элдер, элдердин падышалары чыгат»* (Башт. 17:15, 16).

Мен Ыбрайымдын жүзүндөгү баш аламандыкты көрүп турам. Бүшүркөө менен кашын көтөрөт... Саара? Мени менен келишим? Бирок, менин уулум бар... Ысмайыл. Ал менин Ажардан туулган уулум. Суроонун жаңы формулировкасы дагы Ыбрайымдын жерге жыгылышына себеп болду.

> «Ошондо Ыбрайым жүзтөмөндөп жыгылып: «Кантип эле жүзгө чыккан адамдан уул төрөлсүн? Токсон жаштагы Саара кантип эле төрөсүн?» – деп, ичинен күлдү» (Башт. 17:17).

Саара апа уулдуу болоорун укканда күлгөнү тууралуу көп угабыз, бирок Ыбрайым Кудайдын убадасына биринчи болуп күлгөн. Ал күлүп эле тим болбостон, альтернативалуу сунушун да айткан:

> «Ыбрайым Кудайга минтип айтты: «О, Сенин алдыңда Ысмайыл эле тирүү жүрсө экен!» (Башт. 17:18).

Ыбрайым Ысмайылды планга киргизүүгө аракет кылган окшойт. Эмне үчүн бул ызы–чууну Саара менен баштоо керек? Аты

жаңыбы же эскиби, эмне айырмасы бар, өзү карыган, күйөөсү да карыган. Бул сөздөрдү эмне үчүн айтып жатканын түшүнөм. Бирок, Кудайдын такыр башка пландары бар:

> «Кудай мындай деди: «*Сага аялың Саара өзү уул төрөп берет.* Сен ага Ыскак деген ат коёсуң. Мен аны менен жана анын кийинки укум–тукуму менен түбөлүктүү келишим түзөм» (Башт. 17:19).

«Сага аялың Саара...» – абдан ачык сөздөр. Кудай анын ойлорун окугандай болду. Элестетсеңер! Кудай Ыбрайымды угуп, Ысмайылга батасын берет, бирок түбөлүктүү келишим боюнча эмес.

Эки адам бир никеде болгондо, Кудай менен болгон келишим экөөнө тең тиешелүү. Албетте, Ыбрайым Ысмайылды жакшы көрчү, анын Кудай убада кылгандын баарын ал үчүн каалаганында эч кандай туура эмес нерсе жок болчу. Ал эми, Ысмайыл күңдүн уулу болгон, аны денелик жана дүйнөлүк убаракерчилик байлап алган. Атаандашсыз убада, болуп көрбөгөндөй жышаан жана керемет катары келмек эле. Төрөбөй калган кемпир төрөй турган болду.

> «Бирок мен келишимимди *келерки жылы* дал ушул убакта Саара сага төрөп бере турган Ыскак менен түзөм» (Башт. 17:21).

Биз канча жолу бир эле нерсени жасайбыз? Кудай бизге жаңы жана кереметтүү бир нерсе жасай турганын айтат, бирок биз ишенбегендиктен, титирейбиз. Ал биздин жашообузду кеңейтем дейт, биз Ага убара болуунун кереги жок деп айтабыз... «Менде болгон нерсеге гана батаңды бер». Колубузда бары, биздин азыр кылгандарыбыз аздык кылат. Кудай биздин жашообузга аралашууну–катышууну каалайт. Ал муундан–муунга ой жүгүртөт. Келишим төрөлө элек Ыскак аркылуу, Ыбрайым күлгөн Ыскак аркылуу түзүлүшү керек... дененин каалоосу менен төрөлгөн адам аркылуу эмес!

Мен Ыбрайымдын адамгерчилигинен шыктанам. Анда баарыбыз үчүн сабак бар. Кудай Өзүнүн ырайымы менен өзүбүздүн күчүбүз менен куруп жаткан нерселерибизге батасын берет, бирок Анын түбөлүк келишими адамдык күчтүн чегинен тышкары бекемделген.

## Жаңы ысым = жаңы тагдыр

Жүйүттөрдүн салтына ылайык, ысым адамдын дараметин жана тагдырын камтыйт. Демек, ысымды өзгөртүү адамдын табиятын өзгөртүүчү күчкө ээ. Мисалы, уулдарыбыздын мүнөзү алардын ысымдарынын маанисин чагылдырат деген үмүт менен аттарды атайын тандап алдык. Мен муну Кудай Атамдан үйрөндүм, анткени мен алардын атын атап чакырган сайын, алардын жашоосуна бул ысымдын маанисин жарыялап жаткан болом.

Адамдар өз табиятын чагылдырбай калганда, Кудай көп учурда алардын ысымдарын өзгөрткөн. Жыйындын атактуу куугунтукчусу Шабул Пабыл болду, балыкчы Симон Ыйсадан Петир деген ысымды алган, ал «аска» дегенди билдирет. Ыскактын уулу Жакып Ысрайыл болду, бул «Кудайдын төрөсү» дегенди билдирет. Биздин Кудай дайыма адамдардын атын өзгөртөт. Кээде мен муну күбөлөрдү коргоо программасы сыяктуу сезем, анда биз баарыбыз Ыйсанын аты менен иш жүргүзүп жатабыз.

Кудай Ыбрам менен келишим түзгөндө, анын ысмын өзгөртүү менен анын жөндөмдүүлүктөрүн арттырган. Менин сонун досум бар, Брайан Билечи, мессиялык раввин, ал мага ысымды өзгөртүүнүн маанисин түшүндүрүп берди. Ыбрамдын атын Ыбрайымга өзгөртүү үчүн, Кудай аны ортосунан бөлүп, ага Өз ысымынан бир тамга кошкон. Ыбрам «жогорулатылган ата» дегенди билдирет. Ыбрайым деген кеңейтилген ысым «көпчүлүктүн атасы» дегенди билдирет.

Жаңы ысым Ыбрайымдын ким болорун айткан. Ата–бабанын көзү тирүүсүндө алар толук аткарылган эмес. Бирок, Ыбрайым Кудайды өз өмүрү менен даңктагандыктан, анын мурасы чексиз

көбөйөт. Жекече инсандык силердин тагдырыңар менен тыгыз байланышта экенин унутпагыла. Раввин Брайан ошондой эле, Кудайдын убадасы Кудай Ыбрайымдын аялы Саранын атын кеңейткенден кийин гана аткарылганын көрсөткөн.

Сарранын атынан эркектик башталыш жоголуп («Жахаба – ханзаада» дегенди билдирет), анын жаңы аты Саара болуп, аялдык ат болуп калды, бул («Кудайдын ханзаада кызы») дегенди билдирет. Анын ысымына Кудай Өзүнүн Жахаба ысымынын бир тамгасын кошуп койгон.

Ысымдын мындай өзгөрүшү Саранын ким болгонун билдирет. Жаңы ысым аны Кудайга бекем байлап, ошол эле учурда анын бардык кыздары, убада боюнча, падышалык кызматты ээлей турганын көрсөтө баштады. Жаңы ысымдын аркасында мындан ары эми Сааранын колу эмес, Кудайдын колу тарыхты жараткан.

Саранын атынан эркектик башталыш («Жахаба – ханзаада») жоголуп, аялдык («Кудайдын ханзаада кызы») пайда болгондо, анын мааниси жумшарып, кабыл алууга жөндөмдүү позиция пайда болгон. Ыбрайымдын жаңы ысмынын мааниси көп адамдарды камтыган, бирок, убаданын тукуму да жакшы топуракты талап кылган. Сааранын өмүрү топурак болуп, жатын убада менен тирүү болду. Саара жаңы атка ээ болгондо, Ыбрайым менен Саарага берилген убаданы аткарууга даяр топурак болуп калгандай болду. Кудай Ыбрайым жөнүндө: «Ал көптөгөн элдердин атасы болот, ал эми Саара болсо элдер болот; андан элдердин падышалары чыгат. Кудай алардын экөөнө тең элестетүү жана көрүнүш кошту.

Адамдар бири–бирин жана өзүлөрүнүн Кудайын урматтаса, Жаратуучу мүмкүн эмес нерселерди жасоого киришет. Жабык жатын жашоого толуп, төрөт үчүн күчтөнөт, сүйүү алыстап кеткен нике айыгат, уул–кыздар жиндерден кутулат, балдар өлгөндөн тирилет. Үмүт кайра жаралып, ишеним от алып, сүйүү жеңишке жетип, алдоонун үнү өчүп калгандыктан, душман артка кайтарылат.

Силер дагы төрөлгөнүңөрдө аны сезбесеңер да, жаңы

ысым алдыңар. Силердин атыңар да кеңейди. Ыбрайымдын убадаланган тукуму болгон Ыйса Өзүнүн ысымынын бир тамгасын кошуу менен, биздин ысымдарыбызды жөн эле өзгөрткөн эмес. Ал Өзүнүн ысмын колдонуу аркылуу бизге Атага жетүүгө боло турган чексиз мүмкүнчүлүк берди. Жакандан Жакшы Кабарда (16:26, 27) мындай дейт:

> *«Ошол күнү Атамдан Менин ысымым урматына сурайсыңар.* Ошондо Мен силерге: “Атамдан силер үчүн өтүнүп сурайм”, – деп айтпайм. Анткени Атам Өзү силерди сүйөт. Себеби силер Мени сүйөсүңөр жана Кудайдан келгениме ишендиңер».

Ыйса жылаңач эле, биздин ордубузга айкаш жыгачка кадалгандыктан, биздин уятыбыз менен капталып калган. Ал биздин ыпластыгыбыз жана бузукулугубуз үчүн өз ыктыяры менен булганбаган өмүрүн берди жана ушул толук курмандыгы менен бизди толук куткарып, убада боюнча ар бирибизге, ар бир уул–кызына орун берди.

## Силер, тамашалап жаткандырсыңар окшойт!

Биздин таржымал Башталыш 18де, Кудай Ыбрайымга кайрадан келгенде уланат. Ыбрайым өзүнүн чатырынын кире беришинде отурат, ал жерде көлөкө бар, кээде салкын шамал согуп турат. Ал өйдө караса, Мамре эмен багына жакын, маңдайында үч киши турганын көрөт. Көпчүлүк окумуштуулар бул кишилер периштелер болгон дегенге кошулат. Ыбрайым аларга чуркап барып, таазим кылып, алардан аны менен болушун өтүндү.

> «Эгедерим! Эгерде мен Сенин көз алдыңда ырайым тапкан болсом, кулуңдун жанынан кыя өтпө. Азыр бир аз суу алып келип, бутуңарды жууп беришет. Ушул дарактын түбүндө эс алгыла. Мен тамак–аш алып келейин, кубаттанып алып, жолго чыккыла, анткени кулуңардын жанынан өтүп баратасыңар». Алар ага: «Айтканыңдай кыл», – дешти (Башт. 18:3–5).

Мага анын бул саякатчыларды токтотуп, сый–урмат менен кабыл алганы жагат. Ыбрайым албетте, аз убада берет жана көп кылат. Ал Саарага чуркап барып, эң жакшы ундан нан жаса деп айтат. Анан үйүрүнө барып, эң семиз торпокту тандап алып, аны союп, этин бышыруу үчүн кулуна алып келет. Баары даяр болгондон кийин, Ыбрайым конокторго май, сүт жана торпок этин берди. Ал конокторго жөн эле шам–шум этүү эмес, майрам уюштуруп, кенен тамак берди.

Коноктор тамак ичип отурганда ага суроо беришти:

> «Алар андан: *«Аялың Саара кайда?»* – деп сурашты. Ал: «Ушул жерде, чатырда», – деп жооп берди. Алардын бири мындай деди: «Мен келерки жылы ушул эле убакта сеникинде болом, ошондо аялың Саара уулдуу болот». Саара болсо *анын артындагы чатырдын оозунда угуп турган эле*» (Башт. 18:9, 10).

Бул сүрөттөлүштү окуп жатып, мен күтүлбөгөн жерден Саара турган чатырга жеткирилгендей болдум. Мен анын ийнинин үстүнөн карагым келип, жаракадан шыкааладым. Ыбрайым коноктор менен дарактардын салкын көлөкөсүндө. Алардын кийимдерин солкулдатып, оазистеги чатырдын жабдыктарын жалбырактай шылдыраткан чөл шамалы, алардын үндөрүн оңой эле жеткирет.

Ичинде отурган Саара алардын маегин угуп, бирок алар менен бирге болбогондуктан, ага катышпайт. Саара кыймылдабай, унчукпай турат, бирок Ыйык Жазуу бизге анын ойлорун ачып берет:

> «Ыбрайым менен Саара картайып, улгайып калышкан эле. Саaранын аялдарга мүнөздүү нерсеси токтоп калган болчу. Саара ичинен күлүп: «Картайып калганда, мага ушундай сооронуч болмок беле? Мырзам да кары», – деди (Башталыш 18:11, 12).

Бул жерде Ыбрайымдын реакциясы көрүнүп турат, бул мени

таң калтырат... Саара уулдуу болот деген сөздү биринчи жолу угуп жатабы? Анын сөзү таң калгандай болду. Кээде убада өзгөчө мүмкүн эместей сезилген учурда, анын аткарылышына абдан жакындайт.

Башталыш китебинде (17:21) бир аз мурдараак: «Кийинки жылдын ушул маалында» деп жазылган. Убада Саара угушу үчүн кайталанганда, «ушул убакта [кийинки жылы]» деп айтылат. Албетте, график өзгөрдү. Ыбрайымдын Кудай менен сүйлөшүүсү менен бул периштелердин пайда болушунун ортосунда канча убакыт өткөнүн так айтуу кыйын бирок, балким, көп эмес. Кыязы, бир айдан ашык убакыт өткөн жок. Теңир мындай деп чечти: Саара бул сүйлөшүүнү угушу керек болчу.

> «Ошондо Теңир Ыбрайымга мындай деди: «“Картайып калганымда кантип эле төрөйүн?” – деп, Саара эмне үчүн күлдү? Теңир үчүн кыйын нерсе барбы? Келерки жылы айтылган мөөнөттө Мен сеникинде болом, ошондо Саара уулдуу болот». Саара болсо: «Мен күлгөн жокмун», – деп, мойнуна албай койду. Анткени ал коркуп кеткен эле. Бирок Ал: «Жок, сен күлдүң», – деди (Башталыш 18:13–15).

Саара күлүп эле тим болбостон...ал калп айтты! Ал коркуп кетти, анткени бул ишенбегендей күлкү «койгулачы, тамашалап жатасыңар го»... дегенге окшош эле.

## Сенин аялың Саара кайда?

Мурунку жана кийинки аяттар мени дагы канча нерсе айтылбай калганы жөнүндө ойлонууга мажбурлайт. Мен баса белгилегим келген бир нече жерлерди белгиледим. Алардын айрымдары мага байкалбай калды.

Биринчиден, мен «Саара кайда?» деген суроого кайрылгым келет. Эмне үчүн ал чатырда жашынып турат? Эмнеге күйөөсүнүн жанында отуруп, сүйлөшүүгө катышпайт?

Мен түшүнөм, силер окуянын акырын билесиңер, бирок Саара аны билбегенин эстен чыгарбоо керек. Жашын эске алганда, ал таржымалы бүтүп, өмүрү аяктап бартканын сезди. Күйөөсүнүн ага ишенимсиз экенин сезиши мүмкүн эле, Ажарды кордогону анын абалын ого бетер кыйындатат.

Ал башынан өткөргөн азапты билчү эмес. Ачуу, көңүл калуу жана оор кырдаалда кайталанган каталары анын азап тарткан жан дүйнөсүндө терең из калтырган. Кош бойлуу болуу үчүн тереңдиктин кереги жок. Аял кичине эле этиятсыз болсо, кош бойлуу болуп калышы мүмкүн. Бирок, Саара Ыскактын жана ысрайылдыктардын энеси болушу керек болчу, ошондуктан ал даярданышы керек болчу.

Он үч жыл бою ал Ысмайыл аттуу баланын чоңоюшуна көз салды. Ал Ажардын уулун өз баласындай чоңойтууну үмүт кылган, бирок Ысмайыл өзүн анын уулундай сезген эмес. Ыбрайым ыраазы болсо, Сааранын көңүлү чөккөн. Ал үчүн баары жагымсыз болуп калгандай сезилди. Бирок, андан да аянычтуусу, Саара да, Ыбрайым да анын ким экенин унутуп калышкандай.

Мени: “Жубайың Саара кайда?” деген суроо абдан таң калтырат

Биздин үйгө коноктор келип, мени издеп калышса, алар Джондон: «Сенин аялың – Лиза кайда? «деп сурашпайт. Бул жерде түшүндүрүүнүн кереги жок, эгер үйдө Лиза аттуу башка аял болгондо гана туура болмок. Мисалы, менин уулдарымдын бири Лиза деген кызга үйлөнсө, анда: «Мен сенин келиниң Лизаны эмес, сенин жубайың Лизаны көргөнү келдим», – деп тактоо керек.

Бизди тааныган адам: «Лиза кайда?» деп жөн гана сурайт. Коноктор бизди таанnetworkбай, үйдүн айымы менен сүйлөшкүсү келсе, Джондон: «Аялың кайда?» деп сурашат.

Бул коноктордун Ыбрайымды да, Сааранын да билишкени, ошол эле учурда анын атын жана анын Ыбрайымга карата абалын айтып, ал жөнүндө сурашканы мен үчүн табышмак.

Балким, бул периште–коноктор: «Ыбрайым, биз Саара сенин аялың экенин эскертип коюу үчүн келдик. Бул мезгилде силердин

үй–бүлөлүк жашооңор башкача көрүнөрүн жана Ажардан балалуу экениңерди билебиз, бирок Саара дагы деле сенин жубайың». Анда Саара өзү *катышышы* керек болгон алардын маегине *ынтызарлык* менен эмне үчүн кулак салганын түшүндүрсө болот. Анын көчмөн дүйнөсүндө коноктор сейрек болчу. Ыбрайым чатырдын кире беришиндеги эмен бактарынын жанында турган үч кишини көрүп, ордунан ыргып турду. Библиялык окуяны окуганда, биз тамак бир нече мүнөттө даяр болду деп ойлойбуз, бирок чындыгында мындай даамдуу тамакты даярдоо үчүн бир нече саат талап кылынса керек.

Эмне үчүн адам Кудайдын убадалары жөнүндөгү сүйлөшүүгө түздөн–түз катыша алса боло туруп, анан күтүлбөгөн жерден тыңшайт? Конок тегерегине карап: «Ишенимдин атасын көрүп турам, бирок апасы кайда?» – деди.

Бул кандайдыр бир керемет менен биздин үйгө Кудайдын периштелери келип, Джон аларды түшкү тамакка чакырып, мени зордоп конок бөлмөсүнө киргизген сыяктуу болуп калды. Чынын айтсам, биздин үйдө мындай болбойт. Джондун коноктору менин коногум, менин конокторум анын коногу. Бирок, контекстибиз үчүн айталы, эмнегедир мен бөлмөдө жокмун, күтүлбөгөн жерден конокторудун мен жөнүндө сурап жатканын угам. Мындай учурда мен аларга дароо бармакмын!

Менде Саарадан кетүүнү сураныншты же, өзгөчө, Ыбрайым аны менен байланышын токтотту деп ойлогонго эч кандай негиз жок. Ал өзү да аларга кошулгусу келбей койду го деп ойлобойм. Көйгөй, адамдар көңүл калууга абдан жакындаганда, алар ким экенин унутуп калышат. Үмүт оору алып келет. Ошентип, алар жашынып, жылмайып, анан калп айтышат.

Сааранын чатырдан сыртка көз чаптырып, эркектердин сүйлөшүүсүн тыңшаганына кандай себептер болгон болсо да, аны тарыхка кайрадан алып келген Кудай болгон. Мен мунун баары Ыбрайым менен Саарага ал дале анын аялы экенин эскерткенден кийин башталган деп ойлойм. Бул жарыя анын атаандашы Ажарды

четке түртүп, ошону менен анын ким экенин ар кимге эсине салыш үчүн болгон. Саара ханзада кыз болчу.

## Эмне үчүн Ыбрайымдан сурайт?

Бул окуяда дагы бир кызыктуу жагдай бар – Саара күлүп жиберди, бирок суроо Ыбрайымга берилди.

Биздин убадабыз теңдешсиз, «Ошондо Теңир Ыбрайымга мындай деди: «“Картайып калганымда кантип эле төрөйүн?” – деп, Саара эмне үчүн күлдү?» (Башт. 18:13).

Эмне үчүн Ыбрайымдан Саара эмне кылганы жөнүндө сурайт? Мен бул үзүндүнүн үстүнөн ой жүгүрткөндө, Башталыш китебинин он жетинчи бөлүмүндө жазылган сүйлөшүү Саарага жеткирилбегенин чындап сезем. Балким, Ыбрайым дагы эле Кудай аны менен бөлүшкөн нерселерди ойлонуп жаткандыр. Балким, Саарага айткысы келбегендир. Джон экөөбүз бири–бирибизге маалымат берүүнү унутуп калган учурлар болот. Же сүйлөшүп алышып, бул убаданы унутуп коюшкандыр. Бирок, бир нерсе айкын: уул жөнүндөгү убада, анын ичинде Саарага берилген жана ал аркылуу аткарыла турган убада анын жашоосунда али ишке аша элек. Элчилер Ыбрайымдан:

> «Теңир үчүн кыйын нерсе барбы? Келерки жылы айтылган мөөнөттө Мен сеникинде болом, ошондо Саара уулдуу болот»». (Башт. 18:14).

Бир жылдан кийин Саара уул төрөмөк. Сааранын күлүп жатканын четке кагып, калп айтканы мага абдан күлкүлүү, анткени алар андан эмес, Ыбрайымдан сурап жатышты. Түбөлүк келишимдин Кудайы болгон Атабыздын анын ички күлкүсүн укканы мени өзгөчө сооротот, анткени Ал мени жүрөктүн үнсүз ыйын да угарына ынандырат.

Кандайдыр бир идеяга күлүү менен сүйүнүп күлүүнүн ортосун-да чоң айырма бар. Сааранын жашоосу күлкүдөн ажырап калган

**Өзүнүн келишиминдеги элин жаратуу үчүн, Кудайга Саранын каалоосу жана тереңдиги керек болчу.**

эле. Ыскактын төрөлүшү баарын өзгөртөт. Ыбрайым менен Саара өз турмуш жолдорун бирге башташкан эле жана алар кайрадан чогуу кулүүнү үйрөнүшкөндө убаданы аткарышкан. Убадалар жубайлардын, бир туугандардын, эркектер менен аялдардын сүйлөшүүсүн талап кылат. Аялдар өтө эле узакка чейин жашынып келишти. Кудай силердин сүйлөшүүнүн бир бөлүгү болушуңарды каалай турганын билишиңерди каалайт. Өзүнүн келишиминдеги элин жаратуу үчүн, Кудайга Сааранын каалоосу жана тереңдиги керек болчу. Галатиялыктарга жазган катында мындай дегенин окуйбуз: «Анткени Ыйык Жазууда: «Ыбрайымдын эки уулу бар эле, бири күң аялынан, бири эркин аялынан», – деп жазылган. Бирок күң аялынан төрөлгөн уул кадимки балдардай, ал эми эркин аялынан төрөлгөн уул убада боюнча төрөлгөн» (Гал. 4:22, 23).

## Сараны ким коргойт?

Саара Ыскакты кучагына алганга чейин, ал катышкысы келбеген дагы бир сүйлөшүү болду. Бул жолу Саара эч нерсе дебей, калп айткан, бирок Кудай Өзү кийлигишкени мен үчүн табышмак.

> «Ыбрайым өз аялы Сааранын: «Бул менин карындашым», – деди. Ошондо Герар падышасы Абы–Мелек киши жиберип, Сааранын алдыртты. Кудай Абы–Мелекке түн ичинде түшүндө келип, ага мындай деди: «Эми сен алган бул аял үчүн өлөсүң, анткени анын күйөөсү бар» (Башт. 20:2, 3).

Кудай анын атынан сүйлөп жатканына кубанычтамын, анткени унчукпай турганы экөөнү тең кызыктырбаганы анык. Алар эмнени ойлоп жатышты? Кудай жаңы нерсени жаратып жаткан, бирок алар бири–бирине мурдагыдай эле мамиле кылышкан. Өздөрүн

бир тууган деп тааныштыруунун кажети жок болчу, өзгөчө бул жолу эмес. Алар жаңы ысымдарды алышкан, эми Саара мына–мына Ыскактын боюна бүтүрүш керек болуп калган эле.

Саара, албетте, теңдешсиз сулуу аял болгон окшойт... Бирок, ал токсон жашта экен! Ал абдан жакшы сакталган болушу керек, же балким, Кудай анын жаштыгын Ыскактын төрөлүшүнө даярдануу үчүн түп–тамырынан бери жаңырткандыр. Кандай болгон күндө да, Ыбрайым, Сааранын бир жылдын ичинде боюна бүтүп, балалуу болорун билип, аялын Абымелек падышанын дооматтарынан коргошу керек болчу. Болбосо, анын баласын гана төрөп берерине кантип ишенсин? Көбүнчө биз унчукпай коюуну моюн сунуу деп ойлойбуз, ал болбосо... бул жалган. Баш ийүү эмнени жана качан айтууну билүү дегенди билдирет. Бул учурда мындай баш ийүүнү көрсөтүү керек болчу.

Ыбрайым менен Саара өз курактарына жараша бири–бири менен бир тууган болуп жашаса керек, бирок ал күндөр артта калды. Эгер Кудай алардын ысымдарын өзгөрткөндөн кийин алардын мамилеси өзгөрбөсө, периштелер зыярат кылгандан кийин, албетте, өзгөргөн болушу керек. Саара менен Ыбрайымдын жаңыланган ысымдары жаңыланган интимдик мамилелерге которулушу керек болчу. Экөө тең анын бир жылга жетпей баласына кош бойлуу болорун билишчү. Саара жарым чындыкка макул болду, бирок келгиле, алар эмнени ойлоп жатканын билүүгө аракет кылалы?

> «Анан Абы–Мелек Ыбрайымды чакырып алып, ага: «Эмне үчүн сен бизге мындай кылдың? Мага жана менин падышачылыгыма чоң күнөө келтиргендей, сага эмне күнөө кылдым эле? Сен туура эмес иш кылдың» (Башт. 20:9).

Ыбрайым өзүнүн алданышынын түшүнүксүз себебин түшүндүргөндөн кийин, Абымелек падыша ага батасын берип, аларды өз жерине жайгаштырууга чакырган. Ыбрайым падыша үчүн сыйынгандан кийин, Кудай анын үйүндөгү бардык аялдардын жатындарын ачты. Ыбрайымдын өз жашоосунда эмнени көрөрү

үчүн сыйынганы кызыктуу. Күйөөсү өзүнүн коопсуздугун анын кызыкчылыгынан өйдө койгондо да, Кудай Сааранын коргогон. Кудай түшүндө падышага Сааранын коргоо үчүн сүйлөп кайрылган, анткени ал, Ал үчүн кымбат баалуу кенч болчу. Ошондой эле, биз да Кудайга ишенсек болот, ал бизге коопсуздукту берет жана үй–бүлөбүз, досторубуз, атүгүл күйөөлөрүбүз ишеничибизди актабай калганда да, Ал жашообуздагы убаданы аткарат.

## Эркин аял же күң

Биринчи Петир (3:6) мындай дейт: «Эгерде туура иш кылсаңар жана коркпосоңор (коркпогула, тынчсызданууңарга жол бербегиле) эми анын чыныгы кыздарысыңар» (азыркы котормо). Саара уул төрөдү, анын кыздары жок болчу, бирок Ыйык Жазууда биз азыр анын чыныгы кыздарыбыз экенибиз айтылат. Коркунучтуу иш–аракеттерибизди башкарууга жана кайраттуулугубузду уурдоо үчүн тынчсызданууга жол бербесек, биз убаданын кыздарыбыз, эркин аялдын кыздарыбыз.

Саара Кудайды жана күйөөсүн баалап, урматтаган эркин аял болгон. Ажар болсо өз кожойкеси Сааранын жек көргөн, көз каранды аял болгон. Ажардын уулу Ысмайыл энесин туурап, Ыскакты шылдыңдаган. Саара көз карандылыкты үй–бүлөдөн ажыратуу керектигин түшүнгөн. Биз да ошондой кылышыбыз керек. Галатиялыктар 4:30да: «Күңдү жана анын уулун кууп чыккыла, анткени күңдүн уулу эркин аялдын уулу менен мураскор болбойт», – деп айтылат.

Күңдүн уулу мурастан үлүш алган эмес. Ал атасынан жана бардык үй–бүлөсүнөн ажырады. Эркин аял менен күңдүн күйөөсү бир болгон. Экөө тең уулдуу болушкан. Бирок, алардын ар бири Ыбрайым менен башкача мамиледе болгон. Ажар кулчулукка байланган денени символдоштурат. Сара эркиндикти жана убаданы билдирет. Жаңы Келишимдин *The Message* котормосунда мамилелердин бул эки түрү мындайча сүрөттөлөт:

> «Анткени Ыйык Жазууда: «Ыбрайымдын эки уулу бар эле, бири күң аялынан, бири эркин аялынан», – деп жазылган. Бирок күң аялынан төрөлгөн уул кадимки балдардай, ал эми эркин аялынан төрөлгөн уул убада боюнча төрөлгөн. Мында каймана маани бар. Бул эки келишимди билдирет. Бири Синай тоосунда түзүлгөн, ал – балдарын кулчулук үчүн төрөгөн Ажар. Ажар Аравиядагы Синай тоосун билдирет. Ал азыркы күндөгү Иерусалимге туура келет, анткени Иерусалим өзүнүн балдары менен кулчулукта. Жогорку Иерусалим болсо эркин, ал баарыбыздын энебиз» (Гал. 4:22–26).

Мага “бул Сааранын жолу” деген сөз абдан жагат. Карыганга чейин өзгөчө сулуу болгон аял Машаяктагы чексиз чирибес сулуулуктун жарчысы болуп калды. Биз убаданын натыйжасында төрөлдүк.

Ишенимдин атасы Ыбрайым жана анын ханышасы Саара Машаякты жана Анын колуктусун, Жыйынды символдоштурган мисалдар. Биз өзүбүздү Ыйса Машайакка көз карандылыкка жана баш ийүүгө чакырабыз. Ал биздин башыбыз жана бардык момундар Анын бийлигине жана жетекчилигине баш ийиши керек. Бирок, бизде коркууга эч кандай негиз жок. Ал биздин күйөөбүз жана жаратуучубуз. Ал бизди Өзүнүн сүйүүсү менен жаратты.

## Жашынууну токтоткула!

Эгер Кудай сенин ичиңе каалоо салган болсо, аны көтөрүүгө жана жарыкка келтиргенге күч берет. Бул күч силерге качан Кудай убадасы менен жашооңорго келгенде келет. Балким, бул китептин барактары Сааранын конокторуна окшоштур. Балким, бул сөздөр силердин ким экениңерди эске салгандыр.

Кудай биз менен түз сүйлөшкөндө таасир эткендей болуп, бизге эч нерсе таасир эте албайт. Келечектеги тагдырыңарды аныктай турган сүйлөшүү үчүн ордуңардан туруп, Ага чуркашыңар керек. Дүйнө силердин жашооңордо алып жүргөн нерсеге муктаж. Бул аялдардын жашына турган учуру эмес. Атыңарды атаганда эле

чуркап: «Мен келдим! Мен уккум келет!» дей турган учур келди.

Эгерде сиз теңдешсиз жашоону кааласаңыз, жашынууну токтотуп, сүйлөшүүгө аралашыңыз.

Бир жылдын ичинде көп нерсе болушу мүмкүн. Саара үчүн ал жыл башкаларга окшобогон жыл болду. Бул таң калыштуу эмес, анткени ал Кудайдын зыяраттары менен белгиленет.

Бул жыл сиз үчүн да ушундай болушу мүмкүн экенин түшүнүп жатасызбы? Бул жыл көлөкөдө, эриндердеги мыскыл күлкү менен башталып жана жалган сөздөр менен башталып, бирок жүрөктөгү убада менен бүтүшү мүмкүн.

“Коё турсаңа, мен калп айтпайм” дейсиң.

Жок, бул фразалардын бирин эле айтсаң анда, калп айткан болосуң:

«Өтө кеч».

«Мен өтө жашмын.»

“Мен өтө эле карып калдым”.

«Мен жарабаймын.»

«Мен өтө көп ката кетирдим.»

«Менде ансыз деле баары жакшы.»

“Мага кыялдын кереги жок”.

Мен көбүрөөктү каалабайм деп, калп айтпаңыз. Кыялдануудан баш тартпаңыз, антпесе, жүрөгүңүздүн эшиги тарс жабылат, алгач күлкү, анан калп. Жүрөгүңүздү кенен ачып, сизге сунушталган бардык кереметтерди кабыл алыңыз. Укмуштуудай, кереметтүү жашоого чакырууга ишенбегендей жылмайгандын ордуна келгиле, бизге берилген, болуп көрбөгөндөй бардык нерсеге күлүп, таң калалы! Анткени, биз Золушкадайбыз, ал эми биз жашап жаткан дүйнө жаман өгөй эжелер сыяктуу. Ханзаада эшиктин алдында турганда, дагы канча ыйлайбыз? Анын кыялында жашоо үчүн сизге керектүү нерселердин баары бар. Эмне үчүн башка адамдардын жана мурунку чакыруулардын сиз үчүн чечиштерине жол бересиз?

Эмнеден жашынып жатасыңар?

Сиз азыр кайсы кыялыңыз менен жылмайып жатасыз? Сиздин үмүтүңүз эмнеде? Басып койгондо ооруп кете турган жериңерди жабууга аракет кылганыңарда, кекиртегиңерге тыгылып калган нерв күлкүсүн билесиңерби? Уксаңар! Силер баарысыңар жана эч нерсесиңер! Машайактын ырайымы менен, бул убада силерге дагы!

Мүмкүн сенин жашооң эми төгүлгөнү калган көз жаш эместир. Оору кетип, дудуктук гана калгандыр. Кудай тийип койсо эле көзүңүздөн жаш агызчу жер ушулбу? Дүйнөдө боштукка толгон адамдар өтө көп, ошондуктан алар күлүшөт, жылмайып үмүтүн өчүрүүгө аракет кылышат.

Балким, биз кээ бир нерселер Кудай үчүн өтө оор деп ойлогонубуз, атабыз Ыбрайымга окшошуп кеткенибизден болушу мүмкүн?

Силердин жашооңорду маңызга толтуруу Ал үчүн чындап эле кыйынбы? Силердин дүйнөңөрдү сүйүү менен толтурууга Ага кеч болуп калдыбы? Анын сиз үчүн эмне кылуусу өтө кыйын деп ойлойсуз?

> «Бирок өз убагы келгенде, Кудай Өз Уулун жиберди. Ал аялдан төрөлдү, мыйзамга баш ийди. Ал мыйзамдын бийлиги астындагыларды кун төлөп куткарды. Ал мыйзамдын бийлиги астындагылар Кудайдын балдары болушу үчүн ошондой кылды. Силер Кудайдын балдары болуп калгандыктан, Кудай силердин жүрөгүңөргө Өз Уулунун «“Абба!”, Ата!» деп чакырган Рухун жиберди. Демек, эми сен кул эмессиң, сен Анын баласысың. Эгерде баласы болсоң, анда Кудай сени Ыйса Машайак аркылуу мурасчы да кылды» (Гал. 4:4–7).

Бир кезде силер, мураскорлор, уурдалгансыңар, бирок кийин кун төлөнүп кайтарылгансыңар. Машайактын айкаш жыгачтагы өлүмү аркылуу биз үчүн кун төлөп сатып алган нерселердин толуктугунда жашоо – бул даңктуу жана кайраттуу аракет. Анын Сөзүн тарыхый китеп эмес, силерге арналган жеке кат катары окуганыңарда силерге тиешелүү нерселердин баарын таба

аласыңар. Анан Анын Сөзүн жүрөгүңөрдө бекитүү үчүн, үнүңөрдү колдонгула. Кандай көрүнбөсүн жана кандай сезилбесин, сен ошондойсуң жана сен жөнүндө Кудайдын Сөзү эмне десе, ошонун баарына ээсиң.

Бүгүн, дал азыр, Кудай сага жаңы ысым берип жатат, Ал Өз убадасын аткарып, Өз баласы катары сенин позицияңды ырастап жатат. Кудайдын силердин жашооңорго болгон тагдыры жана Анын силер жөнүндө айткан сөздөрү силердин учурдагы абалыңар менен эле чектелбейт. Анын силерге берген убадасы теңдешсиз. Андан жашырынбагыла.

Кабыл алгыла.

## Ой жүгүртүү үчүн суроолор

1. Кудай силерди Машайактагы убадалар аркылуу Өз Уулунун теңирчилик табиятына катышууга азыр чакырганын билесиңерби?
2. Ал силердин жашооңордо убадасын аткарышы үчүн, Кудай алдында кесип алып сала турган же өчүрүш керек болгон, силерди тынымсыз түйшөлткөн, чөйрө же мамилелер барбы?
3. Жашынып жатасыңарбы? Ооба болсо, анда эмнеден?
4. Кудайга силердин түздөн–түз катышууңар керек болгон сөздү тымызын тыңшап жатасыңарбы? Эмнеге?
5. Кандай учурларда унчукпоо – бул моюн сунбагандык?
6. Кудайдын силерге берген убадаларына күлүп, анан калп айткан учурларыңар барбы?
7. Тыңшоо жана аңдып кароо деген адаттарыңарды өзгөртүп, активдүү жана жалындуу болуу үчүн, кандай кадамдарды жасай аласыңар?

# 4

# Салыштырууга батынбагыла!

«Салыштыруу – кубанычтын уурусу.»

ТЕОДОР РУЗВЕЛЬТ

*Бул бөлүм, балким, эскертүү менен жазылгандыр!* Силер окуй турган нерсеңер, жаңы нерсе. Бул мен үчүн болгон өкүнүчтүү чындык жана ошол эле учурда күлкүлүү жана ыңгайсыз окуя. Мен башыман өткөргөн жана мен азыр айтып бере турган убактылуу жиндиликти эч ким башынан өткөргөн эмес деп үмүттөнөм. Бирок, бул сиздин башыңыздан өткөн болсо, сиз жалгыз эмессиз. Ошентип.

Күн жетиштүү түрдө эле күнөөсүз башталды. Мен ашканага кирип, халатымды фланелдик пижамаларымдын үстүнө ыргытып, Колорадодо январдын дагы бир таңын тосуп алуу үчүн, аны бекем байлап кирдим. Джон бир сааттан ашык убакыт мурун туруп, кабинетинде унчукпай окуп жаткан. Мен ашканада кофе машинамды тегеректеп жүрүп, эки баламдын көлөкөлөрү эшикти көздөй бара жатышканын көзүмдүн кыры менен көрдүм. Остин жумушка, Алекс мектепке бара жаткан. Алдыңкы эшик жабылгандан кийин, мен экинчи чөйчөк эспрессонун камкаймак,

таза какао кырындылары, корица, тазаланбаган кант жана бир чымчым калемпирдин даамын татып көрүү үчүн диванга отурдум. (Мойнума алам, мен чындап эле бардык досторумду ушул ичимдиктин кружкасы менен сыйлагым келет!)

Кышкы күн жаңы эле биздин короонун үстүнөн чыгып жаткан. Күндүн кызгылт нурлары кочкул көк көлөкөлөрдү кууп баратканын көрүү үчүн, диванга жайлуу отурдум. Бүгүн учакка жетүү үчүн, шашуунун кереги жок болчу. Эртең мененки жолугушуунун алдында душка шашуунун да кереги жок болчу. Мен күнүмдү өзүмдүн сүйүктүү жолум менен – акырын баштасам болот. Мен терең дем алып, чөйчөктүн толкундуу айнегине колумду ороп, ичимден мени толтуруп баштаган жылуулуктан ырахат алып, мээме кан агып келе баштаганын сездим. Айланада толук жымжырттык өкүм сүрүп турду.

Ошондуктан да, мен Ыйык Китепти, сыйынуулар китебин жана ошол кездеги ар бир күнүмдө окуп, же жок дегенде, Кудайдын мага кылган жакшылыктары жөнүндө ой жүгүртүшүм керек болчу.

Телефонду көтөрөр алдында эмне маанилүүрөөк экенин ойлонушум керек болчу. Мага ишенгиле... эми мен билем. Бул менин бир кемчилигим, бирок, ошол эле учурда артыкчылыгым. Мен үчүн социалдык тармактар достор менен баарлашуу мүмкүнчүлүгү. Алардын жарыялагандарын барактап чыгуу – мен үчүн жакындарым менен кофе ичкендей эле. Убактысы жана ыңгайлуу орду бар кезде баарлашууну каалагандын эч кандай жаман деле жери жок. Ал учур бул үчүн таптакыр ылайыксыз болгон. Мен адамдар менен жолугушуудан мурун бир чыны кофе менен жолугуп, анан Ыйык Рухка жолуккан адамдардын биримин.

## Тизме

Твиттер баракчамды сыдырып жүрүп, көптөгөн досторумдун жалпылыгын байкай баштадым. Мен тааныган, сүйгөн, атүгүл көңүл бурган адамдар, аларды тизмеге киргизгени үчүн кандайдыр бир аялга ыраазычылык билдиришти. Жөн эле тизме

эмес, бирок ТИЗМЕ. Бул мен чындап киргим келген рейтинг болчу.

Бул учурда сизди иштин жагдайына алып баруу абдан маанилүү.

Бул рейтинг жыл сайын жаңыланып, жарыяланат. Акыркы бир нече ондогон жылдар бою ар кандай уюмдар жана жеке адамдар аны чогултуу менен алектенип келишкен.

Бул жолу аны бир уюм эмес, бир адам түзгөн. Анын автору аял экен... Мен ал тууралуу уктум, бирок жеке таанычу эмесмин. Биз бири–бирибизди таанызбагандыктан, анын тизмесине кирүүгө болгон каалоом азайган жок.

Мен бардык ысымдарды карап чыктым. Алар алфавиттик тартипте тизмеленгендиктен жана фамилиям Б менен башталгандыктан, мен дагы бир жолу рейтингден четте калганымды тез эле түшүндүм.

Менин фамилиям анда эч качан болгон эмес. Бирок, бул жолу анда менин досторумдун баары бар болчу. Анда менин окуучуларым бар болчу. Анда менин китебимдин испан тилине котормочусу бар болчу.

Силер ойлонуп жаткандырсыңар... бул эмне болгон тизме жана эмне үчүн бул мен үчүн абдан маанилүү?

Бул – Америкадагы эң мыкты 100 кызматчы аялдын рейтинги.

Жүрөгүм тез–тез сого баштады. Башымда кызыктай суроолор жана салыштыруулар пайда болду. Эмне үчүн мен бул тизмеде жокмун? Балким, мен интернетке көп чыгарбагандыктанбы?

Мээм катуу ойлоно баштады...

Менин бир миллиондон ашык китебим сатылды, бүткүл дүйнөнү кыдырып, жыйырма жылдан ашуун аялдарга кызмат кылдым – бул тизмеден орун алууга жетиштүү эмеспи?

Мен жакшы досмун. Үй–бүлө курганыма отуз жылдан ашты, төрт уулду тарбиялап чоңойтуп, баары бири–бири менен убакыт өткөрүүдөн ырахат ала турган үй–бүлөнү түздүм?

Мен төмөндөгү кыска абзацты окудум. Тизмени түзгөн аял, балким, анда бардык фамилиялар жазылбагандыр, балким,

анда орунга татыктуу аялдар бар экенин, бирок кандайдыр бир себептер менен алар тизмеге кирбей калганын моюнга алды. Бул абалды оңдоо үчүн, ал башка ысымдарга орун калтырган.

Мен аягына чейин карап чыктым.

Өз атымды кошуп коюу туура болобу?

Мен олуттуумунбу? Албетте, бул туура!

Балким, муну жасоону жардамчымдан суранаттырмын. Өспүрүм окуучу кыздын деңгээлине түшүп баратканымды түшүнүп, жолдошумду издеп жөнөдүм.

Мен анын кеңсесине пижамачан кирип барып, кыйкырдым: «Джон, мен кайра эле... тизмеде жокмун!»

Менин сүйгөнүм отуруп алып Ыйык Китепти окуп жаткан эле, ал мени окуй турган көз айнектин үстүнөн кандайдыр бир түшүнбөй карады. Ал бул рейтинг тууралуу билген эмес. Мен ага бардык чечендигимди, жаңсоолорумду пайдаланып иштин маңызын түшүндүрө баштадым. Ал кыймылдаган жок. Тизмеде ким бар экенин, менин атым жок экени өкүнүчтүү экенин айттым. Ал креслодо отура берди, бирок Ыйык Китептин аяттарынын астын сызуу үчүн фальсификациясын коюп, кашын көтөрдү. Качан мен өз сөзүмдү бүтүргөнүмдө, ал мени жайбаракаттык менен Ыйык Жазуудан бир нече аяттарды кайталоого чакырды.

Бул мен күткөн жооп эмес! Мен анын: «Лиза, мага бул абдан аянычтуу. Мен макулмун, коркунучтуу ката кетиптир. Телефонумду алып кел. Баарын оңдоп, атыңды тизмеге кошуп берем" дешин каалагам. Бирок, ал муну айткан жок.

Мен ага жооп бердим: «Мен бул аяттарды окубайм – аларды жатка билем!» Мага сенден азыр анын кереги жок! Түшүнбөй жатасыңбы? Мен элүүдөн аштым, мен минтип жүрүп бул рейтингге эч качан кирбейм!"

Джон: «Аны ким түзүптүр?» – деп сурады. Мен ага атын айттым... Бул ага эч нерсе билдирбейт эле.

– Бул аялды тааныйсыңбы сен?

Мен башымды чайкадым. Ал акырын көзүн Ыйык Китебине буруп, мага сунуштаган аяттарды кайра кайталап, таасири күчтүү болушу үчүн аларга дагы бир аят кошту.

Мен күйөөмдөн эч кандай боор ооруну сезбедим. Мен анын кабинетинен чуркап чыгып: «Мен туура эмес экенимди түшүнүү үчүн, бул аяттарды окуунун кереги жок! Мен туура эмес экенимди билем! Бирок, муну менен мага жеңил болуп калбайт!»

Мен аял менен сүйлөшүшүм керек болчу. Күйөөм менин капа болгонумдун себебин кайра укпасын деп, верандага пижама менен гана чыктым, нөлдөн төмөнкү температуранын сууктугун сездим. Жок эле дегенде, чалуу баскычын басаардан мурун, боор ооруп эле тим болбостон, чындыкты айта турган адамга чалсамбы деп ойлогом. Мен аңгемемди "Мен туура эмес экенимди билем..." деген сөздөр менен баштадым, анан тизме менен бүт окуяны айтып бердим.

«Мен анын ичинде бармынбы?» деп сурады ал. «Албетте! Анын ичинде менден башканын баары бар!" «Чын эле кимдир бирөөнүн бул жөнүндө иши барбы?» – деп досум мени сооротууга аракет кылды.

«Албетте, менин ишим бар, албетте, сенин ишиң болбошу мүмкүн анткени, сен тизмеде барсың да»,– деп жооп бердим. Анан чынчылдык менен кошумчаладым: – Мен мындай болушун каалабайм, бирок мен эч нерсе кыла албайм. Мен туура эмес экенимди билем, жөн гана бирөө менен бөлүшүшүм керек. Джон мага Ыйык Китептин бир нече аяттарын окууну сунуштады...».

Тынчтык

Силерде өзүңөрдү сырттан карап, ал эмне деген келесоо аял экенине таң калгандай болгон учуруңар болду беле?

Менде ушундай учур болгон. Ар бир айткан сөзүм мага мурункуга караганда абсурддуураак көрүндү. Мен баштаганыма өкүнгөн телефондогу сүйлөшүүнү тез арада бүтүрүшүм керек болчу. Мен досума: «Мен сага жөн гана айтып жатам. Мен башкача ойлонгум келет. Мен башкача ойлонушум керек!" – деп айттым.

Ал мени менен толук макул болду (мени туура эмес деп) жана биз коштоштук.

Мен эмне туура экенин билдим. Жолдошум эмне туура экенин билчү. Досум эмне туура экенин билчү. Анан да, баары бир өзүмдү жаман сездим.

Эми бул рейтингге адамдарды тандоо принцибине ачууланып, аны жасаган аялга кыжырым келди. Ким ушундай кылат? Тизмени дагы бир жолу карасам, ага кирбеген аялдардын саны дагы көп экенин байкадым... Мүмкүн, мен өзүм да ушундай тизме түзсөмчү. Мен алардын баарын жаза алмакмын! Кантсе да, Твиттерде, Фейсбукта бул айымга караганда менин жазылуучуларым көп. Менин рейтингим эмнеси менен жаман болот? Мен балким... он секунддай ойлондум. Жок, мен муну кыла албайм!

Канчалык аракет кылбайын, канчалык кылдаттык менен бардык татыктуу талапкерлерди эстеп калууга аракет кылбайын, баары бир бирөөнү унутуп калмакмын. Мен чын эле өзүм чечүүгө аракет кылган конфликтти алардын жашоосунда түзгүм келеби? (Эгер мен кокусунан бул тизмеге кимдир–бирөөнү кошууну унутуп калышым мүмкүн деп ойлобогон болсом, анда менин бүт оюм акыркы жарым сааттан бери кыйналып жүргөн үмүтсүздүк сыяктуу абсурддуу болмок.)

Телефонду коюп, көзүмдү жумуп, терең дем алып, бардык абалды өзүмдөн коё бердим. Мен тынчтанып баштаганда, Ыйык Рухтун үнүн уктум: «Лиза, эгер сенин аты–жөнүң болсо, бул тизмеге ушинтип капа болот белең? Анда сенин аты–жөнүң болсо, тизмени так эмес, жарым–жартылай деп атайт белең?»

Чындыктын учуру. Жок. Мен ачууланбайт элем, социалдык тармактар аркылуу таанышбаган бул аялга ыраазычылык билдирип, балким башк а лардын көңүлүн буруш үчүн бул жаңылыкты твиттерге жазмакмын.

Мен таң калдым.

Ооба. Мен жубаймын, апамын, чоң энемин, бирок мен өзүмдүн чыныгы инса н дыгымды унутуп калганда, кайра салыштыруунун

курмандыгы болуп калам. Рейтинг мен үчүн көйгөйдү аныктоого жардам берген белек болуп чыкты.

Качан биз башка адамдардан ырастоону издегенибизде, өзүбүздү дайыма сыртта туруп, ичти шыкаалап карагандай сезебиз. Чынын айтсам, жер бетинде сиздин баалуулугуңузга сизди ынандыра турган эч ким жок. (Кечиресиз, бирок күйөөңүз идеалдуу болсо да, ал баары бир муну жасай алмак эмес.) Эч бир жетишкендик, эч бир тизме, эч бир сыйлык сиздин жүрөгүңүзгө Кудай гана жаза турган сөздөрдү ишенимдүү жаза албайт:

*Сүйүктүүм, сулуум, баа жеткисим, жеткилеңдиктеги белгилүүм... Менин.*

## Кубаныч уурусу

Сыртынан кандай көрүнбөсүн, аялдын жүрөгүн эмне түйшөлтөрүн бир гана Кудай билет. Салыштыруу келип жана алардын тынчтыгын уурдап кеткенге чейин пижамачан кыз–келиндерди кантип тынчтандырууну бир гана Кудай билет. Мен сизди ишендире алам, сиз атаандаштыкты азыктандырган бардык нерсе, сизди күчүңүздөн ажыратат. Теодор Рузвельт муну абдан жакшы айткан: «Салыштыруу – бул кубанычтын уурусу».

Ошол күнү эртең менен мен уурулукту таптак эле байкадым. Мен мындай жүрүм–турумдан жогорумун деп ойлочумун. Мен бир нече жылдан бери мындай ооруну баштан өткөргөн эмесмин! Бирок, ошол күнү эртең менен жаңга көңүл бурбагандык менен менопауза айкалышып, күйүүчү аралашманы жаратты. Бул, жүрөгүмдүн багын отоо чөп баскандай, көңүл буруга муктаж болуп, ичимдеги кээ бир булактар бүтөлүп калгандыктан болсо керек. Мен жүзүмзарымды отоо ч ө птөн жакшылап арылтуу керек болгондо, ага эркиндик бер и п койгондой болдум.

Салыштыруу силерди алаксытып, өзүнүн артынан тартат. Эгер ага жол берсеңер, ал силерди дайыма чындыктан алыстатат. Салыштыруу силерди ичиңерден көптүрүүгө аракет кылат,

**Силер атаандаштыкты азыктандырган бардык нерсе, силерди күчүңөрдөн ажыратат.**

текебердиктин чыккынчы илгичи менен тартып же ишенимсиздиктин азабына сүйрөтөт. Эки учурда тең тартип бузулганын тез эле сезип, анан сыртта туруп алып, ичкерини карап турасыңар.

Адамдарды чөйрөсүнөн атайылап чыгарып салганы мага жакпайт. Бирок, ички дүйнөнү көрүү үчүн сыртты сезүү керек болгон учурлар болот. Ал жаш, акылдуу, сулуу. Мен ага кошуламбы же жокпу, мен ага бул тизме менин ичимди ачып бергени үчүн абдан ыраазымын.

Мен тез эле сабырдуу досума кат жөнөттүм, ал менин акыл–эсиме шек келтире баштады окшойт. Анан өзүмдүн ыйык күйөөмдү кучакташ үчүн, кайрадан кабинетке кайтып келдим. Ошондон кийин уктоочу бөлмөгө барып, эшикти жаап, чөгөлөп отурдум. Менин сыйынуумдун бир бөлүгү мындай эле:

*Асмандагы Ата!*

*Менин кемчиликтеримди көрсөткөнүң үчүн ырахмат. Кечир мени. Бул отоо чөптүн тамырын ач. Ыйсанын аты менен, оомийин.*

Күн өткөн сайын мен анын маанисиздигине күлүп, өз жиндилигиме кылчайып карадым. Ошол күнү мен жардамчым менен жолугуштум. Почтаны карап жатып, биз адаттан тыш бир көрүнүштү таптык. Сыягы, мен дагы бир нече аялдар менен бирге аялдарды шыктандырууга арналган акыркы иш–чаралардын биринде сыйлуу конок болуу үчүн тандалдым окшойт.

Биздин болбой калганыбызды сыйлоо катары, бизге окшош он эки желим куурчак жасашыптыр. Менин куурчагым, анын кеңсесинен орун табат деген үмүт менен Джонго жиберилген. Мен колумдагы куурчакты айланта кармап көрүп, анын сахнада мен эч качан кийбеген ак жынсы шым кийип жүргөнүн көрүп

катуу күлүп жибердим. Мен аны четке алып койдум. Анан мага тааныш шыбырды уктум: «Сени куурчак кылып коюшуптур. Сен бактылуусуңбу?»

Ак жынсы шым кийип, микрофон кармаган бул пластик сүрөткө башымды чайкадым. Куурчак тизме сыяктуу эле жасалма болгон. Мен дагы күлдүм. Мен аны ыргытып жиберейин десем, күйөөм куурчакты мага эмес, анын өзүнө жибергенин эстетип, аны менден тартып алды. Жакынкы келечекте башка абсурд күндөрдү болтурбоо үчүн, ал аны таштап койгонунан шектенем.

## Силер кылбашыңар керек болгон үч нерсе

Джон мага жатка билген Жазуудагы кайсы аятты кайра окууну сунуштады? Биринчиден, 2 Корунттуктар (10:12):

> «Өзүн өзү мактагандарга *өзүбүздү бир катарга коюуга батынбайбыз же өзүлөрүн көргөзмөлөгөн адамдар менен өзүбүздү салыштыра албайбыз:* алардын өздөрүнө өздөрү баа берип, өздөрүн өздөрүнө салыштырышканы – акылсыздык».

Менден үйрөнгүлө! Өзүңдү классификациялоого, салыштырууга жана ачууга батынба. *Эмнеге?* Бул салыштыруу сиздин пайдаңызга болбосо да, текебердиктин аракети. Текебердик кулоого алып келерин баарыбыз билебиз.

Эгер силер бул тыюуну бузсаңар, анда силер опурталдуу да, кээде коркунучтуу да боло турган жерде болуп каласыңар.

*Биз классификациялаган кезибизде эмне болот*

Акылдуулар өзүн классификациялабайт жана аларды классификациялагандарын каалабайт. Классификация эч кандай класс бербейт. Классификациялоо – демек, өзүнүн ордуна коюу же кандайдыр бир категорияга кошуу дегенди билдирет. Бул сөздүн синонимдери – сорттоо, топторго бөлүштүрүү, салыштыруу, белгилөө, каталогго киргизүү жана балким, андан да жагымсыз

**Өзүңөрдү классификациялоого, салыштырууга жана көргөзмөлөөгө жол бербегиле.**

нерсе белги (клеймо) коюу. Мерриам–Уэбстердин түшүндүрүүчү сөздүгү *кандайдыр бир белгини (ярлык) тагууга* мындайча аныктама берет – «адатта, буюмдун бардык татаалдыгын жана ар тараптуулугун камтыбаган ылдыйкы категорияга төмөндөтүү».

Жашоо төмөнкү категорияларды билдирбейт. Эң эле жакшы дегенде, бул абдан баш аламан болушу мүмкүн. Чындыгында, адамдын жашоосу биз көргөндөн алда канча татаал. Кайсы акыл–эси бар адам өзүнө башка айбандардай белги (ярлык) тактырууну ойлосун? Социалдык медиа бүгүнкү күндө жигердүү колдонулуп жаткан көптөгөн мүмкүнчүлүктөрдүн бири болуп саналат, ал бизди чектөөгө жана бейкалыс пикирлерди күчөтүүгө жөндөмдүү.

Бүгүнкү күндө өзүңө дайыма суроо берип турсаң жакшы болмок: “Мен эмне кургум келет? Мен башкалар менен бирге сорттолууну, клеймемеленүүнү жана жиликтелүүнү каалаймбы?” Мен билем, мен кездешкен тизме стандартты белгилөө аракети болгон ... ал тизмеде кээ бир гана аялдар болгон! Тизме дайыма эле белгилене бербеген нерсени белгилөө үчүн түзүлдү... кызматтагы аялдар!

Бирок, биз тигил же бул категорияга кирүүнү күткөнүбүздө, колубуз менен бутубуз байланып калышы мүмкүн. Бир акылман карыя жолдошума көп жыл мурун эскерткен экен: «Эл сени клеймелөөсүнө (белгилеп көрсөтүүсүнө) жол бербе. Эгер алар ушундай кылышса, анда бир күнү ал сени кысып калмайынча, алар сенден ошол белгини көрө беришет.»

Мен көпчүлүк адамдар иргелбестигин айтып коюшум керек. Жаман мамилеге кабылган жана четтетилгендер сизди “азыраак, ылдыйраак” категориясына киргизүүгө абдан кубанычта болушат.

*Биз салыштырган кезде эмне болот*

Кайраттуу адамдар салыштыруу аларды эң бийикке чыгарса да, салыштырышпайт. Алар алдыда дагы көп кадамдар бар экенин түшүнүшөт. Алар түбөлүктүүлүккө карап, аны менен жердеги эч нерсе тең келе албасын түшүнүштү. Даңктуу нерселерди көрүү аларга түрткү берет. Салыштыруу – коркоктор үчүн, дагы бир нерсе бар экенине ишенүүгө батынбагандар үчүн.

Биз чыгып жаткан тоонун аты кандай? Популярдуулукпу? Түбөлүктүүлүктүн көз карашынан алганда, бул тоо таштандылардын тоосундай. Апостол Пабылдан цитата келтирүү үчүн, Ыйык Жазууга жакыныраак боло турган болсок, анда бул иттин тезегинин үймөгүндөй (Фил. 3:8ди кара), ага эч ким чыкпайт, аны көбүнчө айланып же аттап өтүп, басып кетишет. Көйгөй, биз өтө көп адамдар иттердин тезеги менен жүрүп, артыбызда сасыган издерди калтырганыбызда. Биз бул жытка көнүп калганбыз, бирок ал андан жагымдуу болуп калган жок.

Келгиле, Пабылдын Филипиликтерге эмне деп жазганын окуйлу:

> «Бирок Машайак үчүн өзүмдүн артыкчылыктарымды пайдасыз деп эсептедим. Теңирим Машайак Ыйсаны таанып билүү артыкчылыгы үчүн башка нерсенин баарын пайдасыз деп эсептейм. Ал үчүн баарынан баш тарттым, Машайакка ээ болуу үчүн, мыйзамдан келген өз адилдигим менен эмес, Машайакка болгон ишеним аркылуу, ишенимдин негизинде Кудайдан келген адилдик менен, Ал аркылуу адил деп табылышым үчүн, Аны жана Аны тирилткен күчтү таанып билиш үчүн, Анын тарткан азаптарына ортоктош болуш үчүн, Ага окшоп өлүп, өлгөндөр менен бирге тирилиш үчүн, баарын таштанды деп эсептейм» (Флп. 3:7–9).

Теңирибиз Ыйсаны таанып–билүү мүмкүнчүлүгү – биздин баа жеткис сыймыгыбыз. Мен телефонду көтөргөн кезимде, Аны жакындан таануунун ордуна, анча маанилүү эмес ишти тандап алдым.

Адамдарга өзүңдү тааныткангa караганда, Кудайды тааныган бир топ жакшы.

*Качан биз өзүбүздү көргөзгөнүбүздө эмне болот*

Өзүбүздү көргөзгөнүбүздө кандай болот? Кээ бир жетишкендиктериңди маал–маалы менен белгилеп коюунун эмнеси жаман? Ооба, майрамдап, өсүшкө кубана турган учур бар. Бирок, бизге берилген нерсеге жеке жетишкендик катары мамиле кылганыбыз такыр башка маселе. Жемиштер өсөт жана белектер жөн гана кабыл алынат, ошондуктан биз дагы эле Кудайдын бизге ишенип тапшырган белектеринин башкаруучулары болуп кала беребиз.

Кээ бир адамдар укмуштуудай сулуу. Башкалары чоң байлыкка ээ болгон үй–бүлөдө төрөлүп, жашоонун бардык жыргалчылыгына ээ болушат. Адамдар сулуу да, бай да болуп төрөлгөнү сейрек болот. Такыр карама–каршы жагдайда төрөлгөндөр бар. Алар өтө жакырчылыкта жашашат жана эч кандай байланышы жок үй–бүлөдө тарбияланышат. Сырткы сулуулуктан ажыраган адамдар бар. Көпчүлүгүбүз ортодогу бир жердебиз. Бирок, бул шарттардын бири да биздин акыркы тарыхыбызды жазууга же баалуулугубузга таасир эте албайт. Кудай сырткы сулуулукка карабайт... Ал жүрөккө карайт. Бир муундун байлыгы канат жайып, кийинки муунга эч нерсеси жок калат.

Менин оюмча, бул адилетсиздик, бирок мен бир нерсени так билем: Кудай адилет. Ал ар бир жандын кыйынчылыгын жана артыкчылыгын алаканга салганды билет. Бир гана Анда адилеттүү чен–өлчөм бар. Бул, өзүбүздү башкалар менен салыштырбашыбыздын дагы бир жакшы себеби. Анткени, бул убактылуу дүйнөдө бул жерде таразага тартыла турган бардык нерсенин түбөлүктүүлүктө чагылдырылган өтө реалдуу терс жагы бар.

Салыштырганыбызда туюкка кептелип, Кудайды даңктаган нерсени жаратпай, адамды даңктаган образды жаратып алуу коркунучу бар. Мындай оюндарды ойноо менен биз керексиз атаандаштарды жаратабыз. Келгиле, жипти тартып алып, 2 Корунттуктардагы аяттын экинчи жарымын ачып көрөлү (10:12):

> «Алар өздөрүн өзүлөрү менен өлчөп, акылга сыйбагандык менен өздөрүн өздөрү менен салыштырышат».

Мен бул кайырмакка түшүп калганымды билесиңер. Мен баарыбыз эле ага түшүп калдык деп ойлогум келет. Биз өлчөйбүз жана салыштырабыз. Өздөрүн башкаларга текебердик менен салыштырган адамдар бар, анан да, Кудай алардын жашоосунда кыла турган нерсени акылсыздык менен төмөндөтүп салыштырууга жол берген адамдар да бар.

Кенептин бир учун текебердик, экинчи учун өзүнө ишенбестик титиретет. Эки учу тең коркунучтуу. Бир гана чыныгы өлчөм бар, ченемсиз Машайак, падышалардын майланган Падышасы. Ал гана ыйык, таза жана кудуреттүү. Биз кумурска жегич бизден корконунан бизге жакындай албай жатат деп, акылсыздык менен уюугубузду тегеренип жүргөн кумурска сыяктуубуз, ал эми кумурска жегич биздин бактыбызга биз анын көлөкөсүндө жайгашып калган арсттандан титиреп жатат. Биз канчалык эмгекчил же мактоого татыктуу болсок да, бизди кайрадан Жаратканга тең келе албайбыз.

Бул жерде мен окуй турган дагы бир аят бар:

> «Жалгыз Кудайдын даңктоосун күтпөстөн, бири–бириңерден даңктоо кабыл алып жатсаңар, кантип ишене аласыңар?» (Жакан 5:44).

Биз теңдешсиз Кудайдын алдына чакырылып турганда, эмне үчүн атаандаштарыбыздан мактоо издеп, убакытты текке кетиришибиз керек?

Качан мен башкаларга менин жашоомду аныктоого уруксат бергенимде, Асмандагы Атам менен байланышым үзүлүп калат. Көп өтпөй менин дүйнөгө болгон көз карашым адамдардан өзүм жөнүндө көргөн жана уккан нерселериме жараша бурмалана баштайт жана мен ким болуп жатканым тууралуу Кудайдын аныктамасын унутуп калам. Менин акылсыз иш–аракеттерим

жана чектелген идеяларым өзүм да билбеген кесепеттерге алып келгенине таң калган учурларым болот.

Силерди менин күлкүлүү таңыма күлүп, келе жаткан салыштыруунун тамырларынын баарын токтотот деп үмүттөнөм. Эгер бул бир жолу болбой, күндөн–күнгө кайталана берсе, анда биз өзүбүздү такыр эле чарчатмакпыз. Салыштыруу менин жашоомдо дайыма эле боло бербейт, анткени менин айланамда күйөөм жана менин эң жакын досум сыяктуу адамдар бар.

## Тиштеп үзүп, жутуп алуу

Социалдык медиа бизге көптөгөн адамдарды жана көптөгөн үндөрдү биздин дүйнөгө чакырууга мүмкүнчүлүк берет. Бул жакшы болушу мүмкүн, бирок көптөгөн дос эмес адамдарды кошуна кылат. Эгер силер аларды сүйө албасаңар, анда силер үчүн чек койгон жакшы болот. Эгер кимдир бирөө силерге дос эмес болсо, өч албагыла, чекти көтөргүлө. Ырайымдын астында жашоо бизге бири–бирибизге орой мамиле кылууга укук бербейт. Эч жерде мындай деп жазылган эмес: «Жакыныңды өзүң менен салыштырып, андан озуп кетүү үчүн, колдон келгендин баарын кылууга аракет кыл».

Пабыл мындай деп жазган: «Анткени бүт мыйзам «Өзүңдү кандай сүйсөң, жакыныңды да ошондой сүй» деген бир сөз менен жыйынтыкталат. Бирок бири–бириңер менен тиштешип, бири–бириңерди жеп жатсаңар, абайлагыла, бири–бириңерди жеп–жутуп койбогула!» (Гал. 5:14, 15). Көрүнүш жагымдуу эмес. Сезимсиз жапайы жырткычтардайболуп бири–бирин жутуп–жеп алгыча, бири–биринен этин тиштегилеп, үзүп–жулгандык машайакчылардын арасында болбошу керек. Бирок, биздин блогдорубуз жана электрондук аппараттар аркылуу айтышууларыбыз дал ушундай көрүнөт. Балким, дененин сүрөтү телефондо жана веб–сайтта көрүнбөйт, бирок рухта анын кандуу көрүнүп турганы шексиз. Электрондук аппараттар пайда болгонго чейин адамдарга жетүү мынчалык оңой болгон эмес. Эми көз

ирмемдик убакытта эле тиштеп, жеп коё аласың. Тилекке каршы, мен муну жеке өзүм билем, анткени мен муну өзүм жасаганмын.

Мен ырылдап, тиштеп алган кезде мага дагы да иштеш керек болгон жактарым ачылат. Эгер кимдир бирөө менин теримдин астына кирип кетсе, жараатымды коргоого аракет кылып, жеңилгенимди көрсөтөм. Мен октолгон куралдан алыстагандай, телефонумду өчүрүп, андан алыстаганды үйрөндүм. Көбүнчө адамдардын маанайы начар болуп калат, аларга ачык айтууга мүмкүнчүлүк бергиле.

Башкаларды шыктандыруу менен, алардагы көрө албастыкты ойготуунун ортосунда чоң айырма бар. Башкаларды өз чөйрөңүзгө чакыруу менен аларды андан максаттуу түрдө түртүп чыгаруунун ортосунда чоң айырма бар сыяктуу. Эгер силер социалдык тармактарда кимдир–бирөөнү ээрчип жүрсөңөр, ал адам силердеги эң жаман жагыңарды ачып берсе, аны күнөөлөгөндүн ордуна, балким, артка чегинип, өзүңөргө: «Эмне үчүн?» деп суроо беришиңер керектир.

Душман сени жок кылгысы келген нерсени Кудай жакшылыкка колдоно турган нерсеге айлантууну үйрөнбөсөңөр, атаандаштык силерди тоноп кетет. Ыйык Китептин төмөнкү аяты атаандаштыктын молчулугунда боло турган чөйрөнү көрсөтөт.

> «Күнөөкөр табияттын иштери болсо белгилүү, алар: ойноштук кылуу, нике бузуу, ыпыластык, адепсиздик, бутка табынуу, сыйкырчылык кылуу, касташуу, чыр–чатак, көрө албастык, ачуулануу, уруш–талаш, келишпестик, жалган окутуу, жек көрүү, киши өлтүрүү, аракечтик, шапар тебүү жана башка ушул сыяктуулар. *Силерге мурда эскерткенимдей эле, дагы да эскертемин: мындай кылуучулар Кудайдын Падышачылыгын мурасташпайт*» (Гал. 5:19–21).

Бул сөздөрдөн улам ыйлагың келет. Акыркы убакта биз бул жерде Пабыл санаган нерселердин көбүн көрүп жатабыз. Мен дүйнөгө сөөмөйүмдү көрсөтүп жаткан жокмун, Галатиялыктарга

жазылган кат – бул Жыйындарга жазылган кат. Адамдын жекелигин жокко чыгаруу деген эмнени билдирет? Бул анын жекелигинен ажыратуу, анын адамдык сапаттарынан, кайталангыстыгынан ажыратуу дегенди билдирет. Нацисттер жөөттөрдү ушунчалык жеке инсандыктарынан ажыратып карагандыктан, немистер аларды Кудайдын бейнеси боюнча жаратылган адамдар катары көрүшпөй калышкан... Алар бул адамдарды таза кандуу арий рассасын түзүүгө тоскоолдук кылып жатат деп көрүшкөн. Тилекке каршы, бул тактика бүгүнкү күндө да топтордо да, жекече да колдонулат.

Адамдар бири–бирин сындап, бири–бирин башка ат менен атагандан тартынышпайт. Бирок, баарыбыздын жүрөгүбүз бар, аны түшүнөбүзбү же жокпу, электрондук сөздөр ага жараат алып келет. Эзоп белгилегендей: «Коопсуз аралыкта жүргөндө кайраттуу болуу оңой». Биздин көптөгөн социалдык медиа форматтары «коопсуз аралыкты» түзөт. Бул коркок жана сындаганды сүйгөн адамдарга башкаларды шылдыңдап, алар адамдык сапаттан ажыраткан адамдарды кемсинтүүгө негиз берет. Бул адамдар эч качан бирөөнүн бетине мындай сөздөрдү айтышпайт. Эмнеге? Анткени, адамдын көзүнөн жаш агып жатканын көргөндө, алдыңда робот турат деп айтуу кыйын. Мен машайакчылар бири–бирин кудайсыздар деп атагандан тартып, эң уятсыз каргыш сөздөрүн айтып жатканын көрүп турам... ошол эле учурда шайтан күлүп жатат. Биз анын ишин канчалык көп кылсак, ага ошончолук азыраак иштөөгө туура келет.

## Кантип ашкерелеп жана оңдосо болот

Кээ бирөөңөр: «Эмне, эгер адамдыкы туура эмес болсо, аны эл алдында оңдоп койсо болбойбу?» деп талашасыңар. Болот, бул жакшы дагы, бирок муну кантип жасоо боюнча Кудайдын сунушу бар.

> «Жашыруун сүйүүгө караганда, ачык айтылган ашкере жакшы. Сүйгөн адамдын жемеси чын жүрөктөн чыгат, жек көргөн адамдын өбүүсү жалган» (Накыл 27:5, 6).

Ыйык Жазууда *ачык ашкерелөө* деген эмнени билдирет? Бул жерде негизги сөз – ачык. Ачык жүрөк, ачык кол жана ачык жүз менен ашкерелөө эң жакшы. Баарыбыз эле бизди кандай ашкерелештерин кааласак, дал ошентип ашкерелешибиз керек. Идеалында, менин ичимдеги эң жакшы жактарымды ачыкка чыгарган адамдардын ашкерелештерин каалайт элем.

Ыйык Жазууда достордун ортосундагы оңдоп–түздөө жөнүндө айтылат, бирок ал жетекчи, мугалим жана иш берүүчү аркылуу да ылайыктуу болот. Анткени, ар кандай ашкерелөө сизди жакшы билген, сизди терең ойлогон адам тарабынан түз айтылса жакшы болот. Мындай сүйлөшүү бетме–бет болсо ого бетер жакшы болот. Көзмө–көз жолуга албасаңар, жок дегенде телефон аркылуу сүйлөшкүлө.

(Жазуу түрүндөгү билдирүүлөрдө ашкерелөөнү сунуштабай турганымды кашаанын ичинде кошуп коёюн. Котормодо өтө көп нерсе жоголуп кетиши мүмкүн. Жазуу түрүндөгү билдирүүлөрдө дене тили же үндүн тону жок. Джон экөөбүздүн ыңгайсыз окуяларыбыз көп болду. Жазуу түрүндөгү билдирүүлөрдөн улам бири–бирибизди түшүнбөйбүз. Биздин бирибиз, адатта мен, бардык тамгаларды баш тамга менен жазабыз, андыктан билдирүү КЫЙКЫРЫК деп туура эмес кабыл алынат!)

Жабык ашкерелөөнү баарыбыз эле башыбыздан өткөрдүк, мына ошондо эл сенин артыңдан жемелейт. Адамдар сеинин катышууңсуз сенин оңдолууга муктаж экениңди көрүшкөндө, алардын ашкересинин чын жүрөктөн экендигин текшерүү керек. Чындыкты айтып атышкан күндө да, процесске силер өзүңөр аралашпасаңар, ал силердин өсүшүңөргө жардам бербейт.

Чынында, мындай түзөтүү адатта, өсүү процессине тоскоол болот, анткени адамдар силер жөнүндө артыңардан сүйлөшкөндө,

алар силерди коргонуу абалына коюшат. Чын ыкластуу достун бетме–бет айткан “ачык сөгүшү” экөөнө тең бири–бирине жооп берүүгө мүмкүнчүлүк берет жана ашкереге ынануу процесси аркылуу өсөт.

Социалдык тармактарда адамды оңдоого аракет кылуу коомчулукка ачык мейкиндик болгону үчүн эле, аны ачык ашкерелөө дегенди билдирбейт. Мен жакшы көргөн жана сыйлаган эң сонун күчтүү досторум бар. Булар менин абдан жакын досторум, алардын жашоосун жакшы билген адамдар. Кээде ушул ишенимдүү досторума ачык эле кол салуулар болгонун көрүп турам, ал адамдар аларга келгенден уялып, алардын бетине нааразылыгын ачык айта алышпай, анын ордуна менин досторумдун көңүлүн ооруткан жалган сөздөрдү айтышат. Бул тема жөнүндө Ыйык Китепте ачык айтылган:

> «Бир же эки жолу эскерткенден кийин, *бөлүп–жаруучу адамдардан четтегин.* Анткени сен мындай адамдын бузулганын, күнөө кылып жатканын, ошентүү менен өзүн өзү айыптуу кылып жатканын билесиң.» (Титке 3:10, 11).

Мындай адамдардын блогдорун окубагыла, алар менен урушпагыла, Твиттерде аларды ээрчибегиле, Фейсбукта дос болбогула... алар менен жалпы эч нерсеге ээ болбогула. Бул силерге зыяндуу. Бөлүнүүнү эмес, шыктанууну издегиле.

Бул жерде Ыйык Китептин The Message котормосунда мындай дейт:

> «Чыр–чатакка себепчи болгон адамга бир–эки жолу эскерт, андан кийин андан четтеп кет. Мындай адам адашып, Кудайга каршы чыкканы анык. Бөлүнүүнү талап кылуу менен, ал өзүн ар кимден ажыратат».

Жашоодо канчалык арылаган сайын, ошончолук досторум азайып барууда, бирок алар ошончолук ишенимдүү. Досторум мага ким болгум келсе, ошону көрсөтүшөт, душмандарым мага

ким болгум келбесе, ошону көрсөтүшөт. Атаандаштык болгон чөйрө, биринчи кезекте биздеги эң жаман сапаттарды алып чыгат. Биз тазаланганда, Кудай кийлигишип, биздин мүнөзүбүздү жакшыртуу үчүн, күрөшүүнү колдоно алат.

Накыл сөздөр китебинин кийинки аяты андан да жакшыраак жолду сунуштайт:

> «Курсагы ток адам балды да тебелейт, ачка кишиге ачуунун баары таттуу» (Накыл 27:7).

Жашоомдо такыбаалыктын жемиштерин көргүм келет. Мен чоңойгум келген үчүн, ачкамын. Кудайга канчалык жакын болсом, жашоодо мага эмне тоскоол болуп жатканын ошончолук байкайм. Жашоодогу эң чоң кубанычтардын бири – мени чындык менен таарынткандан коркпогон досторум бар. Душмандар бизге жалган жалаа жаап же кошомат кылып зыян келтириши мүмкүн. Келгиле, адамдын колунан жаралган тизмелер, салыштыруулар менен канааттанып калбайлы. Качан өзүбүздө атаандаштыкты, дал келбестикти, өзүнө канааттанып калууну же текеберденген жалгыздыкка алып келүүнү байкаганыбызда, чөгөлөйлү. Эгер биз Атабызга келсек, Ал биздеги Ага жакындашыбызга тоскоол болгон нерселердин баарын кубаныч менен алып салат.

## Ой жүгүртүү үчүн суроолор

1. Силерге кандайдыр бир белги (ярлык) тагылган учурлар болду беле? (Мисалдар ар кандай болушу мүмкүн: жынысына, рассасына, курагына жараша.) Бул белгилер (ярлык) силерди кандайча чектейт? Бул классификациядан кантип чыга аласыңар?
2. Жашооңордун кайсы тармактарындагы салыштыруу кубанычыңарды жоготот?


3. Биз классификациялаганда, салыштырганда жана теңдеп көргөндө эмнени көрсөтүп жатабыз? (Кыйытма: Накыл сөздөр 29:25.)
4. Силердин социалдык чөйрөңөр силерди шыктандырабы же кемсинтеби? Ал силерге жакшы таасир этиши үчүн кандай кадамдарды жасай аласыңар?
5. Жабык жана ачык ашкерелөө мамилесинин жана мотивдеринин ортосундагы айырмачылыкты түшүндүргүлө.

# MessengerX

***Күнүмдүк шакирттик үчүн сиздин колдонмоңуз***

## Таптакыр бекер!

Мобилдик түзмөгүңүзгө жөн гана жүктөп алып, колдонууну баштаңыз! Же сайттагы веб-версиясын колдонуңуз:




**MessengerX.com**


## 125+ тилдер жана бул да чек эмес

- 125 тен ашык тилдеги материалдарды карап чыгыңыз жана жүктөп алыңыз.
- Материалдарды досторуңуз менен бөлүшүңүз же изилдөө тобун баштаңыз.
- Жаңы материалдар дайыма кошулуп турат.

## Көрүңүз. Окуңуз. Угуңуз.

Кеңири каражаттардын китепканасын изилдеңиз: курстарды, электрондук китептерди, аудиокитептерди, кыска метраждуу фильмдерди жана башка көптөгөн нерселерди көрүп, окуп жана уга аласыз.







## Өтө маанилүү багыттардагы өсүш

Үй-бүлө, жакшы мамилелер, жашоодогу максат, порнографиядан эркин болуу, ишенимди бекемдөө, Кудайдын үнүн угуу, бизнес лидери жана башка ушул сыяктуу темаларды изилдеп көрүңүз!

## Сиздин өсүшүңүзгө карай жол


**MessengerX** тин максаты жашоодогу кийинки кадамды жасоого жардам берүүгө багытталган. Биз ошол жолдо калууңузга жардам берүүчү шакирттик жолду жана күчтүү куралдарды иштеп чыктык.




## Сизге жага турган дагы да көбүрөөк мыкты функциялар бар!

- Бул материалдарды бөлүшүүгө жана ал тургай, изилдөө топторун баштоого жардам бере турган жөнөкөй жана жеңил куралдар.
- Сиздин сүйүктүү смарт сыналгыңыздан көрүү үчүн Chromecast жана AirPlay.
- Бардык түзмөктөрүңүздөгү жетишкендиктериңизди сактаңыз. Өзүңүзгө жаккан материалдарга тез жетүү үчүн, аларды китепканаңызга сактап коюңуз.
- Офлайн режиминде көрүү үчүн түзмөктөрүңүзгө материалдарды жүктөп алыңыз.
- Сиз издеп жаткан нерсенин так өзүн табуу үчүн акылдуу издөө жана чыпка.
- Аудио китептердин, аудио Библиялардын ырааттуу бөлүмдөрүн жана атүгүл мактоо ырларын өз тилиңизде автоматтык түрдө ойнотуңуз!

# MessengerX -1-2-3 сыяктуу оңой!




**1** **MessengerX** тиркемесин App Store жана Google Playден жүктөп алыңыз

**2** Аккаунт ачып туруп, тиркемени өз тилиңизде колдонуңуз

**3** Өзүңүзгө жаккан каражаттарды карап, окуп, көрүп, угуп, жүктөп алыңыз да жана башкалар менен бөлүшүңүз

## Шакирт болгула, шакирт даярдагыла

**MessengerX** тин бир бөлүгү катары, сиз которулган каражаттарды дүйнө жүзүндөгү адамдарга жеткирүүгө жардам бересиз.

***Анткени ар бир адам билүүгө татыктуу!***

MessengerX.com

Бул жерден жүктөп алууга болот App Store

Бул жерден алууга болот Google Play

</> Бардык браузерлерде жеткиликтүү.

5

# Качан силерге атаандаш катары карап жатышканда

«Кээ бир тирешүүлөр адамга дайыма жардам берет. Тегирмен шамал менен эмес, шамалга каршы айланат».

ЛЬЮИС МАМФОРД

Жакында бир жакын досум менен телефон аркылуу сүйлөшүп калдым. Күйөөсү таланттуу музыкант жана музыкалык продюсер, ал эми ал болсо, күчтүү кызматчы жана ар тараптуу адам. Мен аларды ар дайым таза, кичи пейил, боорукер адамдар катары билем, бирок алар акыркы убакта көп нерсени баштан өткөрүшкөн. Аларды жамандап, четке кагып, адилетсиз айыпташты.

Досум: «Бизди ушакташкан...» деп түшүндүрүп, анан негизги адамдардын атын санай баштады. Мен уктум. Мен түшүндүм. Анан мен анын маегинин жибинен ажырап калдым, анткени алардын кайда жүргөнүн, атүгүл эмнени башынан өткөргөнүн дагы көрбөй калдым. Мен алардын келечеги кайда баратканын көрдүм. Көргөнүмө аябай толкундандым да, капысынан: «Макул! Алар

үчүн Кудайга шүгүр кылуу керек. Алардын силерге болгон чынчыл мамилеси, силерди бүгүн кандай болсоңор ошондой кылып койду» дедим.

Түшүнсөңөр, мен аларга ушунчалык жаман мамиле жасалганына эмес, алардын бул мамилеге жасаган мамилесине кубанып жатам.

Албетте, мен үчүн айтуу оңой, анткени мен аларды сырттан карайм. Анан мен өзүмдүн атымдан: «Мен жашоомдо атаандаштарымдын каршылыгына укмуштуудай ыраазы болгонду үйрөндүм», – деп толуктадым.

Ошол оор күндөрдө мага дал ушул сүйлөшүү керек болчу. Ал аркылуу мен өзүм шыктануу алдым. Силердин эч кимиңер эч качан катуу соттолбойсуңар же ишенимсиз деп аталбайсыңар деп үмүттөнөм. Эгер бул силерде мурун болгон болсо, анын канчалык азаптуу экенин билесиңер.

Бирок, мен көңүлсүздүк менен үмүтсүздүктө качып кетүүнүн, жашынгандын ордуна, артка кылчайып, Кудайдын чексиз ишенимдүүлүгүн көргөндү үйрөндүм. Дагы бир күн жашай албай калдым го деп ойлогон сайын, мени Өзүндө көтөрүп жүрдү. Мен Кудайдын ишенимдүү экени тууралуу досторума караганда душмандарымдан көбүрөөк билдим. Мен дагы айтам: мен өзүм жөнүндө досторума караганда, душмандарымдан көбүрөөк билдим.

Достор сага башпаанек берет. Бул жакшы, бирок ал силерде сөзсүз түрдө өсүш жаратпайт. Достор сени жашоонун бороон–чапкындарынан сактоону каалайт, душмандар сени нөшөрлөгөн жамгырга түртүп чыгаруу үчүн, колунан келгендин баарын кылышат. Бирок, эгер силер жашооңордо Кудай силердин эң чоң баш паанегиңер экенин билишиңерди каалаган этаптан өтүп жатсаңарчы? Бул учурда эң мыкты насаатчы ким: атаандашпы же доспу?

Атаандаштар – бул жашоонун чындыгы. Мен билем. Кечиресиңер, мага да жакпайт, бирок ушундай. Ошентсе да, атаандаштардын максаты бар. Атаандаштары жок жашоо

түзүү, алардын баарын жашооңдон алып салуу дегенди билдирбейт. Тескерисинче, биз Кудайдын ой–ниетине ылайык чакырылганыбызда, баары чындап биздин жыргалчылыгыбыз үчүн иштейт дегенди билдирет. Биз өзүбүздүн ичибизде көбүрөөк өсүш жана акылмандыкты ойготуу үчүн, атаандаштарыбыздын күчүн колдоно алабыз.

Туура карай турган болсок, атаандаштар катализатор катары кызмат кылып, алсыз жактарыбызды ачып, күчтүү жактарыбызды өнүктүрүүгө чакырат. Алар бизди чегинен чыгарып, өзүбүздү жалгыз сезгенибизде башыбызды көтөрүүгө мажбурлайт.

Силер: «Токтосоңор, мен атаандашы жок кыз, теңдешсиз убаданын мураскери, Кудайга ибадат кылууда теңдешсиз болуп жаралганымды айттыңар го» деп ойлоп жаткандырсыңар.

Баардыгы туура. Кудай алдында теңдеши жок кызсыңар. Силер өзүңөрдү Жаратканыңар менен болгон мамилеңердин көз карашы аркылуу карашыңар керек жана бул башка адамдар менен болгон *мамилеңер* үчүн негиз болушу керек. Бирок, бизде атаандаштар жок, убадалардын баары бизге күрөшсүз эле келет деп айтуу өтө баёолук болор эле. Ыйсанын: «Сен дүйнөнүн жарыгысың» (Матай 5:14) деген сөзү караңгылык жок дегенди билдирбейт. Сен жарыксың деген, караңгылыкты көрбөйсүң дегенди билдирбеген сыяктуу эле, атаандашы жок кызым деп айтуу, алар менен эч качан жолукпайсың дегенди билдирбейт.

*Атаандаш* деген сөздүн уңгусунан сөз мүчөлөрүн улоо аркылуу үч түрдүү сөздөр жасалат: зат атооч – атаандаш, сын атооч – атаандаштык жана этиш – атаандашат.

Зат атооч катары бул сөз теңтуш, атаандаштын деңгээли, сапаты жактан бирдей жеңил чөйрөсүнөн тартып же кандайдыр бир жарыштардагы атаандаштыктан тартып, душмандыктын, бактысыздыктын, каршылаштыктын караңгы чөйрөсүнө чейинки мааниге ээ.

Сын атооч *атаандаштык* дос менен атаандашуудан баштап, душманга каршы күрөшкө чейинки бардык нерсени сүрөттөй

алат. Акырында, этиш катары *атаандашуу* деген жөнөкөй сөздөн (окшошуу, окшош болуу же салыштыруу) үстөмдүк кылуу (ашып кетүү, каршы туруу, көтөрүү) деген мааниге ээ болгон сөздөр келип чыгат.

Атаандаштар бары – чындык. Мүмкүнчүлүктөр көп, азыр да кимдир бирөө сизге атаандаш катары карап жатат, бирок сиз муну билбейсиз. Көпчүлүк адамдар өзүлөрү муну билбестен туруп эле, мейли спорттук мелдештерде, мейли академиялык сынактарда, мейли сулуулар сынагында, мейли илимий изилдөөдө, мейли шайлоолордо болобу, башкалар менен атаандашууга киришет. Эч ким жумушка жана ошондой эле, жыйынга атаандаштарды күтүп барбайт. Бирок, алар биздин жашообуздун бардык тармагында пайда болот, биз башкалардын өзүбүзгө болгон көз карашына таасир эте албайбыз. Кечиресиңер. Силердин атыңардан коомчулук менен баарлашуу үчүн, коомчулук менен байланышы бар эң мыкты фирманы жалдасаңар дагы, силер алардын кабылдоолорун гана башкарасыңар. Муну канчалык тез кабыл алсаңар, ошончолук жакшы. Жакшы жаңылык, силер башкаларга кандай көз караште экениңерди толук көзөмөлдөй алгандыгыңарда. Кээде башка адамдарга болгон көз карашты өзгөртүү менен, алардын өзүңөргө болгон көз карашын түп–тамырынан бери өзгөрткөн өзгөчө учурлар болот. Бул тууралуу кийинки бөлүмдө кененирээк жазам.

**Муса, тагдыр ыңгайлуу–жайлуу мезгилде эмес, карама–каршылыктын мезгилинде ачылаарын түшүнгөн.**

Атаандаштарыңардын ниетине карабастан, силер атаандаштыкты ар дайым өз пайдаңарга бура аласыңар. Силер эмне кылышыңар керек, контролдоо боюнча ушул эки негизги пунктту эстеп калуу.

1. Башкалардын айткандарын, ойлогондорун, кылгандарын же сезимдерин көзөмөлдөбөйсүңөр жана алар үчүн жооп

бербейсиңер.

2. Өзүңөрдүн айткандарыңар, ойлогондоруңар, кылгандарыңар жана сезгендерңерди көзөмөлдөйсүңөр жана алар үчүн *силер* жооп бересиңер. Атаандаштарыбыз биз менен эмне кыла аларын баарыбыз билебиз, бирок бул бөлүмдө мен атаандаштарыбыз *биз үчүн* эмне кыла аларын ачып бергим келет.

## Атаандаштар Кудайдын күчүн ачышат

Төрөлгөндө эле жашырылып, падышанын колунан куткарылып, фараондун үйүндө чоңойгон Муса башынан эле оор тагдырга туш болгон. Кудай аны тирүү калтырыш үчүн, ушул жагдайлардын баарын колдонгон. Бирок, Муса да бизге окшоп, тагдыр ыңгайлуу–жайлуу мезгилде эмес, карама–каршылыктын мезгилинде ачылаарын түшүнгөн.

Муса муну өз колуна алууга аракет кылганда бул оор жол экенин билген, бирок ошентип, элинен жана мурда билгендердин баарынан алыстаган. Анын ээн талаадагы жашоосу мага көчмөндөрдүн узак тыныгуусу сыяктуу сезилет. Ал алыскы чөлдө качкын болуп жашап жүргөн маалда, күтүлбөгөн жерден Кудай Мусага келген. Бул жерде биз сабакты көрөбүз. Эгерде силер качандыр бир убакта бир нерсени бузуп алсаңар, бул сидердин келечекке болгон жолуңар жабык дегенди билдирбейт. Муса өзүнүн эмне үчүн тирүү калганын, Кудайдын ал үчүн эмне деген чакырыгы бар экенин, эмне кылуу керектигин жана ким болуу керектигин билген, бирок ага куткаруучу мүнөз жетишкен эмес. Кудайга Мусадагы тереңдикти өрчүтүш керек болчу, эгер ал ак сарайда жашай берсе, ага жетмек эмес. Кудай бизди бир күнү эл алдында эмне кыла турганыбызга жашыруун даярдап жатат. Бир тууганы Арунга, Мариямга жана бүткүл Ысрайыл элине таптакыр башка Муса кайтып келген күн келди. Убакыттын өтүшү менен Кудай аны фараон менен жолугушуу үчүн, куткаруучу жана кабарчы катары майлады.

Кудай Мусаны күч менен атаандашы фараондун алдына алып чыгып, дүйнөдө көрүнүктүү орунга коюшу керек болчу. Кудай Мусаны фараонго жибергенде, атүгүл Ал фараондун анын үнүн да укпай турганын айтат:

> «Сен ага Мен буйругандын баарын айтасың. Бир тууганың Арун болсо фараонго “Ысрайыл уулдарын өз жериңен коё бер” деп айтат. Бирок Мен фараондун жүрөгүн катуулантып коём да, Мисир жеринде Өзүмдүн көптөгөн жышаандарымды, кереметтеримди көрсөтөм. Фараон силерди укпайт, ошондо Мен Мисирге күч колдонуп, аны катуу жазалап, Өзүмдүн кошуунумду – Өз элим Ысрайыл уулдарын Мисир жеринен алып чыгам. Мен Мисирди катуу жазалап, алардын арасынан Ысрайыл уулдарын алып чыкканда мисирликтер Менин Теңир экенимди билишет» (Чыгуу 7:2–5).

Кудай миссия сыяктуу болуп көрүнгөн так максаттын ишке ашпай калганын көргөн. Мына ошол эле себептен улам фараон өзүнүн көрүнүктүү абалын ээлеген, ал аркылуу Кудай жер жүзүндөгү бардык элдердин көз алдында даңкталууга тийиш болгон.

> «Эгерде Мен колумду сунсам, анда сен элиң менен кошо жугуштуу оорудан кырылмаксың, жер бетинен жок болмоксуң. Бирок сага Өзүмдүн күчүмдү көрсөтүш үчүн, Менин ысымым бүт жер жүзүндө белгилүү болуш үчүн, Мен сага тийген жокмун» (Чыг. 9:15, 16 ).

Атаандаштар Кудайдын күчүн көрсөтүштү. Мисир менен болгон кагылышуу, формасы же аты жок бурканга табынуучулардын арасында Кудайга сыйынган эзилген элди бөлүп көрсөтүүгө жана көтөрүүгө кызмат кылган. Сиздин жашооңузда сизди жана башкаларды эзүүдөн бошотуу үчүн, Өз колун көрсөтүп, Кудай азыр кандай чыр–чатакты колдонуп жатат? Тагдырыңыздагы салгылашууларга жакшылап көз салыңыз, алардан атаандаштын белегин көрүп жатасызбы?

Дөөт падышаны ким даңктаган? Пайгамбарбы, атабы же досубу? Жок, анын атаандашы – Голиат.

Дөөт пелиштилик атаандашы менен жеке беттешпесе, чөлдө белгисиз бойдон кала бермек. Анткени, ал сегиз бир туугандын эң кичүүсү болчу. Дөөттү Шемуел пайгамбар падыша кылып майласа да, падыша болгонго чейин ал дагы эле бир катар атаандаштарынан өтүшү керек болчу. Майлоо бөлүп коёт, Голиат менен күрөшүү өзгөчөлөнтүп коёт.

Пелиштилик өзүн согуш талаасына койгондо, ал Шабулду беттешүүгө чакырганга аракеттенген сыяктуу болгон. Шабул Голиаттай узун болбосо да, ысрайылдыктардын чемпиону, чебер жоокер болгон. Ыйык Китепте Шабул башка ысрайылдыктарга караганда бир башка жана ийинге узунураак болгону жазылган. Окумуштуулар Шабулдун бою 6–6,6 фут болгон деп эсептешет. Голиаттын бою тогуз футтан ашкан.

Жоокер Голиат Шабул падышанын алдында мунарадай турду. Шабул падыша болсо, койчу Дөөттүн алдында мунарадай эле. Бирок, Дөөттүн боюнун жетишсиздигин толуктаган бир нерсе бар болчу: кайраттуулук. Адамда кайрат болсо, ал тайманбас, кайраттуу, эр жүрөк, чечкиндүү болот. Акыркы изилдөөлөр көрсөткөндөй, бул сапат–кайраттуулук Уэст–Пойнттеги аскер окуу жайынын бүтүрүүчүлөрүнүн ийгилигин экзамендик упайларга же жетишкендик рейтингдерине караганда жакшыраак аныктаган. Окуу учурунда курсанттардын өзүн–өзү сыйлоо тестинен өтүүсү сунушталып, ал боюнча 1ден 5ке чейинки шкала боюнча жеке кайраттуулуктарынын деңгээли аныкталган.

Дөөттүн 5 + алганына ишенем. Кайраттуулук болбосо, арстан менен аюуга жылаңач колуң менен каршы чыга албайсың. Ал дөө менен болгон кармаштын жыйынтыгына шектенүү үчүн өтө кайраттуу болгон. Шабул узунураак болчу, бирок мен анын кайраттуулугу боюнча Дөөттөн бир топ төмөн экенине ишенем. Жеке кайрат болбосо, легендага айланбайт. Тең болгон күрөштө жеңиш, чоң тарыхый баалуулукту билдирбейт. Баарын нокаут

кылуу үчүн, олуттуу теңсиздик болушу керек. Байкоочулар согуш талаасынан: «Мен мындай жыйынтыкты күткөн эмесмин, бирок укмуш болду» деп чыгып кетиши керек. Дөөткө картага коюу үчүн, ушунчалык күчтүү атаандаш керек болчу. Атактуу, бирок чечкинсиз жоокер Шабулдун атагы жана пелиштилик чемпиондун үрөйү Дөөттү теңдешсиз жоокерге айландырган.

Дөөт жана Голиат: «Алсыздар күчтүүлөрдү кантип жеңет» деген китебинде жазуучу Малкольм Гладуэлл мындай деп жазат:

> «Дүйнөдөгү биз үчүн баалуу болгон нерселердин көбү биз чечилгис жагдайларга туш болгондо, ошол терең кагылышуулардан келип чыгат жана алар улуулукка жана сулуулукка айланат... Алсыз адамдардын ролу адамдарды биз көп учурда баалай албаган жолдор менен өзгөртүшү мүмкүн: ал эшиктерди ачып, мүмкүнчүлүктөрдү түзө алат, билим берет, үйрөтөт жана башка ойго келбеген нерселерди жасай алат».

Жеңилгис атаандашка туш болгондо, сизде эки жол бар: баш ийүү жана багынуу, же ордуңуздан туруп, бой керип туруп, ичиңиздеги улуу кайраттуулукту чакыруу.

Дөөт Шабул берген бардык курал–жарагын чечип, Кудайынын атын чакырды.

> «Дөөт болсо пелиштиликке мындай деп жооп берди: «Сен мага каршы найза, кылыч, калкан менен келе жатасың, *мен болсо сага каршы өзүң шылдыңдаган Ысрайыл аскеринин Кудайынын, Себайот Теңирдин атынан келе жатам.* Бүгүн Теңир сени менин колума салып берет, мен сени өлтүрүп, башыңды кесип, пелиштилик аскерлердин өлүктөрүн асман куштары менен жер жырткычтарына берем, *ошондо бүт жер жүзү Ысрайылда Кудай бар экенин билет»* (1 Шем. 17:45, 46).

Голиат Дөөттүн тагдырында гана чоң роль ойнобостон, анын жеңилиши, аны менен бирге бүт пелиштиликтердин жеңилиши Кудайдын колу Ысрайылдын үстүндө экендигин бүт

жер жүзүнө көрсөтүүгө алып келди. Дөөткө окшоп, сенин да Кудайды даңктагың келгениңди билем. Биздин дүйнөдө дагы эле голиаттар бар. Алар бизге чакырык ташташып, Кудайыбыздын бар экендигине каршы жаман сөздөрдү айтып жатышат. Бул дөөлөр мектепте, жумушта жана коомдук жайларда өздөрүн бейбаштар катары көргөзүшүп, беткап кийип жүрүшөт. Биз таштардын артына жашынууну токтотуп, оозубуздагы Кудайдын Сөзү менен алдыга чуркоонун убакыты келди.

Машаякты өлгөндөрдүн арасынан тирилткен ошол эле Рух силерде жашайт. Атаандаштар сенин өз күчүң менен алардын шарттары боюнча күрөшүүңдү каалайт. Багынба. Силер андан да өйдөрөөк болушуңар керек. Атаандаштары жок балдардай болуп, биз жамандык менен күрөшкөндө, жакшы иш кылабыз. Акыр–аягында, биз муну өзүбүздүн даңкыбыз үчүн эмес, Анын даңкы үчүн кылабыз.

Голиат Дөөттү даңктады. Социалдык тармактар адамды атактуу кыла алат. Бирок, аны падыша кылган атак–даңк эмес. Атак–даңк, эгер кыянаттык менен колдонулса, кызматчыларды көтөрбөй, өзүмчүл диктаторлорду көтөрүүгө кызмат кылат. Кудай Өзүнүн элин Шабулдай болуп, ишенимсиз жетектей турган жаңы, кооптуу жетекчини каалаган эмес. Кудайга Ага табынуучу жана Анын күчүн ачык көрсөтө турган бирөө керек болчу. Бизге Кудайдын алдында падышалар жана ыйык кызматчылар болуу тапшырылган. Биз эл арасындагы популярдуулукка эмес, Теңирге берилгендик менен ант беребиз. Дөөт Кудайдан коркчу, Шабул адамдардан коркчу.

Атактуулуктун терс жагы атактуу адамдын шакирттери жана жолдоочулары эмес, күйөрмандары жана табынуучулары көп экенин билдирет. Күйөрмандар туруксуз болушу мүмкүн. Бүгүн алар сени сүйүшөт, эртең жек көрүшөт. Дөөт падышага күйөрмандардын кереги жок болчу. Ага өз өмүрүн курмандыкка чалууга даяр турган

**Атаандаштарыңар силерди жеңеби же жеңишке жетелейби?**

эркектер менен аялдар керек болчу. Кудайдан корккон падышалар акылман кеңешчилерге, ишенимдүү аскерлерге жана ишенимдүү кызматчыларга муктаж. Мунун баарына ээ болуу үчүн, Дөөт сыноолордон өтүшү керек болчу. Дөөттүн падышалыкка көтөрүлүшүнө жардам берүү үчүн даярдалган Кудайда анын атаандашы болгон.

## Атаандаштар силердин тагдырыңарды ачып беришет

Атаандаштар силерди белгисиздиктен алып чыгуучу же атактуулуктан чыгаруучу күчкө ээ. Жакшы жаңылык, алар силердин жашооңордо эмнелерди өндүрүп чыгара тургандыгын силер тандай аласыңар. Атаандаштарыңар силерди жеңеби же жеңишке жетелейби? Мына ушундан улам атаандашыңар силердин тагдырыңарды да ачып бере алат.

Дөөт Кудайды уул жана койчу абалында туруп тааныган. Койлор менен курчалган ал Жакынкы Чыгыштагы жаркыраган жылдыздардын жарыгы астында Кудайга сыйынган. Кой кайтарган талаада арстан менен аюуну жеңип, койлорун сактап калган. Эми Дөөт качан сага жапайы жаныбарга окшоп кол салуу жана алып кетүү деген эмне экенин билет.

Эр жүрөк Дөөт үчүн Шабул падыша адамдардын катышуусунан Кудайдын катышуусуна алып баруучу идеалдуу өткөргүч болуп берген; дал ошондо Дөөт майланган жана анын падышалык тагдыры аныкталган.

Дөөт менен Шабулдун мамилеси аяктагандай башталган эмес. Алгач Шабул Дөөттү сүйгөн жана анын жашоосундагы Кудайдын колун тааныган. Шабул өзүн алсыз сезип, кыйналганда, аны жанына жакындатты. Ал падышачылык иштеринде Дөөткө ишенген. Келгиле, Ыйык Китепте бул кандайча жазылганын карап көрөлү.

> «Шабул кайда жибербесин, Дөөт бардык жерде акылмандык менен иш кылды, ошондуктан Шабул аны аскерлерге башчы кылды. Бул бүт элге жана Шабулдун кулдарына жакты» (1 Шем. 18:5).

Шабул мындан жакшыраак жетекчи сурай албайт болчу. Жаман рух аны азапка салганда, падышанын жанын тынчтандыруу үчүн Дөөт ага арфа чертип, ага ырдап берген. Балким, бул окуя эсиңерде болсо керек.

> «Дөөт пелиштиликти жеңип келгенден кийин, алар келе жатышканда, Ысрайылдын бардык шаарларынан аялдар ырдап, бийлеп, дап жана жез табак кагып, Шабулду салтанат менен тосуп чыгышты. Ырдап–бийлеп келе жаткан аялдар: *«Шабул миңди жеңди, Дөөт болсо он миңди жеңди!»* – дешти. Ошондо Шабулдун ачуусу келди, ага бул сөз жаккан жок. Ал: «Дөөткө он миңди, мага миңди беришти. Ага падышачылык гана жетишпейт», – деди. Ошол күндөн тартып, Шабул Дөөттү жек көрө баштады» (1 Шем. 18:6–9).

Алар так ушунча көп душманды өлтүрүшпөсө да, баары бир мындай салыштыруу Шабулду таарынтмак. Аялдардын ыры анын көзүн ачкандай болду, анан ал оозун ачып, өзүнүн кулашын пайгамбарчылык кылды. Аялдар аны бул ыр менен ага тийишип шылдыңдашкандай көрүндү, бирок ага бул такыр күлкүлүү эмес болчу. Бул ыр ага абдан жагымсыз таасир этти. Пайгамбар Шабулга анын тил албастыгы, анын падышалыгын жоготуп коёрун айткандан бери көп жылдар өттү. Шемуел падышачылык аны таштап, андан жакшыраак башка бирөөгө берилээрин айткан (1 Шемуел 15:28). Бул ыр менен Шабулдун өмүр жиптери чоюлуп, үзүлө баштады. Бир секунданын ичинде ал аны алмаштырууга Дөөттүн туура келгенин түшүнгөндө, тынчсыздана баштады. Шабул тынчтык менен кетүүнү каалаган эмес.

Качан ичинде ишенимдүүлүк жок болгондо, көз ачып жумганча, жагымсыз салыштыруу досту атаандашка айлантат. Шабул мындан ары Дөөттүн далилденген баалуулугун көрбөй калды, аны коркунуч катары көрдү жана бир күндө баары өзгөрдү.

> «Эртеси күнү мындай болду: Шабулга Теңир жол берген жаман рух келди, ошондо ал өз үйүндө жинденди. Дөөт болсо мурункудай эле кыл аспап чертип отурган. Шабулдун колунда найза бар эле» (1 Шем. 18:10).

Баарыбыз үчүн пайдалуу эскертүү... Кудай Өзүнүн ой–ниетин ишке ашыруу үчүн, каалаганын колдоно алат. Бул учурда, Ал көрө албас падышаны чекке жеткирүү үчүн, азап ортомчусун жиберет.

Бул күнү да Дөөт дайыма кылган ишин кылат – ал арфада ойнойт, бирок бул жолу Шабулдун колунда башка нерсе бар, анткени анын жүрөгүндө өзгөрүү болгон.

> «Эртеси күнү мындай болду: Шабулга Теңир жол берген жаман рух келди, ошондо ал өз үйүндө жинденди. Дөөт болсо мурункудай эле кыл аспап чертип отурган. Шабулдун колунда найза бар эле. Дөөттү дубалга кадап салам деп ойлоп, Шабул ага найзасын ыргытты. Бирок Дөөт андан эки жолу буйтап кетти» (10, 11–аяттар).

Карасаңар, кандай контраст. Шабул өз сарайында колуна курал алып, ачууланып үйгү–түйгү болууда, Дөөт болсо жайбаракат гана табынуу аспабында ойноп жатат. Мындан да күчтүү контрастты элестете аласыңарбы? Колуна найза кармап алып ким үйдү айланып жүрөт? Шабул үңкүр адамынын деңгээлине түштү.

Мен кылыч темасында китеп жазып жүргөндүктөн, үйүмдө ар кыл кылычтар бар, бирок чанда гана алардын бири колума тиет. Гормондорумдун өйдө–ылдый болушунан эң жаман болуп жаткан күнү да, мен алардын бирине да тийүүгө батына албайм. Бир нерсе силерге басым жасаганда, колуңарга келгендин баарын ыргытып жиберүүгө азгырыласыңар. (Мен өзүмдүн тажрыйбамдан улам айтып жатам.) Дөөткө кечээ эле аны менен согуш талаасында жанаша турган жана эми ага артын салган ошол эле кишиден качуу үчүн жашынууга туура келет. Дөөттөгү эң жакшы нерсе Шабулдагы эң жаман нерсени сыртка чыгарды.

> *«Шабул Дөөттөн корко баштады, себеби Теңир Дөөт менен эле, Шабулду болсо таштап койгон.* Шабул аны өзүнөн алыстатып, өзүнө миң башы кылып дайындады. Ошентип, Дөөт эл алдында аларды баштап жүрдү. Дөөт өзүнүн бардык иштерин акылмандуулук менен кылчу, Теңир аны менен эле. Шабул анын абдан акылдуулугун көрүп, андан коркчу болду» (1 Шем. 18:12–15).

Дөөттүн аскердик ийгиликтери Шабул падышанын жеңиши деп эсептелиши керек болчу. Бирок, Шабул Дөөттүн жетишкендиктерин анын жетекчилиги астындагы падышалыктын бекемделиши катары карагандын ордуна, ар бир салгылаш сайын анын өзүнүн бийлиги төмөндөп баратат деп эсептеген. Шабул Дөөттү уул катары көрбөй калды, анын коому эми аны тынчтандыра албай калган. Ал Дөөттүн анын көз алдында болбошун каалаган. Бирок, бул да ага аздык кылган. Көзгө көрүнбөй, жүрөктөн чыгып кет деген – бул принцип ага жарашпады. Шабул падыша Дөөттүн душмандары аны ошол жерде өлтүрүшөт деп үмүттөнүп, аны согуш катуу жүрүп жаткан жерге жайгаштырган. Бирок, бул кайра Дөөттүн пайдасына болуп чыкты. Шабул аны көмүүгө аракет кылганда, Дөөт тирилген.

> «Шабул Теңирдин Дөөт менен экенин жана Михалдын Дөөттү сүйөрүн көрдү, билди. *Ошондо ал Дөөттөн мурдагыдан да аябай коркуп, ага өмүр бою душман болуп калды*» (1 Шемуел 18:28, 29).

Кыска убакыттын ичинде Шабулдун Дөөткө болгон мамилеси шектенүү менен коркуудан жек көрүүчүлүккө айланды. Өзүнүн сүйүктүү уулу, согуштун баатыры жана өнөктөшү деп эсептеген Дөөт азыр ал жерде жок болчу. Эми Дөөт элден четтеп, кылмышкер болуп калды. Ал эч кандай жаман иш кылбаганына карабастан, Шабулдун ак сарайында ага ырайым кылынган мезгил бүттү. Окуялардын мындай өзгөрүшүнө тынчсызданган Дөөт

жанын сактап калуу үчүн, шашылыш түрдө сарайдан чыгып кетет.

Бул падыша сарайынан качуу Дөөттүн жашоосундагы таптакыр жаңы этаптын башталышы болгон. Сыйлыктын жана статустун ордуна, ал дайыма чөлдө четке кагылууга, кордоого жана өлүм коркунучуна туш болгон. Кээ бир окумуштуулар бул мезгил болжол менен сегиз жылга созулган деп эсептешет. Ушунча жылдар бою куугунтукта болуу жана какыраган тоолордо тентип жүрүү, Дөөткө Кудайдын жүрөгүнө ылайык падыша болууга жардам берген сабактарды берген.

Дөөттү ырайымсыз карышкыр аңдып, бир үңкүрдөн экинчи үңкүргө кууп жөнөгөн. Ал Шабул бардык ыйык кызмат кылуучуларды жана алардын үй–бүлөлөрүн, алар этиятсыздык менен качкынга жардам бергени үчүн гана өлтүргөнүн укканда, кайгырган. Дөөт көп жылдар бою кастык жана атаандаштык менен үңкүрдө болобу, ордодо болобу, эң биринчи өнүгө турган нерсе такыбаалык экенин билген. Анын жашоосунда экинчи Голиат да болгон.

Мага силерге түшүндүрүп берүүгө уруксат этките.

Дөөттүн атасы менен көйгөйлөрү болгон деп айтсак, таптакыр жаңылбайбыз деп ойлойм. Дөөт Шабул падышага чөлдө сүйлөгөн сайын кыйкырып, аны «ата» деп атачу. Бул жерде анын үмүтсүздүгүнө болгон терезе ачылган.

> *«Ата!* Менин колумдагыны кара, кийиминдин этегинен кесип алдым, бирок сени өлтүргөн жокмун. Менин оюмда жамандык кылуу да, кылмыш кылуу да жок экенин, *сага каршы күнөө кылбаганымды ушундан билип ишен, сен болсо мени өлтүрүү үчүн издеп жүрөсүң»* (1 Шем. 24:12).

Дөөт менен анын атасынын ортосунда кандайдыр бир жаман ниет бар деп айтууга эч кандай объективдүү негиз жок, бирок үй–бүлөдө сегизинчи уул болгондуктан, ага жетиштүү көңүл бурулган эмес. Балким, Дөөт жети агасынын көлөкөсүндө чоңойгондур. Бардык уулдары сыяктуу эле, Дөөт да атасынын ырайымына ээ болууну жана атасынын урмат–сыйына ээ болууну үмүт кылган,

бирок Шемуел пайгамбар Жышайдын уулдарын майлоого келгенде, атасы аны чакыртууну да унуткан.

> «Ушинтип, Жышай Шемуелге өзүнүн жети уулун алып келди, бирок Шемуел Жышайга: «Теңир булардын эч кимисин тандаган жок», – деди. Анан Шемуел Жышайдан: «Балдарыңдын баары бул жердеби?» – деп сурады. Жышай ага: «Дагы эң кичүүсү бар, ал кой кайтарып жүрөт», – деп жооп берди. Ошондо Шемуел Жышайга: «Киши жиберип, аны алдыр. Ал бул жерге келмейинче, биз тамакка отурбайбыз», – деди (1 Шем. 16:10, 11).

Эмне үчүн Шемуел Жышайдан дагы уулдары барбы деп сураган? Албетте, пайгамбар келери менен Жышай Дөөткө киши жибериши керек болчу. Албетте, ал Дөөттү тандалган адамдын кызматына талапкер катары эсептеген эмес. Эгер Шемуел пайгамбар биздин үйгө келсе, мен бүт үй–бүлөнү чогултуу үчүн колдон келгендин баарын жасайт элем. Мен аларга скайп, телефон аркылуу чалып, тезинен үйгө келүүнү суранмакмын, эгер кимдир бирөө кандайдыр бир себептер менен такыр келе албай турган болсо, анда жоопкерчилик анын гана мойнунда болмок.

Дөөттө атасынын көңүлүн бура турган жети атаандашы – анын бир туугандары болгон. Ыйык Жазууда Дөөт менен анын бир туугандарынын ортосундагы сүйлөшүү жылуу–жумшак жана колдоо көрсөтүүнү чагылдырбайт. Андан тышкары, Дөөттүн улуу агалары аны текебер деп айыптап, атасынын үйүндөгү ролун басынтып, анын жүрөгү текебер жана жаман экенин айтышкан (1 Шем. 17:28ни кара).

Балким, ушундан улам Дөөттүн Забурун окуганда мен сөздөрдү укпайм... мен жүрөктү угам. Саптардын ортосунда жалгыздыктын, азаптын жылдар бою топтолгон азабын көрөм. Дөөт Шабулга өзүнүн күнөөсүз экенин дайыма далилдеп турган, бирок тирешүү улана берген.

Кайсы бир убакта Дөөт анын күнөөсүздүгү адамдардын

арасында эч качан таанылбай турганын түшүнгөн. Шабул Дөөттү эч качан кечирбейт. Аны жалгыз гана Кудай кечирет. Падышадан качып, жашынуу менен, Дөөт Кудайга чуркап, Ага жашынганды үйрөнгөн. Көптөгөн адамдар майлоого ээ болууну каалашат, бирок алар майлоо алардын душмандарынын катышуусу менен болгон максат үчүн келерин унутуп коюшат.

Кийинчерээк Дөөт Абышаломдон качып баратып:

> «Оо Теңир! Душмандарым ушунчалык көбөйүп кетти! Көбү мага каршы чыгып жатат. Мен жөнүндө: «Кудай аны куткарбайт», – деп жатышат. Бирок Сен, Теңир, менин калканымсың, атак–даңкымсың, башымды көтөрө турган Сенсиң. Үн чыгарып, Теңирди чакырам, Ал мени Өзүнүн ыйык тоосунан угат. Жатсам да, уктасам да, турсам да, мени Теңир коргойт. Мага миңдеген элдер бардык тараптан каршы чыгышса да коркпойм» (Заб. 3:2–7).

Анын душмандары кантип көбөйдү? Жакшы суроо. Эмне үчүн Кудай аларды урган жок? Мисалы, кум бороонунда алардын баарын чөлдө көмүп коюуга мүмкүн болгон.

Дөөт Шемуел пайгамбардан аны падыша кылып майлоосун суранган эмес. Эр жүрөк Дөөттүн Кудай үчүн кайраттуу болуудан башка аргасы жок болчу. Ал Кудай ага аманат кылган ишенимдүү уул болгондуктан, падышасы үчүн да ишенимдүү жоокер болгон. Мындай дос Жонатандын түшүнө да кирчү эмес. Дөөттү эч нерседен жемелөөгө болбойт эле, анын жүрүм туруму кемчиликсиз болгон. Бирок, ошондой болсо да, өмүрүнүн аягына чейин душмандары көбөйүп гана турган. Неге?

Биз, албетте, себебин издеп тапкыбыз келет, анткени эгер бар болсо, анда анын көйгөйлөрү түшүнүктүү болуп калат. Бирок, сыягы, эч кандай мааниси жок.

Дөөт бул сөздөр менен жашап, аларды пайгамбарчылык кылган, анын күрөшү башка бирөөнүн жашоосундагы салгылашууларды көрсөтүп турат: ал келечекке көргөзүп турат, Ыйсанын эмне болорун

көрсөтөт. Анын жашоосундагы каршылаштар көбөйүп кеткенине эмнеге таң калып жатабыз? Келгиле, Жаңы Келишимдеги Петирдин сөздөрүн окуп көрөлү.

> «Сүйүктүү бир туугандар, сыналышыңар үчүн жиберилип жаткан оттуу сыноону жат нерсе катары өгөйлөбөгүлө. Тескерисинче, Машайак тарткан азапка ортоктош болуп жаткандыгыңар үчүн кубангыла, анткени Анын даңкы көрүнгөндө, кубанычка жана шаттыкка бөлөнөсүңөр» (1 Пет. 4:12, 13).

Тышкы басым ички кайра жаралууну жаратат. Атаандаштар Кудай биз үчүн даярдаган тагдырды көрсөтөт. Жашообузда Кудайдын даңкы көбөйүшү үчүн, биз өзүбүздү кичирейтебиз. Атаандаштын белеги – бул сабактардын, тазалоонун жана машыгуунун бир бөлүгү. Адамдын табияты кыйынчылыктардан качууга умтулат. Бирок, биз азап тартканда, биз Ыйсанын азабын гана бөлүшпөстөн, анын даңкына да ортоктош болобуз, анткени анда Ал бизге тагдырыбызды ачып берет.

## Атаандаштар бизди жүрөгүбүздү сактоого мажбурлайт

Качан ичибизден таш жүрөк талкаланганда, анын ордуна эт жүрөк жаралат. Мааниси жок атаандаштыкка кабылганыңды көргөндө, жүрөгүң өлүмгө дуушар болуп жаткандай сезилет. Өзүңө жана ниетиңе шек келтирген суроолор менен чабуулга алынып жатасың. Силер: «Балким менде бир нерсе туура эместир? Кудай, Сен кайдасың? Эмне үчүн мага ушундай болду? Эмне үчүн бул бүтпөйт?” деп ойлойсуңар.

**Чабуулдардын жүрөгүбүздү катуулатышына жол беребизби же Кудайдын аны айыктыруусуна жол беребизби?**

Көп учурда суроолорубузга бир гана жоопту – унчукпоону алабыз. Кудай бизди чындап угарынан күмөн санай баштайбыз.

Эми түшүндүм, эгер Ал унчукпаса, бул жөн гана тыныгуу дегенди билдирет. Сахна өзгөрүүгө аз калды, каармандар өз ордун ээлейт. Сергек болгула. Жашооңордо жаңы этап келе жатат. Өзүңөрдү турган жериңер менен өлчөөнүн ордуна, Ал силерди эмнелерден алып өткөнүн эстегиле.

Качан унчукпай укканда, биз өзгөрүүгө даяр болобуз. Биз Кудайдын айткандарына ишенебизби же атаандашыбызды айыптагандардын айткандарын угабызбы? Бизде жакшы ишти баштаган ошол эле Кудай, аны бүтүрүү үчүн акырына чейин ишенимдүү болот. Биз чабуулдардын жүрөгүбүздү катуулантышына жол беребизби же аны Кудайдын айыктыруусуна жол беребизби? Душмандын сөзүнө көңүл бурабызбы же Жараткандын сөзүнөбү?

> «Уулум! Менин сөздөрүмө кулак сал, айткандарыма кулагыңды төшө! Алар сенин көз алдыңдан кетпесин, аларды жүрөгүңдүн түпкүрүндө сакта. Анткени ал – аны тапкандар үчүн өмүр, бүт денеси үчүн – саламаттык. Баарынан да, сактай тургандардан жүрөгүңдү сакта, анткени өмүрдүн булагы анда» (Накыл 4:20–23).

Башкаларга карабагыла. Алардын айтканын укпагыла. Өзүңөрдүн азыркы абалыңарды алардыкы менен салыштырбагыла. Жүрөгүңөр үчүн кам көргүлө, бир кезде кабыл алган ар бир убадаңарга кам көргүлө, ал жан дүйнөңөрдүн кампаларында сакталсын. Бардык тоскоолдуктарды алып салгыла жана Кудайдын үнүнүн толкунуна туура келүү жөндөмүн өркүндөткүлө. Силер менен сүйлөшкүсү келбесе, силерден муну сурабайт эле. Анын үнү жүрөгүңөрдү сактайт.

Жашоодо көптөгөн тоскоолдуктар болот. Кудайдан болгон, сиз эңсеген толук кандуу, теңдешсиз жашоо адаттагы жол менен табылбайт. Бул көптөгөн алаксыткан үндөрдүн жана объектилердин арасында концентрацияны талап кылат. Эгерде биз катуу каршылык көрсөтпөсөк, алар биздин көңүлүбүздү өзүнө тартат.

Машаяктын кабары – биздин негизги бутабыз. Жаратканыбыздын сөздөрү биздин жашообузга жазылгандарды аткаруучу күчкө ээ. Жашоонун булагы жанды жана денени азыктандырат, ден соолук, максат жана күч менен толтурууга мүмкүнчүлүк берет. Атаандаштар эмес, Сөзгө негизделген жашоо гана душмандын аракеттерине баш ийбейт.

Биз үрөн болгон Кудайдын Сөзүнө көңүл гана бурбастан, бакча болгон жүрөгүбүздү да сакташыбыз керек.

*Сакталган* жүрөк менен *камалган* жүрөктүн ортосунда чоң айырма бар. Биринчисинде жүрөк абдан баалуу нерсе болсо, экинчисинде кулпу менен кулпуланган жүрөккө окшош.

Көпчүлүк адамдар жүрөктөрүн айыктырууга убакыт келгенге чейин сактоо керек деген үмүттө, өз жүрөктөрүн катуулантып алышат. Буга чейин бул тактикага мен көп кайрылчумун. Башында жеңилдик сезими олуттуу болгон. Мени таарынткандар чөйрөмдөн жок болуп кетишти. Жүрөгүмдүн эшигин бат–баттан тарс жаап алгандыктан, ал катуу жабылып калган. Мен аны катуу жаптым, анан бир күнү ал менин туткунум болуп калды. Мен өзүм үчүн ооруга каршы иммунитет болуп калдым деп чечтим, анан күтүлбөгөн жерден кубаныч мен үчүн түбөлүккө өчүп калганын түшүндүм.

Сакталган жүрөк түрмөдө эмес, ишенимдүү коргоодо болот. Эгер жүрөгүңдү кулпулап алган болсоң, анда сыйынууга убакыт бөл. Кудайдан жүрөгүңдү таш түрмөдөн бошотушун жана аны кубанычты да, ооруну да сезе ала турган жаңысына алмаштырууну суран.

Бул оңой эмес экенин билем, бирок көз жашыңар өзүңдө калсын. Алар жүрөгүңөрдү нымдап, жумшартсын. Ооруну баңгизатка же алкоголдук ичимдиктерге чөктүрүүнүн кажети жок, алар сезимдериңерди гана бузуп, кулашыңарга алып келет. Жан дүйнөңөрдү булгаган өч алуу ойлору менен мээңерди булут кылбагыла. Аларды кайра–кайра майдалоону токтоткула, алкымыңарга жаш келген сайын отуруп алып ыйлагыла. Жалгыз

болгула, мейли, оору бар күчү менен урсун. Тынч болгондо жүзүңөрдү асманга бургула, үнүңөрдү Кудайга көтөргүлө. Күн сайын өз жанын Кудайга берген Дөөттөй кылгыла. Өз түйшүгүңөр менен, өз атаандашыңар менен Жаратканга келгиле.

Келгиле, Дөөттүн Кудайга кантип келгенин окуп көрөлү.

> «Мага кубаныч менен шаттыктын үнүн угуз, ошондо Сен талкалаган сөөктөрүм сүйүнөт. Күнөөлөрүмдөн жүзүңдү бур, менин кылмыштарымдын баарын өчүр. Кудайым, таза жүрөк жарат, рухумду жаңыла. Менден жүзүңдү бурба, менден Өзүңдүн Ыйык Рухуңду алба. Мага Өзүңдүн куткаруу кубанычыңды кайтарып бер, бийлиги бар Рухуң менен мени бекемде» (Заб. 51:10–14).

Катууланган туткун жүрөк дүлөй болуп калат, кургак сөөктөр жооп бере албайт. Башкаларды соттогондор ар дайым өздөрүнүн күнөөлөрүнүн салмагы астында болушат. Бир гана Кудай биздин жүрөктөрүбүздү бардык ыпластыктардан тазалап, Анын алдына көтөрүлүшүбүз үчүн аларды түздөй алат.

Катуу жүрөктөр Кудайдын катышуусун көтөрө албайт. Алар обочолонуп же айыктыруу жолун тандагандардын азабын шылдыңдаган шылдыңчылардын арасында калышат.

Дагы бир жолу эскертким келет, көп адамдар бул ыкманы колдоно башташат, анан алар өз жүрөгүн сактабай, абакта кармап жүрүшкөнүн байкашат. Боорукердик, тилектештик жоголот, алардын ордун таш боордук, кайдыгерлик ээлейт. Жүрөгүңдү сактоо менен жабуунун ортосунда чоң айырма бар. Эгерде ал бош болуп, катып калса, анда оозуңду ырга толтура турган кездин келгени. Шабул азап менен кыйынчылыкка дуушар болгон, ошондуктан Дөөт анын азап–тозогунан арылтуу үчүн ырдаган. Айланабызда угулуп жаткан ырлар бир нерсени алыстатат, бирок ыр биздин ичибизде көтөрүлгөндө өзгөчө бир нерсе болот. Жөн эле угуп отурбастан, өзүбүз ырдасак, жүрөгүбүз ачылып, Жараткан менен байланыш түзүлөт.

Шабул падышанын шашылыш сүйлөп, иш кылган адаты бар болчу. Жүрөгүндөгү тынчсызданууанын иш–аракеттеринен көрүнүп турду. Дөөт өз жүрөгүн тынчтандырганды үйрөнгөндөй, биз да өз жүрөгүбүздү тынчтандырууну үйрөнүшүбүз керек.

> «Мен өзүмдүн жанымды эмчектен чыккан баладай жоошуткан жок белем, тынчтандырган жок белем? Менин жаным эмчектен чыккан баладай болчу» (Заб. 130:2).

Мен сага ачык айтсам болобу? Баладай болуп жан дүйнөмдү тынчтандыргандын ордуна, өзүмдүн оюмча иш кылам. Бир нече ондогон жылдар мурун биз жыйында үчүнчү забурдагы сөздөрдүн негизинде ыр ырдаганбыз. Мен жаш баладай ыйлагам. Үйдө бул ырга бийлегенди жакшы көрөрүмдү баары эле билишчү. Эмнегедир менин кайгым Дөөттүн забурду жазгандагы сезимдерине төп келгендей сезилди, бир гана айырмасы, менин көз жашымдын себептери анын азаптарынан алда канча азыраак. Ооба, кээде алар абдан чоң көрүнчү. Алар менин жан дүйнөмө ушунчалык терең кирип, аны толугу менен толтурганына мен ишенчүмүн.

Артка кылчайып карасам, баарын такыр башка көз караштa көрөм. Менин кайгыларым аянычтуу жана маанисиз эле. Бир жерде көңүл бурулбай калгандыр, бир жерде жагымсыз сөз болгондур, балким жолдошум менен тартышкандырбыз. Мен ушундай кичинекей азап үчүн баарын берүүгө даяр адамдарды көп жолуктурам. Кээ бир өлкөлөрдө ишеними үчүн күн сайын өлүм коркунучунда жашаган эр жүрөк аялдарды көрөм. Кайда барбайын балдарын багуу үчүн талыкпай эмгектенген күчтүү апаларды жолуктурам. Таяк жеп, зордукталгандарды, жакындары кулчулукка саткандарды айтпай эле коёлу.

Мен сенин ооруңду азайткан жокмун. Мен анын чын экенин билем. Бирок, Кудай эң жаман жагдайларды да жакшылыкка айландыра турган аянды чындап алганыбызда, Жусуп сыяктуу биз да:

> «Мына, сен мага жамандык кылдың; бирок Кудай муну жакшылыкка айлантып койду» (Башт. 50:20) деп айта турган күн келет.

Эгерде атаандаштарыңарга башкача көз караш менен карасаңар, Кудай сенин ооруңду алат. Сценарист Эдмонд Берк байланышты мындайча чагылдырат: «Биз менен күрөшкөн адам нервибизди бекемдеп, чеберчилигибизди курчутат. Биздин антагонистибиз – биздин жардамчыбыз».

Мен азыр адамдарга эшикти жабуу – өзүмдүн келечегиме эшикти жабуу экенин түшүндүм. Качан биз өзүбүздү башкалардан обочолонтууга аракет кылсак, өзүбүздү кулпулап калуу коркунучу бар. Ачык жүрөктөр эшиктерди ачып, башкаларды ачык кучагына алып келет. Кудай Ыйсаны эч ким жоголбосун деген үмүт менен жиберген. Өз абалыңарды коргогондун ордуна, жүрөгүңөр менен көп иштеп, аны жакшы сактагыла.

Көп адамдар лидер болгусу келет, бирок таасирдин өлчөмү – бул эки миздүү кылыч менен эки жагын тең кесип турат. Айланаңарда дайыма силерди сүйгөн, бирок таанбаган адамдар болот. Анан силерди жек көргөндөр жана таанбагандар да ар дайым болот. Булар көрүүчүлөр. Алар атаандаш эмес, бирок өзгөрүүлөрдү байкап жатышат. Муса фараондун жанында чоңойгон. Дөөт Шабулдун уулундай болгон. (Голиат анын жашоосундагы алптардын бири болгон.) Көпчүлүк учурда, каршылашың – бир кезде сени жакшы билген бирөө. Дөөт атаандаштарын мындайча сүрөттөгөн:

> «...Анткени мени шылдыңдап жаткан адам душманым эмес, аны мен көтөрмөкмүн. Мага менменсинип жаткан адам мени жек көргөн адам эмес, андан мен качып кутулмакмын: бирок ошол сенсиң, жандай көргөн досум, жакын адамым» (Заб. 55:12–14).

Душман достун кейпин кийгенде, муну “псевдо–достук” деп

атаса болот. Башкача айтканда, бул атаандаш. Ким чыныгы дос, ким жасалма экенин ажырата билүү үчүн, жөндөм талап кылынат, бирок ошол эле учурда бизди атаандаштарыбыз чыныгы адам кылат. Бизге бир нерсе жакпай калса, ачууланабыз, бирок баарын Кудайга жеткире алабыз. Биз каршылашыбызды бизди тазалаш үчүн, кайра жаратуу үчүн колдонгону үчүн, Ага ыраазычылык билдирсек болот. Даттансак болот, же сыйынып, же ырдап алсак болот. Тандоо бизде жана эч бир атаандаш аны бизден тартып ала албайт.

## Ой жүгүртүү үчүн суроолор

1. Атаандашыңар силерге мугалим болуп калган учурларды эстегиле.
2. Алар силерди атаандаш катары караганда, атаандашыңар жашооңордо эмнени ачып берди?
3. Кайсы жактарда силер кайраттуусуңар?
4. Кайсы жактарда силерге кайраттуулук жетишпейт?
5. Күйөрмандар менен жолдоочулардын ортосундагы үч айырмачылыкты атап бергиле?
6. Силер качандыр бир кезде колуңарга найзаны кармап, үйдүн ичинде ары–бери чуркап көрдүңөр беле? Андан кантип кутулмак элеңер?
7. Жүрөгүңөрдү түрмөгө камабай туруп, аны кантип сактай аласыңар?

# 6

# Атаандаштыктан тышкары жыныс

> “Мен расизмге макул боло албайм, эгерде адамдар өзгөртө албаган нерсе үчүн – терисинин түсү үчүн басмырланып жатса жана башкалар да өзгөртө албаган нерсе үчүн – өз жынысы үчүн жазаланып жатканда, ачык адилетсиздикти сабырдуулук менен кабыл ала албайм.”
>
> АРХИЕПИСКОП ДЕСМОНД ТУТУ

Менин жалгыз калганда Кудайга кайрыла турган жеке сыйынуум бар. Көбүнчө мейманканада же унаада жалгыз болом. Мен унаамдын салонунда отурганда өтө адаттан тыш сыйынганымды көп адамдар билет. Мактоо музыкасынан артык эч нерсе жок, мен анда өзүмдү жоготуп коём. Бир нече жыл мурун менин жашоом дөңгөлөк сымал айланып жатты. Кээде алдыга баратканымды же артка баратканымды билбей калчумун. “Ургаачы арстанды ойготуу” деген китебим Иорданияда жүргөндө күзүндө чыкты. Жыл аяктап бараткан. Ыраазычылык күнү жакындап калды. Ошондо менин жеке сыйынуум мындай болду:

Асмандагы Ата, мен “Ургаачы арстанды ойготуу” аттуу китебимди чыгарганымды билесиң деп ишенем. Ал буга чейин беш тилде жарык көргөн, бирок мен анын Сенин каалооң боюнча болгонун билгим келет. Мен Сага кабар берүү үчүн сыйынып жатканымды билем, бирок ошондой эле, Сен убакыттан көз каранды эмес экениңди билем. Ошондуктан, мунун баарынын артында Сен турганыңды ырастоону каалайм. Ыйсанын аты менен, оомийин.

Ооба, бул кызык, бирок ошентсе да, ошондой болду. Мен бул ойлордон жүрөгүмдү бошотуп, аларды Анын колуна тапшырышым керектигин билдим.

Мен сураган тастыктоо көпкө созулган жок. Ошол эле күнү кечинде саат сегиздер чамасында күтүүсүздөн кичүү уулума мектептеги долбооруна жардам берүүгө туура келди. Мен эмнени колдоно аларымды билиш үчүн, анын улуу агаларынын мектеп долбоорлорун алып чыктым, бирок ал долбоорду бүтүрүү үчүн атайын плакат керек деди. Анан мен анын улуу агаларына долбоорду бүтүрүү үчүн акча төлөп берүүнү чечтим.

Үй толугу менен баш аламан болуп, чачылып турган – журналдардын кесиндилери, маркерлер жана кагаздар бардык жерде жатты. Бир байкеси Ардендин диктовкасы менен терип жатты, экинчиси плакатка чапташ үчүн сүрөттөрдү кесип жатты. Бардык бөлүктөр бөлүштүрүлүшү керек болгон тактаны алып келдим, ошол учурда телефон шыңгырады. Бул Джон эле.

Үнүнө караганда, ал абдан толкунданып турган. Мен аны кунт коюп уктум.

Ал мага сөзсүз сүйлөшүшүм керек болгон адам менен жолукканын айтты. Жолдошумдун ушундай адаты бар, мени чоочун кишилер менен телефон аркылуу сүйлөштүргөн. Бул кантип болоорун так билбейм, бирок ушундай болот... тез–тез болот. Бул адамдар мени менен сүйлөшүүгө такыр эле кызыкпаса керек, бирок эмнегедир Джон дайыма алар менен сүйлөшүшүм керек деп ишенет.

Башында мен каршы болчумун. Бирок, азыр, жылдар өткөндөн кийин, мен аны сөзсүз түрдө кабыл алам. Акылдууларга эскертүү: эгерде сиздин күйөөңүз мындай адам чыдагыс адатын он жылдан ашык убакыттан бери карматып жатса, анда анын жагымдуу экенин өзүңүз чечишиңиз керек. Ошентип, жолдошумдун мени чоочун кишилер менен телефон аркылуу сүйлөшүүнү суранган жагымдуу адаты бар. Ошол күнү кечинде мен каршы чыктым.

– Джон, азыр бейтааныш адамдар менен сүйлөшүүгө убактым жок. Мен Арденге мектеп долбоорун жасоого жардам берип жатам.

– Эч нерсе эмес, аны менен азыр сүйлөшүүнүн кереги жок. Ал аскер кызматкери, азыр бош эмес, ошондуктан мен ага телефонуңдун номерин бердим. Ал бүгүн чалганда жооп берип кой. Мен кетишим керек, көрүшкөнчө, мен сени сүйөм!

Мен бир нерсе айтып жетишкенче эле ал трубканы коюп койгон.

Биз долбоордун үстүндө иштөөнү уланта бердик. Бир сааттай убакыт өткөндөн кийин телефон шыңгырады. Мен эң чарчаган үнүм менен жооп берүүнү чечтим.

– Саламатсызбы, – дедим акырын.

Экинчи жагынан үн угулду.

– Бул Лиза Биверби?

– Ооба...

– Лиза, бүгүн жолугушууда жолдошуңуз “Ургаачы арстанды ойготуу” деген китебиңизди көрсөттү. Арстандар эң мыкты жырткычтар, арстандар эң мыкты аңчылар экенин айтты.

Мен албетте, ал ушуну айта алат деп ойлодум. Ал ушуну гана билет, анткени мен ага өзүм айткам... Ал китепти окуй элек, мен ишенем! Маектешим андан ары: «Ал чындап эле туура. Чыныгы арстандар – эң мыкты аңчылар».

Мен ал сүйлөшүү менен эмнеге алып бара жатканын такыр түшүнгөн жокмун. Эмнеге мага телефон чалып күйөөмдүн

айтканын айтат, мен китепке өзүм жазганым үчүн, аны билем да? Жооп бат эле айкын болду.

– Лиза, билесиңерби, биз Ооганстандагы согушта жеңбейбиз?

Мен жооп катары бир нерсе деп кобурадым. Мен Колорадо–Спрингсте жашайм демек, мен көптөгөн эркектерди аскер кызматынан үйгө алып кеткен учактардын рейси менен үйгө кетем.

– Эмне үчүн биз бул согушта жеңбестигибизди билгиңиз келеби?

– Албетте, – деп жооп бердим.

– Алардын аялдары менен баарлашуу биз үчүн жабык, – деди ал. – Качан аялдар менен байланыш жок болгондо, алардын маданиятын өзгөртүү мүмкүн эмес, эгер маданиятты өзгөртө албасаң, согушта жеңе албайсың.

Мен абдан көңүлдөнүп тургам.

– Аскердик базада эмне кылам, түшүндүрүп берейин. Мен оперативдүү кызматкерлер менен иштейм. Кооптуулуктун күчөшүнө байланыштуу биз биринчи кезекте спецназдар менен иштедик, бирок азыр ал жакка аялдар бөлүктөрүн да жөнөтүп жатабыз. Алар ооган аялдарына үн жана баалуулук бар экенин айтышат. Алар эмне үчүн демократия алардын уул–кыздарына жакшы кызмат кылаарын түшүндүрүшөт. Алар медициналык муктаждыктарын камсыз кылышат жана балдарын бошотушат. Сиз бул аялдардын спецназынын атын билесизби?

Мен билбейм деп жооп бердим.

– Аларды "Ургаачы арстандар отряды" деп коюшат, жакынкы убакта ошол жерге барышат. Алардын ар бирине сиздин китебиңизден бирден нусканы бере аламбы? – деп сурады ал.

– Албетте!

Бул арстандар колдоого татыктуу, анткени алар аялдарга жетип, аларга жаңы үмүт берип, балдары үчүн согуш жана ачарчылыктан да көбүрөөк башка нерсе бар экенин көрсөтүшөт. Бул арстандар жөн гана аскердик буйрукту аткарбастан, түбөлүктүүлүк үчүн

маанилүү бир нерсе кылып жатышканын билиши керек, алар обочолонуп, көбүнчө жынысына байланыштуу көңүл бурулбай калынган эже–сиңдилерине, айыктыруу жана жашоо алып келүү миссиясына барышат. Эркек жоокерлерге ооган аялдары менен сүйлөшүүгө тыюу салынган, ал эми аял жоокерлерге мындай кылууга буйрук берилген.

Коштошуп жатканыбызда мен, аялдардын кийлигишүүсүсүз көп нерсени жеңүү мүмкүн эмес экендигин дагы бир жолу түшүндүм.

Эгерде Америка Кошмо Штаттарынын Армиясы аялдардын кийлигишүүсүсүз өлкө согуша аларын, бирок жеңе албасын түшүнсө, анда Жыйын эркектер менен кошо согушуп эле тим болбостон, жеңип чыгууга да өз кыздарын жабдыганга убакыт келген жокпу?

Гендердик атаандаштык эркектерге да, аялдарга да белгилүү, бирок көбүнчө аялдар басмырланышат. Отуз жылдан ашык убакыт бою мен гендердик атаандаштыктан жарадар болгон аялдарды жүрөгүмдө сактап келем. Мен китеп жазып, тигил же бул маселени козгой албайм. Көптөгөн фронттордо олуттуу прогресске жетишилди, бирок мен жума сайын никесинде, үй–бүлөсүндө, жумушунда же жыйынында кыйналып жаткан кээ бир аялдардын окуясын угам. Мен социалдык тармактардан аялдарга болгон жек көрүүчүлүккө толгон комментарийлерди тынымсыз окуйм. Сексуалдык сатуу, гендердик жана порнография көйгөйлөрүн айтпаганда да, мунун баары бар.

Тилекке каршы, гендердик көз караш дагы эле биздин Жакшы Кабардын саптары аркылуу өтүп жатат, биз аны эркектерге толук куткарылууну жана эркиндикти кеңейтүү үчүн колдонуп, ал эми аялдарга ченелүү гана порцияны таратып жатабыз.

## Диний лидерлердин коркутуулары

Мен гендердик көз караштын темасын ачкым келет, жыйын жаңыдан төрөлүп, тирилгенден кийин жашап, өсүп жатканда,

Кудайдын Руху уулдарга да, кыздарга да төгүлгөн. Жакшы Кабар Ыйсанын тирилгени жарыяланып жатканда, сөз менен жана иш менен тараган. Тынчсызданган ийбадаткананын жетекчилери бороон–чапкынды басууга аракет кылып, кырк жылдан бери аксап келген киши айыгып кеткенде Петир менен Жаканды камакка алышкан.

> «Аларды чакырып алып, *Ыйсанын ысымы жөнүндө* такыр сүйлөбөөнү жана окутпоону буйрук кылышты» (Элчилер 4:18).

Бул контекстте аларды ошол кездеги диний жетекчилер чакырышкан жана алар Петир менен Жаканга катуу эскертүү беришкен. Бул керемет, адамдын айыгышы, Ыйсанын атынан жасалган. Ал тирилген Куткаруучу, Машаяк жөнүндө кабар айтууга кеңири эшик ачты. Жүйүт башчылары таш менен катуу жердин ортосунда калышты, анткени аксактын айыгышын жокко чыгарууга болбойт. Алар өз ара акылдашып:

> «Бул адамдарды эмне кылалы? Анткени алар аркылуу улуу керемет көрсөтүлгөндүгү Иерусалимде жашагандардын баарына маалым болду, биз да муну тана албайбыз. Бирок бул мындан ары эл арасында жайылбашы үчүн, аларды коркутуп, бул ысым жөнүндө жарыялоого тыюу салалы», – деп, өз ара кеңешишти» (Элчилер 4:16, 17).

Бул эки шакиртке карата коркутуулардан майнап чыкпаганын баарыбыз билебиз. Анын үстүнө, алар тескери таасир тийгизип, элчилердин чечкиндүүлүгүн бекемдеген.

> «Бирок Петир менен Жакан аларга: «Өзүңөр ойлоп көргүлөчү, Кудайды укпай, силерди угуу Кудай алдында туурабы? Биз көргөнүбүз менен укканыбызды айтпай коё албайбыз», – деп жооп беришти» (Элчилер 4:19, 20).

Петир менен Жакан диний жетекчилер каалашынча өз ара талашып–тартышса болот, бирок бул элчилерди токтото албайт деп чечишти. Алар бул жетекчилерди ынандырууга аракет кылышса, убакытты текке кетире тургандыктарын түшүнүштү. Алар чындык деп билгендерин үйрөтүүнү жана кабар айтууну улантуудан башка аргалары жок болчу. Бул адамдар унчукпоо тил албастыкка барабар болгон жагдайлар бар экенин түшүнүштү.

Бул коркунучтар бүгүнкү күндө биздин кулагыбызда да жаңырып турат. Бүгүн алар башка адамдардын оозунан чыгып жатат. Бүгүнкү абал бир кездеги диний жетекчилер Галилеядагы билими жок балыкчыларга кабар айтууга тыюу салган кездеги абалдан башкача. Бүгүнкү күндө коркунучтар дүйнөнү тескери бургусу келген маданий чабуулда көрсөтүлүүдө. Алар ар кандай угулат, бирок алардын максаты ошол эле бойдон калууда. Светтик дүйнө силерге Кудай жөнүндө сүйлөшүүгө жана каалагандай рухий болууга Ыйсанын атын атамайынча тыюу салбайт.

Демек, дүйнөнүн ареналарында Ыйсанын атынан окутууга жана насаат айтууга тыюу салынганда, жыйын өз мүчөлөрүнө тоскоол болуп, алардын үнүн басканда, таң калбашыбыз керек... Бул такыр башка жаныбар аракетте.

Эки миң жылдан ашык убакыттан бери диний жетекчилер миңдеген кыздардын жыйындарда жана ыйык жерлерде насаат айтуусуна жана окутуусуна тыюу салып келишкен. Келгиле, Элчилер китебинде эмне деп жазылганын дагы бир жолу окуп көрөлү (4:18):

> «Анан аларды чакырып: «Ыйсанын ысымы жөнүндө таптакыр сүйлөбөгүлө да, окутпагыла», – деп буйрук беришти».

Бул аяттын үстүнөн ой жүгүртүп отурганда, мен Ыйык Рухтун шыбырап жатканын уктум: «Мен чакырган жана Рухумдун жардамы менен кызмат кылуу жөндөмүн берген кыздарымдын көбүнүн жыйындагы чакырыгын аткарууга тоскоолдук кылып жатышат».

Диний жетекчилердин: «Аялдар аялдарды гана үйрөтө алат, алар эркектерди үйрөтө албайт» дегенин уккандырсыңар. Же: «Аялдар бир нерсени бөлүшө алышат, бирок насаат айта алышпайт.» Же: «Аялдар лидер боло алат, бирок жыйында эмес.» Бул жабык коркутуулар акылга сыярлыктай көрүнөт, бирок натыйжасы бирдей: Жакшы Кабардын боштондукка чыгышына тоскоол болот. Ишениминде кайраттуу аялдарды бат эле агрессивдүүлөрдүн катарына кошуп коюшат. Кудайына бекем ишенген аялдарды амбициялуу деп жаңылышышат. Бирок ошентсе да, биз Петир менен Жакан көтөргөн суроого туш болобуз. Адамдарды угуп, Кудайга баш ийбөө Кудайдын алдында жакшыбы? Кудай уулдарына жана кыздарына эмнени буйруган? Жоопту Ыйсанын тирилгенге чейинки сөздөрүнөн табабыз:

> «Анан аларга мындай деди: «Бүт дүйнөнү кыдырып, бардык адамдарга Жакшы Кабарды жарыя кылгыла. Ким ишенип, сууга чөмүлдүрүлсө, ал куткарылат. Ал эми ким ишенбесе, ал айыпталат. Мага ишенгендерди бул белгилер коштоп жүрөт: Менин ысымым менен жиндерди кууп чыгарышат, жаңы тилдерде сүйлөшөт. Эгерде колдору менен жыландарды кармап алышса, уулуу нерсе ичип алышса, алардан зыян тартышпайт. Колдорун оорулуулардын үстүнө коюшса, оорулуулар айыгышат». Ошентип, Ыйса Теңир алар менен сүйлөшкөндөн кийин, асманга көтөрүлүп, Кудайдын оң жагына отурду» (Марк 16:15–19).

Бул буйрук *бардык* момундарга берилген. Улуу тапшырма – бул уруксат, ал куруунун же уюштурууну талап кылбайт, бул эки жыныска тең берилген мандат. Машаякта бардыгы Кудайдын Жакшы Кабарын жарыялоого чакырылган жана эркин. Биз Кудайдын эркиндигин жана чындыгын билгендиктен, адамдардын бизди унчукпа деген коркутууларына жол бербешибиз керек.

## Падышага тил алчаак болуу

Кудай – биздин бийик жана ыйык Падышабыз. Падышабыз бизге тапшырма жана күч берди. Ал бизден Өзүнүн эли менен Анын атынан сүйлөшүүбүздү сураңды. Эгер ошондой болсо, анда падышанын бийлиги астында бизди жетектеп жаткандардын бизди токтотуусуна кантип жол бере алабыз? Ар бирибиз Ыйык Китептеги кабардын тирүү жана дем берүүчү жарчысы болушубуз керек:

> «Кудай–Теңириңе табын жана бир гана Ага кызмат кыл"» (Матай 4:10).

Эгерде Падышанын кол алдындагыларга баш ийүү, Падышага баш ийбөөнү билдирсе, анда биз түздөн–түз Падышанын өзүнөн көйгөйгө туш болобуз. Муну менен кантип күрөшүү керек – келгиле, Эстердин мисалын карап көрөлү. Персия падышасы Эстерди чакырган эмес жана падыша сарайынын мыйзамына ылайык, ага өзүнө көрүнүүгө тыюу салынган. Бирок, ханыша мындай учурда падышанын буйругун аткарса, Кудайга баш ийбей турганын түшүнгөн. Эстер адамдарга жакпай калгандан көрө, Кудайдан көбүрөөк коркондуктан ага барды. Анда падышага кантип кайрылуунун конкреттүү стратегиясы бар болчу. Көптөгөн адамдардын жашоосу тууралуу суроо болуп жатканда, ал унчукпай коюуга батынбады. Бүгүнкү дүйнө эмне, башкачабы? Бүгүнкү күндө көптөгөн кыздар стратегиялык жерлерге жана жагдайлардын артына жашынышат. Кээ бирлери, атүгүл, башка эже–сиңдилер менен бирге орозо кармап, сыйынышып, арачылыкка кадам таштоо үчүн ыңгайлуу болгон учурду күтүп турушат.

Мен сенин күйөөңө же жыйын башчыларыңа таптакыр каршы чыккым келбейт. Мен болгону, сенин оозуңду тыйса да тойбой турган чыныгы душман бар экенин түшүнөсүң деп үмүттөнөм. Ал сенин жана сенин балдарыңдын өмүрүн аңдып жатат.

Чындыктын учуру. Эгер күйөөң сага Жакшы Кабар таратууга тыюу салса, сен ага баш ийет белең?

Мен улук пастор катары кафедрага туруп алып, эл алдында насаат айтууну айтып жаткан жокмун. Мен сиз чындап эле эркинсизби жана күбө боло аласызбы деп сурап жатам? Сиңдиңизге жооп берүүгө, сыйынууга же насаат кылууга даярсызбы?

Джон экөөбүз бул темада сүйлөштүк. Ал эмне үчүн көп аялдар Ыйсанын элчиси болбоону шылтоолошору тууралуу менин оюмду сурады. Мен жооп бердим, менин оюмча, көптөр жөн гана терс реакциядан коркушат. Ошол эле жумада мен учакта элем, жанымда бир киши отурган, мага артымдан жаман сөз айтышканын айтты. Мен: «Бетиме деле айтышат!» деп жооп бердим.

Азыр көңүл чөгүп, өң кубарып кете турган учур эмес. Кудайдын бейнесин алып жүрүүчүлөргө, эркектер менен аялдарга каршы согуш жүрүп жатат. Эң акыркы нерсе – бул бири–бирибиз менен күрөшүү! Менимче, көптөгөн аялдар бул сүйлөшүү үчүн кайраттуу болушу керек. Аларга, балким, баш ийүү унчукпоо деп түшүндүрүшкөн жана Кудай алардын ысымдарын өзгөрткөнүн билишпейт. Кудай силерди эмнеге чакырып жатат? Балким, жаныңда сенин жетекчилигиңе муктаж болгон жаш эне бардыр? Балким, үйүңдө сыйынуу тобун же Ыйык Китепти изилдөө тобун ачууң керектир? Такыбаалык менен баш ийүү, эгерде ал Кудайга баш ийүүгө ылайык келсе, күйөөсүнө урмат–сый алып келет.

Башка аялдар өз күчүнөн коркушат, анткени аны кантип башкарууну аларга эч ким үйрөткөн эмес. Биз баарыбыз эле өзүн жаман алып жүргөн аялдарды көргөнбүз, өзүбүз да ошондой болгонбуз. (Кээде ката кетирээримди билем.) Бул кимдир бирөөгө кыйынчылык жараткым келгени үчүн эмес, кантип угулушум керек экенин билбегеним үчүн. Бизге көйгөйлөр менен күрөшүүгө туура келет, анткени акыркы убакка чейин эле дүйнөдө аялдар аз болчу.

Кеп, аялдардын үнүн басууда эмес, аялдарды тарбиялоодо. Өсүүгө мүмкүнчүлүгүм жок болсо, мен өспөйм. Мен өспөсөм, башкаларга орун бербейм.

Биз өзүбүзгө ачууланган аял катары ярлык тагууга жол

беребизби? Же оозунда Атанын Сөзү бар кыздар сүйлөй тургандай акылмандыкка ээ болобузбу? Жооптун бир бөлүгү болгондор унчукпай калышы керекпи? Кудай сактасын! Биз кыздарыбызды такыбаалыкка жана баш ийүүгө активдүү түрдө үйрөтүшүбүз керек. Ал эми, 1 Петирдин 3–бөлүмүндөгү аял назик жана момун болушу керек деген сөздү кантип сактоо керек деп сурагандарга мен толугу менен ага кошулам! Мен Ыйса менен Мусанын жашоосунан момундуктун мисалдарын келтире алам.

> «Муса жер үстүндөгү бардык адамдардын ичинен эң момун адам болгон» (Сан. 12:3).

> «Менин моюнтуругумду алып, Менден үйрөнгүлө, анткени Мен жоошмун жана момунмун. Ошондо жаныңарга тынчтык табасыңар» (Матай 11:29).

Ыйса менен Муса бизге момундуктун үлгүсүн көрсөтүштү.

Гендерге байланыштуу суроолорубуздун кээ бирлери таптакыр эле акылга сыйбастай. Мен Джондон курбу кыз күтсөм болобу деп сурабайм, ал менден гольф ойноого барууну сурабайт. Мен Джондон Ыйсаны угууга даяр киши менен бөлүшө аламбы же биздин жыйында жаштарга кабар айта аламбы деп сурабайм. Биз бири–бирибиз менен күндү кантип өткөрүү керек экенин эмес, өзүбүзгө да, үй–бүлөбүзгө да тиешелүү маселелерди талкуулайбыз. Ар бир майда–чүйдө нерсени бири–бирибизден сурасак, бири–бирибизди кыйнап жибермекпиз. Ал мага ишенет, мен ага ишенем! Мен аялымын, бала эмесмин.

Биз көптөгөн адамдар коркуу сезимине кабылган мезгилде жашап жатабыз. Алар силердин жүрөгүңөрдө алып жүргөн даңктын үмүтүнө муктаж.

Акыр–аягында, бизди Ыйсанын тапшырмасына баш ийбегенибиз үчүн гана күнөөлөш керек. Ооба, башкалар бизди мүдүрүлүүгө жана күнөөгө түртүшү мүмкүн (Мт. 18:6; Марк 9:42;

Лука 17:2 кара), бирок Падышабызга баш ийүү биздин өзүбүздүн тандообуз. Бир туугандарыбыз Петир менен Жакан сыяктуу эле, биз алардын эже–карындаштары Машаяктын кереметинин толуктугунда жүрүшүбүз керек, демек, биз көргөн жана уккан нерселерибизге унчукпай кала албайбыз.

## Оозеки чабуулдар

Азыркы дүйнөдө бул жолду тандаган аялдар Петир менен Жакандай ур–токмокко алынбашы, камалбашы мүмкүн, бирок ишенип койгула, алардан четтеп, качып турушат. Бул сизди туура эмес түшүнүп калуу коркунучу бар экенин жана көп учурда оозеки чабуулдардан жана четтөөлөрдөн жабыркайсыз дегенди билдирет.

Бул маселе боюнча Джон экөөбүздүн пикирибиз ар кандай. Ал мени ал барган жыйындардын көбү аялдарга кафедрадан насаат айтууга тыюу салбайт деп ишендирди. Андан кийин үч аял кызматчынын атын атады, алардын бардыгын биздин өлкөдө жана чет өлкөлөрдө жакшы билишет жана сүйүшөт. Алар жетектейт, үйрөтүшөт жана насаат айтышат. Мен Джон менен макул болдум, теорияда бул чындык, бирок иш жүзүндө башкача. Мен андан жылына бир жолу Энелер күнүндө эле эмес, аялдар үзгүлтүксүз насаат айта турган жыйындарды атап берүүсүн сурангапымда, ал ондон азын гана атай алган.

Биз бул темада маекти уланттык жана Джон мени аял катары жыйындагы аялдардын жетекчилигин жана анын окутуу жөндөмдүүлүгүн кабыл албаган теологдорду ынандыра турган эч нерсе кыла албастыгыма ынандырды. Ал мага аялдарга өз сөзүм менен үйрөтүп жана аялдарга насаат айтууга болот деп айтууну сунуштады. Жетекчилер үчүн менин бардык аргументтерим куру сөз болуп калат.

Мен макул болдум, анын үстүнө менин максатым такыр лидерлик эмес. Мен ынандыруу керек болгон эжелериме, апаларыма, кыздарыма коркуп, титиреп, жазам. Мен аялдар

жыйында *окутуп, сүйлөй аларына* ишенбесе, аларды насаат айтууга үйрөтө албасымды түшүндүрдүм. Мыйзамдын тамгасы алардын жүрөгүн эчак эле тешип бүткөн. Кудайдын эч бир чын ыкластуу кызы Атасынын эркин бузуп же булгагысы келбейт. Жетекчилер кылба деп айткан нерсени алар үйрөнүшпөйт. Эгер жыйындагы бийликке ээ болгон, Кудайдын өкүлү болгон адам өмүр бою сенин *төмөн экениңди* айтса, сен ага ишенесиң. Айрыкча, буга чейин көп кыйынчылыктарды баштан өткөргөн болсоң, бул жалгандарды кабыл алуу оңой.

Мен *билем,* анткени өзүм да *баштан өткөрдүм.*

Эгерде сиз өзүңүзгө ишенбесеңиз, анда сиз өзүңүзгө жана өзүңүздүн салым кошуу укугуңузга дайыма шектенесиз. Кулагыңардагы тығынды, көзүңөрдөгү таңууларды алып, назик жүрөгүңөрдөн мыйзамдын тамгасын кетиргим келет. Ошондо силер айыга аласыңар жана Ыйык Рухту уга аласыңар. Балким, Ыйык Рух сени юриспруденцияда, медицинада, бизнесте, өкмөттө же өз үйүңдө эне катары Инжилдин элчиси болууга чакырып жаткандыр. Эмне кылсак да, Теңир үчүн кылгандай кылышыбыз керек. Мындай мамиле менен дүйнө адамдары ыйык болот. Адам жыйында кандайдыр бир деңгээлде окутууга, насаат айтууга жана жетекчилик кылууга чакырылганын сезсе, ага Ыйык Рух сүйлөй албайт деп айтууга болбойт.

Гендер адамдын башкаларды жетектөө жөндөмүнө эч кандай тиешеси жок. Маргарет Тэтчер аял болгону үчүн Улуу Британиянын эң улуу лидерлеринин бири болгон эмес. Гендер таптакыр көйгөй эмес; биз текебердикти басаңдатуу жана адамдарды каралоо жана соттоо тенденциябызды басаңдатуу үчүн кыйынчылыктарга туш болуп жатабыз. Мунун баары жакшы жетекчини да сокур кылып коюшу мүмкүн. Кичи пейилдик, тажрыйба, берилгендик, билим жана изгилик лидерге зарыл болгон сапаттардын кээ бирлери, бирок гендердик сапаттар жакшы жетекчи үчүн милдеттүү шарт эмес. Машаяксыз биз баарыбыз жеткилең эмеспиз. Бул тууралуу Ыйык Жазууда мындай дейт:

> «Биз Кудайдын алдында Машайак аркылуу ушундай ишенимге ээ болдук. Биз өзүбүз бир нерсе жөнүндө ойлонууга жөндөмдүү эмеспиз, биздин жөндөмдүүлүгүбүз Кудайдан. Ал бизге Жаңы Келишимдин кызматчылары болууга жөндөмдүүлүк берди. Бул кызмат болсо – мыйзам тамгасына эмес, Рухка негизделген кызмат. Анткени мыйзам тамгасы өлтүрөт, ал эми Рух өмүр берет» (2 Кор. 3:4–6).

Белгилүү бир лидер Пабылдын 1–Каттын 2–бөлүмүндө Тиметейге айткан сөздөрүн мындайча чечмелеп берген: «Пабыл жыйындагы жетекчиликке келгенде, аялдар бул ролго ылайыктуу эмес, анткени алар эркектерге караганда көбүрөөк ишенчээк келишет жана алданышат».

Жакында Тиметейге жазылган Катка жетебиз. Бирок келгиле, адегенде бул цитатаны окугандан кийин кандай сезимде болгонубузду аныктап алалы? Уят, күнөө, эрежелерди бузуу? Жеңилдик жана акталуу?

Албетте, эч кимибиз бул сөздөрдөн күчтү, катышууну сезе албайбыз. Мен цитатанын бир аз гана бөлүгүн киргиздим, бирок анын артында аялдардын кеңири таралган айыпталышын чагылдырган ой жүгүртүү жатат. Бул лидер андан ары мындай дейт: «Көптөгөн ачууланган аялдар көп жылдар бою Пабылдын берген бул баасына макул болбогондугунан улам, мындай ойлор пайда болот, анын сөздөрүнө ишене албаган жана анын окууларына баш ийе албаган мындай аялдар Обо энесине окшоп, жакшы ойлорго өтө бай, бирок маалыматтары начар».

Биз эмне, өзүбүздүн макул эместигибизди билдиргенде ачууланышыбыз керекпи? Мен күйөөм менен таарынышпай туруп эле бир нерсеге макул болбой коё алам. Биз кесиптештер менен, достор менен кыжырданбай туруп эле макул эмес болушубуз мүмкүн.

Бул цитатадан, эгерде биз макул болбосок, бул биз кыжырдануучу жана маалыматы начар аялдар болгондуктан

деген божомолду көрөбүз. Кудайга баш ийүүгө умтулуу менен өзүбүздү башкарууга аракет кылган такыбаа, ойчул, изденүүчү аялдар болобуз деген божомол да жок. Пабыл балким, ошол кездеги маданияттагы биздин доордун маданиятында жок кээ бир конкреттүү нерселер жөнүндө айткан болушу мүмкүн деген ой да болушу мүмкүн эмес.

Бул түшүндүрмө да бизге индивидуалдуулугубуздун туура эмес булагын берет. Биздин энебиз мындан ары Обо эмес. Жогорудан кайра төрөлгөндө, биз мурунку күнөөкөр ата–энебиз Адам менен Обо эненин балдары болбой калдык. Биз Кудайдын балдары болуп калдык.

Бул кишинин сөзүнөн бизди унчукпаганга жана уялганга мажбурлоо каалоосун угам. Аларда сексисттик эскертүүлөр жана аялдарды жек көрүүчүлүк угулуп турат, бирок Ыйык Рух такыр угулган жок. Ыйса окутуп–насааттап жатканда, Ал муну бардыгын сүйүү жана кабыл алуу менен кылат. Ал Жыйынды Өзүнүн колуктусуна окшоштурат. Бул автордун сөздөрү болсо, жыландын аялга болгон жек көрүүсүн көбүрөөк эске салат.

Пабыл Тиметейге жазган Биринчи катын грек маданиятында жыйынды баштаганда анын шакирти туш болгон өзгөчө маселелерди эске алуу менен жазган. Аларга ошол кезде тиешелүү болгон нерсе бүгүн бизге, таптакыр башка маданиятыбызга жана башкача формадагы сыйынуубузга тиешелүүбү? Балким, сиз азырынча толук ишене элексиз. Балким, сиз Кудайды урматтап, жетекчилердин сөзүнө эч качан шек келтирбейсиз, ошондуктан тагдырыңызга моюн сунуп жаткандырсыз.

Келгиле, андан ары кирели. Бирөөнүн кызыңызга ушундай сөздөр менен кайрылуусуна уруксат бересизби? Анын жарамсыз, бат эле ишенип кеткен, ишенчээк, маалыматы начар деп аталып жатканын карап турасызбы? Бул ал эркек болобу, аял болобу, адамды ашкерелеп, ага жардам берүүнүн өмүр берүүчү, Рухту толтуруучу жолу болобу? Сиз бир мүнөткө болсо да, Кудай Ата сиздин жашооңуздун кайсы бир тармагын карап, андагы

кемчиликтүү жерди белгилеп турат деп ойлодуңуз беле?

Балким, өзүңүзгө карата өзүңүз ушундай сөздөрдү айткандырсыз, аны түшүнөм. Эгер сиз көптөн бери машайакчы болсоңуз, балким, сизде мугалим же лидер жыйыныңыздагы башка аялдар жөнүндө ушундай сөздөрдү айткандыр. Жакында эле, биздин кызмат кеңсебизге көп жылдар бою кызмат кылып келген бир аял телефон чалып, жетекчилердин жемелөөлөрүнөн улам, ал жыйындагы кызматы Ыйык Китепке каршы келген жокпу деп ойлоно баштаганын айтты.

Мен сага кепилдик берем, кызым, эжем жана курбум: биздин Күйөөбүз жана Теңирибиз Ыйса эч качан сен жөнүндө мындай кемсинткен сөздөрдү айткан эмес. Ал мага эч качан насаат айтып жатканым менен Ага акаарат келтирип жатканымды айткан эмес. Бул мен жакшыра албайм дегенди билдирбейт, мен ар бир кызматтан кийин өзүмдү баалайм. Мага ишенгиле, мен жашоомдун бардык тармагында мени Ыйык Рухтун оңдоп жатканын сезем. Бирок, ал мени чакырган кызмат жана Анын мага болгон көз карашы жөнүндө сөз болгондо, мен ар дайым Анын бекемдөөчү шыбырын угам.

Анын биз жөнүндө эмне деп айтканын уккула: Ал бизди кереметтүү, жарамдуу жана жөндөмдүү деп атайт. Ал сага жаңы жүрөк берди жана рухуңду жандандырды, бул сени акылман жана чынчыл кылат. Ал сени Ыйык Рухка толтурду жана сен алданган кыз болбошуң үчүн, бирок акылыңдын көзү кыраакылык менен жарык болушу үчүн, сага Кудайдын Сөзүн ишенип тапшырды (Заб. 44:11; Жез. 36:26; 2 Кор. 1:18; кара).

Анын колуктусу эркектер менен аялдардан турат. Ал бизди Өзүнүн Сөзүнүн суусу менен кирден тазалап, Өз каны менен эркекти да, аялды да куткарган. Бирок, мен Пабылдын биринчи Тиметейге жазылган Катынын экинчи бөлүмүндөгү сөздөрүн чечмелеп бергенин, үйүмдө аялдардын Ыйык Китепти изилдөө боюнча үзгүлтүксүз жолугушууларында окуганымда, алардын жүзүнөн таң калууну, үрөй учууну жана айран болууну

көрдүм. Булар эгер элчи ушундай сөздөрдү жазган болсо, балким ошондойдур, өздөрү да мурун ишенчээк, эч нерсеге жарабагандар болгондур деп ойлогон аялдар болчу. Башкалары бул сөздөрдү башка жол менен чечмелесе болот деген ойду таптакыр токтотушту.

Кыздарыңар жөнүндө сураганымда, ичиңерде кандайдыр бир толкунданув сезилдиби? Силердин ичиңерде кандайдыр бир күчтүү энелик сезим пайда болду деп ишенем. Жеке сиз мененчи? Сиз чектөөлөрдү каалайсызбы же Машайак сиз үчүн алып берген эркиндикти каалайсызбы? Эгерде кызыңар үчүн чектөөгө жол бербесеңер, анда өзүңөр үчүн да ага жол бербешиңер керек. Эфестиктер 2:10до: «Анткени бизди Ал жараткан, Кудай алдын ала белгилеп койгон жакшы иштерди аткарышыбыз үчүн, биз Машайак Ыйса аркылуу жаратылганбыз».

Мен силердин эч качан татыксыз, ишенчээк жана оңой алданып калбашыңарга ишенем жана сыйынам. Эгерде биз начар маалыматка ээ болсок, анда биз муну өзүн–өзү тарбиялоо жана маалымдуулук аркылуу оңдой алабыз. Мен муну өзүмө чакырык катары кабыл алып, бардык ресурстарды менден акылдуураак адамдардан чогултууну чечтим. Биринчиден, Пабылдын сөздөрүнүн айдыңында бири–бирибизди карап көрөлү.

> «Ыйыктардын бардык Жыйындарындагыдай эле Жыйында аялдарыңар унчугушпасын, анткени аларга сүйлөөгө уруксат берилген эмес. Алар мыйзамда айтылгандай баш ийишсин. Эгерде алар бир нерсени үйрөнгүсү келсе, үйүнө барганда, күйөөсүнөн сурап алсын. Аял кишинин Жыйында сүйлөгөнү уят» (1 Кор. 14:34, 35).

> «Аял киши унчукпастан, толук баш ийүү менен үйрөнсүн. Аял кишинин окутушуна, күйөөсүнө бийлик кылышына тыюу салам, ал унчукпасын. Анткени адегенде Адам ата, андан кийин Обо эне жаратылган. Адам ата азгырылган эмес, аял азгырылып, күнөөгө баткан. Ошондой болсо да, эгерде ишенимди жана

> сүйүүнү, ыйыктыкты жана адеп–ахлактуулукту сактаса, бала төрөө аркылуу куткарылат» (1 Тим. 2:11–15).

Гректер машайакчылыкты үйрөнүү үчүн чогулган. Аялдар Диана ийбадатканасында дин кызматчы болуп турганда, бутпарастыктан таптакыр башкача жаңы позицияны табышкан. Пабыл Тиметей менен сүйлөшүп, ага жыйындагы жүрүм–турум эрежелери жөнүндө айтканда, ал мыйзамды айтпайт. Ал Ыйсаны цитата келтирбейт. Ал Тиметейди грек маданиятына жаңы ишенгендерди иреттүү түрдө чогултууга чакырат. Ал маданиятта аялдар руханий маселелерде аброй деп эсептелчү.

Келгиле, Пабылдын Ыйык Китептин арамей тилине которулган «The Passion» деген котормодогу сөздөрүн окуп көрөлү.

> «Ишенген аялдар лидерлерине баш ийүүнү жана сызыктан чыкпоону үйрөнүүгө даяр болсун. Мен динге жаңы өткөн аялдардын жыйында окутуучу болуп, эркектердин үстүнөн бийлик жүргүзүшүн колдобойм, бирок, тынчтыкта жашашын каалайм. Анткени алгач Кудай Адам атаны, андан кийин Обо энени жараткан. Обо энени адаштырган Адам эмес, Обо эне Адамды адаштырып, Кудайдын буйругун бузган. Бирок, аял балдарды төрөө менен, аларды сүйүү менен азыктанган, акылмандык менен жүргөн, ыймандуу балдар кылып өстүрүү менен кадыры калыбына келтирилип жашашы керек».

Бул сөздөрдү заманбап тилге которуу үчүн мен теологго жана жыйындын лидерине кайрылдым, ал тирүү жергиликтүү жыйында аял насаат айта алабы деген суроо боюнча практикалык изилдөө жүргүзүп жатат. Уитон штатынын профессору жана Виллоу Крик жыйынынын улуу кызматчысы, доктор Гилберт Билезикиан бир жарым жыл бою кызматтагы аялдардын маселесин изилдеген. Ал биринчи жолу өзүнүн изилдөөлөрүнүн жыйынтыгын “Beyond Sex Roles” китебинде жарыялаган.

> «Корутундусунда, биз күнөө менен кулаганга чейин эркек менен аял тең башкаруучу болгон, экөө тең Кудайдын бейнесин алып жүргөн жана Ал жараткан дүйнөгө кам көрүүгө чакырылган деген жыйынтыкка келдик. Эркек менен аял Кудайдын даңкы үчүн кызматын аткарууда жоопкерчиликтүү болушкан жана бул кызматты Кудай аларга берген каражаттар менен, ишениминин өлчөмү уруксат берген даражада аткарышкан. Тилекке каршы, күнөөгө кулоодон улам бул кызматташууга чоң зыян келтирилди. Биз Кудайдын куткаруу боюнча ырайымдуу планы күнөөнүн баарын, анын ичинде эркектер менен аялдардын ортосундагы мамилелердегини да жок кылгандыгына, жаратылгандан кийинки алгачкы күндөрдөгү сулуулукту калыбына келтире аларына ишенебиз. Көптөгөн арналган жана билимдүү машайакчылар биздин тыянактарыбызга макул эмес. Бул жана башка нерселерде Кудайдын кемчиликсиз даанышмандыгынан канчалык алыстап кеткенибизди баарыбыз билип ала турган күн келет. Ага чейин мен бул абалда кичи пейилдик менен, бирок бекем турам. Мен аялдарды шыктандыруу менен, менин оюмча Ыйык Жазуу алардан эмнени талап кылып жатса, ошону кылууга үндөш үчүн тобокелге барууга даярмын, алардан талап кылынган нерсе – бардык рухий жөндөмдөргө толугу менен ачык болуу».

Эгерде аял өзүн насаат айтууга, окутууга же жетектөөгө чакырылгандай сезсе жана ал Ыйык Жазууда саналган бардык сапаттарга татыктуу жашаса, анда аны үйрөтүп, насаат айтууга, үйрөтүүгө жана Кудай тапшырган кызматта жетекчилик кылууга үйрөткүлө. Доктор Билезикиан менен бирге мен бул маселеде момундук менен, бирок бекем турабыз.

## Обо энеге карата раввиндик көз караш

Жакында мен кереметтүү Мессиялык раввин Брайан Билечи менен кеңири сүйлөшүү сыймыгына ээ болдум. Мен аны

**Эркек менен аял өзүн көрсөтүү жагынан ар башка, бирок максатка тиешелүү нерседе бир болуу үчүн жаратылган.**

менен Кудайдын кыздарынын көбү өздөрүнүн ким экенин билишпейт деген тынчсызданууларымды бөлүштүм. Кудайдын кыздарынын инсандыгына жана кадыр–баркына бул дүйнөнүн руху тарабынан катаал чабуул жасалып жатканы барган сайын айкын болуп баратат. Көпчүлүк жыйындар Кудай аялдарга берген жөндөмдөрдү кантип өнүктүрүүнү билишпейт.

Мен бир жүйүт аалымынан Кудайдын өз кыздары жөнүндө кандай ойдо экенин уккум келди. Мен андан Обо энеден баштап, андан ары Сарадан баштап, Машайактын колуктусуна, Жыйынга чейин бардык негизги ысымдарды карап чыгууну сурандым. Раввин мага көп нерсени айтып берди, мен анын негизги ойлорун кыскача айткым келет, анткени алар силердин индивидуалдуулугуңарды бекемдөөгө жардам берет.

Кудай Адам атаны Обо энеден артык сүйгөн эмес. Обо эне башынан эле Адамдын ичинде болгон. Адам ата анын атын койгонуна, атүгүл ага муктаж болгонуна карабастан, Обо эне дайыма Кудайдын оюнда болгон. Кудай ага өзгөчө аялдык көз караштуы жана көрүнүштү берди. Аял ар дайым эркектин ичинде болгон, ошондуктан эркектин аны менен бирге болуусу, ансыз болгонго караганда жеңилирээк (Башт. 2:18 кара). Обо эненин көрүнүшү Адам атаны «жакшы эмес» дегенден «абдан жакшыга» айлантты.

Биз Ыйык Китептен Кудай Адам атаны катуу уктатып, анан анын бир кабыргасын алып туруп, Обо энени жаратканын билебиз (Башт. 2:21). Эркек менен аял уникалдуу түрдө бөлүнөт, бирок бул алар толук эмес, жарым болуп калды дегенди билдирбейт. Бул эки бүтүн инсандар. Эркек менен аялдын ой–пикири бири–биринен айырмаланып, бирок максатка карата

ой–ниети бир болуп жаратылган. Белгилей кетчү нерсе, күнөөгө кулаганга чейин эч кандай роль бөлүштүрүү болгон эмес. Демек, экөө бир максатта, бир жүрөктө жана бир физикалык биримдикте болушу мүмкүн.

Каргашалуу күндөрдүн биринде Обо эне алданып, Адам ата Кудайга каршы чыккан. Обо энэнин тандоосу, Адам атанын чыккынчылыгынан улам эркектер козголоңго жакын болгондон да көбүрөөк, аялдар алдамчылыктын курмандыгы болушу мүмкүн дегенди билдирбейт.

Мен Адам атанын күнөөсүн Обо эне жасаган жамандыкка караганда азыраак көрсөтүү аракетин көп угам. Мен муну “эрксиз кылмыш” деп аташканын уктум. Раввин Брайан Билечи буга макул болгон жок. Ал Ыйык Жазууда мындай деп айтылгандыгын айтты:

> «Анткени бир адамдын тил албастыгынын айынан көп адамдар күнөөкөр болгондой эле, бир Адамдын тил алчаактыгы аркылуу көп адамдар адил болушат» (Рим. 5:19).

Адам атанын күнөөсү эрксизден жасалган кылмыш болгон эмес. Муну кээ бир аалымдар чыккынчылык жана козголоң деп аташканы менен, эң жакшысы «атайын эле баш ийбөөчүлүк» деп атоого болот.

Мага келген дагы бир ой, Адам ата менен Обо эне кимдир бирөөнүн жекеликтерин уурдоого аракет кылышканбы, акыр–аягында алар Кудай болгусу келбеди беле!

Биздин үйдө балдар ата–энесинин тыюусун атайылап этибарга албай, досторуна же бири–бирине кулак салганда, муну “эрксиздиктен кылган иш” деп атабайбыз. Биз алардын бул аракеттерин “баш ийбестик” деп атайбыз. Армиядагы жоокер эч кандай буйрукка баш ийбесе, анда ал жөнүндө “эрксиз жорук жасады” деп айтышпайт, бирок “буйрукту аткаруудан баш тартты” деп айтышат.

Келгиле, Кудайдын Адам атанын кылганы жөнүндө эмне деп айтканын карап көрөлү.

> «Аялыңдын тилин алып, “андан жебе” деп, Мен сага осуят кылган дарактын жемишинен жегениң үчүн, сенин айыңан жер каргышка калды. Сен эми өмүрүң өткөнчө жерден азап менен азыктанасың» (Башт. 3:17).

Адам атанын ролунун жумшарышы белгилүү бир жагдайларда пайда болгон. (Мен түшүнбөйм, качан биз баарыбыз Машайакта куткарылып алынган болсок, анан эмне үчүн Адам атанын тандоосун жана иш–аракеттерин кимдир бирөө коргошу керек деп эсептейт).

Бул жактоочулар эркектерди көтөрүлүп, жакшы лидер болууга чакырып жатышат, мен да колум–бутум менен кошулуп: “Ооба, оомин!” дейм. Дүйнө эркектерге үлгү боло турган адамдарга абдан муктаж экенине кошулам. Мен жөн гана бул чакыруу кандай болуп жатканына макул эмесмин. Ал тарапта тургандар эгерде өзүлөрүнүн аргументтерин күнөөгө кулатуу окуясы менен актап, аялдардын үнүн баса турган болушса, эркектер жыйындагы лидерлик ролун эң жакшы аткара алат деп эсептешет.

Мен бул аргументтер менен актануулардан көптөгөн кемчиликтерди табам. Анткени, Адам ата ордунан туруп, чындыкты айтканда, көп жамандыктын алдын алмак экени айдан ачык. Ал өзүнүн кыраакылыгын жана Кудайдын сөздөрүн кунт коюп угууну жана аткарууну Обо эне менен эмес, алдамчы жылан менен сүйлөшүүдө көрсөтүшү керек болчу. Адам үнүн бийик чыгарып, жыланды үнүн басууга аргасыз кылыш керек болчу; анткени, биз эт менен канга каршы күрөшпөйбүз. Анын сыңарындай, азыр эркектер Кудай Өз бейнеси боюнча жараткан жана Өз жаратууларын жакшы деп атаган аялдарды эмес, жыландын үнүн басуу үчүн үндөрүн көтөрүшү керек.

Кимдир–бирөөнү келечектеги каталардан коргоонун эң жакшы жолу бул тыюу салуу эмес, ачык көрсөтмө берүү. Адам атанын күнөөсү үчүн башка уулдарын байлап койбош керек болгондой эле, Обо эне өткөндө чоң жаңылыштык кетиргени үчүн, келечекте анын кыздарын унчукпаганга мажбурлабаш

керек! Жыйырма кылымдан ашык убакыт бою эркектер менен аялдар жыйында жанаша жашоого үйрөнүшкөн. Машаяктын ичинде ким экенибизди түшүнүп, башында бакчада иштөө үчүн жаратылгандай, ийиндеш болуп, лидерлер болууга убакыт келди. Эркек эркектей, аял киши аялдай жетектеши керек.

Азыр бизде шайтанга кантип туура жооп берүү керектигин көрсөткөн Ыйсанын үлгүсү бар:

> «Ошондо Ыйса ага: «Кет жанымдан, шайтан! Анткени: “Кудай–Теңириңе табын жана бир гана Ага кызмат кыл”, – деп жазылып турат», – деп жооп берди (Матай 4:10).

Биз ким туура, ким туура эмес экенин аныктагандын ордуна, Кудайдын сөздөрүн артынан кайталашыбыз керек. Келгиле, Кудайга ушунчалык жалындуу кызмат кылалы, ишеним менен жашоонун пайдасы үчүн аргументтер менен дем алып жашагандай бололу. Ыйса – биздин негизги үлгүбүз. Биз Ал баскандай басышыбыз керек. Биз башкаларга караганда, анын ичинде Элчи Пабылга караганда да көбүрөөк ынтызарлык менен Аны ээрчишибиз керек. Пабыл өзү да Тиметейден ал Пабылды Машаякты Пабыл ээрчигендей эле ээрчүүсүн суранган: «Мен Машаякты туурагандай, менден үлгү алгыла» (1 Кор. 11:1).

## Шайтандын калпы. Кудайдын айыктыруусу

Шайтан биз анын бөлүп–жаруучу кеңешин угуп, бир жыныска күч кошуп, экинчи жыныстан аны тартып алганыбызда, эркектер менен аялдарды тоноп кетет. Убакыт зымырап баратат. Ыйсанын тапшырмасын аткарып, жоголгондорго куткарылууну алып барууну улантууга убакыт келди (Лука 19:10ду кара). Жыйынга талкаланган, бүлүнгөн дүйнөгө тирүү жана дем берүүчү үлгү болуп, бир эле учурда бир нече муундан турган көп улуттуу коомдо кантип жашоону көрсөтүп, эркекти да, аялды да бир максат үчүн бириктире турган мезгил эбак эле келген. Эгерде биз гендердик

маселелерди чече албасак, эркектер менен аялдар экиге бөлүнүп, ар кайсы жакта чачыранды, жарадар болуп кала берет. Кудай берген жекече инсандыгыбызды калыбына келтирсек, анда эки жыныстын тең айыгуусу башталат.

Кээде ыңгайсызданууу ушунчалык күчөгөндүктөн, аялдар өзүлөрүн кызыктай сезе башташат, алар эркек болуп төрөлүшү керек болчудай сезилет. Көптөгөн адамдар жынысын өзгөртүү же гермафродитизм аркылуу айыгууга аракет кылышат. Кудайдын Ышая пайгамбар аркылуу эмне деп жатканын окусаңар:

> «Кандай акылсыздык! Карапачыны чопо деп эсептөөгө болобу? Буюм өзүн жасаган адам жөнүндө: «Мени ал жасаган эмес», – деп айтабы? Чыгарма өзүнүн сүрөтчүсү жөнүндө: «Ал түшүнбөйт», – деп айтабы? (Ыш. 29:16).

Суроо ошол эле бойдон калууда: биз Кудайга ишенебизби? Анын жакшы жана даанышман экенине жана энебиздин курсагында бизди кыздарды жаратып, жаңылбаганына ишенебизби? Эгер Анын тандоосунан көңүлүбүз чөксө, маселени өзүбүздүн колго аларыбызды Ал ойлонот.

Мага ишенгиле, мен жараат кандай ооруй тургандыгын билем. Көптөр мен ойлогондон да көп ооруп жатканын түшүнөм... Бирок, адамдын колу жетпегенди Кудай Өзү колу менен айыктырат. Аял экениме аябай жийиркенгеним даана эсимде. Бул эмне үчүн пайда болгонун билбейм, балким, апам менен жакын мамиледе болбогондуктан же менин жашоомдо Кудайдын планын бузууну каалаган душмандын атайылап жасаган чабуулунан уламбы. Кандай гана себептер болбосун: турмуштук жагдайлар, аялдар менен болгон мамилелер же жыйындагы жолугушуулар, эң негизгиси, мен аял болуп төрөлгөнүм менен байланышкан алсыз, аялуу жерлерди жактырбадым. Мен чоңойдум, кыздарга караганда эркектердин арасында досторум көп болчу. Мага эркектер

менен жеңилирээк болду. Жыныстык жактан жетилген куракка жеткенде өзүмдү кызгылт, сулуулук дүйнөсүнө жайгаштырылган келгиндей сездим. Кыздар мен түшүнбөгөн, кыйыткан жана шыбыраган тилде сүйлөп жатышты, алардын кыймыл–аракети бул тайманбас кызда жок болгон сулуулукка жана көркөмдүккө толуп турду. Мектептеги жогорку класстарымда мен өзүмдүн келбетимдеги кемчилдиктерди жашыруу үчүн, дайыма джинсы жана багалеги кенен шымдарды кийип жүрчүмүн.

Сүйлөшүп жүргөнүбүздө, кудалашкандан кийин мен Джонго аялдын денесиндеги эркектин мээси экенимди так түшүндүрүүгө аракет кылдым. (Джон дароо эле бул жөнүндө сөз болушу да мүмкүн эмес экенин айтты!) Башка жагынан алганда, бул көп жагынан мени төрт уулдун энеси болууга алып бара жаткан Кудайдын жолу экендигине чындап ишенем. Кудай мени айыктыруу сапарына алып барды. Ал мага аял болуу баалуулугун сиңирген. Анын алдында динден улам аялдын образын жаап турган бардык уят–сыйыттын ордун кереметтүү кийим алмашты. Ал менин жан дүйнөмдүн түпкүрүнө жетип, апам билбестиктен улам аялдык касиетиме сиңирген коркуу жана курмандык менталитетинин ордуна кайрат, күч берди. Мен денемди сырткы келбети үчүн гана эмес, анын жөндөмдүүлүгү үчүн да сүйүүнү үйрөндүм. Бул убакытты жана жолду талап кылды, бирок азыр мен айыгуумду башкалар менен бөлүшө алам.

Эгер менин аялдык менен күрөшүүм азыркы учурда, жынысын өзгөртүүгө азыркыдай ачык чакырыктар угулуп жаткан учурда болгондо эмне болмок? Биздин маданият мага бул маселени өз колуңа алып, түзмө–түз эле эркекке айлан деп айтмак! Бирок, эгер мен ушундай кылсам, анда Кудайдын айыктыруу процессин жана бул убакыттын ичинде алган бардык сабактарды өткөрүп жибермекмин. Өзүбүздү бири–бирибиз менен салыштырууну токтотконубузда, биз өзүбүздү бардык кемчиликтерибиз менен кабыл алууга жөндөмдүү болобуз.

Айыктыруу процессин баштоо үчүн кандай кадамдарды жасаса болот?

1. *Сыйынгыла.* Ыйык Рухтан силерге бөлүнбөгөн жүрөктү берип, тил албастык жаатындагы жалган ойлорду ачып беришин сурагыла. Гендердик көз караш жана өз жынысын жек көрүү бизди төмөн түшүрүп, өзүбүзгө жана бири–бирибизге болгон көз карашыбызды бурмалап коюшу мүмкүн. Бөлүнүү эмес, элдештирүүнүн кызматчысы болуш үчүн сыйынгыла.

2. *Өз эркиңерди Кудайга баш ийдиргиле.* Силер Ыйык Жазуудан окуп билгендериңерди жана сыйынуу аркылуу силерге ачылган нерселерди тил алчаактык менен аткаруунун ордуна, адамдык эрежелердин артына жашынып жаткан болушуңар мүмкүн. Балким, силер адамдардан коркууга (же аял болуу коркунучуна) Кудайдын эркине каршы турууга жол бергендирсиңер. Улуу тапшырма кийинки этапта башкача көрүнүшү мүмкүн экенин түшүнүү менен, жашооңордун ушул этабында кандай болушу керектигин Кудайдан сурагыла.

3. *Душманыңарды билгиле.* Биз эт жана кан менен күрөшпөйбүз. Биз эки анжы ойлонгондо, биз кош агенттер сыяктуу иштегендей болобуз. Жакыптын айтканындай, биз Кудайга баш ийгенибизде, шайтанга каршы турабыз жана ал качып кетет.

4. *Жашооңорду жана сөздөрүңөрдү текшергиле.* Сиз гендердик көз карашты күчөткөн кандай сөздөрдү жана аракеттерди колдоносуз? Эгерде Ыйык Рух сиздин жашооңузда компромисстин айрым жерлерин ачып берсе, анда аларда бейкалыс ойлор жана таарынычтар бар болушу мүмкүн.

5. *Бекем тургула.* Эч нерсеге туруштук бербеген адамдарда, баарына жыгылып калуу коркунучу бар. Кимде–ким эркек менен аялдын чогуу иштешине каршы чыкса, ал билбестен Кудайдын түпкү долбооруна каршы чыккан болот.

6. *Машаяктын Денесиндеги биримдик үчүн күрөшкүлө.* Эркектер менен аялдар атаандаш эмес. Биз бир туугандарбыз, коргоочуларбыз жана жакын союздаштарбыз. Биз ынтымакта, бири–бирибизди урматтап, бир туугандык сүйүүдө бирге жүрүшүбүз керек. Биз бири–бирибиздеги жөндөмдөрдү кеңейтишибиз керек. Кудай аялдын унчукпай коюушун чечсе, анда ага үн бербейт эле. Кудай Адамга жана биздин дүйнөгө аялдын үнү жана таасири керек экенин билген.

## Милдеттүү жана бири–бирине көз каранды

Неберелерим чындыкты билип, аны билүү менен ыймандуу жашашы үчүн ойлонуп, үйрөнүп, суроо бере алышын каалайм. Биз аялдар жогорудан төрөлө алат деп айтабыз, бирок биз алардын чындап жана толугу менен эркиндикке чыкканын четке каккан доктриналарды жана догмаларды кабыл алабыз. Тагыраак айтканда, аялдардын көбү Машаяктын тапшырмасы менен эмес, жыйындын чегинде эркин аракеттенишет.

Эдем бакчасынан бери акылсыз эркектер менен аялдар бири–бирин жаман иштер үчүн айыптап келишкен. Айыптоолор жана уят чындап алдыга жылууга эч кимге жардам бербейт. Күнөө жана уят сууну ылайлап жана уулдары менен кыздарынын бейнесин бүдөмүктөтөт. Мындай жүрүм–турум Кудай Машаякта тазалаган нерселерди кайрадан булгап, бузат.

Эркек жана аял жынысы кудайлык сулуулукту чагылдыруу үчүн жаратылган. Тилекке каршы, биз бири–бирибизден Кудайдын улуулугун жана күчүн алып салып, Кудай гана бере ала турган мактоону жана даңкты алууга аракет кылдык. Кудай бизди ар кандайлыктарыбыздан кубаныч алуу үчүн жараткан, бири–бирибизди кемсинтүү жана жек көрүү үчүн эмес.

Эми Машаякта биздин жылаңачтыгыбыз адилдик менен жабылган. Машаякта эркектер менен аялдар өзүлөрүнүн душман эмес, өнөктөштөр экенин эстешет. Келгиле, Ыйык Китепте

бири–бирибизге ким боло алаарыбызды жана ким болушубуз керектигин карап көрөлү. Биз Корунттуктарга жазылган биринчи Каттын он биринчи бөлүмүнөн үч аятты өзүнчө карап чыгабыз.

> 10–аят: «Айтмакчы, эркектер менен аялдардын ортосундагы айырмачылыктарга өтө маани бербегиле. Бир дагы эркек же бир дагы аял жалгыз өзү иштей албайт жана алардын бири–биринен маанилүү экенин эч ким доомат кылбашы керек».

Машаякта эркектер менен аялдар бири–бирине көз каранды эмес, бири–биринен өз ара көз каранды. Биздин булагыбыз – Кудай гана, бирок бул аяттар кылымдар бою жыныстардын күрөшү деп аталган эзелтен келаткан душмандык жөнүндө айтып жатат. Биздин айырмачылыктарыбыз бири–бирибизди толуктоо үчүн жаратылган. Өз ара көз карандылык жана кабыл алуу бар жерде үстөмдүк жана иерархия жоголот. Библиянын «The Message» котормосундагы поэтикалык сөздөр атаандаштыктын маңызын ачып берет.

> 11–аят: «Алгач эркек Кудайдын кереметтүү жана кооз чагылдыруусу катары жаратылганы чын. Бирок, аялдын денесиндеги башы, анын күйөөсүнүн «башынан» ашкан сулуу болуп турат».

Бул жерде Пабыл эркек менен аялдан күйөөсү менен аялынын (жубайлардын) так аныктамасына өтөт. Мен эки жыныска да берилген баалуулукту көргөндү жактырам. Мен күйөөмө, анын Кудайга, мага жана балдарыбызга болгон сүйүүсүнүн аркасында сулуу көрүнөм деп билем. Мен да Кудайга, биздин үй–бүлөгө жана ага болгон менин сүйүүм аркылуу күйөөмдүн сулуу болушун каалайм. Анан Пабыл нике темасынан четтеп, жыныс темасына кайтып келет.

> 12–аят: «Анткени аял эркек аркылуу жаратылгандай эле, эркек аялдан төрөлөт, бирок баары Кудайдан!»

Аял эркектин кабыргасынан жаралган, эми эркек аялдын курсагынан төрөлөт. Аял эркектин, Адамдын тун баласы болгон, эми биз баарыбыз экинчи Адамдан, Ыйса Машаяктан төрөлдүк. Андан кийин он экинчи аятта Пабыл мындай деп жазган:

> «Бардык нерсе тигил же бул жол менен Кудайдан болгондуктан, келгиле, бул «ким биринчи» деген бекер сөздү токтотолу.»

Биз Кудайдын ким экенин түшүнгөндө, ким биринчи жана ким эң жакшы деген атаандаштык токтошу керек. Биз Кудай гана ыйык деген кудайлык көз карашты калыбына келтиришибиз керек. Ал биринчи жана Ал акыркы, башталышы жана аягы, биздин Альфа жана Омега.

Бизди эч ким жетектебейт жана Атабыздай сүйбөйт. Бул Ал уулдарын көбүрөөк, кыздарын азыраак сүйөт дегенди билдирбейт. Бул да Ал аял менен эркекти бирдей сүйөт дегенди билдирбейт. Ал өзгөчө сүйөт. Качан бирибизден–бирибизди жогору койгонубузда, биз Анын бейнесинен четтейбиз, анткени Кудай Өзүнүн көрүнүшү катары тукумду тандап алган.

## Биринчи жыйындагы эркектер менен аялдар

Тарыхыбызды туура түшүнбөй туруп, биз тагдырыбызды көбүнчө азайтабыз, бирок мен Ыйык Рух биздин акылыбызды бүдөмүктөтүүгө аракет кылып жаткан душмандан көшөгөнү сыйрып алып жаткандыгынан шек санабайм. Ыйык Жазууну окуп жатып, биринчи жыйын, аны менен эсептешүү керек болгон күч болгонун ачык көрөбүз. Маданият ишенгендердин кыймылын чектөөгө аракет кылганда, алар тескерисинче, жаңы аймактарды ээлеп алышкан. Алар ошол учурдагы падышалардын буйруктарынан коркушкан жок, анткени алар буга чейин эле Эң Жогорку Кудайга тизе бүгүп коюшкан. Алар күн сайын жышаандардын жана кереметтердин арасында жашашкан. Алар

өздөрүнүн негизги кадыры (авторитети) көрүнбөгөн чөйрөдө экенин билип жашашкан.

Алар Кудайдын Руху менен белгиленип, Ал үчүн бөлүнүп коюлган. Алардын ыйык жайларында эркектер бир жагында, аялдар экинчи жагында отурган деп ойлобогула. Көбүнчө алар үйлөрдө, базарларда, катакомбалардагы жашыруун жерлерде, атүгүл кемелерде жана түрмөлөрдө жолугушчу.

Бул ишенгендер ар бир уруудан, ар бир тилден жана ар бир үрп–адаттан болушкан, бирок аларды бир эле Ыйык Рух бириктирген, эки жыныс тең бир Дене, Машайактын колуктусу болуп бекем турган. Биз бир болгондо, Кудайдын гана тарабы бар жана башка эч кимдин тарабы жок. Алар Жакшы Кабарды үймө–үй таратышкан. Алар жакшы кабарды үймө–үй бөлүшүшкөн. Элчилер китебинде (2:42–44) биз бул дененин органикалык түрдө кантип өскөндүгүн көрөбүз:

> «Алар элчилердин насааттарын угушчу, бири–бири менен баарлашышчу, нан сындырышчу жана сыйынышчу. Ар бир адамда коркунуч бар эле, Иерусалимде элчилер көптөгөн кереметтерди жана жышаандарды көрсөтүп жатышты. Ыйсага ишенгендердин баары чогуу болушчу, бардык нерселерин ортого коюшчу».

Бул «бардык нерсе жалпы» деген сөз айкашы материалдык муктаждыктар менен эле чектелбестен, алардын табынууларын, коркууларын, мамилесин, тамак–ашын, сыйынууларын жана мүлктөрүн өзүнө камтыйт. «Жалпы» өз ара, кеңири таралган, күнүмдүк жана коомдук дегенди билдирет.

Эркектер менен аялдар баарлашууда жана билим алууда бири–бирине жакын болгон. Ынтымаксыз окутуу бири–биринин муктаждыктарын канааттандырган коомду жаратпайт. Тескерисинче, тегерек үстөлдөгү талкуусу жок окутуу текебердикти азыктандырып, чындыкты бурмалайт. Биз билген нерселер чындыкты канчалык билгенибизге эмес, чындык менен кантип жашай турганыбызга

жараша сыналат. Көптөгөн адамдар эмне кылуу керектигин акылдары менен билип, бирок аткарбай койгон карама–каршылыктын туткунунда калышат. Өз бүтүндүгүбүздү сактап калуу жана чындык менен жашоо үчүн, туугандар жана достор керек.

Алгачкы жыйында аялдар добуш берүүгө укуктуу болчу. Андай болбосо, Анания менен Сапфиранын иши такыр башкача болмок. Элчилер китебинде (5:1–11) аялы жокто Петирге калп айтып, жыгылып каза болгон кишинин окуясы айтылат. Үч сааттан кийин аялы келет. Ал күйөөсүнүн өлүмү жөнүндө эч нерсе билбейт, бирок ал кандай жооп бериши керектигин билет. Петир ага суроо бергенде, ал күйөөсү экөө алдын ала макулдашкан калпты кайталайт жана күйөөсү сыяктуу ал да өлүп жатып калат. Мен мунун баарын азыркы моюн сунуу окуусунун контекстинде өзүнүн калптары менен «күйөөсүнүн каалоосун жаап, ошону менен аны урматтаганын» айтуу үчүн айтып жатам. Бирок, Сапфира чындыкты айтуунун ордуна калп айтууну чечкенде, ал өз өмүрү менен төлөгөн. Ал өүнүн добуш берүү укугун кыянаттык менен пайдаланган. Эгер ал Петирге чындыкты айтканда, ал аман калмак.

Мээримдин жана ырайымдын аябагандай ачылышында эч кимдин артта калышы мүмкүн эмес. Эркектер да, аялдар да бирдей салымга ээ. Алардын көбү муну биринчи жолу баштан кечиришкен. Күнөөгө кулоонун натыйжасында алынып салынган нерсени, Кудай калыбына келтирүүгө майлады. Эркектер менен аялдар күч жана ырайым менен «өз шаарларынын талааларында, жердин учу–кыйырына чейин» чогуу иштешкен. Элчилер китебинде биринчи жыйын жөнүндө мындай деп айтылат:

> «Күн сайын ийбадатканада чогуу болушчу, үйлөрдө нан сындырып, кубаныч менен, таза жүрөк менен тамактанышчу, Кудайды даңкташчу. Бүт эл аларга жакшы мамиле кылчу. Теңир болсо Жыйынга куткарылгандарды күн сайын кошуп жатты» (Элчилер 2:46, 47).

Бул аяттар алгачкы апостолдук жыйында бийлик кылган күнүмдүк жашоону сүрөттөйт. Жүйүт ишенимдештери ийбадатканага чогуу барып, ынтымак үчүн үйлөрүнө чогулуп, ыраазычылык жана кең пейилдик менен дасторконго отурушкан. Алардын жашоосу өз Кудайын даңктап, бүт элдин жактыруусуна ээ болгон.

Эмне үчүн биз күтүлбөгөн жерден Ыйсанын колуктусу, анын жыйыны аялдарды четке кагып, басынтып, каралоону чечтик? Эмне үчүн биз андай баатыр кыз эмеспиз деген калпты кабыл алдык?

Өтө узак убакыттан бери эркектер менен аялдардын чогуу болушу мүмкүн деген ой жашырылып келген. Өзүмчүлдүк жана караңгылык менен жашоонун натыйжасында эркектер да, аялдар да терең жарадар болушкан.

Бирок, бул биздин окуянын аягы эмес жана андагы акыркы сөз да эмес. Асманда жыныс – бул чабуул үчүн курал эмес, лидерлик үчүн согуш талаасы болбошу керек болчу. Биздин айырмачылыктарыбыз бизди бириктирет, биз чогуу болсок, өзүнчө болгондон күчтүүбүз. Кудайдын уулдары менен кыздарынын биримдикте жашаган улуулугу жер бетинде дагы деле көрүнүшү мүмкүн. Биздин биримдигибиз аркылуу Кудайдын бейнеси ачылып, Кудайдын даңкы өзүнүн жаркыраган көркүндө жаркырайт. Кудайдын уулдары менен кыздарынын биримдикте жашаган улуулугу жер бетинде дагы деле көрүнүшү мүмкүн. Биздин биримдигибиз аркылуу Кудайдын образы ачылып, Кудайдын даңкы акыры өзүнүн жаркыраган ажайыптулугунда жаркырайт.

## Ой жүгүртүү үчүн суроолор

1. Кайсы күрөштө эркектер жалгыз күрөшүүгө аргасыз?
2. Аял катары силер Кудайдын чакырыгы менен адамдык салттын чектөөлөрүнүн ортосундагы тирешүүнү башыңардан өткөрдүңөр беле?

3. Улуу тапшырма силердин жашооңордо кандай көрүнөт?
4. Силердин дарегиңерге айтылган “пайдасыз”, “жеңил ишенген”, “ишенчээк” деген сөздөрдү укканда кандай сезимде болосуз?
5. Жакшы Кабар аркылуу өз жөндөмүңөрдү кантип өркүндөтө аласыңар?
6. Кайсы чөйрөлөрдө силер күнөөлүүлөрдү издөөгө тартылдыңар?

7

# Коркунуч менен сүйүүнүн ортосундагы атаандаштык

«Сүйүү – бул жан дүйнөнүн сулуулугу».

ЫЙЫК АВГУСТИН

Бир аз мурун, биз Джон менен бирге бир сонун жыйында үй–бүлө жана нике темасына арналган суроо–жооп кечесин өткөрдүк. Бул жекшемби кечинде болчу, бул жерде үй–бүлө курууну пландап жаткандардын бардыгы чогулушкан эле. Жолугушуу аяктап калган кезде, балким, кечечин эң негизги суроосу берилип калды. «Эми, силер үйлөнгөндөн бери отуз жылдан ашык убакыттан кийин артка карап, өзгөрткүңөр келген же башкача кылгыңар келген нерсе барбы?» Бул суроо мага берилди. Убакыт тардыгынан улам, мен кыска жана чын ниеттен жооп бергим келди. Мен өзүмдү кармап: «Балким, мен Джонго ката кетирүүгө укук бермекмин жана аны коркпой эле сүймөкмүн» деп айттым.

Ошол учурда залды толкун каптады. Мен отурган жерден эркектер менен аялдар шашылыш көз жашын аарчып жатышканын

көрдүм, көбү терең дем алып, унчукпай баш ийкеп, макулдугун билдиришкен. Коркуу – сүйүүнүн эң чоң атаандашы, ал күч жагынан андан эч кандай кем калышпайт жана өз айланасына кыйроону жана өлүмдү себүү жөндөмүнө ээ.

Үй–бүлөлүк жашоомдо корккон нерселеримдин көбү, менин башка коркууларым сыяктуу эле, эч качан өз жемишин тапкан жок. Ал эми түнү мени кыйнаган коркуулардын баары менин алсыз жүзүмдө терең из калтырып, мага дагы бырыштарды кошуп койду. Бул менин жашоомдун полотносунда мастердин из калтырып кеткенинен кем эмес болчу. Бул мен ушунчалык чебер сүрөтчү болгонум үчүн эмес, бирок, Кудайдын мени таң калтырган ишенимдүүлүгүнүн артынан гана болду.

Менката кетиргенди жактырбайм, бул жагынан биз окшошпуз. Бирок, азыр артка кылчайып карасам, тобокелге бармакмын. Бул жашоодо менин корккунумдан экөөбүз тең канча жоготтук, билбейм дегенде. Мен бир нерсени так билем... Коркуу – жаман кеңешчи. Ал шал кылып жана жашообузда кыймылга келүүнү эңсеп келген сүйүүнүн баарын муунтуп салат. Биз түшүнөбүзбү же жокпу, сүйүү менен тобокелдик жанаша жүрөт.

Мен сүйүү эмес, коркуу негизги күч болгон үй–бүлөдө төрөлүп, чоңойдум. Коркуу ата–энемдин үй–бүлөлүк жашоосунда чечүүчү роль ойноду. Коркуу аларга досторду табууга тоскоол болду жана ошол эле учурда үй–бүлөлүк бюджетти түгөттү. Натыйжада, биз дайыма акчага муктаж болуп, дайыма сүйүүгө муктаж болуп, ишене турган эч кимибиз жок болчу. Коркуу биздин кооз үйдүн бөлмөлөрүнөн жаңырып, жылаңач дубалдардан чагылып турчу. Атам куруучу болчу, бирок коркуу бизди үйдүн жылуулугун жана жайлуулугун сезбеген бөлмөлөрдө жашоого мажбур кылды. Көптөгөн түндөр иним экөөбүз төшөгүбүзгө тынч жатып, уктоого аракет кылчубуз, ал эми ата–энебиз түн бир оокумга чейин уруша беришчү. Түнкү чырактын күңүрт жарыгында күндөлүк жазып, өзүмө ант бердим. Менин шашылыш чиймелерим мени коргой алат деп ойлочумун. Мен эч качан ызакор жана корголбогон

болбойм деп ант бердим. Акыры ата–энем эки жолу ажырашып, дос эмес душман катары ар ким өз жолу менен кетишти.

Үйлөнгөнүбүздүн алгачкы жылдарында мен бала кезимде өзүм ойлоп тапкан торго түшүп калдым, көптөгөн жеткиленңсиз коргоо механизмдерине туш болдум. Мен корголбогон жана ызакор болуудан баш тартканым, бул менин кечиргенди жана кечирим сурагнды билбей турганымды көрсөтөт. Мен бул торго чалынып калдым, жана алар биздин никебизди дээрлик бузуп коё жаздады. Менин күйөөм атама окшобосо да, мен апама окшобосом да, кээде ата–энемдин менин уктап жатканыма ишенгендеринде айткан орой сөздөрүн уккандыктан, аларды кайталаганымда, биздин ортобузда келишпестиктер пайда болчу.

Мен алардын коркуусунун мурасын келечегиме киргиздим жана ал эми биздин үйүбүздү ээлеп ала электе токтотушум керек эле. Джондун кемчиликтери мен элестеткенден алда канча чоң даражадагы менин өз кемчиликтеримди ачып берди. Бирок, ага туура жооп кайтаруунун ордуна, мен бала кезимден үйрөнгөн сценарий боюнча аракет кылдым.

Мага көптөгөн нерселер кечирилгенине карабастан, мен Джонго карата ырайымдуулукка сараңдык кылдым. Биздин нике келишимибиз тез эле адаттагы эле келишимге айланып баратты, бул учурда сүйүү да тез эле бууланып кетти.

Өзүмдү коргоого аракет кылып, мен өз дүйнөмө көбүрөөк кирип кеттим. Мен Джондун биздин мамилебизге порнография жана мастурбация көйгөйлөрүн киргизгенин билип, ал мен үчүн ачылыш болду. (Биз Джон менен бул тууралуу ачык сүйлөшөбүз.) Джон менин өткөнүмө түшүнүү менен мамиле кылганын унутуп, мен андан алыстап кеттим.

Эмнегедир, Джондун күнөөсүн укканда, Ыйсанын бизге кечирилген сыяктуу кечиргиле деген буйругу менин оюмдан чыгып кетти. Мен андан коркуп, уялып жашап жүрдүм, ал эми ал көз карандылыктан арылууга аракет кылып жатканда, менден эч кандай колдоо жок эле. Менимче, бул *биздин* көйгөй эмес...

Анын көйгөйү болгон. Менин аракетсиздигимдин жана жардам берүүнү каалабагандыгымдын же жардам бере албастыгымдын бир себеби, мен ошол учурда өзүмдүн өткөнүмдүн оорчулугун мойнума алып, азыр башыма түшкөндөн жакшыраак жашоого татыксызмын деп чечтим.

Биз бат–баттан уруша баштадык. Мен андан эмоциялык жактан алыстап, анын күрөшүн четтен карап турдум. Бир жагынан, мен аны айыптап жатканыма карабай, өзүмдү коопсуз сезип жаттым. Эгер ал өзгөрбөсө, мен аны кечирбейм. Бул жашообуздун башка тармактарында стресске алып келди. Алгачкы бир нече жыл бир топ кыйын болгонунун себеби ушул деп ишенем.

Күндөрдүн биринде мен тажап, үмүтсүздүктөн чарчап, Кудайга жалындым: «Ал өзгөргөндө мен аны кечирем".

Менин билишимче, ошол маалда ортобуздагы ишеним толугу менен жок болуп, кайра дагы да катуураак көңүл калууну каалабадым. Менин катаал жана кескин билдирүүмө Кудай суроо менен жооп берди. Ал сурады: «Сен мага ишенесиңби, Лиза?»

«Ооба».

«Жакшы. Джондун өзгөрүшү үчүн аны кечиришиң керек».

Ошондон кийин Ал мага айтууга тийиш болгон сөздөрдү берди: «Сенин өзгөргүң келгенине ишенем жана мен сени кечирем».

Бул менин адаттагыдай: «Сен өзгөргөнүңдөн кийин гана мен сенин тообаңа ишенем» деп айтуума таптакыр карама–каршы болду.

Мындай ой жүгүртүү мен билген нерседен ушунчалык алыс болгондуктан, бул учурда мени Кудай жетектеп жатканын түшүндүм.

Мен Джонго шартсыз ырайым көрсөткөнүмдө, экөөбүздүн тең айыгуу процессибиз башталды. Ал уят караңгылыктан Кудайдын жарыгына чыгууга күч тапты, ал жерде кулчулуктан эркиндик тапты. Менин ага болгон көз карашым өзгөргөндө, бул биз үчүн бурулуш учур болду. Мен өзгөрбөгөн Кудайга ишенип калдым.

## Коркпогон сүйүү

Коркпогон сүйүү адамдын жүрүм–турумуна, мен кылган же кылбаган нерселерге эмес, Кудайдын сүйүү менен берген ишенимине негизделет. Күнөөлөрүмдү жана кылмыштарымды Ыйсанын ысымы менен мойнума алып, Атабызга айтканда, мен эч качан уялбайм. Ал мен үчүн эң жакшы үлүш даярдаган.

Адамдар бизди капа кылганда, келечектеги тобокелдиктерди азайтуу максатында, алардын таарынычына жараша сүйүүнүн көлөмүн кыскартканыбыз таң калыштуу эмес. Кыйынчылыкка баруудан коркобуз... Сүйүүдөн коркобуз. К. С. Льюис өзүнүн «Сүйүү» деген китебинде бул ыкманын эмнеси туура эмес экенин түшүндүрөт.

> «Сүйүү алсыз болуу дегенди билдирет. Өзүңдү камсыздандырууга болбойт, сүйүү азапка толгон. Сүйүп калсаңыз, жүрөгүңүз коркунучта. Эгер аны коргогуң келсе, аны адамга да, айбанга да бербе. Аны майда ырахаттар жана каалоолор менен ороп, өзүмчүлдүктүн сандыгына катып сал. Бул ишенимдүү, караңгы, абасы жок табытта ал сынбайт. Аны мындан ары сындырууга, сактоого же ага тийүүгө мүмкүн эмес. Сүйүү – аялуу болуу».

Ошондой экен да. *Сүйүү – бул аялуу болуу.* Бизге мындай коңшулук жакпай калышы мүмкүн, бирок мен түшүнгөнүмдөй, андан качуу мүмкүн эмес (ишенип коюңуз, мен аны жасаганга аракет кылгам). Бирок, аялуу болуп калганда, туткунга айланып, эч ким болушпаган, жапа чеккен адам болуп калам деп ойлобоңуз. Чынында, сизде коргой турган адам бар, анткени сүйүү эч качан токтобойт.

Эми аялуу болуп калганда кандай тобокелге саларыбызды түшүнүп көрөлү. *Аялуу болуунун* бир аныктамасы – ачыктык, мен так алаканга салгандай көрүнүп калганым. Аялуу болууну адамдын *жылаңач болушу* менен салыштырууга болот. Мен кийимдеримди

чечип алганда, мен чоң тобокелге барам, анткени менде жашынуучу жер жок жана мен таптакыр коргоосузмун.

Сүйүү бул – баш калкалоочу жай. Бул өзүң гана боло ала турган, такыр жылаңач болуп, уялбай турган коопсуз, жакшы корголгон жер.

Биздин кадимки түшүнүгүбүздө «жылаңач» болуу деген көбүнчө сексуалдык мамилеге тиешелүү. Бирок, менин түшүнүгүмдө "жылаңач" – коркпостон жүрөгүңдү ачуу, жан дүйнөңдү төгүү, бүт ички дүйнөңдү көрсөтүү. Биз Кудайдын алдында ачык болгондо, эң күчтүү позицияларды ээлейбиз. Бул парадоксалдуу көрүнүшү мүмкүн, бирок мен үчүн уятка калуунун чүпүрөктөрүнө же адилеттүүлүктүн кийимин өзүнө–өзү жаап, алсыздыктарын жашырууга аракет кылгандан көрө, алсыз болуп, Кудайдын алдында ачык болуу алда канча жакшы.

Ыйса Өзүнүн кудайлык табиятынан ажырап, биз Ага окшош болушубуз үчүн, биз үчүн алсыз болуп калды. Ыйса бизге Кудайдын сүйүүсүн ачып берүү үчүн, алсыз болуп калды. Ушул себептен биздин сүйүүбүз коркпос, ишенимибиз ашыкча, үмүтүбүз ашкере болушу мүмкүн.

Коркпогон сүйүүсү бар адам өзүнүн адаттагы чегинен ашып кеткен ишеними жана дем алуучу тереңдиги бар үмүт менен айырмаланат. Эми бул үчөө: ишеним, үмүт, сүйүү жашап жатышат. Алар гармонияда жашап, бири–бири менен чырмалышып, бизге чыдамкайлыкка күч берип турушат. Ошол эле учурда сүйүү – жер бетиндеги эң чоң күч. Сүйүүсүз чыныгы ишеним болушу мүмкүн эмес. Ал эми сүйүү болбосо, үмүт жок.

Кудай – бул сүйүү. Сүйүү түбөлүктүү. Сүйүү эч качан бүтпөйт. Сүйүүгө ишенип берген эч нерсең эч качан жоголбойт жана сүйүүдөн жаралган эч нерсе өлбөйт. Бирок, сүйүү өсө албаган жерлер бар; сүйүү анын атаандашы, коркуу менен бирге гүлдөй албайт. Коркуу – бул эч жакка алып бара албаган жол, башкача айтканда, бул туюк нерсе. Коркуу – бул өз курмандыгын кыйнаган таза эмес рух. Коркунучтун үнү шектенүүнүн туңгуюгунан чыгат,

андан кийин сүйүү ыйман нурунан даанышмандыкты алат. Эгерде силер коркуунун үнүн көпкө уксаңар, ийгиликсиз болосуңар.

Көп жылдар мурун, биринчи китебимди жазып жатканымда, коркуунун карама–каршылыгы – ишеним жана атүгүл кайраттуулук эмес, сүйүү деген ачылыш алдым. Балдардын «Өз өлкөсүнүн сыйкырчысы» деген жомогундагы коркок арстанды тайманбас, кайраттуу кылган сүйүү экенин билгенден кийин, андан жакшылап сабак алсам жакшы болмок. Коркунучтун касиеттерин Биринчи Корунттуктар китебинин он үчүнчү бөлүмүнө алмаштырганымда, бул идея андан ары өнүккөн: «Коркунуч – чыдамсыз жана ырайымсыз, ошол эле учурда көрө албас жана мактанчаак. Коркуу – текебер жана орой. Коркуу – өзүнүкүн талап кылат; ал ачуулуу жана кекчил; чындыкка кубангандын ордуна жалганга кубанат. Коркуу эч кимди коргобойт, эч нерсеге ишенбейт, эч нерседен үмүт кылбайт, эч нерсеге чыдагысы келбейт. Коркуу бүтөт».

**Коркунучтун карама–каршылыгы – бул ишеним жана атүгүл кайраттуулук да эмес, сүйүү.**

Коркунучтун жемиши жана кыймылдаткыч күчү сүйүүнүн жолдоруна түздөн–түз карама–каршы келет. Мен жасаган бардык жакшылыктар жана мен үйрөнгөн жашоонун бардык сабактары мен коркуу сезимин басып өткөндө гана өзүн толук көрсөтүп, жашоомдо ишке ашканын түшүндүм.

Канында коркунучту эңсеген экстремалдуу адамдар, толкунданууну издегендер бар. Булар албетте, айласы кеткен тайманбастар, бирок сүйгөндөрдү гана чыныгы коркпогон адамдар деп атоого болот.

Кудай – бул сүйүү. Сүйүү коркпойт. Кудай коркпойт. Биз Кудайдын балдарыбыз. Бизге коркпостон сүйө билүү жөндөмү берилген. Кудайдын коркпостон сүйүүсүн кабыл алуу менен биз коркпостон сүйө алабыз. Коркпой сүйгөн адам гана коркпой жашайт.

Бул айдан ачык көрүнөт. Ошол эле учурда Кудайды таң

калтыргандай мамиле жасагандар да бар. Бул Ага кутүүсүз болгон сыяктуу. Биз көргөн жана уккан нерселерибизге кыжырданабыз же ачууланабыз жана бизге Анын ырайымсыздыкка, адамдык жамандыктарга жана балээлерге болгон мамилеси биздикиндей болушу керектей сезилет. Бирок, бул андай эмес.

## Жеткилең сүйүү

Сүйүүсүз эң тайманбас эрдиктер да курулай көрүнүш. Алардын иш–аракеттери сүйүүсүнүн үлгүсү катары кызмат кылгандын ордуна, *айланадагыларга таасир калтыруу үчүн* иштелип чыккан. Кайраттуу адам катары көрүнүү аздык кылат, анткени чыныгы эрдик мен башка адамдын кызыкчылыгы үчүн өзүмдү коркунучка, тобокелге салганда келет. Бул өзүмдү жалпы элдин баатыры кылуунун ордуна, жашоомду курмандыкка чалуу дегенди билдирет.

> «Кимдир бирөө достору үчүн жанын берсе, андан улуу сүйүү жок» (Жакан 15:13).

«The Message» котормосу мындай дейт:

> «Сиздин сүйүүңүз досторуңуз үчүн өмүрүңүздү тобокелге салганда эң сонун болуп көрүнөт».

Көрсөтүү үчүн эмес, достор үчүн. Биринчи Корунттуктар (13:3) сүйүүсүз кайраттуулукту жана курмандыкты төмөнкүдөй баалайт:

> «Эгерде мен мал–мүлкүмдүн баарын таратып берсем, денемди отко таштоого даяр болсом, бирок менде сүйүү жок болсо, мунун баары пайдасыз».

Кедейчиликке берилгендик же сүйүүсүз курмандык бул жөн эле диний курмандык. Ыйсаны Атасы абдан сүйгөн жана Атасы Аны сүйгөндөй, бизди сүйүүнү тандаган. Сүйүү Ага ишенимде туруктуу

болууга күч берди жана Ал муну биз үчүн жасады жана биз үчүн чоң үмүттөргө ээ.

Ыйса мени, менин өткөнүмө карабастан, сүйдү. Ал ошондой болоорун билсе да, менин келечекте жаңылышымдан корккон жок. Баарыбыз жаңылышабыз, бирок, бул сиздин жаңылыштык экениңизди билдирбейт. Эгер сиз өзүңүздү жаңылыштык деп ойлосоңуз... анда, жаңылып жатасыз.

Мен күнөө кылсам да, күнөөкөр болбойм. Менин кандай сезимде болгонум маанилүү эмес, анткени Ыйса мени адил кылып жараткан. Алдын ала мага берилген ишеничтин акысына менин коркпогондугумду жана сүйүүмдү Ага көрсөтүүнүн бирден–бир жолу – баш ийип жашоо менен, Анын ишенимин урматтоо.

> «Машайак аркылуу Өзүнүн алдында бизди адилеттүү кылыш үчүн, күнөөнү билбеген Машайакты биз үчүн күнөө кылды» (2 Кор. 5:21).

Ыйса биздин көйгөйлөрүбүздүн баарынан жогору турган жооп болорун убада кылган. Сиз бүт убактыңызды жана күчүңүздү өзүңүздү жана күнөөлөрүңүздү казууга жумшасаңыз болот жана жакында бул сиз көргөн жалгыз нерсе болуп калат. Өзүңүздүн күнөөкөрлүгүңүзгө батып, бул жүктү көтөрө албай калганда, башкалардын күнөөлөрүнө көңүл бурасыз. Башкаларга ашыкча талап койгон жетекчилер, көбүнчө өздөрүнө дагы талапты катуу коюшаары мага жашыруун эмес. Өзүмө карасам, кемчиликтерди көрөм; мен өзүмдүн көз карашымды Машайакка бурганда, бардык кемчиликтерим Анын жаркыраган нурунан эрип кетет. Мен анын даңкынын жарыгында көрүнөрүм, мага көбүрөөк жагат.

> «Ага кайрылгандардын көздөрү ачылды, алар уятка калышпайт» (Заб. 33:6).

Ыйса биздин күнөөлөрүбүздүн Анын сүйүүсүнө бөгөт коюусуна жол бербейт. Өзүбүздү алсыз сезгенибизде, уялып көзүбүздү

жашыргандын ордуна, үмүт менен караганга убакыт келди. Анын жеткилең сүйүүсү биздин бардык коркуу сезимдерибизди жок кылат.

Анда эмне үчүн менин жеткилең эмес коркууларым Анын жеткилең сүйүүсүнө тоскоол болушуна жол берем? Кээ бир нерселер «эмне үчүн» жана «эмне себептен» болуп жатканын дайыма түшүнбөсөм да, мен Ага ишене аларыма ишенем. Анткени Кудайдын сүйүүсүнө эч нерсе тең келе албайт. Ал мени сүйчү, ошондуктан мен Ага ишенүүнү чечтим. Анткени Ал – менин жалгыз үмүтүм. Кудайдын аялдарга айтып жаткан кабарын уга алышыбыз үчүн, токсонунчу Забурду түшүндүрүп берейин.

> «Мени сүйгөндүгү үчүн, аны куткарам, коргойм, анткени ал Менин ысымымды таанып билди» (Заб. 90:14).

Ойлонуп көрүңүз... Сүйүү эч качан токтобосо жана эч качан үзүлбөсө, кантип бизди тобокелге салышы мүмкүн? Сүйүү жашоодогу бардык жарааттарды айыктыра алат.

Коркпостон сүйүүнүн көптөгөн жолдору бар.

Ал эми, жубайыңызды коркпостон сүйүү – алардын бирөөсү гана. Балдарды жана ата–энелерди коркпостон сүйүш керек. Достор менен болгон мамиле да кызганыч, көрө албастык, ээлик кылуу жана коркуунун эмес, сүйүүнүн негизинде түзүлүшү керек. Сиз өз кесибиңизди жана иштеген жериңизди жакшы көрөсүз. Сиз өз жыйыныңызды сүйө аласыз. Кээ бирөөлөр окуганды жакшы көрүшсө, кээ бирөөлөр күлгөндү жакшы көрүшөт. Сүйүүнү кайда жолуктурсаңыз да, эртеби–кечпи кыйынчылыктарга жана көңүл калууларга туш болосуз.

Бул бизди кийинки кадамга алып барат: душмандарды сүйүү. Эмне үчүн Ыйса мындай сөздөрдү айткан?

Анткени, кой эчкиден бөлүнгөндө, ушундай сүйүү болот. Бизге жамандык каалагандарды сүйгөнүбүздө башкалардан өзгөчөлөнөбүз. Качан сиз билип туруп, сизге зыян келтире

турган адамдарды сүйүүнү *тандасаңыз*... баары өзгөрөт. Жагдайларыңыз өзгөрбөсө дагы, сиз мындан ары аларга байланбайсыз, сиз бошоносуз.

Америкалык жарандык согуш маалындагы кулдун окуясы эсиме түшөт. Анда кул жарадар болгон кожоюнун согуш талаасында өлүүгө таштап качкандан көрө, ооруканага алып кетүүнү чечкен. Бул оңой тандоо болгон жок, бирок анын чечими анын чындап эркин экендигин көрсөттү. Анын бул аракетинин аркасында ал Союздук армия тополоңчуларды басканга чейин эле эркиндикке ээ болгон.

Кимдир бирөө өмүр бою сени эркинсиң деп шыктандырышы мүмкүн, бирок сен аң–сезимдүү түрдө, өз эркиң менен кул бойдон каласың, же эркиндикти тандай аласың, ал эми кээ бир адамдар жаңылып, сени өздөрүнүн менчиги деп эсептешет.

Мен түшүнөм, формалдуу кулчулук сага эч качан таасир этпеши мүмкүн, бирок кимдир бирөө сени андан карызы бар же ага бир нерсе карыз деп ойлосо, анда ал сени кулчулукта кармап турат. Кул болуп жүрүп өзүн эркин санагандар бар. Адамдар силер жөнүндө айткандарын же алар силерди кандай кабыл алып жатканын көзөмөлдөй албайсыңар, бирок ага кандай мамиле кыла турганыңарды өзүңөр тандай аласыңар.

Сүйүү – бул тандоо. Коркуу – бул реакция.

Сүйүү – бул эркиндик. Коркуу – бул көз карандылык.

Жеткилең сүйүү, коркунучту жок кылат.

## Баары бир, сүйө бергиле

Кент Киттин төмөндөгү цитатасы көбүнчө Тереза Энеге таандык деп айтылат, анткени ал аны дайыма көз а лдында кармап, эскертип турган. Силер бул цитатанын кэ э бир бөлүгүн укканыңарга ишенем, бирок мен аны толугу менен б ул жерде бергим келет.

«Адамдар көбүнчө логикасыз, акылга сыйбаган жана өзүмчүл болушат.
*Аларды баары бир сүйө бергиле.*
Эгер сен жакшылык кылсаң, сени жашыруун ниеттери жана өзүмчүлдүгү менен айыпташат.
*Баары бир жакшылык кыла бер.*
Эгерде сен ийгиликке жетсең, жалган досторду жана чыныгы душмандарды табасың.
*Баары бир ийгиликке жете бер.*
Бүгүн кылган жакшылыгың эртең эле унутулуп калышы мүмкүн.
*Баары бир жакшылык кыла бер.*
Чынчылдык жана ачыктык сени коргоосуз калтырат.
*Баары бир эле чынчыл жана ачык боло бер.*
Баштары улуу идеяларга толгон эң улуу эркектер менен аялдар да акылы чектелген кичинекей адамдардын курмандыгы болуп калышы мүмкүн.
*Баары бир эле глобалдуу ой жүгүртө бер.*
Адамдар утулгандарды аяшат, бирок жеңүүчүлөрдү гана ээрчишет.
*Жеңилгендерди коргош үчүн тура бил.*
Жылдар бою куруп келген нерсең бир күндө эле талкаланып калышы мүмкүн.
*Баары бир кура бер.*
Адамдар чындап жардамга муктаж, бирок жардамга кол сунсаң, алар колуңду тиштеп алышы мүмкүн.
*Баары бир колуңдан келгенинче жардам бере бер.*
Колуңдан келгендин баарын кыласың, бирок тиштен ары жейсиң.
*Баары бир колуңдан келгендин баарын кыла бер.”*

Адамдар силердин көңүлүңөрдү калтырат... Баары бир аларды сүйө бергиле. Мен анын бул сөздөрүн ооба, дал ушундай экенин түшүнүп, өзүмдүн жашоом менен канчалык байланыштырганымды билесиңерби. Силер бирөөнүн көңүлүн

калтырып көрдүңөр беле? Мен? Ооба. Балким, алар баштарын чайкап, «Мен андан көңүлүм калды» деп кобурап кетип калышты. Душмандар, кээде достор силерди сатып кетишет жана жарадар кылышат. Эмне кылуу керек экенин билесиңер... Баары бир сүйө бергиле. Эгер силер теңдешсиз жашоону жашагыңар келсе, анда силер мүмкүнчүлүктөрдүн жана адамдык логиканын чегинен сырткары жашоонун жаңы деңгээлине чыгышыңар керек.

Мен билем, бул башында маанисиз сезилиши мүмкүн, бирок силер адамдарга каталарынан сабак алууга мүмкүнчүлүк берсеңер, келечекте алардын жакшы болушуна жардам бересиңер.

Тилекке каршы, мага азыр кичинекей, бирок маанилүү эскертүү жасоонун жакшы убагы келип калгандай сезилет. Бул жерде сөз болуп жаткан каталарга зордук–зомбулук, чыккынчылык же мыйзамсыз иштер кирбейт. Мен бул жерде айтып жаткан каталар жаңылыштыктар, түшүнбөстүктөр же туура эмес ойлор категориясына кирет. Бул адам атайылап жасаган адепсиз иштерге, ырайымсыздыкка жана жаман ниетке тиешеси жок. Мен бул жерде туура багытта бара жатканда баарыбыз башыбыздан өткөргөн катачылыктар жана жыгылуулар жөнүндө айтып жатам.

Биз баарыбыз адамбыз жана сиз үч эсе адилсизби же катаал күнөөкөрсүзбү, баарыбыз ката кетиребиз. Бир гана айырмасы, сүйүү адил адамды бутуна турууга түрткү берет. Күнөөкөрлөр ылдыйда калып, башкаларды да өздөрү менен кошо сүйрөп кетүүгө аракет кылышканда, адил адам ордунан туруп, башкаларды да көтөрүп, жолун улантат (Накыл сөздөр 24:16ны кара). Сүйүү ар дайым көтөрүп турат жана көтөрүлөт.

> «Ал буларды адамдык амалкөйлүк жана ар кандай азгыруу ыкмасы менен адаштырган ар кандай окутуулардын шамалына айдалган, олку–солку болгон жаш балдардай болбой, тескерисинче, чындыкты сүйүү менен айтып, бардык жагынан Башчыбыз Машайакка окшошуп өсүшүбүз үчүн дайындады. Анын башчылыгы астында өз ара бириккен бардык муундардын жардамы менен бириктирилген жана

> түзүлгөн дене өзүн сүйүү менен бекемдеп, ар бир мүчөнүн өз алдынча кылган аракетине жараша» (Эф. 4:14, 15, 16).

Качан биз сүйүүдө чындыкты айтсак, ал Анын Денесин бекемдейт. Сүйүү биздин жашообуздун ар бир тармагында өсүш жаратат. Жийиркеничтүү сөздөр алсыздыкка алып барып жана өсүүнү токтотот. Бирок кантсе да, сүйүү жек көрүүдөн жана коркуудан күчтүү.

## Көңүл калуу менен кантип күрөшүү керек

Көңүл калуу – көңүлү калган күтүүлөрдүн натыйжасы. Сүйүү эң жакшыга *ишенет,* бул аны сенден бир нерсе күткөн жана сенден дайыма бир нерсени талап кылгандан башка эч нерсе кылбагандардан айырмалап турат. Сүйүү сөзсүз үмүткө алып келген сыяктуу, күтүүлөр тез эле талапка айланып кетиши мүмкүн.

Мен жолдошума ишенем, бирок үмүтүм Кудайдан. Жолдошум экөөбүз бири–бирибизди сүйөбүз, бирок бул эч качан бири–бирибиздин көңүлүбүздү калтырбадык дегенди билдирбейт... Эмне болгон болсо, ошол болду! Бирок, көңүлүбүз чөгөрүлбөй, бул коркунучтуу абалда токтоп калбай, мүмкүн болушунча тезирээк бул жерден кетүүнү чечтик. Биз башыбыздан өткөн окуянын аркасында белгилүү бир жыйынтыктарды чыгарып, каталарыбыздан сабак алып, кырдаалдан өйдө көтөрүлүп, жолубузду уланта алдык. Бири–бирибизден улам–улам жаңы кемчиликтерди тигил же бул бурчтан издеп, көңүлүбүз чөгүп, ары–бери чуркап жүрө бербестен, ушинтип жолубузду уланта бергендик жакшы болмок деп ойлодук.

Мага ишенип койгула, биз (же мен элеби?) бул абдан жакшы идея деп ойлогон учур болгон. Эгерде мен ар бир кетирген катамды эң кылдаттык менен талдап, аны уят нерсе катары карай баштасам, анда ал эч качан кайталанбагандай сезилчү. (Мен өзүмдүн каталарымды да, Джондун каталарын да бул азаптуу процедурага аёосуз алып келчүмүн).

Бирок, бул ыкма анчалык кемчиликсиз эмес болуп чыкты жана акырында менин логикам туура эмес болгондуктан, ишке ашпай калды. Анын ордуна, бул жерден эмне чыкты. Бул ыкмага ушунчалык байланып калгандыктан, биз бири–бирибизден ушунчалык кылдаттык менен тапкан кемчиликтерди гана көрө алдык. Экөөбүз бири–бирибизден эң жакшысына ишенгендин ордуна эң жаманын күтө баштадык. Жыйынтыгында бири–бирибизден издегенибизди таптык.

Мен бардык балдарымды чексиз сүйөм, бирок бул биздин мамилебизде көңүл калуу эч качан болгон эмес дегенди билдирбейт. Бул эреже эмес, өзгөчөлүк болгонуна карабастан – жана көбүнчө мен алардын көңүлү калганына себеп болгонмун – бул дагы эле алар менен болгон мамилебиздин ажырагыс бөлүгү. Ошондой эле, менден бир нече жолу көңүлү калган досторум бар.

Көңүлүңүздүн калганы сүйүүңүз өлдү дегенди билдирбейт; бул учурда Ыйык Рухтан кеңеш сурап, кайрылууга убакыт келгенин билдирет. Сүйүү жүз пайыз катышууну жана берилгендикти билдирет жана чыныгы катышуу мен ыңгайсыз суроолорго жооп берүүгө даяр болгондо жана аялуу болуудан коркпогондо пайда болот.

Бирок, менин күйөөм, балдарым же досторум мен үчүн Ыйса гана боло тургандай болуп калат деп эч качан ойлобошум керек. Эгерде мен аларга куткаруучунун ролун берип, ката кетирсем, алар мени капа кылышат, анткени мен өзүм алар үчүн чекти өтө эле бийик койгонмун.

Көрүнүп тургандай, маселе аларда же кемчиликтеринде эмес, менин көбүртүп–жабыртылган, жалган күтүүлөрүмдө.

Адамдардан көптү күтсөң, алар жетишпей калса, көңүлүң кала берет. Бирок, адамдын эң жакшы жагына ишенип, ал жетишпей калса, анда анын баары алдыда экенин, бул аягы эмес экенин түшүнөсүң.

Кудай сиздин жашооңузга киргизген адамдарды айыптап, баш тартууну каалаган сайын, коргонуу механизми ишке кирет. Ооба,

алардан кеткениң жакшы, анткени ортоңордо келишим жок. Анан алардан башка дагы сенден жүз бура турган адамдар болушу мүмкүн. Бирок, көбүнчө адамдар жабыркап, кайра алсыз болуп калгысы келбегендиктен, кетип калышат.

Кудай ар дайым мен жөнүндө менин өзүмө караганда да жакшыраак ойдо. Ал менин өткөнүмдөн таптакыр уялбайт, анткени менин келечегим Анын колунда. Ал мендеги бардык жакшы нерселерди ачуу үчүн, мени коркуу жана коркоктук көлмөсүнөн алып чыгат. Пабылга Коринфтеги жыйында чоң үмүттөр көйгөйү менен күрөшүүгө туура келген.

> «Анткени силерге барганымда, силер мен каалабагандай абалда болбосоңор экен деп, мен өзүм да силер каалабагандай абалда болбосом экен деп корком: силердин араңарда өз ара талаш–тартыш, көрө албастык, ачуулануу, чыр–чатак, жалаа жабуу, ушак, текебердик, тартипсиздик бар болбосо экен деп» (2 Кор. 12:20).

Силерди башыңардан көңүл калуу өтөт деп күтпөгүлө, анткени биз күткөн нерсеге ээ болобуз. Качан биз адамдарга жогорку талаптарды коюп, аны көргөнгө чейин, ал ишке ашмайынча, алар биздин үмүтүбүздү актамайынча аларга карата мактоого сараңдык кылганда, бул сөзсүз түрдө бизди алсыз жамандыкта жалгыз калууга алып келет, бул биз кыялдарыбыздан баш тарткан учурдагыдай эле, үмүтүбүздү да жоготууга барабар. Келгиле, адамдар биз жөнүндө кандай ойлоосун кааласак, өзүбүз да башка эл жөнүндө ошондой ойлойлу. Биздин жакшылыктарыбыз али алдыда деп ойлойлу. Ошондой эле, алар кетирген каталар жөн гана жаңылыштык, атайын эмес, өкүнүчтүү түшүнбөстүк деп ойлойлу. Сиздин каталарыңыз тагдырыңызды аныктабашы керек.

Сиз Ыйсага жооп бере аласыз же өткөн менен жашай берсеңиз болот. Тандоо сиздики. Ал эми, сиз үчүн аны эч ким кылбайт. Өзүбүздө ырайымдуулук жөнүндө ачылыш жок болуп туруп, ырайымдуулукту унутуп, биз адамдарга кол шилтеп, аларды чийип салууга шашылабыз.

## Коркуунун жолу

Коркуу – бул кымбатка турган ырахат. Ал сени кедей кылат. Ал сенин күчүңдү, кыялыңды, жакындарыңды, досторуңду, каржыңды, ишенимиңди жана үмүтүңдү уурдайт. Коркуу сени жок кылууну жана сүйүүнүн сага берешендик менен берген бардык нерселеринен ажыратууну каалайт.

Коркуу сага тыным бербейт, ал тынымсыз чабуул жасап, чабуулду күчөтөт. Коркуу чарчоого жана эс алуу керек экенине жол бербейт. Ал уйкуңарды кыянаттык менен бузуп, түшүңөрдө да кыйнап кирет. Коркуу – бул Ыйык Рухтун күчүнө, сүйүүсүнө жана акыл–эсине карама–каршы турган руханий антитезис болгон күч. Ыйык Рух сени боштондукка чыгаруу үчүн келгендей, коркуу сени шал кылуу үчүн келет.

Коркунучтун максаты – сени өсүү үчүн болгон көптөгөн мүмкүнчүлүктөрдөн ажыратуу гана эмес, ошондой эле, келечекке болгон объективдүү кабылдооңду уурдоо жана бурмалоо. Коркунучтун да, сүйүүнүн да сага жана сенин жашооңо карата өз пландары бар. Бирок, алардын айрымдары жакшылыкка багытталган болсо, кээ бирлери зыяндуу.

## Сүйүүнүн жолу

Сүйүү, тескерисинче, боорукердикке жана кең пейилдикке толгон. Сүйүүнүн жан дүйнөсү кең. Ал сиздин мамилелерди, кыялдарды жана үмүттөрдү калыбына келтирүүгө аракет кылат. Ар бирибиз Атабыз убада кылган сүйүүнүн бул түрүнө эркин жете алабыз. Ошол эле учурда, коркуунун эски топурагында сүйүүнүн жаңы убадалары өсөт деп ойлоо чоң жаңылыштык. Кудай *жаңы менен* жаңыланганды бириктирүүнү каалайт.

> «Ошондой эле жаңы шарапты эски чаначка куйбайт. Болбосо чанач айрылып, шарап төгүлүп, чанач жараксыз болуп калат. Жаңы шарапты жаңы чаначка куят, ошондо экөө тең сакталат» (Матай 9:17).

Силердин ичиңерде коркунуч баскысы келген жаңы нерсе бар. Ага мындай кылууга жол бербегиле. Коркпогон сүйүү таптакыр жаңы шарттарда, жаңы таңгактарда гана сакталат. Сүйүүнүн жаңы шарабынан даам таткандан кийин, нерселерге башкача карай баштайсыңар. Мурда милдет, күнүмдүк иш катары кабыл алган нерсеңер азыр кызмат кылууга мүмкүнчүлүк болуп калды. Силер жыйноонун ордуна берешен болуунун дагы көп жолдорун табасыңар. Сүйүү коркунучту жеңет.

## Коркпос аял

Өткөн жылы менин жакын досум туулган күнүмө мага аябай жаккан открытка белек кылгандыктан, аны күзгүмө илип койдум. Открыткада түрдүү түстүү кездемеден тигилген шым кийген жаш кыздын сүрөтү түшүрүлүп, ал эми сүрөттүн астына: «Кеп кийимде эмес, мамиледе» деген жазуу бар эле. Башкача айтканда, эмне кийгениңиз эмес, аны кантип кийгениңиз маанилүү. Сүйүүнү тайманбастык менен кийип жүрүү жакшыраак. Сүйүү – бул силер үстүнөн иштеген нерсе.

**Коркпогон аялдан өткөн, жагымдуу эч нерсе жок.**

Мен сизге ачык чындыкты айтып коёюн: коркпогон аялдан өткөн, жагымдуу эч нерсе жок.

Бейкапар эмес, бирок коркпогон. Коркпогон кыздар, Кудайдын убадаларына оронгон, ишеним менен *өзүбүзгө* Кудайдын Сөзүнүн призмасынан караганыбыз туура. Ошол эле учурда өзүбүздү өзүбүз төмөн көрүп, басынтып, баркыбызды баалабай койгонубуз бизге жакшылык алып келбейт.

Коркунучтун жетегинде биз өзүбүздү өз жөндөмсүздүк-төрүбүздүн призмасы аркылуу карайбыз жана колубуздан келбеген нерселерди гана көрөбүз. Бирок, бизге сүйүү – ошол коркпогон сүйүү түрткү бергенде – биз Кудайдын табияттан тышкаркы жөндөмдүүлүктөрүнүн булагын табабыз.

Коркуу түртүп турат, сүйүү өзүнө тартат.

Жагымдуу болуу деген эмнени билдирет?

Тшенгиле, мен үчүн сырттан кандай көрүнгөнүмдөн да чоңураак нерсе бар. Үрөй учурган автокырсыктар көптөгөн кызыгууну жана көңүл бурууну жаратат. Бул сөздүн маанисин жакшыраак түшүнүү үчүн «жагымдуу» деген сөздүн уңгусуна кайрылалы, тактап айтканда «өзүнө тартуу» дегенди билдирет, бул «тартуу, жакындатуу, кызыгууну жаратуу, кимдир бирөөнүн кандайдыр бир сезимин ойготуу же түрткү берүү, магнит сыяктуу тартуу».

Сиздин жашооңуз магнит сыяктуу батаны же каргышты тартат. Ошондуктан, өзүңүзгө суроо бериңиз:

Мен эмнеден корком?

Сүйүү мага кандай кыйынчылыктарды жаратат?

Ал адам өзгөрмөйүнчө, мен кимди кечирүүдөн баш тартам?
Мен адамдарга сүйүүмдү бергенде, кимдир бирөө менен этият болуп, аны дозалап жасап жатамбы?

Коркуу сөздөрү менен өзүмдү чырмап атып, тузакка түшүп калсамчы?

Кырдаалды өз пайдаңа бурууга убакыт келди. Анан да муну жасоо муну кылуу абдан оңой. Жөн гана жашооңорду Кудай менен гармонияга келтиргиле жана Ал силердин жашооңордо көргүсү келген бардык теңдешсиз кереметтерди Андан кабыл алгыла. Баштооңорго жардам берүү үчүн, мен силерге Пабылдын Тиметейге айткан сөздөрүнө негизделген сыйынуунун үлгүсүн берем.

Менин сүйүктүү кызым, Кудай Атабыздан жана Теңирибиз Ыйса Машаяктан сенин жашооңо ырайымдын, сүйүүнүн жана гүлдөп–өсүүнүн батасы мол төгүлүшүн тилейм! Мен сени жашооңдо Кудай берген рухий белектин жалынын кайра жандырууга чакырам. Анткени, Кудай сага эч качан коркоктук жана коркуу рухун бербейт, бирок Ыйык Рух сага зор күч–кубат, сүйүү жана сергек акыл берет!

Демек, Эгебиздин күбөлүгүнөн эч качан уялбагыла,

тескерисинче, Кудайдын кудуретин ачуу менен куралданып, жамандыкты жеңгиле. Ал бизге жаңы өмүр берди, бизди Өзү менен бирге тирилтти жана жашообузга орноткон Өзүнүн ыйык чакыруусу менен бизди Өзүнө чакырды. Бул биздин кылган жакшы иштерибиз үчүн эмес, Анын Кудайдын эрки жана заман баштала электе эле майланган Ыйса менен болгон биригүүбүзгө күбө болгон кереметтүү ырайымынын аркасында болгон! (2 Тим. 1:2, 6–9 кара).

Муну ишке ашкан нерсе катары кабыл алгыла. Ага ишенип койгула. Бул сөздөрдү жашооңор үчүн Кудайдын эрки катары кабыл алгыла. Келгиле, сыйыналы.

*Асмандагы Ата!*

*Мен жашоомо Сенин ырайымыңдын, сүйүүңдүн жана жыргалчылыгыңдын төгүлүшүн кабыл алам. Сен мага берген рухий белегиңди кайра жандырып жатам. Теңир, мен билем, Сен мага коркуу рухун бербегенсиң, ошондуктан мен анын кеңешин угуп, аткаруудан баш тартам. Ата, душман менден уурдап кеткен нерсенин баарын калыбына келтирип, кайра кайтарып берериң үчүн, ырахмат.*

*Сен мага күч–кубат, сүйүү жана таза акыл, ден соолук берүүчү Ыйык Рухту бердиң. Бүгүнкү күндөн баштап мен сүйүүнү тандайм. Мен Жакшы Кабардан уялбайм, коркунучтан титиребейм жана коркпостон сүйөм.*

## Ой жүгүртүү үчүн суроолор

1. Адамдарды коркпостон сүйүш үчүн кандай практикалык кадамдарды жасай аласыңар?
2. Силердин үй–бүлөңөрдө «биздики» дегендин ордуна, «анын» көйгөйү же «аныкы» деп айткан көйгөй барбы?
3. Жашооңордо аялуу же ачыктыктын жоктугу сүйүүнүн

жетишсиздигине алып келген жагдайлар барбы? Муну өзгөртүү үчүн эмне кыла аласыңар?

4. Жашооңордо *кетирген* ката силерди *өзүңөрдү* жаңылыштык деп сезүүгө мажбурлаган жагдайлар барбы? Кайсы жерде бул силер үчүн окшоштук болуп калды?
5. Жыгылып (күнөө кылып) жана туруудан корккон учуруңар болду беле? Балким, бул азыр болуп жаткандыр. Бул тууралуу досуңарга же сүйүктүүңөргө ачууга аракет кылгыла.
6. Силер коркпогон аял менен бейкапар аялды айырмалай аласыңарбы?

8

# Тереӊ кудуктар жанакаалоолордун кудуктары

> «Сыноолор жана кыйынчылыктар биздин чынында ким экенибизди түшүнүүгө жардам берет; алар биздин маӊызыбызды ачып, эмнеден жаралганыбызды көрүүгө мүмкүнчүлүк берет».
>
> ЧАРЛЬЗ СПЕРДЖЕН

Силер тереӊдиктин кызы болгуӊар келет дегим келет. Бирок, жашооӊордо тереӊдикти каалasaӊар, күрөктү алып, казышыӊар керек.

Чарльз Сперджен менен макул болбой коё албайм: сыноолор чынында эле чоӊ ачылыш. Жок дегенде эле, меники дал ушундай. Алар биздин мугалимдерибиз болуш керек, бирок, акыр–аягында кандай окуучу болобуз, ал бизге байланыштуу. Жаман баа алган күндөрүм болду. Анан ушундай болгондон кийин, бааны оӊдоого аракет кылдым. Чынын айтсам, мен дайыма кемчиликсиз болбосом да, бул жашоону татыктуу жашоого аракет кылам.

Ал эми, менде бул сыноолорго кандай мамиле кылууга карата тандоом бар. Мен аларга жолоочу катары мамиле кыламбы же чындап аянычтуу көрүнүштү көрсөтүп, өзүмдү аяй баштаймбы?

Биз башыбыздан өтүп жаткан нерселердин баарын, ошондой эле биз жөнүндө айтылгандарды толук көзөмөлдөй албайбыз, бирок тигил же бул кырдаалда өзүбүздү кандай алып жүрөбүз деген жоопторго келгенде, алсыздыктан бир топ алыспыз.

Бизде тандоо мүмкүнчүлүгү бар, бул бизге реакцияларыбызды толук башкарууга мүмкүндүк берет. Биз Сперженден цитата келтирип жаткандыктан, келгиле, ал сыноолорго биздин жообубуз кандай болушу керек деп ойлоорун карап көрөлү.

«Мени Түбөлүктүүлүктүн Аскасына ыргыткан толкунду өпкөндү үйрөндүм». Бул бизди таң калтырган нерселерге стандарттуу эмес, күтүүсүз реакция. Жакында неберем Софиянын сууда ойноп жатканын көргөнгө мүмкүнчүлүк болду. Ал кубаныч менен толкундарды көздөй чуркап келип, суугa боюн таштай баштады. Канча жолу толкун аны бутунан чалып, суугa башы менен чумкуп кеткени маанилүү эмес... Кантсе да, бул жөн эле оюн. Ал күлүп, түптү буту менен сезип, көзүн ушалап, суунун бетинде пайда болуп, кайрадан жаңы толкундарды көздөй жөнөдү.

Аскалар жөнүндө сөз кылып жатып, Сперджен жабыркашы мүмкүн болгон аскалуу жээкти эмес, биздин куткарылуубуздун Аскасы болгон Машаякты айтып жатат. Күн сайын бизге тагдырдын соккусуна кандай жооп кайтарарыбызды чечүүгө жаңы мүмкүнчүлүк берилет. Эгерде биз туруп туруп, коргонуу позициясын алсак, анда калкып чыккан шлактардын баары көйгөй бойдон кала берет. Бирок, биз өзүбүздү момун кылсак, бул кыйынчылыктар Ыйык Рухтун жашообузду тереңдикке толтуруусуна жана бизди чындап эле такыбаа адамдар кылууга мүмкүндүк берет. Жашоодогу кыйынчылыктар бизди кемсинтпестен, өзүбүздүн ким экенибизди көрсөтөт. Биздин табиятыбыз мурунку же азыркы жетишкендиктерибизге эмес, Машайакка жана Анын кылгандарына негизделген. Сыноолордо

биз Машаяктай болуп, бекем жана солкулдагыс болуп калабыз. Чынында эле, Машаяк бардык жагынан менден жогору турган эң белгилүү Аска. Ал менин жашоомдун борбору жана чордону. Түнкүсүн бейпилдик таба турган, таң атканда бутума таяныч таба турган Аска. Биздин үмүтүбүз жана таянычыбыз Анда гана.

## Топуракты даярдоо менен

Эми деңизден катуу жерге көчөлү. Мен Колорадо штатынын эң кооз жерлеринде жашайм, кээде жаңы жашыл бактары бар, бирок көбүнчө кургак жана какыраган. Ошентип, мен үчүн өзүмдүн жашоомду кургак жердин бир бөлүгүнө салыштыруу оңой. Биздин райондо аба ырайынын өтө татаал шарттарынан улам, топурак абдан катуу. Бирок, бакчамдын топурагы кургак болсо да, жүрөгүм жумшак болушун каалайм. Кайсы бир нерсеге капа болгонумда, мейли бул майда–чүйдө болобу, мейли коркунучтуу өңүттөгү нерсе болобу айтор, кимдир бирөө менин аймагыма басып кирип, жан дүйнөмдүн кол тийбеген дың топурагын бузду деген ойдон арыла албайм. Мен казылган топурактардын арасынан жер астына кайра кирүүгө аракет кылган зыяндуу курт–кумурскаларды байкайм. Мен алардын жер астында сойлоп жүргөнүн көрөм. Анан ошол зыяндуу курт–кумурскалар менин сабатсыздыгымдан пайдаланып, менин никемдин тамырын кемирип, достуктун бүчүрлөрүн алсыратып, өсүү процессин жайлатканын түшүнөм. Бул болгондо (жана бул мен каалагандан да көбүрөөк болот), менин Атам менен болгон маегим мындай болот:

«О, жок! Бул коркунучтуу! Кантип мындай болушу мүмкүн? Асмандагы Ата, Сен муну көрүп жатасыңбы? Менин айтканымды уктуңбу же ойлодуңбу?” Ошондо Ал мындай деп жооп берет: «Лиза, бул сен үчүн аян болду, бирок Мен үчүн эмес. Бул курттар сенин жан дүйнөңгө эбак эле орношкон. Бул суроого жооп берүүгө убакыт келди, алардын келечектеги түшүмүңө коркунуч келтирип, ошол жерде калышын каалайсыңбы?»

Жакшылап карап көрсөм, али чыга элек уруктарды байкабай

коё албайм. Булар убакытты талап кылган нерселер. Бул менин жашоомдо жана үй–бүлөмдө али аткарыла элек Кудайдын терең убадалары. Мен ал тургай, алардын качандыр бир кезде чоңоюшунан күмөн санай баштадым. Атам сабырдуулук менен түшүндүрөт:

«Бул инфекция абдан тез жайылып жатат. Тандоо ар дайым сеники, шылтоо менен аларга ылай чачып, кайра алардын иштерин жаап салсаң болот. Бирок, алар кала беришет. Эгер инфекциядан кутулууну кааласаң, андан сөз менен жана иш менен баш тартып, Мага аларды жок кылууга уруксат беришиң керек».

Алардын чындыгында кандай экенин көргөндө мен мойнума алам жана адамдын алдындагы коркунучтан, көрө албастык, шектенүү жана коркуу деген жаман курттардан баш тартам.

«Азамат! Биз азырынча бул жерде жүргөндө, сен бул отоо чөптөрдү көрүп жатасыңбы? Кел, аларды да жулуп салалы. Топурак борпоң болсо, жеңил болот. Эми алардын ордуна Менин Сөзүмдүн үрөнүн себели».

Коё турсаңар! Бул чыныгы эле согуш. Көзгө көрүнбөгөн курттар бир нерсе, ал эми убаданын аткарылышын күтүп, көзгө көрүнгөн жашыл чөптөрдүн ар бир кыйытын үзүп алуу – бул таптакыр башка нерсе. Отоо чөптөрдү дагы бир азга калтырсамбы деп акылсыздык үчүн тыныгуу кылдым. Жок дегенде жаңы өсүш пайда болгонго чейин? Аларсыз мен жылаңач топурактай болом. Мен талаша баштайм:

«Теңирим, бирок ошондо менин жерим арык жана ээн–бош болуп көрүнүп калат да».

«Лиза, сен жемиштүү көрүнгүң келеби же жемиштүү болгуң келеби?»

Бул азыркы муундун суроосу. Сырткы келбетибиз өзүбүздөн маанилүүбү? Эгерде биз жемиштүү көрүнгөнгө гана аракет кылсак, өсүштүн төрт баскычын бузуп алабыз. Жашыруун себилген нерсе бир күнү ачыкка чыгат. Мен оор үшкүрөм.

«Жакшы, ырахмат».

«Сүйлөштүк».

Ошентип, мен жылаңач топурактай болуп турам, бирок уялбайм, анткени азыр ичимдеги убадалар эч кандай тоскоолдуксуз өсөөрүн билем. Сыноолор жана кыйынчылыктар жерди тазалап, келечектеги өсүүгө тоскоол болгон нерселердин баарын жок кылат. Бул жолугушуулар бизди тазалап, келечектеги потенциалга даярдоо үчүн керек. Бул жерде «сыноо» үчүн оңой алмаштырыла турган бир нече башка сөздөр бар: байкап көрүүлөр, кыйынчылыктар, баалоо, толгонуулар жана азаптар, эксперименттер, сынактар же жөн эле тесттер.

Жогорудагы окуялардан ыңга й сыздыкка дуушар болгондо, алсыз жана күчтүү жактарыб ы зды табабыз. Бул сыноолор чогуу жана өзүнчө, жан дүйнөбүзд ү н кургак, какыраган жерлерин бошотуп, аны кийинки жаңы э тапка даярдоого жардам берет. Олуттуу даярдык болбосо, Кудайдын Сөзүндөгү нымдуулуктун көбү биздин жашообузга кире алб а йт. Жүрөгүбүз сууну сиңире албаган кургакчылыктан катып калга н топурактай болот. Эгерде кургак топурак даярдалбаса, жамгы р нөшөрлөп жааса да, биз дагы эле молчулуктун ортосунда кургакчылыкты баштан өткөрө беребиз.

Сыноолор биздин Кудайыбыздын кандай экенин көрсөтүп турат.

Сыноолордун максаты туурал у у силер менен толук макул болгум келген учурум болго н . Ошондо мен силерге айтаар элем, эгерде силер Кудайды н Сөзүнө ылайык жашасаңар, анда сага эч кандай жаман нерсе болбойт. Мен жаш, келесоо жана убакыттын сынагына турушту к бербеген окууларга белчесинен баткан болчумун. Мен бул т е рең окутуу деп ойлочумун, бирок, чындыгында анын айынан мен жашоонун үстүртөн болгон деңгээлинде жашагам.

Жашоо жана такыбалык үчүн мага керек болгон нерселердин баары чындыгында Кудайдын Сөзүндө катылган, бирок чындык жашообузга кирип, өз ишин аткарышы үчүн бизди турмуштун кыйынчылыктары чөгөлөтүп жатат. Бул көз караштан алганда, Кудайдын Сөзү жашоонун сапатын жакшыртуу боюнча сунуштардын жыйындысы эмес, бирок, жашоонун чыныгы сөздөрү.

## Өз жашооңду казып көрүү

Жашоомдо бир кыска жана чаташкан мезгил болду, себеби мен бир нерсени башкача түр көрсөтүп, жашырганды жактырчумун. Мен машайакчылыкты кабыл алганда жаш элем, жакында эле турмушка чыккан элем жана жаңыдан гана топуракты жумшартып башташым керек болчу. Үстүндө көрүнгөн бир нече чийик гана бар болчу. Бирок, баары бир заматта өзгөрүп кеткени эсимде. Кудайга жан аябастан сыйынып жана табына баштадым. Мен жаңыдан дайындалган пастордун аялы болгондуктан, жашоомдо чечиле турган эч нерсе жок деп ишенчүмүн. Таптакыр тынчсызданбастан гана туруп, мен Кудайды менин жашоомду *казып көрүүгө* чакырдым. Сөздөрүмө өкүнгөнчө бир күн да өткөн жок.

> *Урматтуу Асмандагы Ата!*
>
> *Мен казып алууну сурандым беле? Мен сөзүмдү кайра алсам болобу? Сезимдердин толкунунда мен туура эмес нерсени ачыкка чыгардым. Мен Сенден менин жашоомду көрктөндүрүүңдү сурангым келген эле.*

Сөзүмдү артка алууга уруксат берген жок. Ыйык Рухтун жетекчилиги менен мен «каз» деген сөздү айттым. Башка көптөгөн машайакчылар сыяктуу эле, менин жашоом да терең каалоолорго жана тайыз сыйынууларга толгон эле. Ушул коркунучтуу учурга чейин табынуу учурундагы сыйынууларым мени бош калтырчу. Мен айткан сөздөр менин жашоомдо эч нерсеге алып келген жок, анткени мен арналуу менен эмес, милдеттүүлүк менен сыйындым. Мен башкалардын сыйынганын уктум, мен да ошондой сыйындым. Ооба, алар мага сыйынуу бул Кудай менен сүйлөшүү экенин айтышты, бирок, мен өзүмдү кармана албай, өзүмдү периштелер курчап турган тактынын залында элестетип, алар мени угуп жана эмне деген куру сөздү айтып жатат деп ойлошуп жаткандай сездим.

Бул ойлор менин сыйынууларымды жүрөгүмдө дүрбөлөңгө

түшкөн үмүтсүздүк бороонун камтый турган сөздөр менен айтууга тоскоол болду. Мен дагы кандайдыр бир чоңураак нерсеге болгон ачкачылык сезими менен эмне кыларымды билбей калдым.

Эми азыр Кудай менин сыйынууларымды тереңдетүү үчүн сыноолорду колдоноорун билем. Мен Кудайга менин жашоомду казып алууга уруксат бермейинче, Ага менин ичимде иштөөгө кантип уруксат береримди билген эмесмин. Мен кандайдыр бир кыйынчылык же сыноону ошол замат байлачумун! Кыйынчылыктарды чечкиндүү түрдө жеңүүнүн ордуна, өзүмдү эски адаттарга жана түйүндөргө байлап салдым. Эгер алар мени жеңе баштаса, мен качып кетчүмүн. Качуу ишке ашпай калса, алар кандайдыр бир жол менен өздөрү өтүп кетишет деген үмүт менен жашынчумун.

Турмуштун кыйынчылыктары мени коркутуп, ачуумду келтирди. Башкаларга катаал болуп, өзүмө дагы катаал болуп калдым. Кымбаттуум, эгер сиз да ошондой кылсаңыз, сиздин жашооңуз өзүңүздү кыйноо үчүн өтө эле оор экенин билиңиз. Бир нече ондогон жылдардан кийин мен Сперджендин туура экенин түшүндүм. Убакыттын өтүшү менен артка кылчайып карасам, азыр Кудайдын Сөзү биздин Кимдики экенибизди айтып жатканын жана сыноолорго берген жообубуз менен биз эмнеден жаралганыбызды көрөм. Турмуштун сыноолору бизди өзгөртө турган күчкө ээ жана бизди ким болгонубуздан, ким болгубуз келгенге чейин өзгөртөт. Бирок, бараткан жолубузда биз согушпай туруп эле баатыр боло алабыз деген калпка ишенип алганбыз.

## Тереӊ кудуктар

Мага тереӊ кудук деп аталган киши менен жолугушуу абдан жагат. Бул деген анын бетинде көрүнгөндөн алда канча көп экенин билдирет. Тереӊ кудуктардын сыры бар, айта турган окуясы бар, мен таржымалдарды жакшы көрөм. Булар ушундай сыноолорду башынан өткөргөн адамдар, анын ордунда башка кудуктар болгондо эбак ылайланып, кир болуп калмак, бирок алардын суулары таза бойдон калган. Тереӊ кудуктар айланасындагыларды

сергиткен фонтанга (оргумага) айланат. Терең кудуктар чагылдырып көрсөтүү үчүн зор жөндөмгө ээ. Терең кудук менен баарлашууда, балким, ал жөнүндө эмес, өзүң жөнүндө көбүрөөк биле аласың.

Мен ушундай бир нече аялдарды билем. Аларды ар дайым жакшыраак билгиң келет. Мен алардын жанында уялам, анткени менде дагы эле көп суроолор бар. Мен алардын жанында жүргөндө сүйлөгөндөн көрө, укканды жакшы көрөм. Мен алардын ар бир сөзүн кармап калгым келет. Мен өзүм терең кудуктай болгум келет, бирок, менин жашоомдо көлчүк сыяктуу болгон учурларым көп болот.

Кээде терең кудукту таануу үчүн, мага жүрөгүм менен иштөөгө туура келет. Аларды менин кандай китептерди жазганым, кандай конференцияларда кабар айтканым анча кызыктырбайт. Алардын көбү муну менен өздөрү мактана алышат. Алар андан ары кетишет. Алар менин эмнени төгүп жатканымды билишинин кереги жок, алар менин өзүмдү эмне менен толтурганымды угууга кызыгышат. Алар менин жолдошум, балдарым, неберелерим, жүрөгүм жөнүндө сурашат. Алар кайсы жерден акырын чукуп, кайсы жерден аракет кылууну билишет. Мен түшүнө электе эле бардык тосмолорумду бузуп, кулпуларды ачып коюшкан жана мен аларга баарын айтып бердим. (Бул менин күйөөмө жакпайт.)

Мен өзүмдү тапанчанын алдында эмес, бирок, боорукердиктин таасири менен тескери бурам.

Мен бул терең кудуктарга жолукканда көп нерсени түшүнөм. Мындай адам болуу үчүн, жашоого сергек мамиле керек. Тереңдикти сатып алуу мүмкүн эмес, ага умтулуу керек. Бул биз чынчыл болуш үчүн жетиштүү түрдө кайраттуу болгонубузда гана келет. Бул жагынан алганда, тереңдик, тез–тез машыгуу менен өнүгүп жаткан булчуңга окшош.

## Каалоолордун кудуктары

Бир нече убакыт мурун Джон экөөбүзгө жумушка алуу агенттиги тарабынан кайрылышты. Бир оюн–зоок телеканалы заманбап

дүйнөдө адамдарды кызыктырган айрым терең турмуштук маселелерди руханий жактан карай турган телешоу түзүүнү чечти. Мындай өтүнүч менен бизге биринчи жолу кайрылып жатышкан жок. Бизге буга чейин ушундай реалити–шоуларга катышууну сунушташкан жана мен мындай программанын каарманы болгум келбегенимди так билчүмүн. Мен кызматкерлериме ал жерде менин болушумдун маанисин көрбөй жатканымды айттым. Бирок, агент аларды бул жолу телешоу таптакыр башкача болоруна ынандырган. Продюсерлер өз аудиториясын адамдар жооп алуу үчүн жергиликтүү жыйынга барган күндөрүн эстөөгө алып бара турган машинаны жаратууну каалашкан. Ушунчалык каалабагандык менен, акыры аракет кылууга макул болдук.

Джон бир шаарда, мен башка шаарда болчумун, биз конференц–байланыш жасадык. Бизге бир нече суроолор берилди, биз аларга чынчылдык менен жана түз жооп бердик. Чынын айтсам, алар бизге экинчи жолу чалышат деп ойлогон эмесмин, бирок алар бизди чакырышты. Продюсер биздин энтузиазмыбызды жактырганын жана биз менен дагы бир маек кургусу келгенин айтты. Бул жолу скайп аркылуу бир саат сүйлөштүк, жаздырдык. Бизге интервьюда берилиши керек болгон суроолордун тизмесин жөнөтүштү. Биринчи суроо мындай эле:

> «Менин он алты жаштагы кызым өзүнөн улуу, сексуалдык тажрыйбасы бар жигити менен жыныстык катнашта. Ал анын жашоосундагы биринчи эркек. Мен эне катары доктурга көрсөтүп, бойго бүтүрбөөчү каражаттарды колдонушу керекпи? Эмне кылышым керек?»

Мен көп ойлонбой эле, «жок» деген сөз дароо башымда пайда болду. Жашы жете элек кыз ата–энеси менен үйдө жашайт. Мен эч тартынбастан жооп берип, Ыйык Китепте бузуктукка үндөбөй эле койбостон, андан качуу керектигин түшүндүрдүм. Мен бул үй–бүлөгө чогулуп сүйлөшүп, бул кыз менен анын сүйлөшкөн жигитине эмне үчүн мындан ары жолугушпаш керектигин

түшүндүрүүнү кеңеш кылдым...

Жообумду бүтүрө электе, агент сөзүмдү бөлүп, а) алардын жыныстык мамилеси дагы деле улана берерин, б) алар биздин Ыйык Китептен цитата келтиришибизди каалашпай жаткандыгын түшүндүрө баштады. Алар жөн гана рухий кеңешти каалашкан. Андан кийин ал агенттик суроолордун тизмесин түзгөнүн, алардын бири жеке өзүнөн экенин айтты. Бул аялдын сиңдиси эркек менен жыныстык катнашта болгон, апасына болсо эмне кылуу керектиги боюнча кеңеш керек болчу. Ошол учурда маекти улантуунун кереги жок экендигин түшүндүк.

Агенттик биздин Ыйык Китепти окутуучулар экенибизди билген, бирок алар биздин Ыйык Жазуудан цитата келтиришибизди каалашкан эмес. Алар бизден терең рухий жоопту каалашкан, бирок Ыйык Китептен цитата келтирбестен. Бул чындап эле мүмкүнбү? Кудайдын кеңешинен тышкары чыныгы акылмандык барбы? Мен кызыктай болдум, эгер мен кээ бир «нью–эйдж» эксперттеринен мисал келтирсем, алар каршы чыкмак беле? Алар бизден үстүртөн, бирок кулакка терең угулган үндүү жоопторду уккусу келди – бул каалоонун кудугу.

Алар чыр–чатакка кирип, кокусунан тыюу салуулар боюнча кеңештери менен кимдир бирөөнү таарынткысы келген эмес. Алар туура эмес кылган адамдарга бата берип, алардын жамандыгын жакшы эле деп айтышыбызды каалашты. Алар алдын ала мындайча ойлонушту: «Эмне болсо, ошол бар, элге алардын туура эмес экенин билдирбеш үчүн, кабыл алынганды айталы». Алар компромиссти артык көрүштү, бирок ошол эле учурда чындыкка жакын нерсени угууну каалашты. Алар машайакчылык ишенимдердин ачык эмес, жашыруун түрдө айтылышын каалашкан. Ооба, алар Кудайдын улуу экенине кошулушат, бирок келгиле, Ыйсаны жана Ыйык Китепти босогонун ар жагында калтыралы.

Башкача айтканда, алар менин мындай сөзүмдү уккусу келген деп ишенем: «Ооба, энелик мээримиң көрсөт жана

кызыңдын дароо ЗППП ге текшерилишин суран. Каалабаган кош бойлуулуктан коргонушу үчүн, ага бойго болтурбоочу каражаттарды колдонууну үйрөт. Кийинки жолу анын жигити келгенде, күйөөң экөөңөр ага кызыңды баалуу казына катары бааларыңарды айтасыңар. Жыныстык мамиледе анын андан улуу жана тажрыйбалуу экенин сыйлай турганыңарды айткыла. Ал силердин үй–бүлөңөрдөн презервативдин пакетин белекке алуу үчүн ырайымдуу болоор бекен, аны сура. Ошентип, ага ЗППП жугуп калбашы үчүн колуңдан келгендин баарын кыласың.»

Бул кеңеш канчалык абсурд экенин көрүп жатасыңарбы? Бирок, мен түшүнөм. Продюсерлер библиялык чындыкты уккусу келген жок, алар каалоо кудугун каалашкан. Алар мага жана Джонго: «Биз силерге тыйын ыргытабыз, силер элдин каалоосун канааттандыра көргүлө. Алардын күнөөсүнө батаңарды бергиле жана алар өзүлөрүн жакшы сезсин» дешкен.

Мен көптөгөн машайакчылар терең кудукту укканды өнүктүргөндөн көрө, кудуктарды каалоолор менен гана канааттанып жатышат деп корком. Көптөгөн аялдардын каалоолору терең, бирок жашоосу үстүртөн. Алар ээрчиген дүнүйөлүк насааттар – бул өздөрүнүн гана үнүнүн куру жаңырыгы экенин билишет, бирок ошол эле мезгилде башкасы жок деп элестетишет... Демек, алар куру каалоолордун кудугуна ыраазы болушат. Алардын жашоосу жөнүндө ой жүгүрткөндө, алар буларды каалашат:

Муну айтпа.

Муну кылбаш керек.

Ага турмушка чыкпаш керек.

Ага турмушка чыгыш керек.

Мектепти бүтүрүү керек.

Достор көбүрөөк болсун.

Ага окшош болуш керек.

Муну сатып албаш керек.

Муну сатып алуу керек.
Көбүрөөк сыйынуу керек.
Ыйык Китепти көбүрөөк окуу керек.
Тартиптүүрөөк болуу керек.
Сабырдуураак болуу керек.

Каалоо менен эле баардык нерсеге жете турган болсок, анда баарыбыз сулуу, керемет, күчтүү, эр жүрөк болмокпуз. Уолт Дисней мындай деген: «Кыял – бул биз уктап жатканда жүрөктө пайда болгон каалоо». Мен буга кошулам, бирок кыялдар жана каалоолор ойгонгондо жана бул түш боюнча бир нерседир кылганда гана чындыкка айланат. Каалоо кыялды кыймылга келтирет, ишти биз жылдырабыз. Баардыгынын жакшы болушун каалоо аздык кылат, жакшы аракеттениш керек. Мына ошондо тереңдик өнүгөт.

## Алдоонун опурталдуулугу

> *«Эч ким өзүн өзү алдабасын.* Араңардан *ким бул дүйнөдө акылдуу болгусу келсе,* акылдуу болуш үчүн, акылсыз болсун. Анткени *бул дүйнөнүн акылмандыгы* – Кудай алдында *акылсыздык.* Ыйык Жазууда жазылгандай, «Ал акылмандарды өздөрүнүн эле айла–амалы менен кармайт». Ошондой эле: «Кудай акылмандардын ою куру ой экендигин билет», – деп жазылган», – деп айтылат» (1 Кор. 3:18–20су).

Ооба, бул жерде: «Эч ким өзүн өзү алдабасын» деп жазылган, бирок аял киши өзүн оңой эле алдай аларын баарыбыз билебиз. Эмне үчүн адам мейли эркек болобу, мейли аял болобу, өзүн көрсөткүсү келип, өзүн алдагысы келет? Негизи, эч ким атайылап өзүн алдагысы келбейт. Бирок, күйөөм минтип көп айтат: «Алдоонун көйгөйү – бул алдамчы».

Алдоо нерселерди, адамдарды, жагдайларды жана кеңештерди алар чынында эле болгонунан башкача кылып көрсөтөт. Алдоо

Кудайга баш ийүүнү мыйзамдуулуктун түйүнү сыяктуу сездириши мүмкүн. Алдоо жаныңдын душманын досуңдун үнү менен сүйлөтүшү мүмкүн. Алдоо ушунчалык алыска бара алгандыктан, жамандык жакшылыкка, жакшылык жамандыкка окшош болуп калат. Алдамчылыктын күчү силер эмнеге ишенериңерди билбей калмайынча, сууну булгагандыгында. Кудай биздин ушундай коркунучка туш болорубузду билгендиктен, Ал бизге убакыттын өтүшү менен өзгөрбөй турган, маданиятка жана адамдардын сезимдерине баш ийбей турган стандартты берди. Биздин стандарт – Кудайдын Сөзү, аны алып жүргөндөр – такыбаа адамдар.

Тандоо бизден. Биз эмнени каалайбыз: бул доордун акылмандыгынбы же түбөлүктүүлүктүн акылмандыгынбы? Качан бир макулук өзүн Жаратуучусунан акылдуу деп ойлосо, өзүн–өзү алдайт. Кырдаалдар сууну булгап жатканда, бизге Кудайдын Сөзү гана ачык–айкындуулукту бере алат. Эгер Ыйык Жазууну изилдебесеңер, анда акылсыздык силерге акылмандык катары көрүнөт. Силер коркунучта каласыңар, калпка ишенип, алдамчылык менен жашырынчылыкты ачыктык менен чынчылдык деп эсептейсиңер.

**Биз эмнени каалайбыз: бул доордун акылмандыгынбы же түбөлүктүүлүктүн акылмандыгынбы?**

Жыландын акылмандыгы куулук менен арамзалыкка оролгондугун унутпагыла. Куулук анын курмандыгын бир нерседен пайда көрүүгө мажбурлайт, бирок, чындыгында ал таптакыр башка максатты көздөйт. Жылан өзүнө беткап жамынып, Адам ата менен Обо энеге алардын союздашы сыяктуу көрүнүп, ички маалымат менен келген. Ал жардам берүү каалоосу менен өзүн чын жүрөктөн дос катары көрсөтүп, Адам ата менен Обо энеге Кудайга окшош болууну, жакшы менен жаманды айырмалоо үчүн кантип билимге ээ болууну сунуш кылган. Алар Кудайдын даанышмандыгын укпаса да, ушул даражага чыгасыңар деп убада берген. Биз эмнени каалайбыз: бул доордун акылмандыгын-

бы же түбөлүтүүлүктөгү акылмандыктыбы? Адам ата менен Обо эне алданууну каалашкан жок, алар жылан убада кылган нерсени каалашкан. Алар жыландын сөздөрүнө ишенүүдөн баш тартуунун ордуна, Кудай аларга калп айтты деп ишенүүнү чечишкен. Жылан аларга кудайлардай болоорун убада кылган, бирок чындыгында алар атеист – кудайсыздар болуп калышты. Ыйык Жазуу бизди эскертет:

> «Бардык адамдар жалганчы болсо да, Кудай ар дайым Өз сөзүндө турат» (Рим. 3:4).

Акылыбызды акылсыздык деп атап, Түбөлүктүү жана Даанышман Жараткандын алдында момун болгонубузда, алдамчылыктан чыгуунун жолу – тообо кылуу болот. Чындыкты кабыл алуу үчүн, жалгандан баш тартканыбызда, тообо келет.

Шайтандын жалган убадалары бүгүн бүт жер жүзүндө жаңырып жатат. Качандыр бир жолу, анын сунушу Кудайдын буйругуна караганда жумшак, боорукер жана алда канча пайдалуу көрүнгөн. Акыр–аягында, эмне жакшыраак деп ойлойсуз? Жеп өлүш керекпи же жеп, акылмандыкка ээ болуш керекпи? Жылан адамдын текебердигин жана акылсыздыгын биздин өзүбүзгө каршы колдонот. Биз чындап эле болгонубузга караганда да акылдуураак экенибизге ишенүүдөн ким баш тартат? Ошон үчүн, ал бизге кошомат кылат. Чындыгында, Машайакта болбой туруп, чыныгы акылмандык жок. Машайактан сырткары убакыт жана жердеги тажрыйба менен чектелген билим гана бар.

> «Рух болсо мындай деп ачык айтып жатат: акыркы убактарда адаштыруучу рухтарга жана жиндердин окутууларына кулак салып, кээ бирөөлөр ишенимден четтешет» (1 Тим. 4:1).

Калпчы рух бизге дайыма Кудайдын Сөзүнөн тышкары билим бар экенин айтып турат. Ал бизди биз азыркы дүйнөдө жашап жатабыз, Кудай бир кезде айткан сөздөрүн унутуп койду деп ынандырат. Бул рухтар жыландын: «Кудайды укпа, өзүңө өзүң

кудай бол» деген сөздөрүн жаңырык менен кайталап турат. Көптөр муну байкашпайт, анткени алар бир гана сыйкырчылык жана шайтанга сыйынгандар алданышат деп ойлошот. Бирок, көбүнчө жалган рухтар жана жин–перилер бизге бир нерсени көрсөтүшөт, ал эми ошол эле учурда такыр башка нерсеге умтулушат. Эгер сен машайакчы болсоң, алар сенин жаныңды ала алышпайт, ошондуктан, алар сенин күчүңдү тартып алуу жана кудугуңду булгаш үчүн баарын кылышат. Дүйнөдө кудайсыз нерселердин көбү биздин кылымда кабыл алынган. Ыйык Жазуу бизге ачык эскертет:

> «Пайдасыз, куру сөздөрдөн кач. Такыбаа болууга машык. Анткени денени машыктыруудан пайда аз, ал эми *такыбаалык бардык нерсеге пайдалуу,* анда *азыркы жана келечектеги жашоо үчүн* убадалар камтылган» (1 Тим. 4:7, 8).

Тамсилдерде эч кандай зыян жок деп ойлоп жаңылбагыла, анткени алар эч нерсеге арзыбаган нерсе деп айтылат. Бул андай эмес. Булар бизге кандайдыр бир чындыкты үйрөтүү үчүн сыйкырга оролгон жомоктор эмес, булар өлтүрүү, уурдоо жана жок кылуу үчүн жиберилген жиндердин окутуулары.

Кудайдын кеңешинен тышкары чыныгы акылмандык жок.

Ыйса биз уккубуз келген нерсе менен гана эч качан токтолуп калбайт, Ал тереңирээк кирип, эмнени угушубуз керектигин айтат.

## Өз кудугуңдан сузуп ал

Ар бирибиздин ичибизде чыныгы кудук бар. Бул биздин жаныбыз, суу алган жерибиз. Жеремия пайгамбар аны суу сактагыч деп атаган. «Анткени Менин элим эки жамандык кылды: Мени, тирүү суунун башатын, таштап кетишти, өздөрүнө талкаланган, суу сактай албаган кудуктарды казып алышты» (Жер. 2:13). Биздин жан кудуктарыбыз өтө тайыздан өтө тереңге чейин өзгөрүшү мүмкүн жана суунун деңгээли биздин мүмкүнчүлүктөрүбүзгө жараша көтөрүлүшү же төмөндөшү

мүмкүн. Кудук канчалык терең болгонунун мааниси жок... Эгерде суу сактагычта жарака болсо, ал сууну кармай албайт. Убакыттын өтүшү менен кудук тереңдеп, бекемделиши мүмкүн. Биздин жаныбыз да кудук сыяктуу идиш. Ал жерде биздин эң терең каалоолорубуз, коркууларыбыз жана кыялдарыбыз сакталат.

Кээде жан дүйнөмдүн кудугундагы суу токтоп калат. Кээде агымдай болуп калганын сезем. Кандай болбосун, кудуктун ичи тайыз болсо да, жарымы гана толсо да, же ашып–ташып турса да дайыма суу бар. Байыркы убакта душмандар кудуктарды кумга толтурушкан же ылай ыргытышкан, анткени баары суу – жашоонун булагы экенин түшүнүшкөн. Жашоодогу одоно ой жаракаттары да ошондой кыла алат.

Кудуктун толуп–аша баштаганын сезгенибизде, жан дүйнөбүздүн эң терең кайгылары жана каалоолоруна өз үнүн табууга мүмкүнчүлүк берип, аны ача алабыз. Көңүлүм чөгүп, кудугум тыгылып туруп калганын сезгенде, кээде аны ачып, жан дүйнөмдү сергитүү үчүн керек болгон нерсе – бул ыр. Үй–бүлө жана такыбаа ишенген достор менен убакыт өткөрүү жана күлкү суу сактагычты толтурат. Сөздү окуу, күндөлүк жазуу жана сыйынуу мени ысык күндө фонтандагы муздак суусундуктай сергитет.

## Өтмүшү бар аялдар

Баарыбыздын өтмүшүбүз бар. Кимдир бирөөлөрдүкү жарык болсо, башкаларыныкы кубарып турат. Кээ бирибиздин өтмүшүбүз жакшы, кээ бирибиздики коркунучтуу. Кептин баары, силердин өтмүшүңөр жакшы же катаал болгондугунда эмес, аны менен жашоонун кереги жок, ал эчак өтүп кеткен нерсе. Биз атак–даңктын же уяттын көлөкөсүндө жашоо үчүн жаралган эмеспиз. Биз жаркыраган нурга толгон келечекке карап, бүгүнкү күндүн жарыгында жашоо үчүн жаралганбыз. Адил адамдардын жолу ушундай болот.

Мен адам табияты артка кылчайып, өткөндү айтууга жакын экенин, ал эми Кудай алдыга карап, биздин келечегибизди жар

салып турганын түшүндүм. Адамдардын өтмүшүн угуу жакшы, бирок алдыга умтулуу үчүн, алардын кыял–максаттарын билүү алда канча маанилүү.

Мен көп саякаттап, насаат айтып жүргөндүктөн, миңдеген аялдарга үмүт берүү сыймыгына ээ болдум. Мен тайманбастык менен жар салганда, алардын жүздөрү жаркыраганын көрүүнү кандай гана каалайт элем:

> «Силердин жашооңорго кол салуулар силердин өткөнүңөрдөн эмес, келечектеги потенциалыңардан келип чыгат».

Күтүлбөгөн жерден алардын таржымалы али бүтө электигин түшүнүшөт. Алар өздөрүнүн жашоосу бир нерсеге арналганын түшүнүшөт жана душман аларды ыкма менен жана атайылап бутага алууда. Ошол учурда алар силер да түшүнүшүңөр керек болгон нерсени түшүнүшөт. Бул өткөн жөнүндө эмес, бирок ар дайым келечек жөнүндө гана. Ооба, тандообуздун натыйжасы бизди күтүп турат. Мен аны түшүнөм. А бирок, сиз эмне кылбаңыз, Кудай сизден мурун алдыда баратат жана сиз жол жок деп ойлогон жерге жол салып жатат.

Артка кылчайып карап, өзүңөрдүн иш–аракеттериңер менен силер үчүн ачылган жалгыз эшикти жапканыңарды элестетесиңер. Билесиңерби, эмне? Бул жалган. Ооба, бул эшик жабык, бирок артка кылчайып карасаңар, силерге башка эшик ачылганын көрөсүңөр. Бул башкача көрүнүшү мүмкүн, ага кирүү кыйыныраак болушу мүмкүн, бирок силер Кудай менен иш кылсаңар, Ал силерди дайыма болушуңар керек болгон жерге алып барат. Терең жана күчтүү кудук казып, андан суу чыгаруу үчүн, дайыма керектүү шаймандарды берет.

Көйгөйдүн баары мына мында, көбүбүз жарака кеткен кудуктун жанына отуруп алып: “Эгер мен муну кылбаган болгонумда! Мен баарын бузуп койдум!» – деп ыйлап отурабыз.

Бул мүмкүн эмес! Сен, кымбаттуу досум, анчалык күчтүү эмессиң. Өткөнү бар аял болуу, келечеги жок дегенди билдирбейт.

Өткөн жашоосу бар аял болуу – бул адамдарга сенин келечегиңди башкаруу укугун берүү дегенди билдирбейт. Сенин келечегиңди Кудай көзөмөлдөйт. Ыйык Августин бизге кудуктарды тереңдете баштоо боюнча жакшы кеңеш берет: «Силер көтөрүлгүңөр келеби? Түшүп баштагыла. Асманга мунара курууну пландап жатасыңарбы? Алгач момундуктун пайдубалын түптөгүлө».

Ыйса биздин эң төмөнкү чекитибизде биз менен бир жолу эмес, көп жолу ж олугушууну каалайт. Көбүнчө биз Аны менен куткарылуунун ал гачкы учурунда эле жолугушубуз керек деп түшүнөбүз, андан кийин Ал бизди тагдырдын тамашасына таштап кетти деп ойлойб уз. Бул негизи туура эмес. Адегенде биз Аны куткаруунун Теңи ри катары жолуктурабыз, андан кийин кайра–кайра момундук м енен Аны жаныбызды калыбына Келтирүүчү жана жүрөгүбүздүн көлмөлөрүндөгү жаракаларды Оңдоочу катары көрөбүз.

## Тайыз суугa чөгүп кетүү

Куткаруучулар ку рсун окуп жүргөндө жыл сайын адамдардын көбү коопсуз жай га жакын жерде чөгүп кетээрин билдим. Абдан опурталдуу үч чоң топ бар – булар өтө жаш (беш жашка чейинкилер), жаш жана бейкапарлар (жыйырмадан жыйырма беш жашка чейинки эркектер) жана карылар (алтымыштан ашкан) кирет. Эң кызыгы , чөгүп кеткендердин дээрлик жарымы коопсуз жерден эки метрг е жетпеген аралыкта өлөт. Алар дүрбөлөңгө түшүп, кантип ку ткарылууну түшүнбөй калышат. Мына ушундан улам, адамдардын көбү бир метрден ашпаган тайыз суугa чөгүп кетишет. Эгер ал ар акыл–эсин жыйнап, буттары менен турушса, жардам келгенге чейин тик турмак, же болбосо, суунун үстүндө калкып турушмак. Тереңдик дайыма эле киши өлтүргүч эмес, көбүнчө кандайды р бир күтүлбөгөн нерседен дүрбөлөңгө түшүү адамды өлтүрөт. Кайдыгер адамдар суунун коркунучтуу экенин түшүнүшпөйт жана өздөрүн кол тийбес деп ойлошот.

Келгиле, тайыз с ууга чөгүп кеткен аялдардын муунунан болуп калбайлы. Келгиле, Ыйык Рухтун терең казуусуна жол берели.

## Тирүү кудук

Жердеги саякатыбыздын аягында баарыбыз «Жакшы» дегенди уккубуз келет. «Жакшы» деген сөз биз эмне кылууга чакырылганыбызды кантип аткарып жатканыбызды сүрөттөйт. Адамдын жашоосу жана сүйүүсү жөнүндө сөз болгондо, «мыкты аткарылган» деген нерсе жок. Жакшы иштеген, жеткилең эмес адамдар гана бар. «Жакшы» деген сөз – бул баарыбызга белек. Бул сөз «ден соолук жана ден соолук» дегенди билдирет. Анда ката кетирип, жыгылган, бирок ар бир жолу кайра турган адамдар сүрөттөлөт. Биз ар дайым жыгылгандан бир эсе көп көтөрүлүшүбүз керек.

Эгерде бизди колдой турган тереңдикти кааласак, бул мамилени өнүктүрүшүбүз керек. Келгиле, Накыл сөздөр китебиндеги «The Passion» (24:16) котормосунда эмне жазылганын карап көрөлү:

> «Кудайды сүйгөндөр кыйынчылыкка кабылып, жети жолу жыгылышы мүмкүн, бирок алар кайра–кайра турушат».

Кыйынчылык – жашоонун мектеби. Ар бир класстын баасын, силерди дагы бир жолу көтөрүү үчүн баалоого болот. Ордуңан тур, күзгүгө кара, бул сага кымбат болсо да, жаңылганыңды мойнуңа ал. Бирок, адилетсиздер үчүн кулоо өлүмгө алып келет.

> «Адилетсиздер болсо, бир балээден кулап, эч качан көтөрүлө алышпайт».

Мен эки жетекчини эстейм, экөө тең таланттуу, өзгөчө адамдар, экөө тең бир мүдүрүлүп, бир жыгылышканы менен калыбына келүүнүн эки башка жолун тандашкан.

Бир пастор жыйындын кеңеши жана кеңешчилер тобу сунуштаган планды карап иш кылган. Бул кишиге, анын аялына жана алардын бүт үй–бүлөсүнө жогорку талаптар коюлган. Алар бардыгын таштап, башка шаарга көчүп, мурунку досторунан

жана ушунча убакыт бою жашаган чөйрөсүнөн алыстап, өздөрү тургузган жыйынды таштап кетүүгө аргасыз болушкан. Алар айыктыруу процесси аркылуу жардам берилген жаңы рухий үйдү табышты. Бул үй–бүлө мындай кескин өзгөрүүлөр гана калыбына келүүгө жардам берет деген бекем ишеним менен, таптакыр жаңы жашоону башташты.

Мен ишенем, алар кээде аларга адилетсиздик менен мамиле кылышкан жана өтө кымбат бааны төлөөгө аргасыз болдук деп ойлошу мүмкүн. Алар бир кезде дос деп эсептеген адамдардын жек көрүүсүнөн жабыр тартканын билем. Биз адамдар менен мамиле кылганда, ар дайым ката кетирүүгө орун бар. Бирок, бул үй–бүлө өз жүрөгүн таарынычтан сактап, өткөндү карабай, келечекке карап жашайбыз деп чечишти.

Джон бир күнү бул лидер менен кызматындагы, окуусундагы жана айыгуусундагы тынч мезгилинде түшкү тамакта жолуккан. Убакыт өттү, алар алдыга умтула беришти. Азыр бул түгөйлөр толук кандуу жашоодо, никелери бекем, балдары ийгиликтүү адамдар болуп чоңоюуда. Алар Америкадагы жыйындарды тургузуу менен алектенген чоң уюм менен тыгыз байланышта иштешет. Бул байланыш аркылуу алар үйрөнгөн турмуштук сабактары менен ачык бөлүшө алышат, башка лидерлерди айыктырууга жардам бере алышат жана жашоосунда болгон кулоодон өзүлөрүн коргой алышат. Алар уламдан–улам көтөрүлүштү. Бул кыйын болду, бирок алар муну жасашты.

Дагы бир жетекчи аялы менен башка жолго түшүштү. Джон бул лидер менен жазуу жүзүндө маектешкени эсимде. Жолдошум аларды эмнеси болсо да бекем турууга үндөдү. Ал макул болду. Бирок, кырсык болуп, алар башкача иш кылышты. Алар сунуш кылынган калыбына келтирүү процессинен баш тартууну чечишти.

Алар жыйындын жетекчилери алардан маанисиз иштерди талап кылып, аларга адилетсиз мамиле кылып жатканын сезишкен. Балким, кандайдыр бир жолдор менен ошондой болгон ... бир гана Кудай билет.

Каргашалуу жери, алардын таарынычтарынан улам, кайра мурунку күнөөлөрүнө батышты. Алар өздөрүнө адилетсиз мамиле кылуу боюнча адис болуп калышты. Тилекке каршы, алар эч кандай сабак алышкан жок.

Эгер биз ага өмүр сабагы эмес, өлүм өкүмү катары карасак, бизди экинчи жолу көпкө күттүрбөйт. Бир жолу жыгылганыңар силердин ийгиликсиз экениңерди билдирбейт. Тирүү болсоңор, ачуу жагдайларга туш болосуңар. Бул эрежеден өзгөчөлүктөр бар деп ойлобогула. Кээ бир адамдар кайгыга жана начар күтүлбөстүккө татыктуу чыдаса, башкалары жок. Мен муну болтурбоо мүмкүн эмес экенин билүү үчүн, жетиштүү эле көрдүм. Адамдар сени капа кылып, көңүлүңдү калтырат; кээ бирлери атайылап, башкалары билбестен. Жашоо силере кээде кыйынчылыктарды, жок дегенде ыңгайсыздыктарды берет. Ар бир адамда, тигил же бул жол менен, кырсыктар болот. Бирок, бир сонун чындык бар. Кээде менин жашоомдо ушундай кыйынчылыктар болгон, мен аларды эч качан унутпай тургандай сезилчү. А бирок, мен алардын көбүн араң эстейм. Неге? Мен дайыма ордумдан туруп, алдыга жылдым. Мен басып баратканда, жаңы кыйынчылыктар пайда болду. Ошондон бери көпүрөмдүн астынан ушунчалык көп суу агып өткөндүктөн, отуз жашымда жеңем деп үмүт кылбаган баягы кырсыктар, азыр элүү жашымда мага магистр даражасын алып келди.

Ар бир мүдүрүлүү бизге бир нерсени үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк берет. Биз тоскоолдуктарды жана кыйынчылыктарды тааный баштайбыз. Коопсуздук курун бекем тагынганын текшеребиз. Биз Сөздү окуйбуз, ал биздин жолубузду жарык кылат. Биз көтөрүлгөн сайын, жөндөмүбүз жакшырат. Кудук тереңдеп, Ыйык Рухтун тирүү суусуна орун бошотот.

## Ишенимдүү жана берилгендик менен бүтүрүү

Англис тилинде «жакшы» жана «кудук» деген сөздөр так бирдей угулат. Кудук бизге агын же фонтан сыяктуу суунун

булагынын сүрөтүн берет. Биз тирүү суунун булагынан өмүр жана күч алганыбызда, башкаларга сергитүү берүү үчүн күч алабыз. Жандуу суунун терең кудуктары, алардын булагы түгөнгүс экенин билет. Анан эл бизди карап, тайыз суунун түбүндө чачылган тыйындарды эмес, Кудайдын акыл жеткис ишенимдүүлүгүн көрүшөт.

«Азамат, жакшы жана ишенимдүү кул» деген сөздү угуу – иштин бүткөндүгүн тастыктайт. Ыйык Китеп жакшы же жаман аяктаган бир нерселер жөнүндө айтып берген окуяларга жана үлгү насаат аңгемелерге толгон. Нух кемени курууга көп жыл жумшаган. Шимшон, таптакыр сокур болгонуна карабастан, өзүнүн сапарын кереметтүү Кудайдын күчү менен аяктады. Машаякты четке каккан Петир жана Машаякты куугунтуктаган Пабыл, акыры, өздөрүнүн кызматынын күчү менен укмуштуудай жолду басып өтүштү. Ал эми, чыгымын эсептебей туруп эле үй салып баштаган дагы бир адам бар. Ал ишти жакшы баштады, бирок ишти аягына чыгарбай шылдыңга калды (Лука 14:27–29 кара). Дагы бир кул бар эле, ал кожоюнунан бир талант алган, аны ээси кайтып келгенге чейин жерге көмүүнү чечкен. Тыйындар жерден өспөйт, ошондуктан ал талантын казып алганда анын колунда баштагыдан көп да, кем да жок болчу. Баштаган жеринен бүтүргөндөн кийин, кул ыймансыз деген наамга ээ болду жана сырткы караңгылыктан орун алды (Мт. 25:14–30 кара).

**Эң негизгиси – жашоонун темпи эмес, бирок жарыштын жакшы бүтүшү.**

Үч окуя тең негизгиси жашоонун темпи эмес, жарыштын жакшы бүтүшү экенин айтат. Туруктуу, ишенимдүү, кажыбас баш ийүү мезгил–мезгили менен шыктануунун жана активдүүлүктүн көтөрүлүшүнүн фонунда дайыма жеңет. Ал эми, жолдо бир жерде мүдүрүлүп же жыгылып калсак, бирок биз дайыма көтөрүлүп, туура багытта бара берсек, Кудай бизди үйгө жетелеп келет.

Жашоодо ийгиликтүү жашоо үчүн биз терең, күчтүү

кудуктарды казышыбыз керек жана бул, баштаган ишибизди чындап аягына чыгаруу үчүн берилгендик талап кылынат. Каалоолордун кудугун ар бир адам түзө алат, бирок биздин ишибиз – терең кудуктарды, Кудайдын Сөзү менен бекемделген жана Ыйык Рухтун булагынын жаңылыгы менен жаңыланган жашоо көлмөлөрүн казуу. Бул жерде Теңирден чоң сыйлык – теңдешсиз өмүр жана убада болушу мүмкүн.

### Ой жүгүртүү үчүн суроолор

1. Учурда Кудай силердин жашооңордун кайсы тармагын «казып–ачып» жатат?
2. Терең кудукту элестеткен аялды кандай сүрөттөйт элеңер?
3. Адам библиялык болбостон туруп, рухий адам болушу мүмкүнбү?
4. Өз кудугуңарга кантип жакшыраак кам көрө алмаксыңар?

# 9

# Атаандаштыктан тышкары кыз

«Залым өлөт, анын бийлиги бүтөт, шейит өлөт жана анын бийлиги башталат».

СЁРЕН КЬЕРКЕГОР

Бул аял.

Дүйнөдөгү эң күчтүү жана зордукчул башкаруучуга ачык эле баш ийбөөчүлүк көрсөттү.

Жакшы Кабарды эч кимге окшобогон тайманбастык менен тараткан.

Ойго келген ар кандай ур–токмокко, азгырыктарга жана кыйноолорго чыдап, Жакшы Кабарга, досторуна жана Теңирине ишенимдүү бойдон калды.

Ал түрмөгө камалган, бирок, бул аны сындырган эмес.

Ал бойдок болгон, бирок жалгыздыктан алыс болчу.

Ал алгачкы жыйындын апостолдорунун арасында саналган, алгачкы жыйындын тарыхчылары анын кызматын жышаандардын жана кереметтердин саны боюнча теңдешсиз деп эсептешкен.

Балким, силерге ким жөнүндө сөз кылып жатканыбыз кызык болуп жаткандыр. Мен түшүнөм. Мен бул тууралуу жакында

эле уктум. Ал Жыйындардын энеси болгон жана ысымдары мезгилдин куму астында калган көптөгөн аялдардын бири. Мен анын эрдиктери жөнүндө өмүрүмдө бир нече жолу уккам. Мен ал тууралуу көбүрөөк билгим келди. Бул легендарлуу аял жөнүндө жеке окуяларды жетиштүү түрдө уккандан кийин, мен Жыйындардын тарыхы боюнча китептен ал тууралуу кеңири аңгемени түзө баштадым. Мен Ыйык Китепти окутуучуларга чалып, интернеттен издеп, китептерди сатып алдым. Мен анын атын билгенден кийин, анын жашоосун элестетип, жетиштүү сүрөт түзө алдым, эми аны менен сөзсүз жолугуп калыш керек деп ойлоймн.

Анын аты Фотина, же кээде аны Фотини деп коюшат. Бул грекче аты, «жаркыраган» дегенди билдирет. Ал машайакчылык ишенимине чөмүлтүлгөндө бул ысымды кабыл алган. Ыйса, баарыбызга окшоп, анын дүйнөсүн жарыктын ачылышы менен толтурган. Ыйсанын арналуучусу катары ал үстүңкү бөлмөгө чогулган шакирттердин арасында болгон. Ыйык Рухтун күчү алардын үстүнө түшкөндө, ал да ошол жерде болгон; анын үстүнө да оттун тили түшүп, ал Ыйык Рухка толуп, башка тилде сүйлөй баштаган. Элүүнчү күн майрамында Фотинага Инжилди жердин учу–кыйырына чейин жарыялоо тапшырмасы берилген.

Биздин эр жүрөк эжебиз аны чектей турган нерселердин баарын таштап, жашоонун жыргалчылыгын таштап, Африканын эң алыскы аймактарына жөнөдү. Ал жалгыз барбай, дээрлик бардык тууганадарын ээрчитип кеткен. Анын Ыйса менен жолугушуусу анын жашоосун түп–тамырынан бери өзгөрткөндүктөн, анын эки уулу жана беш эжеси тең Теңирге кайрылышкан. Фотина, анын уулу Жусуп жана эже–карындаштары Ыйса Элчилер китебинде айткандай, дүйнөнүн эң алыскы бурчтарына кетишти (1:8).

Африкада алар ишенимдүү эмгек кылышкан, Карфагенде Машаяк жөнүндөгү Жакшы Кабарды таратып, укмуштуудай жемиштерди беришкен. Алар император Нерондун бүт империядагы машайакчыларды катуу куугунтуктап, түрмөгө камап жатканын билишкенде, Фотина Кудайдын акылмандыгын издей

баштаган. Ыйса түшүндө көрүнүп, ага Римге барып, башкаруучунун алдына келүүнү буйруган. Ошондуктан, Фотина императордун каарынан жашынуунун ордуна, анын уулу жана эжеси Карфагенден келген көп сандаган машайакчылардын коштоосунда Римге сүзүп кетишкен.

Алар Машайакка болгон ишенимин ачык айтышса, аларды күтө турган кесепеттер жөнүндө эскертүүлөрдү угушкан. Адамдар өздөрүнүн Кудайына жашыруун сыйынууну суранышкан. Анын Рим армиясында офицер болуп кызмат кылган уулу Виктор менен анын Себастиан аттуу башчысынын ортосунда болгон сүйлөшүү мына мындай.

> ««Виктор, мен билем, сен, апаң жана бир тууганың Машаякты ээрчип жүргөнүңөрдү. Мен дос катары, сенден императордун эркине баш ийүүнү суранам. Машайакчылар жөнүндө маалымат берсең, алардын бардык байлыгын аласың. Мен сенин энеңе жана бир тууганыңа кат жазып, алардан Машаякты эл алдында кабарлабоону суранам. Алар өз ишенимдерин жашырын айтышсын». Виктор: «Мен бир тууганым жана апам сыяктуу машайакчылыктын жарчысы болгум келет», – деп жооп берди. Себастиан: «Оо, Виктор, сени, апаңды жана иниңди кандай кайгы күтүп турганын экөөбүз тең билебиз», – деди».

Эгер бул чечим кырсыкка кепил болорун билсек, канчаларыбыз ишенимибизди ачык уланта бермекпиз? Виктор кийин апасынын, агасынын жана жеңесинин тагдырын тең бөлүштү. Анын император Нерон менен биринчи жолугушуусу жөнүндө ошол эле документте минтип жазылган:

> «Фотинанын келиши жана анын ишмердүүлүгү шаарда кызыгууну жаратты. «Бул аял ким?» деп сурашты. «Ал көптөгөн жолдоочулары менен келип, Машайак жөнүндө зор кайраттуулук менен кабарлап жатат». Жоокерлерге аны императорго алып келүү буйругу берилди, бирок Фотина

> аларды күтүп турган. Алар аны уулу Жусуп жана машайакчы достору менен Неронго алып келишти. Аларды көргөн император эмне үчүн келгенин сурайт. Фотина болсо: «Биз сизди Машайакка ишенүүгө үйрөтүү үчүн келдик», – деп жооп берди. Рим империясынын жарым жинди башкаруучусу аны коркуткан эмес. Ал аны ишенимге келтиргиси келди!»

Нерон анын кабар айтуусун кабыл алгысы келбегени таң калыштуу эмес. Ыйсанын колундамын дегендерди темир таяктар менен колдоруна уруп сал ууну буйруду. Күзөтчүлөр Фотинаны жана анын жанында болгондордун баарын ишеними үчүн, сабаганга алып барышты. Үч саат бою алар туткундарды темир таяктар менен колдоруна сабашты, бирок машайакчылар ооруну сезишпей, жазалоочулардын күчү түгөнгөнгө чейин забур ырдашат.

Нерон уруп–сабоо аларга эч кандай таасир этпегенин билгенде, аларды түрмөгө каматып, Фотинаны жана анын эже–сиңдилерин ишенимден баш тартууга көндүрүү планын ойлоп тапкан. Бул жолу ал боорукердик аркылуу аларды өз эркине баш ийдирүүнү пландаштырды. Анын буйругу менен чоң банкет залына алты такты орнотулуп, алардын ар биринин алдына Рим империясында гана кездешүүчү ар кандай байлыктар коюлган. Император зер буюмдарын чогултууда эч кандай каражатын аяган эмес, анын алдында эч бир аял туруштук бере албайт. Ар бир аялдын алдына алтын, күмүштөн тышкары баалуу зер буюмдар, кереметтүү кийимдер коюлган. Бул байлыктын баары, ошондой эле жыргап тынч жашоо, аларга машайакчылык ишениминен баш тартуу жана Рим кудайларына курмандык чалуу үчүн сунушталган. Аларды мындай сунушка көндүрүү үчүн, император кызы Домнинаны бул ишке аралаштырган.

Домнина залга киргенде, ал Фотинаны жылуу тосуп алып, аны менен болгон маегинде Машаяктын атын атаган. Фотина аны Теңирдеги эжеси катары кабыл алган. Ал аны бекем кучактап, ишеними боюнча үй–бүлө мүчөсү катары

Машаяктын өзгөрүп турган сүйүүсү жана улуулугу жөнүндө ачык айта баштады. Домнина өзү жөнүндөгү чындыкты жашыра алган жок, бирок ишенимге каршылык көрсөтүүнүн ордуна, машайакчылыкты кабыл алган.

Сүйлөшүүдө императордун кызынын күңдөрү да бар болчу, алар да Ыйсанын жолдоочу эже–карындаштарынын оозунан Жакшы Кабардын тайманбастык менен насаатталганын угуп, ишенимге кайрылышкан. Ошондо Фотина Домнина менен анын кызматчыларынан залдагы бардык асыл таштарды алып салууну жана Рим көчөлөрүнөн тапкан кайырчыларга таратып берүүнү өтүнөт. Домнина чөмүлтүлүп, жаңы ысым алды.

Нерон ачууланды. Ал Фотинаны эже–сиңдилери жана уулдары менен бирге от аркылуу өлүмгө жиберүүнү буйруган. Бул үчүн чоң меш курулган, бирок ага ыргытылганда от аларга эч кандай зыян келтирген эмес. Анан Нерон аларды уу менен өлтүрүүнү буйруйт. Өлүм жазасына тартуучу келгенде, Фотина өз ыктыяры менен биринчи болуп өлтүрүүчү суусундукту ичкен, бирок уулуу заттар анын же үй–бүлөсүнүн эч кимисине, эч кандай таасир тийгизген эмес. Ошондо Нерон туткундарга уу менен жөнөткөндөрдүн бирида Машайакка кайрылган. Алар дагы үч жыл түрмөдөн бошотулган эмес, бул убакыттын ичинде алар ишенимдери үчүн ачууланган императордун оюна келген ар кандай кыйноолорго дуушар болушкан.

Бирок, аларды басууга аракет кылган сайын алар тууралуу сөздөр көбөйө берген. Алардын ишеними жана күчү жөнүндө сөз бүт империяга тарап, алардын түрмө камерасы сыйынуучу жайга айланган. Римдин тургундары сыйынууну кабыл алуу жана Жакшы Кабарды угуу үчүн, момундардын камераларына дайыма келип турушкан. Үч жыл бою Машаяктын кабары Римге түрмөнүн камераларынан тарап, көптөр ишенип калышкан.

Нерон түрмөгө камап койгон мурунку кызматчыларынын бирин чакыртып жиберет, бул киши ага болгон окуяны айтып берет. Ошондо император Фотинаны кошпогондо, түрмөдө отурган бардык

машайакчылардын дароо башын кесип салууну буйруган. Ал кайгы жана жалгыздык аркылуу Фотинанын чечкиндүүлүгүн сындырууга үмүттөнүп, аны түрмөдөн алып чыгып, терең, караңгы жана кургак кудукка таштоого буйрук берди. Кээ бир булактар анын башында абдан депрессияга кабылганын айтышат. Ал ачык мүрзөдө бир нече жума бою жалгыз калган. Бул Фотина үчүн караңгы күндөр болду, ал кайгырды, бирок үй–бүлөсүн жана досторун жоготкондугу үчүн эмес. Аял алардын жердеги түрмөдөн бошонуп, асмандан үй тапканын билген. Ал өзүнүн уулдары жана эже–карындаштары сыяктуу шейит болуу сыймыгына ээ болбой, шейиттик таажыдан ажыратылганына кейиди. Мен окугандардын баарынан бул мезгил ал үчүн эң оор учур болгон окшойт деген ойдо калтырат.

Ар бир тарыхый булактарда бул жагдай эскерилет. Бир версия боюнча, ал кургак кудуктун түбүндө каза болгон, бирок үмүтсүздүктөн эмес, өз каалоосу менен. Степанга окшоп, ал түшүндө Куткаруучуну көрүп, ага рухун берген. Башка жазма булактарда ал көп убакыт абакта отургандан кийин аны кудуктан алып чыгышкан, анан түшүндө Ыйсаны көргөндөн кийин түрмөдөгү жашоонун оорчулугунан кутулганы айтылат.

Кандай болгон күндө да, бул аялдын өмүрү көптөгөн адамдарды азыктандырып, сергиткен жандуу суудан турган терең кудук болгон.

## Заманбап шейиттер

Фотина суктануучуларды жана күйөрмандарды чыгарган эмес; анын жашоосу күбөлүндүрүүчүлөрдү жана кыйналып өлтүрүлгөндөрдү (шейиттерди) пайда кылган. Бул аялда мен каалаган нерсе бар болчу. Бул баарыбызга жакынкы күндөрдө керек болгон сапат – солкулдабаган чечкиндүүлүк. Жыйындар дүйнө машайакчылыкка ыңгайлуу болгондо өсөт. Бирок, берилген–арналган шакирттер сыноо мезгилинде төрөлүшөт.

Белгилүү католик тарыхчысы Кристофер Генри Доусон мындай деп жазган:

> «Жыйын жазалоочулардын таяктарынын жана балталарынын көлөкөсүндө өскөн, ар бир машайакчы физикалык кыйноо жана өлүм коркунучунда жашаган. Шейит болуу идеясы коркуу менен гана эмес, идеал жана үмүт менен дагы алгачкы машайакчылыктын бүткүл тарыхын боёп турат. Шейиттер кемчиликсиз машайакчылар, жаңы коомдун жана анын эски дүйнө менен кагылышынын чемпиону жана баатыры деп эсептелген. Ал тургай, сыноого туруштук бере албай, ишенимден четтеп кеткен машайакчылар да шейиттерди куткаруучу жана коргоочу катары карашчу».

Биз бузуку, жамандыкка жана зордук–зомбулукка толгон заманда жашап жатабыз. Мен мындан жаман болушу мүмкүн эмес деп ойлогон сайын... ого бетер начарлап жатат. Машайакчылар дагы эле шейит болуп, кыжырдануунун толкуну көтөрүлүүнүн ордуна, дүйнө кайдыгер болуп баратат. Жүрөгүм ооруйт, бирок такыр таң калган жерим жок. Жакында эле Американын жеринде машайакчылык–мектеп окуучулары куралчан адамдын кол салуусунда өз ишеними үчүн шейит болуп каза болушкан, ал киши Машайакты айткандардын баарынын башына ок атып, ал эми ишениминен баш тарткандарды болсо салкын кандуулук менен гана буттарына аткан. Биздин массалык маалымат каражаттарыбыз муну жек көрүүнүн айдыңындагы кылмыш деп атабастан, куралды көзөмөлдөө маселесин талкуулашты.

Эгер Ыйык Китеп туура чечмеленсе, жеңилдик жана боштондук дүйнө лидерлери аркылуу келбейт. Бирок, бул караңгылыктын алдында унчукпай отурушубуз керек дегенди билдирбейт. 1 Жакан (4:4) жазылгандай, биз тирүү жана дем берүүчү аян болушубуз керек:

> «Балдар! Силер Кудайдансыңар, силер аларды жеңдиңер; Анткени сенин ичиңдеги бул дүйнөгүдөн чоң».

Дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүндө машайакчылардын башы алынууда жана бул мыкаачылык менен өлтүрүлгөн видеолор өздөрүн айкаш жыгачтын адамы деп атагандардын баарына глобалдык эскертүү катары бардык жерде таратылууда. Болуп жаткан окуяларды эске алганда, кылмышкерлер биздин ким экенибизди эстеринде сактап турушат, бирок биз унутуп калдык деп ойлойм.

Бир нече убакыт мурун мусулман аскерлери Кениядагы колледждердин биринин имаратына кирип, машайакчылар таңкы сыйынууга чогулуп турган жерде, ошол жердегилердин баарын атып салышкан. Андан соң куралчан адамдар жакын жердеги жатаканадагы студенттердин жанына келип, куралдын күчү менен алардын ишеними жөнүндө сурашкан. Анда да өзүн машайакчыбыз деп айтууга кайраттуу болгондордун баары атылып салынган.

Дээрлик 150 адам өлүп, көптөрү жарадар болгон. Бул киши өлтүрүүлөр үчүн жоопкерчиликти өзүнө алган уюм бул башталышы гана деп социалдык медиа каналдары аркылуу мактанып, айкаштын элине мындан да көп кылмыштар болорун убада кылган.

Машаяк үчүн азап чегүүгө даярданууга убакыт келди. Аны четке каккандан көрө, Андан баш тарткандан көрө, жооп бере турган жүрөккө ээ болуп, азап чегүүгө даяр болгон жакшы. Биз да азаптарга шакирттердей мамиле кылышыбыз керек.

> «Алар болсо *Теңир Ыйса үчүн кордук көрүүгө татыктуу болушканына кубана* синедриондон чыгып кетишти. Ошондон кийин алар күн сайын ийбадатканада жана үйлөрдө адамдарды окутуп, Ыйса Машайак жөнүндөгү Жакшы Кабарды таратууну токтотушкан жок» (Элчилер 5:41, 42).

Машаякка болгон ишеними үчүн токмок жеген адамды

жолуктурдуңар беле? Анын *Ысымы* үчүн маскаралоого татыктуу болгонуна кубанган адам менен сүйлөштүңөр беле? Ооба, мен жолуккам. Бул ыйыктардын жашоосу жаркыраган тазалыкка толгон, анткени алар сабалганы үчүн эмес, алар Ал үчүн азап чегүүдө тирүү Ыйса менен жолугушкан. Алар, мен эңсеп жүргөн ырайымдын таажысын алышты. Мен машайакчылык ишеними үчүн өз өмүрүн тобокелге салып, талаада иштегендер менен жолугушууга мүмкүнчүлүк алдым. Бул адамдар дээрлик күн сайын коркунучта. Көбүнчө булар биздин китептерди которууда иштеген менин кымбаттуу ага–инилерим жана эже–сиңдилерим. Менин коопсуздукта жазгандарымды алар кооптуу шартта которот. Көбүнчө, алар менен чогуу иштөөгө мен өзүмдү татыксыз сезем. Алардын жашоосу мага Пабылдын 1 Корунттуктарга жазган сөздөрүн эске салат:

> «Биз да эмнеге саат сайын өзүбүздү кыйынчылыктарга туш кылып жатабыз? Мен күн сайын өлүмгө баш байлап жатам. Бир туугандар, Теңирибиз Машайак Ыйса аркылуу мен ээ болгон силердин мактооңор буга күбө» (15:30, 31).

## Батыштын алсыздыгы

Мага чынчыл болууга уруксатпы? Мен Батыш жыйындарынын абалынан корком. Тилекке каршы, биз азыр Анын ысымына шек келтирген мындай адамдарды көп жолуктурсак керек. Кээде өзүмдүн кайдыгерлигим жана өзүмчүлдүгүм мени коркутат.

Жакында Джон экөөбүз түшкү тамактануу учурунда пасторлор менен сүйлөшүп жатканбыз, алар өздөрүнүн жыйындарында Ыйса Машайакты Теңирибиз деп тааныган мүчөлөргө ойноштуктун күнөөлөрү жөнүндө дайыма эскертип турушат. Жооп катары алар таң калыштуу көз караштарды жана арсар шылтоолорду алышат. Эркек менен аял нике кыйбай туруп эле чогуу жашашат, муну баары бир качандыр бир күнү үйлөнөбүз да, азыр жыныстык катнашта болгондун эмнеси жаман деп түшүндүрүшөт.

Дагы бир кызматчы тынчсыздануу менен аялы менен ажырашууну пландаштырып жаткан белгилүү машайакчы лидеринин окуясы менен бөлүштү. Ал муну ажырашуудан улам бир жылдай насаат айта албай калышы мүмкүн экенин, андан кийин баары өз нугуна түшөт деп түшүндүрөт. Тилекке каршы, балким, ал туура. Адамдан коркуу мындан ары бизди күнөөдөн сактабайт. Теңирден коркуу гана бизди жамандыктан алыс кылат.

Ыйык Рух күчтүү таасир этип, жүздөгөн аялдарга айкаш жыгачын көтөрүп, Ыйсаны ээрчүүнү буйруган өзгөчө бир кызматтан кийин, бул лидер сахнага чыгып, бардык аялдарга кысым көрсөтпөөнү айтты, анткени Кудай алардын эч нерсе кылышына муктаж эмес. Ага жөн гана алардын ошол жерде болушу керек. Чын элеби?

Мен Ыйсага абдан ыраазымын, ал Кудайдын Уулу болуу менен токтоп калбастан, бирок Ал биз үчүн кулчулук жумуштарды кылуу үчүн, Өзүнүн кудайлык табиятынан жана артыкчылыктарынан баш тарткан. Мен жыйынды карап, анын дүйнөгө канчалык терең сүңгүп, канчалык ага аралашып кеткенине коркуу менен байкоо жүргүзөм.

## Өтмүшү бар аял

Фотинанын тарыхында баары башкача болгон. Ал да терең күнөөгө баткан, аны коомдон четтеп калган деп эсептеген учурлар болгон. Ал келечекке эч кандай үмүт калтырбаган мыйзамдын карамагында жашаган өтмүшү бар аял эле.

Ыйык Жазуу бизге бул аялдын өткөн тарыхынын терезесин ачат. Биринчи жолукканыбызда аты–жөнү жок, ажырашып кеткен, коомдогу кандайдыр бир жыргалчылыктардан четтетилген адам эле. Анын жашоосу бардык жагынан ийгиликсиз болгон. Ал өзү муну түшүнүп, суроолор жана божомолдор түрүндө Жакшы Кабарды айтты. Балким, сен да биздин досубузга окшоп, адамдар тарабынан ушунчалык айыпталууну сезгендиктен, бардык

ишенимдериң кыйытмалар жана суроолор түрүндө гана угулаттыр.

Аларды кечиргиле.

Сизди өткөн тарыхыңыз менен байланыштырган адамдар али Кудайдын ырайымын жана жогорудан төрөлүү күчүн сезе элек.

Балким, сиз өзүңүзгө суроо берип жаткандырсыз. Өткөнүм мага менин алдыма көптөгөн суроолорду койду. Булар менин жашоомдогу эң күүгүмдөнгөн, эң кир жерлер болсо да, кун аркылуу кийин булар менин эң терең кудуктарым болуп калды. Ырас, ишенимге жаңы келгендер тез эле лидерлик кызматка көтөрүлбөшү керек, бирок ошентсе да, бардык машайакчыларды куткаруучу күчтүн күбөлөрү болууга үндөш керек.

Ыйсанын баа жеткис ырайымы кыянаттык менен колдонулбашы же күнөөкөр жашоо образын актоо үчүн колдонулбашы керек (Рим. 6:1, 2). Тескерисинче, ырайым бизди өзгөртүүгө жана өзгөрүлүүгө шыктандырышы керек, ошондо биздин жашообуз адилдиктин өсүшүн көрсөтүп, жаңы ысымдарга күбө болушу керек.

Фотина «жаркыраган» деген жаңы ысымды алганга чейин биз аны улутуна карап гана билчүбүз. Биз анын Ыйса менен жекече сүйлөшкөнүн уккан кезде жолуктук. Ал биздин досубуз, самариялык аял. Бир кезде беш күйөөсү бар бул аял бир кезде беш эже–сиңди менен иштешет! Мен муну абдан жакшы көрөм, анткени Ыйык Китепте беш саны ырайымды билдирет. Ал ырайымдын үстүнө ырайым көрдү.

Мен бул аялды дайыма жакшы көрчүмүн. Көп жылдар бою мен аны чоң потенциалы бар аял катары кабыл алдым. Ал терең кудук болчу, бирок ал турмуштун тайызында жашаган. Анын сыноолору жана тандоосунун чындыгы анын ичине терең, караңгы, кургак чуңкурду казды. Анын жан дүйнөсүнүн душманы бул жер анын жашоосунда түбөлүккө талкаланышын, ар кимден обочолонуп жашап, бардык кыялдарын көмүшүн каалады.

Ыйсанын бул аял менен болгон маегин Жакандын 4–бөлүмдө

окуганда, мен ар дайым анын ордуна өзүмдү коём. Шакирттери чарчаган Ыйсаны кудуктун жанында жалгыз калтыршканы жакшы деп ойлошконун элестеттим. Чабандардын койлорун сугарууга убакыт келе элек болчу.

> «...Ошол жерде «Жакыптын кудугу» деп аталган кудук бар болчу. Жол жүрүп чарчаган Ыйса кудуктун жанына отура кетти. Алтынчы саат чамасы эле. Ошол маалда самариялык бир аял кудуктан суу алганы келди. Ыйса андан ичкенге суу сурады. Шакирттери тамак сатып алуу үчүн, шаарга кетишкен эле» (Жакан 4:6–8).

Ыйса узак жолдон жана фарисейлердин кыжаалаттыгынан чарчаган. Мен Аны Жакыптын байыркы кудугунун четинде отурганын элестетем. Жакынкы Чыгыштын түшкү аптабы аёосуз уруп турат, бирок Ал терең кудуктан соккон салкындыкты сезет. Ыйса анын тереңине карайт жана анын тарыхы жөнүндө ой жүгүртөт, аны Өзүнүн күндөрүндөгү окуялар менен салыштырат.

Алардын Жүйүт жерине болгон сапары күтүлбөгөн жерден аяктады; диний жетекчилер Аны менен Жакандын канча шакирти бар экенин санап, мелдеш уюштуруп жатканын билгенде, чөмүлтүүнү токтоткон (Жакан 1–ди кара).

Эмне үчүн алар чындап эмне болгонун көрүшкөн жок? Алар биргеликте бир кишидей болуп иштешкен. Ооба, эл көп келди. Көп жылдык кургакчылыктан кийин эл абдан ачка болгон. Эми аларга пайгамбарлык жана убада жардам берди. Алардын жашоосу чөмүлтүлүү учурундагы өкүнүү жана суу агымы аркылуу калыбына келтирилген.

Баары ыйык, үмүткө толгон болчу, бирок аны циркке айландыра башташты. Ошондуктан, Ал Иордандын суусун таштап, ушул чөлгө кетүүгө аргасыз болду.

Бир саамга Ал чаңдан жана көз уялткан күндөн көзүн жумду. Ал эс алып, Өзүнүн шакирттеринин кайтып келишин ушул байыркы

кудукта күтөт. Анын оор үшкүргөнү угулат. Бир маалда Анын жүрөгү күтүүгө толуп, Ыйык Рухтун: «Бул какыраган самариялык талаада менин максатым бар» деген шыбырын угат. Ыйса бир сөздү – оруу деген сөздү угат. Ал көзүн ачып, Самариянын жалгыз кызы сууга келе жатканын көрөт.

Ал оор идишти көтөрүп жүрөт. Анын идиши эртең менен эрте суу алып келген башка аялдардын идишине окшош. Анын идиши жүрөгү сыяктуу эле бош. Бул кыз ушунчалык төмөн түшүп кеткендиктен, ал тургай, аялдар менен мамилелешүүдөн да качат. Библиялык окумуштуулар ал кудуктун жанында түшкү аптапта эң аз адам болгон үчүн да, ошол маалда келүүнү чечкен деп божомолдошот.

Ал аны байкап турат. Ал анын Аны карап, тез эле алыстаганын байкайт. Анын кийимине карап, ал бул жүйүт экенин түшүнөт. Жүйүттөр самариялыктар менен сүйлөшпөйт, аларды жек көрүшөт. Бул аял буга чейин көйгөйлөргө туш болгон, эми аларды кайра каалабайт.

Ал кудукка аркы өйүздөн жакындайт да, идишин эңкейип, суу алып чыгууга камданат. Ал ага кайрылат. Ошондо аял таң калганынан башын көтөрүп, катып калат. Анын үнүнүн тону жана тембри аны өзүнө тартып турат. Ал талап кылбай, бир жакка чакыргансып, суу сурайт. Ишенимсиздик менен ал мындай деп жооп берет:

> «Жүйүт самариялык аялдан ичкенге суу сураса болобу? Жүйүттөр самариялыктар менен идиш–аяктарды да чогуу колдонушпайт!» (Жакан 4:9).

Эгер еврей бир стакандан суу ичсе, анда ал таза эмес болуп калат дешкенин элестете аласыңарбы. Ал Самариялык гана эмес, аял дагы да. Бирок, Ыйса аны менен чөйчөктү бөлүшүүдөн коркпойт... Ал үчүн анын каар чөйчөгүн ичүүгө да даяр. Ыйса дагы ал тааныган башка адамдардай болуп, аны пайдалангысы келбейт. Ал аны менен таанышкысы келет. Балким, ал аны

менен сүйлөшкүсү келет. Балким, Ал Аны түшүнбөгөн диний жетекчилердин текебердигинен абдан чарчагандыр. Балким, көбүбүзгө окшоп, Анын бейтааныш адамга жүрөгүн ача алгандыгы, Ага жубатарлык нерсе болот деп эсептейт.

> «Ыйса аялга: «Эгерде Кудайдын белеги эмне экендигин жана сенден суу сураган Ким экендигин билсең, сен Андан өзүң сурар элең, ошондо Ал сага тирүү суу бермек», – деп жооп берди» (10–аят).

Аял таң калды. Бул ким, ага берешен Кудай жөнүндө айтып жатат? Ал Ага жакындоо үчүн жана Анын кереметтүү нерселерди айтууга мүмкүндүк берген эмнеси бар экенин көрүү үчүн, кудуктун айланасында жүрөт. Балким, Анын бутунун алдында кандайдыр бир идиш тургандыр? Ал Анын сунушун түшүндүрө ала турган Анын жанында эч нерсеси жок экенин көрөт. Бул кишинин убадасы ал билген башка эркектердин сөздөрүндөй куру болуп калышы мүмкүнбү? Кызыгып, ал Анын тирүү сууну сузуп алуу жөндөмү жөнүндө сурайт.

> «Мырза, суу сузуп алгыдай эч нерсең жок экен, кудук болсо терең, Сенде тирүү суу кайдан болсун?» (4:11).

Ал сергитүүчү суу кудуктун тереңинен чыгышы керектигин белгилейт. Балким, бул жүйүт Жакыптын кудугунун үстүнөн күлүп жаткандыр? Кудуктун тарыхы бай жана башкаларга караганда тереңирээк. Ал Аны менен маегин улантат:

> «Сен, эмне, бизге ушул кудукту калтырган атабыз Жакыптан да чоңсуңбу? Ал өзү да, балдары да, малы да ушул кудуктан суу ичишкен» (4:12).

Кызыгы, бул кудук кылымдар бою Жакыптын кудугу деп аталып келген. Жакып деген ысымдын өзү «алдоо, орунсуз калтыруу, согончогунан кармап алуу» дегенди билдирет. Кудай

аялдын тукуму менен жыландын тукумунун ортосундагы кастык жөнүндө пайгамбарчылык кылганда, ал жылан анын тукумун согончогунан чагып жиберери тууралуу айткан. Кудай кийинчерээк Жакыптын ысымын Ысрайыл деп өзгөрткөн, ал «Кудайдын төрөсү» дегенди билдирет.

Бул жерде ойлоно турган бир нерсе бар: өзүнүн негизги муктаждыктарын камсыздай алат деп ишенген эркектер тарабынан көп жолу алданган аял, азыр Жакыптын кудугунда Ысрайылдагы Тынчтыктын Төрөсү менен сүйлөшүп жатат. Ал адашып жаткан болсо да, Ыйса муну менен Ал эмнеге ыктап жаткандыгын так билет.

Бул маектин темасы кудуктун абалы жөнүндө эмес, негизинен анын чаңкоосу жөнүндө. Ыйса кылса, Ал баарынан эң жакшы кылат... Ал анын суроолоруна көңүл бурбай, анын эң терең каалоолору жөнүндө түз сүйлөйт.

> «Бул суудан ичкен адам кайра эле суусайт. Ал эми Мен берген суудан ичкен адам түбөлүк суусабайт. Мен бере турган суу анын ичинде түбөлүк өмүргө агып баруучу булакка айланат» (Жакан 4:13, 14).

«Баардыгы» деген сөздө Ыйса ким көбүрөөк суусаса, бул жер аны берүүгө жөндөмдүү деп баарын камтыйт. Анда жүйүттөр, самариялыктар жана азыркы же келечекте бул булакка келе тургандардын баары бар. Жер бетиндеги ар бир кудук биздин, адамдык суусаганыбыздын эң сонун прототиби катары кызмат кылат.

> «The Passion» котормосунда минтип жазылган:
>
> «Эгер силер Жакыптын кудугунан ичсеңер, кайра–кайра суусайсыңар» (Жакан 4:13).

Эски кудуктар силердин чаңкооңорду ар дайым эле кандыра

**Жер бетиндеги ар бир кудук биздин, адамдык суусаганыбыздын эң сонун прототиби катары кызмат кылат.**

албайт. Муну бир гана Кудай жасай алат. Бул байыркы кудуктар адамдарга толук жардам бере алган эмес, анткени алардын булагы жердин шарттары менен чектелген. Каалаган учурда душман кирип келип, кудукка уу же топурак ыргытып жибериши мүмкүн, же узакка созулган кургакчылык аны кургатып жибериши мүмкүн.

Эски кудук сыяктуу, мыйзамды адам чыгарган буйруктар менен оңой эле ууландырса же адам жасаган ырым–жырымдардын, эрежелердин топурагына көмүп койсо болот. Самариялыктар Тоораттын алгачкы беш китебин гана таанып, алардын тоосуна сыйынышкан. Жүйүттөр мыйзам толугу менен бизге биз каалаган жашоону бере албастыгын далилдешкендигине карабастан, алар мыйзамдын көлөкөсүндө жашашкан. Бул байыркы мыйзамдар жана аталыктар бизге Ыйык Рухтун тирүү суусуна абдан муктаж экенибизди көрсөтүү үчүн берилген.

Мыйзам табынуучу жайды талап кылат. Мыйзам Кудайды кол жеткис кылат. Кудайга табынуу эрежелерге баш ийүүгө чейин түшүп, жашоонун булагы болбой калат. Мыйзамга ылайык, биздин табынуубуз туруктуу эмес, мезгилдүү болуп калат. Мыйзам боюнча, Кудайды алыстан көрүүгө болот, бирок Ага тийүүгө болбойт. Мыйзам бизге Синай тоосун берет, ал жерден биз Кудай жөнүндө ой жүгүртсөк болот, бирок Анын кучагына бой таштоого болбойт.

Кудайга сыйынуу үчүн ыйык жайыбыз ичкериде эмес, жакын жерде болсо, бизге бөтөн адамдар болуп калуу коркунучу бар. Ыйсанын самариялык аял менен жолугушуусу мыйзамдын көптөгөн чектерин жок кылды. Бул аял мыйзамды бузуп, эркек менен жашаган. Атүгүл, азыркы салыштырмалуу либералдуу

жыйында ал «күнөө ичинде жашаган» деп сүрөттөлмөк. Бирок, Ыйса анын уятсыздыгына ачык карап, анын жараланган жүрөгүнө түз сүйлөдү.

Мыйзам силерден өзү бере ала тургандан да көптү талап кылат. Тирүү сууну эч кандай идишке куюп же таразага салууга болбойт, анткени ал суюк жарык. Өлүк суу жөнүндө да ушуну айтууга болбойт. Эгерде силерге Жакыптын кудугунан жөн эле суу ичпей, өзүңөр менен суу алып кеткиңер келсе, анда силерге идиш керек. Анан ага канча суу бата турган болсо, үйгө ошончо суу алып кете аласыңар. Өлүк суу жаркырабайт, ал оор. Эгер сиз күнүнө сунушталган эки литр сууну ичсеңиз, анда салмагы боюнча бул киши башына болжол менен эки килограммды түзөт. Тамак бышырганга, тазалаганга, жууганга, жуунганга, төрт кишиден турган бүт үй–бүлөгө эсептелген суу ташып жүрсөңүз, салмагы тогуз килограммдан ашат. Башкасын айтпаганда да, идиштин өзүнүн да салмагы бар, суу алып келүү үчүн, белгилүү аралыкты басып өтүү да керек.

Суу алуу үчүн болгон сапар күн сайын кайра–кайра жасалышы керек. Ыйса туруктуу жана басылбас суусоо жөнүндө айтат. Бул аял, Жакынкы Чыгыштын кызы, кургак чөлдүү жерде өскөн, ал өмүр бою суусоо деген эмне экенин билген адам. Канчалык салкын болбосун, анын сүйүү, камкордук жана баарлашууга болгон муктаждыгын канааттандыра турган кудук да, суу да жок.

Анын жаны толугу менен чаңкап турган. Ал каалоосун ишке ашырып, жан дүйнөсүн сергите турган бир нерсе табам деп үмүттөндү, бирок ал улам–улам жалганга дуушар болуп жатты. Бул аялдын каалоолору кадыресе эле болчу, бирок көбүбүзгө окшоп туура эмес жерден жооп издечү.

Сүйүүнү каалагандын эч кандай жаман жери жок.

Жашооң башка адам менен ынак мамиледе курууну каалагандын эч кандай жаман жери жок.

Татыктуу жашагысы келгендин эч жаман жери жок.

Максатка умтулуп жашоону каалагандын эч кандай жаман жери жок.

Досторду каалагандын эч кандай жаман нерсе жок.

Табынууда жашоону каалагандын эч кандай жаман жери жок.

Ыйса анын каалоосун шылдыңдабайт жана аны жек көрбөйт. Чаңкоосун кандырууну убада кылганда, Ал аны актаганын ырастайт. Ыйса ага үмүтсүздүктүн ордуна, түбөлүк өмүрдү тартуулайт. Жан дүйнөсүндөгү туңгуюктан жана көңүлү чөккөндүктөн чын жүрөктөн Андан жалбарып суранат:

> «Мырза, суусабашым үчүн, бул жерге сууга келбешим үчүн, мага ошол суудан берчи!» (Жакан 4:15).

Бул айласыз ыйда үмүттү угам. Мен анын ичинде өзүмдү тааныйм. Ыйса, мени экинчи бул жакка келгис кылчы, анткени бул жер дайыма менин жыгылганымды эске салат экен. Мен да ага окшоп, жаштыгымдын мыйзамын сактай албагам. Ал бул белекке ээ эмес же татыктуу эмес экенин, аны бекер эле ала аларын билчү. Ал өзүнүн көз карандылыгы үчүн бардык мүлкүн чачты, суусаганы аны кул кылды.

Ыйса ага тирүү суу берерден мурун, анын өзүн бошотконго даяр экенин көрүшү керек болчу. Ал чындап эле баарын артка таштадыбы? Ал көптөн бери алчу кудуктагы өлүк, токтоп калган суу – эркектер жөнүндө айтты.

> «Ыйса ага: «Бар, күйөөңдү чакырып, бул жакка кел» деди (16–аят).

Ыйса бул сөздөрү менен анын үстүнөн бийлигин көрсөткүсү келип же анын күнөөсүн баса белгилегиси келген деп ойлобогула. Тескерисинче, Ал анын азабынын булагын – күйөөсүн көрсөтүүнү каалаган. Кайраттуу бир тууганыбыз мындай чындык менен раввин сунуп жаткан тирүү суудан куру калаарын жакшы билсе да, чындыкты айтты.

> «Менин күйөөм жок» (17–аят).

Бул чындык анын жүрөгүн оор жүк катары өйүп турса керек. Беш ийгиликсиз нике. Ошол эле учурда, ал өзүнүн жүрүм–туруму үчүн эч кандай күнөөнү же актоону көрсөтпөйт, жылаңач жийиркеничтүү чындыкты гана көрсөтөт. Менин күйөөм жок...

> «Ошондо Ыйса ага: «“Күйөөм жок”, – деп, чындыкты айттың. Сен беш жолу күйөөгө чыккансың, бирок азыркысы да күйөөң эмес. Муну сен туура айттың», – деди. (17, 18–аяттарды кара).

Ыйса чындыкты сүйлөгөн жана кайраттуулук менен мойнуна алгандар менен иштеше алат. Ал болгонун болгондой айтып берди жана Ал анын өткөн чоо–жайын кошумчалады. Беш киши аны аялым деп атап, кийинчерээк таштап кетишкен. Кээде таң калам, эмне үчүн аны күнөөлөрү үчүн жемелеп жатат? Менин чоң энем үч кишиге төрт жолу турмушка чыккан. Ал курмандык болгон эмес; анын тандоосу жана оорусу ушундай болгон. Бирок, балким, бул аялдын жашоосунда жагдай башкача болгондур. Анын чындап эле туура эмес кылганын биз так билбейбиз. Ал мыйзамдын астында жашаган, башкача айтканда, ага үйлөнгөн адам ага үйлөнүүсүн өз катасы деп чечип, көңүлү калгандыгынын далили катары кагазды калтырып кете алган. Мыйзам боюнча ал өз демилгеси менен күйөөсүн алмаштыра алган эмес. Кайра никеге туруу үчүн, ажырашууну ырастоо талап кылынат. Сиз элестете аласызбы – беш жолу ийгиликсиздик? Бул аял ушунчалык жаралуу болгондуктан, ал бир төшөктө жаткан, бирок аты башка адам менен жашоого даяр. Анын жашоосу канааттангысы келбеген табитке толгон. Анын жан дүйнөсү эзилип, бирок үмүтү дагы эле жылып турат.

> «Аял ага: «Теңир! Сенин пайгамбар экениңди көрүп турам» дейт» (19–аят).

Мен бул моюнга алуунун салмагын акыркы убакка чейин түшүнгөн эмесмин. Ал өзүнө белгисиз дүйнөгө кадам таштады, анткени самариялыктар бир гана пайгамбар – Муса бар деп ишенишкен. Бул аял Ыйсаны пайгамбар катары тааныгандан кийин, пайгамбардын сыйлыгы үчүн өзүн ачты, анткени Ыйык Жазууда: «Ким пайгамбарды пайгамбар катары кабыл алса, ал пайгамбардыкындай сыйлык алат» деп жазылып турат (Матай 10:41).

Пайгамбардын сыйлыгы кандай? Мен бул белек ар кандай жолдор менен көрүнүшү мүмкүн деп ишенем, бирок тирүү чындыктын ачылышынан жана тирүү чындыкты кабыл алуудан кымбат эч нерсе жок. Пайгамбарларды көрөгөч деп да аташат. Ыйса кайда барбасын, Ал түшүнүктүн көзүн ачкан. Ал Ыйсаны пайгамбар катары кабыл алууну чечкенде, ал өзүнүн келечегин карап, андан кайда табынышы керектигин сурады. Мен анын эски жашоосунан, эски жолдорунан канчалык чарчаганын элестете алам. Анын жашоосунда эң негизгиси сыйынуу жайы эмес, сыйынуу объекти боло турган жаңы мезгил келерин ал элестете да алган эмес.

> «Ыйса ага мындай деди: «Мага ишен, бул тоонун үстүндө да, Иерусалимде да Атага табынбай турган убак келет» (21–аят).

«The Passion» деген сөздүн арамейче котормосу бул аятты ого бетер кеңейтет:

> «Кымбаттуу аял, Мага ишен, сен Атаңа бул тоодо да, Иерусалимде да эмес, жүрөгүңдө сыйына турган убак келет».

Ал Ыйсаны пайгамбар катары урматтайт, Ал ошондой болгон жана Ыйса ага «сүйүктүүм» деп жооп берет, бул аялдын кандай экенин билдирген. Бул сөз «сүйүктүү, кымбат, кааланган, баа жеткис, баалуу, сүйүктүү» дегенди билдирет. Кызык, качан акыркы жолу аны ушинтип чакырышкан? Ал самариялык аялдын жараланган жүрөгүн жана жараланган рухун анын ой–ниети камтылган сөздөрү менен айыктырды.

Ыйсанын ар бир кызын: «Мага ишен, Менин кымбаттуум, баа жеткисим жана сүйүктүүм, сенин убактың келди...» деп чакырганын азыр да угуп жатам. Бир секунда токтогулачы. Ал сенин рухуңа эмнени шыбырап жатат?

Биздин Кудайыбыз бизге тоодо эмес, шаарда эмес, ал тургай жыйында да эң жакын эмес. Эч ким сени Анын алдынан кармап тура албайт. Бактыга жараша, эч кандай катачылык да сени ичиңде жашагандан ажырата албайт. Ыйса сенин табынууңду жүрөгүңдүн кудугунда күтөт. Ыйык Жазуу биздин Кудайыбыз үн сыяктуу жакын экенин эскертет.

> «А Ыйык Жазууда эмне деп айтылат? «Ал сөз сага жакын, ал сенин оозуңда жана жүрөгүңдө», – деп айтылат» (Рим. 10:8).

Ыйса бул аялдын жашоосунун түбүнө жеткенде, ага жаңы көз караш берген. Кандайдыр бир нерсе менен чектелген Кудай жөнүндө уккандар барбы? Ал кайда барбасын, аны тосуп алууну эңсеп келген Кудай жөнүндө? Бул кабар ага кандай таттуу болгонун элестетсеңер. Ал өз элинин арасында, жүйүттөрдүн арасында куугунтукталган, бирок Кудай анын жүрөгүндөгү ыйык жайда Өзү үчүн орун берген. Ал өзү жөнүндө Кудай менен түз жана чын жүрөктөн сүйлөшкөндөй эле, Кудайдын Уулу да ага ошондой кылып Өзүн ачып берген. Анын тандоосу аны өз жашоо чөйрөсүнүн чектеринен чыгууга мажбур кылды. Ыйса аны ичкери кирүүгө чакырат.

> «Силер эмнеге табынып жүргөнүңөрдү билбейсиңер, биз болсо билебиз. Анткени куткарылуу жүйүттөрдөн келет. Чыныгы табынуучулар Атага рух менен, чындык боюнча табына турган убакыт келет, ал тургай, келип да калды. Анткени Ата да Өзүнө ошондой табынуучуларды издейт. Кудай – Рух. Ага табынуучулар да рух менен, чындык боюнча табынуулары керек» (Жакан. 4:22–24).

Ыйса анын чектерин чындык менен солкулдатат. Эгерде бул раввиндин сөзү чын болсо, анда Ата өзүнө окшогон табынуучуларды – рухта жана чындыкта табынууну эңсеген табынуучуларды издеп жатат.

Биз тагдырдын тамашасын байкабайбыз, анткени биз Ыйса ачып берген нерселердин бардыгын түшүнүктүү чындык катары билебиз жана кабыл алабыз, бирок ал убакта Анын сөздөрү таптакыр жаңы эле. Кыязы, ал Кудай Ата жөнүндө эч качан уккан эмес. Бул тууралуу “The Passion” котормосунда мындайча жазылган:

> «Мындан ары Атага табынуу туура жерди эмес, туура жүрөктү тандоо маселеси болот. Анткени Кудай – Рух жана Ал Рухтун жана чындыктын чөйрөсүндө Ага табынып, таазим кыла турган чыныгы табынуучуларынын болушун каалайт» (Жакан 4:22, 23).

Ал аны эңсеп жүргөн Кудайы менен байланышта болушу мүмкүн. Ошол учурда ал үстөмдүк кылуучу дин менен болгон кагылышуу тажрыйбасынын айдыңында улуу үмүттү ишке ашырды деп ойлойм. Ал эмнеге ишенерин так билбей, жүрөгү үмүттөн тыбырчылап, аң–таң болуп, бирок билгенин тайманбай айтты.

> «Аял Ыйсага: «Машайак келерин билем. Ал келгенде, бизге баарын айтып берет», – деди» (25–аят).

Менин оюмча, Ыйса анын баладай баёолук ишенимине туруштук бере алган жок. Ал мындан ары андан чындык жөнүндөгү Жакшы Кабарды жашыра алган жок. Мен анын Аны кылдаттык менен карап жатканын элестетем, ал акырын:

> «Сен дал ошонун Өзү менен сүйлөшүп турасың», – деди (26–аят).

Аял Машаяктан эмнени күтсө, Ал ошону кылды... Ал ага ал жөнүндө айтып берди. Кээде Кудайыбыз бизге баарын

айтпай туруп эле, баарын ачып берет. Тынч бол, кымбаттуум. Биздин майланган Машаяк көп учурда сыйынууга байланыштуу суроолорубузга өзүбүз жөнүндө чындыкты айтуу менен жооп берет. Ал бир сокку менен акылсыз салттарды ашкерелейт жана Өзүнүн чындык кылычы менен адамдардын соттоосун кесип салат. Ким кумурасын жерге таштап, Анын артынан чуркабайт? Бул биздин Ыйса. Уят болгондордон уялбайт. Ал аларды Өзүнүн канатынын астына алып, фарисейлер (кээде шакирттери) уккусу келбеген маанилүү чындыктарды ачып берет.

Бул учур өттү. Шакирттер кайтып келишти да, Ыйсанын алардын жек көрүүгө татыктуу аял менен сүйлөшүп жатканын көрүп чочулашты. Бирок, аял эми алардын ага болгон мамилесине көңүл бурбай калды. Кудай кабыл алганын сезгенден кийин... адамдын четке кагуусу эмнени билдирет? Кызыктуусу, шакирттердин эч кимиси самариялыктарды Ыйсаны көрүүгө чакырган эмес. Бирок, бул коркунучтуу эмес, анткени Ыйса Өзүнүн чабарманын жиберип койгон эле. Ал көптөн бери ал жөнүндө ойлонуп жүргөн.

> **«**Аял суу алган идишин таштап, шаарга барды да, элге: «Жүргүлө, кылганымдын баарын айтып берген Адамды көргүлө! Ал Машайак эмеспи?» – деп айта баштады. Ошондо алар шаардан чыгып, Ыйсаны көздөй жөнөштү» (28–30).

Жакшылап карасак, анын сөздөрдү кылдаттык менен тандап алганын көрөбүз. Ал аны пайгамбар деп атаган эмес жана аны еврей деп айткан эмес, анткени экөө тең Андан өз жарандарын алыстата аларын билген. Ал аларга Ага жетүүгө жол ачуу үчүн, өзүнүн күбөлүгү менен бөлүшөт. Биздин досубуз аларды барып угуунун ордуна, келип Аны карап көрүүгө чакырганын жакшы көрөм. Биздин көзүбүз ачык болгондо, башкалардын да көрүшүн каалайбыз.

Башка адамдардын көз алдында жөнөкөй, бузулган жана кир болгон аялга Ыйсанын баалуу, маанилүү жана ыйык нерсени

ачып бергени мага абдан жагат. Баары жамандын эң жаманы деп эсептеген адамга Кудайдын сырларын айтуу менен, баарыбызга эшикти ачат. Ошон үчүн, көптөгөн китептеримде анын окуясын эске салам. Мен алардын маегинде ар дайым жаңы өңүт ачам жана ага эч качан кайдыгер калбайм.

Көптөгөн жылдар бою мен аны толугу менен жеңилген адамдан мазмундуу, берилген адамга айлантып койгон бул ынак маекти абдан жакшы көрөм. Атүгүл, анын ысмы Ыйык Китепте жок экенин жактырчумун, анткени мен бул таржымалга өз атымды оңой эле киргизип алмакмын. Бул мен анын аты Фотина, «жаркыраган» экенин билгенге чейин эле болгон. Ошол эле күнү ал Самарияда Жакшы Кабарды тарата баштады, бирок анын таасири ошол аймакта гана чектелип калбагандыгын билесиңер.

Анын баяны ар бирибизге, тайыз жашоодо жашап жаткан терең кудуктарга дем болушу керек. Пайгамбар менен табынуу жөнүндө сүйлөшүп жаткан жеңил–желпи аял жөнүндө дагы кандай түшүндүрмө бере аласың? Анын кудугу терең эле эмес... кургак да болчу. Анын беш күйөөсү, эки уулу болгон, бирок каалоосу кетпеген. Эбегейсиз зор потенциалга ээ болгон бул аял, өзүн толугу менен жан дүйнөсүнүн түпкүрүнө берген.

Бир заматта баары өзгөрүп кетти. Ал белек жөнүндө билди. Ыйса аны чакырганда, ал кайраттуулук менен Андан тирүү сууну сурады. Бул кереметтүү Машаяк аны бүт бойдон билген жана аны чексиз сүйгөн. Ошентип, теңдеши жок кызы, Анын чакырыгына жооп берип, Анын тирүү суусунан марттык менен ичти, анан барып, Жакшы Кабар таратуучу жана элчи, коркунучтарга өзүнүн солкулдабаган чечкиндүүлүгү менен тике караган Фотина болуп калды.

Өтмүшү бар аял, сен андан үлгү аласыңбы?

## Ой жүгүртүү үчүн суроолор

1. Жашооңордо Кудайдын күчүнө болгон ачкачылык барбы?
2. Фотинанын таржымалы силерге кандай таасир этти?
3. Анын кудуктагы аял болгондугу силерге кандайча жагат? Биз үчүн кандай убада бар?
4. Жашооңордо терең кудук болуп туруп, тайыз өмүр сүргөн жерлер барбы?

# 10

# Атаандаштыктан тышкары жашоо

«Силер эч качан жаңы максаттарды коюу же жаңы нерсени кыялдануу үчүн таптакыр картайып калбайсыңар.»

К.С. ЛЬЮИС

Мен силер менен дагы бир байыркы эрдиктин жана берилгендиктин таржымалын бөлүшкүм келди. Илгери–илгери күйөөнү билбеген, Фекла деген бир сулуу кыз жашачу. Бир күнү ал Пабылдын кошуна үйдөн Жакшы Кабарды айтып жатканын угуп калат. Пабыл жаш уландарды жана кыздарды өзүлөрүнүн акылдуулугу жана изгилиги менен Машаякты даңктоого үндөп жатканда, ал демин ичине тартып угуп отурду. Фекланы кудалап коюшкан эле, бирок Пабылдын сөздөрүнөн кийин ал боло турган никесинен баш тартып, калган күндөрүн Кудайдын даңкы үчүн өткөрүүнү чечкен. Пабыл Феклага кандай таасир эткенин билген эмес. Ал ортодо кыздын апасы менен күйөөсү анын чечимин ийгиликтүү деп эсептешкен жок. Алар ачууланган элди Пабылга каршы буруу үчүн, бардык

байланыштарын жана таасирлерин колдонушкан. Натыйжада, элчини Икония башкаруучуларынын биринин алдына сотко алып келишип, ал дароо аны түрмөгө каматкан.

Жүрөгү ооруган Фекла зер буюмдарын чогултуп, Пабылга түрмөдө жолугуп, андан Ыйса жөнүндөгү Жакшы Кабарды жеке угуу мүмкүнчүлүгүн берүү үчүн, күзөтчүлөргө берген. Кыздын туугандары дайынсыз жоголгон кызын Пабылдын камерасынан таап, экөөнү тең шаар башчынын алдына алып келүүнү уюштурушкан. Пабылды камчылап сабашып, шаардан кууп чыгышкан. Фекланы өз апасы сотко алып келип, кыз өлүм жазасына кесилген. Мындай козголоңго батынган кыздардын баарына сабак болушу үчүн, аны өрттөп салыш керек болчу.

Фекла өлүм жазасына тартылганы жатканда, Пабыл жана башка машайакчылар шаардын сыртындагы катакомбаларга чогулуп, катуу сыйынышкан. Фекла мамыга байланган, бирок от жагылганда от ага тийген эмес. Анан болуп көрбөгөндөй бороон болгон. Нөшөрлөп жааган жамгыр кыздын таман астындагы жалынды да өчүрүп, ал өлүмдөн аман калган. Бийлик бул грек кудайлары тарабынан жиберилген жогорудан келген белги деп чечип, коркуп, аны бошотуп, шаардан кууп чыккан. Четке кагылган Фекла башка туткундалган машайакчыларга кошулуп, алар Пабыл менен Антиохияга барууну чечишкен.

Алар шаарга кирээри менен, зор таасирге жана күчкө ээ болгон Александр аттуу бир киши Фекланын сулуулугуна арбалып, кызды Пабылдан сатып алууга аракет кылган. Бирок, баш тартууга дуушар болуп, күч менен алып кетүүгө аракет кылган. Бирок, Фекла өзүнүн ар–намысы үчүн катуу күрөшүп, күрөш учурунда Александрдын башындагы лавр гүлчамбарын ыргытып, Кудайдын жаратууларына тийбөөнү буйруп, элдин көзүнчө ал кишини басынтып, түртүп жиберет.

Ачууланган Александр аны Антиохиянын башкаруучусуна сүйрөп барат. Сурак учурунда Фекла Александрдын кийимдерин тытып, качып кетүүгө аракет кылганын мойнуна алган. Анан

ал кайрадан өлүм жазасына тартылды. Аткаруу кийинки күнгө белгиленген болчу. Бул жолу аны жапайы жаныбарлар тытып салыш керек болчу.

Антиохиянын аялдары ачууланышты. Фекланы соттоо аларга адилетсиздей көрүндү. Римдик тектүү бир аял жаш машайакчынын кыздыгын сактап калуу үчүн, өлүм жазасы аткарылганга чейин Фекланын түрмөдө эмес, өз үйүндө калышын талап кылган. Бир күнкү кечте эле алар жакын дос болуп калышты.

Эртеси эртең менен, улгайган тектүү аял Фекланы чынжыр менен байлап, каардуу арстандын алдында аренага алып чыкканда ыйлап жиберди. Жылаңач кызды арстандар менен аюулар тытып салыш үчүн, стадионго түртүп киргизгенде эл дүркүрөп кетти. Ургаачы арстан биринчи болуп кол салмак болду. Анын жанына чуркап барды, бирок ал кол салуунун ордуна артына бурулуп, Фекланын бут алдына коргоочу абалда туруп калды.

Аюу кол салууга качырып калды, бирок ал кызга тийе электе эле, аны арстан өлтүрүп салган. Арстан андан ары чабуулга өттү, бирок ургаачы арстан кайрадан кызды жактады. Согуш эки арстандын тең денелери анын бутуна жыгылып, чырмалышып өлүшү менен аяктады. Оюндун жетекчилери жабырлануучуга башка жырткычтарды каршы коюшту, бирок жырткыч айбандар биринин артынан бири күтүүсүз чегинип, кол салуудан баш тартышты. Кудайдан коркуу сезими трибунага толгондо, жаңы гана толкуп турган эл тынчып калды. Ошондо Фекла үнүн бийик чыгарып, кайраттуулук менен сыйына баштады.

Губернатор ордунан туруп, оюндарды токтотту. Ал бул аялдын ким экенин жана анын күчү эмнеде экенин билгиси келген. Ал мындай деп жооп берди: «Мен тирүү Кудайдын кулумун... Мен Кудайга жаккан Адам Уулуна ишендим. Анткени, куткарылуунун булагы жана түбөлүк өмүрдүн булагы жалгыз гана Ал... Ага ишенбеген адам жашабайт...».

Башкаруучу ага кийим алып келип, коё берүүнү буйруйт. Ошол

күнү жүздөгөн, миңдеген адамдар Машаякты кабыл алышкан. Ал эми биринчи жыйындын жылнаамаларында айтылгандай, Антиохиянын аялдары бир добуштан Кудайды даңкташты, шаардын дубалдары катуу даңктаган үн менен титиреп турганга чейин даңкташты.

Фекла узак, толук өмүр сүрүп, токсон жашында көз жумганга чейин Жакшы Кабарды тараткан.

## Кайраттуулукка толгон жашоо

Бул Фекла аттуу аялды мынчалык күчтүү кылган эмне? Ал жылаңач болгон жана уялган эмес, анткени аян аркылуу Ыйса Машайак аркылуу өзүнүн чыныгы жүзүн билген. Абдан жаш, ыймандуу болсо да, ал Кудайдын Падышачылыгынын ишенимдүү элчиси болуп калды. Аренада үнүн бийик чыгарып, өлүм алдында кайраттуулукту көрсөткөн.

Толук кийинген күндө да кафедрага чыгууга жана насаат айтууга тыюу салынган эр жүрөк кыз, ошол кандуу Колизейде жырткычтардын курчоосунда жылаңач туруп, Теңир үчүн сакталган көптөгөн жандарды жеңип алды. Мен ушундай окуяларды окуганда Обо эненин жылмайганын элестеткенди жакшы көрөм (жана Сара да жылмаярына ишенем!). Анткени, Обо эне Эйден багынын камкордугунун жана коопсуздугунун бешигинде жеңилип калган согушту, кийинчерээк Кудайдын кайрадан төрөлгөн кыздары кастыктын жылаңач ареналарында көп жолу жеңип алышкан.

Эл өлүм жазасын көрүү үчүн келген болчу, бирок анын ордуна кыздын толук акталганына күбө болушкан. Жашообуз ушул мурасты уланта берсин. Биз күн сайын куткарылышыбыз жана биздин бүткүл табиятыбыз Машаякта жана Ага гана таандык деп ырастасак, өзүбүздүн Кудай менен толуу жөндөмдүүлүгүбүздү көбөйтүп, Ыйсанын кайтып келишин тездетебиз.

Бүгүнкү күндө Ыйык Китеп жөнүндө биз адамзат тарыхындагы эч качан болуп көбөгөндөй маалыматка ээбиз. Анан бул билим

бизди кайда алып келди? Биз ашыкча маалыматка, бирок, ошол эле учурда өзгөрүүлөрдүн ачык–айкын жетишсиздигине ээбиз. Мен бүгүнкү күндө жашоонун көптөгөн тармактарында көпчүлүк учурда акыл жана талант Кудайдын Сөзүнө жана Ыйык Рухтун жетекчилигине караганда маанилүүрөөк деп корком.

Бирок, мен көбүрөөктү каалайм. Менин рухумдагы сезгеним – бул Ыйык Рухтун төгүлүшү жана теңдешсиз түшүм.

Бул талкаланган дүйнө Кудайдын күчүн көрүшү керек. Балким, алгачкы жыйындай болуп сыйынууга убакыт келди.

> «Азыр болсо, Теңир, алардын коркутуп жатканын көрүп турасың, Өзүңдүн сөзүңдү тайманбастык менен айтышыбыз үчүн, кулдарыңа кайраттуулук бере көр. Сенин ыйык Уулуң Ыйсанын атынан оорулууларды айыктыруу үчүн, кереметтерди жана жышаандарды көрсөтүү үчүн, Өзүңдүн колуңду суна көр», – деп, Кудайга чогуу сыйынышты» (Элчилер 4:29,30).

Ал сыйынуулардын башаты эмнеде болгон?

> «Ушинтип сыйынып бүтүшкөндө, алар чогулган жер солкулдап кетти. Баары Ыйык Рухка толуп, Кудайдын сөзүн тайманбастык менен айта башташты» (31–аят).

Бул Кудайдын Сөзү тайманбастык менен эч тоскоолдуксуз жарыяланышы керек болгон учур. Көп жагынан, Фекла анын убагында туш болгон кыйынчылыктар биз туш болгон кыйынчылыктардан анча деле айырмаланбайт. Ал эч ким күтпөгөн тандоо жасап, толугу менен Кудайга арналган жашоону чечкенде, кыжырдануу пайда болгон. Үй–бүлө мүчөлөрү аны ооздуктоого аракет кылышты, өкмөт анын ишенимин өзгөртүүгө, эркектер аны күч менен ээлеп алууга жана алар козголоң катары көргөн каршылыкты басууга аракет кылышты. Бирок, мунун баарына карабастан, Фекла чындап эле эркин болгон. Өмүр же өлүм ал

үчүн эч кандай мааниге ээ эмес, ал өзүнүн ким экенин – Кудуреттүү Теңирдин кулу экенин так билчү.

## Теңдешсиз жашоо

Биз бардык жерде бороон–чапкын болуп турган заманда жашап жатабыз. Ким экениңди, кимдигиңди билсең... анда туруштук бересиң. Биз теңдешсиз жашоону, Ыйык Рух гана жарата турган жашоону тандап алдык.

> «Эгерде биз Рух аркылуу өмүргө ээ болсок, анда Рухтун жетеги менен жашайлы. Менменсинбейли, бири–бирибизди кыжырдантпайлы, көрө албастык кылбайлы» (Гал. 5:25, 26).

Ошентип, биз баштаган жерибиз менен бүтөбүз. Өзүңдүн өзгөчөлүгүңдү түшүнүү менен, рухта ылайык жашай башта. Сен бирөөнүн көчүрмөсү болуу үчүн жаралган эмессиң. Сен Кудайдын Уулуна арналгансың. Асмандагы Атаңар жашооңордун эң майда–чүйдөсүнө чейин силер биринчи дем алганга чейин эле жазып койгон. Ал силердин жашооңорду тирүү тамгалар менен жазган.. Эч ким силердин жашооңорду силер үчүн жашап бербейт. Силердин китебиңердин барактарынын жашоого убактысы келди. Башка адамдардын тагдырлары менен жашап жатып, силер Ыйык Рух силер үчүн даярдаган нерселердин ишке ашпай калышына жол бересиңер. Ар бирибиздин өзүбүздүн өзгөчө жолубуз жана тагдырыбыз бар. Эгер силер теңдешсиз өмүр сүргүңөр келсе, Ыйык Рухтун жетекчилиги абдан маанилүү.

Рух жетектеген жашоо бул жөн гана түшүнүк же романтикалык түш эмес. Бул рухий тартиптин жана жекече табынуунун үлгүсү, көңүл ачуучу жашоо эмес, арналгандыкта жашоо. Жекече жана коомдук чөйрөдө баш ийүүнүн ар

**Силер бирөөнүн көчүрмөсү болуу үчүн жаралган эмессиңер. Силер Кудайдын Уулуна арналгансыңар.**

бир кадамы сайын Кудай силердин жашооңорго болгон максатын айкындап берет жана Анын үнү силерге айкыныраак угулат.

Силердин жашооңор жана анын потенциалы – бул Кудай берген курал. Силерде болгон нерселердин баары, кымбат баалуу нерселер жана таланттар чоочун адамдардын ой–пикири менен күтүүсүнүн астында көмүлүп калса, анда өкүнүчтүү болмок. Силерге жердеги көрүүчүнүн ролу берилген эмес. Жашооңордо дагы көптөгөн маанилүү жана кызыктуу нерселер бар. Силер ушуну биле турган убакыт келди.

Азыркы убакыт деген, силердин келечегиңер.

Силерде белгиленген убакыт бар. Эртеңкиге эч кимибизге кепилдик берилбейт. Бирок, дал ушул көз ирмем, ушул жерде жана азыр, ал сеники экенин жана аны эч ким тартып ала албастыгын билгин. Силердин тандоолоруңардын күчү жашооңордогу башка көз ирмемдерге таасир этиши мүмкүн.

Силерде убадага толгон укмуштуудай тагдыр бар. Бирок, өмүр китебиңер ачылбаган бойдон калышы да мүмкүн, же аны ачып, барак артынан барактай аласыңар. Карагылачы, Пабыл Галатиялыктарга эмне деп жазган:

> «Ар ким өзүнүн ишин текшерсин, ошондо ал башка бирөө тарабынан эмес, өзү тарабынан мактоого ээ болот, жана аларды башкалар менен салыштырбайт, анткени ар ким өз жүгүн өзү көтөрөт» (Гал. 6:4, 5, азыркы котормо).

Ким эмес экениңерди издөө менен алек болсоңор, өзүңөрдү табуу абдан кыйын. Эгер алсырап калбай, улантууну кааласаңар, “Жашоо” деп аталган бул сапарда силердин ролуңар кандай экенин билишиңер керек.

> «Ошентип, кандай жашап жатканыңарга көңүл коюп карап, акылсыздардай эмес, акылдуулардай жашагыла. Убакытты пайдалана билгиле, анткени убакыт жаман» (Эф. 5:15, 16).

Эгер силер убакытты алдын ала пландабасаңар, анда силер муктаждыктар менен унутулуунун ортосунда жээктен–жээкке ыргытылып жүрүп, күндөр зымырап өтүп кетет. Бул китепти койгондон кийин дароо калем жана кагазды алгыла. Убактыңарды кантип сарамжалдуу жана жеңил пайдаланууну аныктагыла, күндөрүңөр эмнеге толгондугун карап көргүлө жана кайрадан кыялданууга убакыт бергиле.

Максаттарыңарды жана кыялдарыңарды кылдаттык менен түзгүлө. Кана, теңдешсиз кыздар, эмне жөнүндө кыялданасыңар? Күтүлбөгөн жерден жашооңор кызыксыз же күнүмдүк экенин байкай аласыңар. Бирок, анын азыр кандай абалда экени маанилүү эмес. Силердин кумарыңар эмнеде? Эгер аны жоготкон болсоңор, Кудайдын алдына кайтып жана аны кайра тапканга чейин ошол жерде калгыла. Акылыңды да, жүрөгүңдү да тазала. Жөө сейилдеп, машайакчылык музыкаларды угуп, сыйынып, жан дүйнөңөрдүн булагы менен кайра байланышкыла.

Максаттарды же кыялдарды коюу үчүн силер эч качан өтө кары, өтө кедей, өтө бай, өтө билимдүү же билимсиз болбойсуңар. Ошондой эле, силер эч качан ал үчүн өтө жаш да болбойсуңар.

Кээде мен көптөгөн машаякчы аялдардын жашоосуна көз чаптырып, алардын көпчүлүгүнүн жашоо жана кызмат бийин канчалык сонун аткарып жатканын көрүп, таң калганымды мойнума алам. Ушул күндөрү алдыңкы катарда сулуу, кайраттуу, Кудайга ишенген кыздар көп болгондуктан, жүрөгүм үмүткө толот. Мен, балким өйдө сойлогонду токтотормун, балким ылдый тайганга убакыт келди деп ойлоп баштадым. Жакында мен бул жөнүндө ой жүгүртүп жатып, мени оңдогон Ыйык Рухтун үнүн уктум. «Алардын пайда болушу сага артка чегинүү керек дегенди билдирбейт. Сен мындан ары да алдыга умтулууну улантышың керек. Мен алар сени артка тартсын деп пландаган эмесмин, алар сени алдыга түртүшсүн».

Менин көтөрүлүшүмдүн траекториясы ар кандай болушу мүмкүн, бирок мен Кудайдын: «Төмөнгө кара, колуңду ылдый

түшүр» дегенин эч качан уккан эмесмин. Ал: «Жогору көтөрүл. Кайраттан!» дейт. Анын кыздары биримдикте болгондо, мен Теңирдин даңкын көрөм.

Ошентип сүйүктүүм, мен силер менен өз кумарымды бөлүшөм. Бул сизби! Силерде Майланган, Машаяк көрүнсүн деп сыйынам, эмгектенем. Силерге гана ишенип берилген нерсени табуу үчүн, мен силердин жабдылганыңарды жана Ага таянганыңарды көрүүнү чыдамсыздык менен күтөм. Мен силерге эң маанилүү изденүүлөрүңөрдө – Теңрибизди издөөдө жардам бергим келет. Бул китепти жазганда, мен өтө кенен теманы камтыгандыгымды түшүндүм, анткени биз, атаандаштар биздин пайдабыз үчүн күрөшкөн күндө жашап жатабыз. Пабыл башка убакта жашаган, бирок, ошондой болсо да, ал сүйгөн жыйын ошол эле салгылашууларды башынан өткөргөн.

> «Мен силерди Кудайдын кызганычы менен кызганып жатам, анткени силерди бир Күйөөгө – Машайакка никелеп койгом. Анын алдына таза бойдон барышыңарды каалагандыктан кызганып жатам. Обо энени жылан өзүнүн куулугу менен алдап кеткендей эле, силерди да кимдир бирөө Машайак жолундагы жөнөкөйлүктөн жана тазалыктан четтетип, акылыңарды адаштырбаса экен деп корком. Анткени бирөө келип, силерге биз жарыялагандан башка Ыйсаны, силер алгандан башка рухту, силер кабыл алгандан башка Жакшы Кабарды жарыяласа, силер ага чыдайсыңар» ( 2 Кор. 11:2–4).

Же Ыйык Китептин «The Message» котормосунда айтылгандай:

> «Мени өкүндүргөн жана мен силер үчүн ушунча күйгөн нерсе – бул менин ичимдеги күйүп турган Кудайдын кумары! Мен силерди күйөөсүнө таза жана кынтыксыз колукту катары тааныштырып, силердин колуңарды жана жүрөгүңөрдү Машаякка убада кылдым. Эми мен Обо энени жумшак

> сөздөрү менен алдап кеткен баягы жылан силерди да азгырып, Машаякка болгон сүйүүңөрдүн жөнөкөй тазалыгынан алыстатып кетеби деп корком. Кимдир–бирөө силерге биз ачып бергенден башка Машаякты – башка рух менен башка кабарды – айтып, силер аны менен макул болуп кетчүдөй болом».

Мени эне катары – же чоң эне катары уккула: силер компромисс үчүн, шайкештик үчүн жаралган эмессиңер. Жараткан Өзүнүн кайталангыстыгын силердин ДНКңарга токуп койгон. Силер гана дүйнөгө Анын сүйүүсүнүн жана даңкынын кайталангыс көрүнүшүн бере аласыңар жана мунун жемиштери жана сыйлыктары силерди түбөлүккө ээрчийт.

## Түбөлүк таажылар

Бул китептин эң башында мен силердин ким экениңерди жана Кудай ким экенин жана бизге берилген куралдардын жардамы менен Аны менен кантип жакыныраак мамиле түзүүгө болорун айттым. Бизди Кудайдын табиятына ортоктош кылган чексиз жана баалуу убадалардан тышкары, бийликти символдоштурган жасалгалоолор да бар.

Мага зер буюмдары жагат, бирок баары эле эмес, тарыхы бар зер буюмдар. Менин нике жана тойдогу шакектерим биздин баш кошуу тарыхыбызды чагылдырат. Ар бир уулумдун төрөлүшүнө сыйланган шакектерим бар. Менде кылычтын символу болгон калье, жебе түрүндөгү бир билерик бар, дагы бири кыз катары салгылашуу деген эмне экендигин билдирет. Менде досторум берген жана жашоомдогу маанилүү окуяларга же өзгөрүүлөргө байланыштуу зер буюмдарым бар. Белектин мааниси жана берилген убактысы, анын зергер буюмбу же жөн эле аксессуар экенин аныктоого жардам берет.

Мага Ханна Харнард жазган «Сенин бийик жерлериңе карай жол» деген машайякчылык новелла абдан жагат. Бул чыгарманы

биринчи жолу жыйырма жашымда окугам, бирок ал ушул күнгө чейин эсимде. Балдарыма өспүрүм кезинде окуп берчүмүн, азыр да керек болгондо өзүм окуп калам. Бул чыгарма коркунучка толгон жаш келин үйдөн бийиктикке, тоого, жеткилең сүйүү коркунучту кууп чыккан жерге чыккандагы аллегориялык–чыгарма. Саякатында ал көптөгөн бурмалоолорго, бурулуштарга жана кыйынчылыктарга туш болот жана ар бир жерде Ой–Корком деген аттуу каарман кыз курмандык чалынуучу жай куруп, эстеликке таш тандап алып, аны сумкасына салып алып жүрөт. Кайсы бир учурда ал ушунчалык көңүлү чөгүп, убадасы ушунчалык алыстай сезилгенде, ал ага жалаң гана көңүлүн калтырган нерселерди эсине салган, кереги жок сыяктуу болгон эстелик таштарды ыргытууга болгон азгырылууну сезет. Бирок, ойлонуп көрүп, ал аларды кайра чогултат, алар пайдасыз эмес болуп чыкты, анткени кийинчерээк алардын ар бири анын таажысындагы жасалгалоого айланган.

Теологдор Ыйык Жазууда конкретүү беш таажы жөнүндө айтылат деп эсептешет. Адилдик таажысын биз күнөөбүздү жана уятыбызды Машаяктын адилдигине алмаштырганда алабыз жана Ал бизге Өзүнүн куткарылуу таажысын кийгизет. Кубаныч таажысы жагдайына карабай, Кудайга сыйынгандар жана даңктагандар үчүн. Даңк таажысы – Анын даңктуу кайтып келишин чыдамсыздык менен күткөндөр үчүн. Китептин акыркы беттеринде калган эки таажы тууралуу кененирээк айтып бергим келет.

## *Соолубас таажы*

Ал жөнүндө Биринчи Корунттуктарда айтылат (9:24–27):

> «Жарышта баары чуркаганы менен бирөө гана байге аларын билесиңер. Ошондуктан байге алгыдай болуп чуркагыла. Жарышка катышуучулардын баары өздөрүн бардык жагынан тыйышат: бирөөлөр жок боло турган таажы алуу үчүн ошентишет, ал эми биз соолубас таажы алуу үчүн

> ошентебиз. Ошондуктан мен максатсыз чуркап бара жаткан жокмун, муштумум менен абаны ургулап жаткан жокмун. Бирок башкаларга насаат айтып жүрүп, өзүм жараксыз болуп калбашым үчүн, денемди зордоп кулга айландырып жатам».

Бул таажыны жарышта чуркаганы үчүн сыйлык катары алат жана биз кантип машыкканыбыз чуркообузга таасир этет. Машыгуу анча деле кызыктуу нерсе эмес, бирок бул жарыштан четтетүү же утулуп калуу эмес. Көптөгөн жагдайларда биздин машыктыруучубуз – Ыйык Рух.

> «Теңирди капа кылбагыла. Анын жүрөгүн жаралабагыла. Силердин ичиңердеги кыймылдап жана дем алып аткан Анын Ыйык Руху – бул жашооңордун эң сырлуу бөлүгү, ал силерди Ал үчүн жарактуу кылат. Бул белекти өзүнөн өзү боло бере турган нерседей кабыл албагыла» (Эф. 4:30, «The Message»).

Бардык нерсеге уруксат берилет, бирок баары эле жарышта жакшы чуркоого жардам бербегендей эле, такыбаалыкка да баары эле салым кошо бербейт. Бирок, ага эмне керек экенин Кудай билет. Ал качан ылдамдатышыбыз керек, качан жайлашыбыз керек экенин билет. Ал кимден жекече машыгууну алып, кимден оолак болуу керектигин да билет. Биз Анын сунуштарын аткаруу менен жеңебиз. Биз тез бузулуучу нерсе үчүн жарышпайбыз, биз түбөлүктүүлүккө умтулабыз.

> «Жер үстүндө байлык жыйнабагыла. Жерде аларды күбө жейт, дат басат, уурулар үйдүн түбүн казып кирип, уурдап кетишет. Андан көрө байлыкты асманга жыйнагыла. Асманда аларды күбө жебейт, дат баспайт, уурулар үйдүн түбүн казып киришпейт да, уурдап кетишпейт. Байлыгыңар кайсы жерде болсо, жүрөгүңөр да ошол жерде болот» (Матай 6:19–21).

Жүрөгүңөр асманда болсо, асманга барчу жолду да таба аласыңар. Силердин байлыгыңар жүрөгүңөрдө катылган жана

сүйүү менен корголгон. Биз сөздөргө, идеяларга, китептерге, ойлорго, коомдук байланыштарга, сулуулукка, чыгармачылыкка жана акылмандыкка толгон дүйнөдө жашап жатабыз. Бул тизменин көбү жөн гана сонун. Бирок, анда коркунучтуу нерсе да бар, ал сөзсүз түрдө силерди сүйрөп кетүүгө аракет кылат, көңүлүңөрдү чөктүрө баштайт жана кайсы бир учурда жарыштан таптакыр чыгып кетишиңер мүмкүн. Кудайдын Сөзү бизге эскертет:

> «Бул дүйнөнү жана бул дүйнөдөгүнү сүйбөгүлө. Ким бул дүйнөнү сүйсө, ал адамда Атага болгон сүйүү жок. Анткени бул дүйнөдө болгон нерсенин баары: дене кумары, көз кумары жана турмуш–тиричиликтеги текебердик. Булар Атадан эмес, бул дүйнөнүкү. Бул дүйнө өзүнүн кумарлары менен кошо жок болот. Ал эми Кудайдын эркин аткарган адам түбөлүк жашай» (1 Жакан 2:15–17).

Мунун баары бизди жердегиге байланыштыруу менен бууп турат.

Бул дүйнөнүн кумарлары үч категорияга бөлүнөт:

1. Дене кумары же нерселердин биз ойлогондой болушун каалоо.
2. Көз кумары же көзүң түшкөн нерсенин баарына ээ болгуң келгени.
3. Дүйнөлүк текебердик же маанилүү көрүнүүнү каалагандык.

Ар бирибизге өмүрүбүздө үчөө менен тең болбосо да, жок эле дегенде, бул “атаандаштардын” бирөөсү менен күрөшүүгө туура келет. Алар силердин жашооңордо сансыз жолдор менен пайда болушу мүмкүн жана алардын ар бири жашооңордун ар кайсы мезгилдеринде, ар кандай формада болушу мүмкүн. Жолдошум экөөбүз жаңы үйлөнүп, балалуу боло элек кезде мен абдан өзүмчүл болчумун. Мен баары мен каалагандай болушун каалап, дүкөндөн көргөнүмдүн дээрлик бардыгын сатып алууга даяр болчумун десем, алдабайм деп ойлойм. Кудайга шүгүр, менин жийиркеничтүү

жүрүм–турумумду кубаттаганга акчабыз жок болчу, бирок бул мен ал нерселерди байкабай калдым жана аларды каалаган жокмун дегенди билдирбейт. Анан мен беш жылдын ичинде үч балалуу болдум жана эми мен кыялданган жалгыз нерсе – бир аз уктап алуу эле! Маанилүү көрүнүү каалоосу тууралуу айта турган болсом, канчалык жашым жогорулаган сайын, үй–бүлөмдүн, досторумдун жана бир нече рухий кыздарымдын алдында өзүмдүн баалуулугумду түшүнүү, мен үчүн жетиштүү экенин сезем.

Көбүнчө биздин жүрүм–турумубузду аныктаган бул кумарлар, түбөлүктүүлүктүн салмагы астында талкаланууга дуушар боло турган дүйнөгө байланган.

Баары: ММК, музыка, жарнама жана көңүл ачуулар кумарды азыктандырууга багытталган. Адамзат тарыхында биз эч качан тиешебиз жок адамдар менен мынчалык жакын мамиледе болгон эмес элек. Адамдар көргөн адамдары (достору, туугандары) менен мамиле курууда кыйынчылыктарга дуушар болуп жаткан болсо, анда көзгө көрүнбөгөн Кудай менен болгон мамилеси алар үчүн чоң сыноо болушу таң калыштуу деле эмес.

> «Кудайдын эркин аткарган адам түбөлүк жашайт» (1 Жакан 2:17).

Дүйнө менен байланышты үзүү үчүн, биз өз эркибизди басып, Кудайдын эркин кабыл алабыз. Андан биз бул коркунучтуу байланыштардан шыпаа табабыз.

> «Кудай–Теңириңди чын жүрөгүң менен, жан–дилиң менен, бүт күчүң менен, бүт акылың менен сүй, өзүңдү кандай сүйсөң, жакыныңды да ошондой сүй» (Лука 10:27).

Жашооңордо Кудайга болгон сүйүүңөр артканда, бул дүйнөнүн тартуусу азаят. Мен Кудай жөнүндө ойлонуп, Анын мени сүйүшүнө жол бергенимде, өзүмдү жөнөкөйрөөк кабыл алганымды байкайм. Өзүмө жөнөкөйрөөк мамиле кылсам, айланамдагыларды көбүрөөк

сүйөм. Кудайга көңүл бурганымда, башкаларга сүйүү көрсөткөндө, мен бош нерселердин артынан куубайм, анткени менин мамилелерим бул туңгуюкту толтурат.

> «Бузуктук кылуучулар, бул дүйнө менен болгон достук Кудайга каршы кастык экенин билбейсиңерби? Бул дүйнө менен дос болууну каалаган адам Кудайдын душманы болуп калат» (Жакып 4:4).

Кээде мен Ыйык Жазууга олуттуу карайбызбы же ал биздин "ырайымдын үйүн куруубузга" мындан ары тиешеси жокпу деп ойлоп кетем. Кимдир бирөөнүн аң–сезимдүү түрдө Жаратуучусуна каршы чыгууну тандап алганын элестетүү кыйын. Пабыл мыйзамдын астында жана ошол эле учурда ырайымдын алдында жашагысы келген ойноштук кылгандар менен мамиле кылган. Жакып түбөлүк келишими бар, бирок Лоттун аялына окшоп, бул дүйнөнүн таасири менен күрөшүп жаткандарга кайрылып жатат.

Көңүл бургула, бул өзгөрүү жөн гана дүйнө менен достук мамиледе болуу, тагыраагы, дүйнөдөгү бардык нерсеге түшүнүү менен кароо каалоосу менен башталат. Бул жерде Жакып эмнени айтып жатат? Бул дүйнөдө досуң болуусу, жада калса дүйнөдө жүргөн досуң болуу – бул дүйнө менен дос болуу менен бирдей эмес. Биз дүйнөдө дос болушубуз керек, бирок дүйнөнүн досу эмес. Биринчиси дүйнө калкына болгон мамилебизди көрсөтөт, экинчиси бул дүйнөнүн баалуулуктарынын системасы менен болгон достукту билдирет. Силер өзүңөр анын таасиринин астында жүргөндүн үстүнөн эч качан бийликке ээ боло албайсыңар. Биз дүйнөбүздүн идеалдарына симпатия көрсөтүү үчүн эмес, ага боорукердик көрсөтүүгө чакырылганбыз.

Бул демек:

Бул дүйнө менен чогуу чечинүү эмес, бул дүйнөнүн жылаңачтарын кийинтүү.

Бул дүнүйөдөгү нерсеге ачка болуу эмес, бул дүйнөдөгү ачкаларды тойгузуу.

Биз ооруп жаткан дүйнөнү айыктыруу үчүн, төшөгүнүн үстүндө отурууга чакырылган кабарчыларыбыз, дүйнө менен төшөк бөлүшүүчүлөр эмеспиз.

Адамдар менен жеке деңгээлде баарлашканда да, Падышанын осуяттарына урматоо менен мамиле кылган, Падышачылыктын элчиси катары жүргүлө. Бул дегени, ушул мамилени талаша турган күн да келет дегенди билдирет.

Соолубас таажы алуу үчүн биз атаандаштыкты четке кагып, Кудайдын Аны сүйүүгө, башкаларды сүйүүгө жана өзүбүздү сүйүүгө болгон чакырыгын кабыл алышыбыз керек.

## *Өмүр таажысы*

Ошентип, акыркы таажы – өмүрдүн таажысы болуп саналат. Сыягы, аны шейиттердин таажысы деп да атаса болот. Еврей тилинде «ишенимдин аталары» катары саналган Ыйык Китептин көптөгөн каармандары бул таажыга ээ болушкан: Степан, Петир жана түбөлүктүүлүктүн бул тарабында туруп ысымдарын биз эч качан биле албай турган, Машайактын көптөгөн башка жолдоочулары. Булар баарын берген адамдар. Өмүр таажысы теңдеши жок баада алынат.

> «Өмүрүңдүн акырына чейин ишенимдүү бол, ошондо Мен сага өмүр таажысын берем. Кимдин кулагы бар болсо, ал Рухтун Жыйындарга эмне деп айтып жатканын уксун: жеңген адам экинчи өлүмдөн зыян тартпайт» (Аян 2:10, 11).

Мага Ыйык Китептин «The Message» котормосу бул аятты кантип ачып бергени абдан жагат: «Өмүр таажысы Менде, ал атайын сен үчүн токулган, сенин ченемиңе ылайык жана ал сени күтүп жатат». Биз көптөгөн жана көптөгөн адамдардын жүрөгү коркунучтан эрий турган заманда жашап жатабыз. Зордук, оору, ачарчылык жана согуш, өлүм коркунучун жаратат. Жалаа, айыптоо, куугунтуктоо

адамдардын коркуу сезимин жаратат. Албетте, шайтан бизди аракетсиздик түңгүюгуна чөктүргүсү келип, дайыма өзүбүздү коргоого мажбурлагысы келет. Нерон сыяктуу, ал бизди бир жагынан ырайымсыздык жана үрөй учурарлык менен таң калтыргысы келсе, экинчи жагынан байлык жана бузуктук менен азгырып келет. Баарынан да душманыбыз биздин фонтандын жанында түбөлүк турушубузду жана иргеп, тыйын ыргытып, чексиз каалоо–тилектерди айтышыбызды каалайт. Бирок, бул таажыны алуу үчүн, тереңдикке сүңгүш керек.

**Бул таажыны алуу үчүн, тереңдикке сүңгүш керек.**

Жакында эле мен бир күндө үч коркунучтуу окуяга дуушар болдум. Алардын экөөсүн интернеттен руханий кыздарымдын биринен окудум. Ал үй–бүлөсү менен Израилде сексуалдык кулчулукка каршы күрөшкөн уюмду жетектеген. Биринчи макалада, мен өз жанын кыйган жүз элүүгө жакын жаш кыздар жана аялдар жөнүндө окудум. Алардын баары ИГИЛ террордук уюмунун согушкерлери тарабынан колго түшүрүлүп, сексуалдык кул катары кармалып турган. Террорчулар алардын ансыз деле оор жаракаттарына (рухий жана физикалык) кошумча акарат кылууга аракеттенгендей, алардын денелери менен иттерди тамактандырышкан.

Өз көзүмө ишенбей, катты көп жолу кайталап окудум. Мындай ачыктан–ачык, уятсыз жамандык кантип чын болсун?! Ушул күнгө чейин ушул саптарды жазып жатканда көз алдымда бир сүрөт пайда болот: бул кыздардын денесин мыкаачылык менен тытып жаткан иттер. Элесим тарткан сүрөттөрдөн үрөйүм учуп, Аян китебиндеги сөздөрдү эстедим:

> «Ошондо ажыдаар аялга аябай ачууланып, аялдын башка балдары менен – Кудайдын осуяттарын аткарган, Ыйса Машайактын күбөлөндүрүүсүнө ээ балдары менен согушууга жөнөдү» (Аян 12:17).

Мындай аракеттер адам батына албаган таш боордук... Буга каардуу ажыдаар гана кудурети жетет. Бул каар Теңирдин осуяттарын аткарган жана Ыйсанын күбөлөндүрүүсүнө бекем карманган аялга жана балдарга багытталган (Аян 12:17ни кара «The Messag»). Акыркы он күндүн ичинде бул сүрөт мен үчүн уламдан–улам киргилт болуп, ойго келбеген көлөмгө жетти.

Кийинки макалада Куранды жатка билген эркектерди сексуалдык күңдөр менен сыйлоо тууралуу сөз болду. Каапырларды зордуктоо табынуу катары эсептелген. Бул китеп басылганга чейин мындан да мыкаачы кылмыштардын толкундары, бул үрөйдү учурган нерселерди өз алдына көмүп салат дегенди моюнга алуу өкүнүчтүү.

Үчүнчү окуя менин жумуш электрондук почтама келди. Куугунтук же жакырчылык адамдардын машаякчылык маалыматка жетүүсүн чектеген өлкөлөрдө машаякчыл медиа ресурстарын жана адабияттарды таратууну координациялаган бир негизги кызматкерибиз бар. Жакынкы Чыгышта иштеген эр жүрөк досторубуздун бири Сириядагы машаякчыларга кол салууда каза болгон. Бул кишинин кандай шартта каза болгонун түшүндүрүп, алар бизге: «Кээ бирөөлөр көп берүүгө чакырылса, башкалары бардыгын беришет» деп жазышкан.

Мен бул кабардан таң калдым. Жолугушууга бара жатып, анын күтүүсүздөн жесир калган аялына акыл эсим менен кат жазууга аракет кыла бердим. Мен эмнени жазсам да, бул анын жашоосуна жана ал дуушар болгон кырдаалга карата шылдыңдагандай сезилип калаары мүмкүн экендигин сездим. «Өкүнөм» деген – өтө үстүртөн эле болуп, «ырахмат» деген бул кырдаалда орунсуз болоору көрүндү. Мен ага эч качан шейит болууну билбеген, үйдө аман–эсен отурган адам катары кат жазаарымды түшүнүп турдум. Менин колумда ар дайым машаякчыл музыка жана табынуу бар, менде окуй алаарымдан да көбүрөөк машаякчыл жана Ыйык Китептер бар. Менин кампаларым тамакка толгон, шкафтарым болсо кийимге толгон жана бүгүн, мен неберелеримди карап

жатканымда, алар Машаяктагы бир туугандарыбыздын ушундай азапка чыдап жатышканын билишпей эле күлүп, ойношот.

Мен уялдым. Мен капыстан бул менин өмүрүмдүн үстүнөн бузукулук кылгандай сездим, өмүрүм бош кабыктан кымбат эмес болуп, билгендеримдин баары болсо неберелерим үйлөгөн самындын көбүгүндөй, бир заматта салмаксыз болуп калгандай болдум. Мен бирөөгө чалгым келди. Ичимдеги суроолордун бирине да жооп бере албаса да, мен эмне болуп жатканымды түшүнө турган, жашы улуураак жана акылман аялга чалгым келди.

Менде көптөгөн «эмне үчүндөр» болгон. Бул учурда океандын ары жагындагы аялдар үмүтсүздүктө дагы бир көз ирмемди жашагандын ордуна, өз жанын кыюуга даяр турса, эмне үчүн менде мынчалык көп нерсе бар? Адилеттик кайда? Мен башымын өткөрүп жаткан бул жан дүйнөмдүн оорусу менен бир нерсе кылгым келди. Ошондо мен салыштыра баштаганым оюма келди. Мындай карама–каршылыкты сезүүнүн эч кандай жаман жери жок, бирок, салыштыруунун өзү пайдасыз. Бул суроолорго жооп жок. Ажыдаарга айланган жылан жана анын таасири астында бири–бирине коркунучтуу иштерди жасаган эркектер менен аялдар гана бар. Ошондо менде тандоом бар экенин түшүндүм. Мен бул ачууланган суроолорду берүүнү улантсам болот, же жашоомдогу бул суроо белгилери илеп белгилерине өзгөрүп кетишине мүмкүндүк берсем болот. Мен көз жашымды аарчып, алардын жашоосу мен үчүн грамматика сабагы болуп, жашоомдо тыныш белгилерин туура коюуга жардам берет деп чечтим.

Мындай куугунтуктоо окуялары жаңы эмес – бул бир нече жолу, ар бир кылымда болгон. Элүү бешимде мен түбөлүктүүлүктүн бул тарабында туруп, баары бир жооп бере албай турган суроолорго мээсин оорутпаган аялга чейин өсүшүм керек. Эч кандай мааниси жок нерсеге жаш курак өзү маани бере албайт. Биз марага жетип калдык жана биздин күндөрдөгү окуялар түбөлүктүүлүктү ого бетер жагымдуу кылат. Ошондуктан, бизде мындай мүмкүнчүлүк болуп турганда талыкпай эмгектенүү мындан да баалуу.

Түбөлүктүүлүктө гана бул окуянын мааниси болот, бирок азыр, бул жерде жана дал ушул убакта, биз сыйынып жана жүрөгүбүз атаандаштыктан, көрө албастыктан жана салыштыруудан таза болсо, Кудай биздин сыйынууларыбызды угат деп ишенсек болот.

> «Дене бирөө, Рух бирөө, чакырылып алынганыңарда, бир үмүткө чакырылгансыңар. Теңир бирөө, ишеним бирөө, чөмүлдүрүү бирөө, бардыгынын үстүндө, бардыгы аркылуу жана бардыгынын ичинде болгон, бардыгынын Кудайы жана Атасы бирөө. Машайактын чени менен ар бирибизге ырайым берилген» (Эф. 4:4–7).

## Өзүңдүн жашооң менен жаша!

Бизге ушунчалык көп берилген: биздин өзгөчө көз карашыбыз бул белек, биз көргөн жана башыбыздан өткөргөн нерселердин баары да белек. Бизде тандоо бар. Биз мунун баары бизди талкалашына жол берип, эч нерсе кылбасак да болот. Биз жашоонун бул белектерине арзыбаган нерсе катары карап, көңүлүбүздү чөгөрүшүбүзгө жол бере алабыз. Же биз башыбыздан өткөн көз ирмемдердин күчү жөнүндө ой жүгүртүп, алдыга карай умтулуп, таң калып жашай алабыз.

Акыркы он жылда мен ургаачы арстандар, кылыччан жана айкашчан аялдар жана кыздар, кантип аялдай болуп салгылашуу керектиги жөнүндө, көз жашы келгенче өбүшкөндөр жөнүндө, жанды тарбиялоо жөнүндөгүгө караганда көбүрөөк жаздым. Эми өз убактысын күтүп ичиңерде жаткандын баары ишке ашат деп жазып жана үмүттөнүп жатам. Анткени:

> Сен, теңдеши жок катары жашоого чакырылган кызысың.
> Сени эч ким теңгелгис Ата сүйөт.
> Сен башка эч ким теңеле албаган заманда жашайсың.
> Сен теңдеши жок өлкөдөнсүң.

Сен теңдеши жок курмандыктын баасына сатылып алынгансың.
Сага теңдеши жок ысым аманат кылынды.
Сен Анын теңдеши жок Рухунун күчү менен жабдылгансың.
Сен теңдеши жок тилди билесиң.
Сен теңдеши жок Дененин бир бөлүгүсүң.
Сага теңдеши жок тапшырма берилген.
Сен теңдеши жок курал менен куралдангансың.
Сен теңдеши жок согушка катышып жатасың.
Сен теңдеши жок сыйынууларга чакырыласың.
Биздин алдыбызда эч ким тең келе албаган мүмкүнчүлүктөр бар, анткени, биз эч ким тең келе албаган түшүмгө ээбиз.
Биздин тагдырыбыз теңдеши жок түбөлүктүүлүк.
Сулуулукта, күчтө, жакшылык кылууда, улуулукта теңдешсиздей жашайлы... Бирөө көп нерсени берет, бирөө болсо баарын берет.

Теңирдин алдында үмүт нурун чачып тургула, Ага ишенимдүү кызмат кылып, Аны дайыма жана бардык жерде сүйгүлө. Кантсе да, сен, менин эжемсиң–сиңдимсиң, досумсуң, теңдешсиз тагдырың бар. Андыктан, сүйүүдөн жаралган кайрат менен баргыла да, өз тагдырыңарды коркпой, тайманбай жашагыла!

## Ой жүгүртүү үчүн суроолор

1. Фекланын окуясы силерге эмнени айтып берди?
2. Дүйнө менен дос болуу менен дүйнөгө дос болуунун ортосунда кандай айырма бар?
3. Жашооңордун кайсы тармагынын тыныш белгилерин өзгөртүү керек?
4. Теңдешсиз жашооңорго карай кандай кадам таштайсыңар?

# ЫРААЗЫЧЫЛЫК СӨЗДӨРҮ

Элестеткиле, эгер ар бирибиз өзүбүздүн канчалык сүйүктүү жана баалуу экенибизди түшүнсөк, дүйнө кандай болмок. Лиза Бивер өзүнүн «Атаандаштыктан тышкары» деген китебинде бизди Кудай канчалык өзгөчө кылып жараткандыгын жана сүйгөндүгүн билүүгө жана түшүнүүгө үндөйт. Ошондуктан да, ар бирибиз Кудайдын ой-ниетин аткарууда чечүүчү жана маанилүү чакырыкты алдык. Бул китеп Кудайга жана Ал сизге тапшырган миссияга умтулууга чакыруу болуп саналат.

**– Холли Вагнер,** пастор жана жазуучу

Биз өз инсандыгын туура эмес жерлерден издеп, тентип жүргөн жандарга толгон маданиятта жашайбыз. Бул китеп эркектер менен аялдарга руханий инсандыктын чыныгы булагын көрсөткөн нагыз компас. Биз Кудайга таандыкпыз, Ал бизди тандап алган жана биз өзгөчө сүйүктүүбүз. Лиза бул түбөлүктүү чындыктарды кереметтүү түрдө жашоого алып келди. Бул китепти сөзсүз түрдө окуу керек!

**– Брэди Бойд,** Колорадо-Спрингстеги «Нью Лайф Черч» жыйынынын жана «*Зависимость от занятости*» деп аталган китептин автору.

«Атаандаштыктан тышкары» китебинде Лиза Бивер Кудай бизди ким кылып жаратканы жана Ал ар бирибизди жеке,

кайталангыс жол менен сүйөрү тууралуу терең чындыкты бөлүшөт. Бул китепти окугандан кийин, кимдир бирөө Кудайдын өзүнө болгон сүйүүсүнөн кантип шектенип жатканын элестете да албайм!

**– Крис Ходжи**с, «Черч оф хайлендс» жыйынынын улук пастору жана «Таза аба», «Төрт чөйчөк» деген китептердин автору.

Эгерде сиз качандыр бир инсандык кризиске кабылган болсоңуз, бул китеп баарын өзгөртөт. Ар бирибиздин Машаякта ким экенибизди түшүнүү, бизди өзгөртөт. Өзүбүздүн коопсуздугубузду издөөнүн ордуна, биз Кудайдын улуу куткаруу планында өз ордубузду ээлейбиз.

**– Шейла Уолш,** "Кудай талкаланган адамдарды сүйөт" китебинин автору жана "Ишенимдеги аялдар" конференциясынын негизги баяндамачысы.

«Атаандаштыктан тышкары» китеби маанилүү чындыктарды ачып берет жана бул муунга терең таасирин тийгизет деп ишенем. Лиза Бивер бул китепте Кудайдын сүйүүсүн жаңыча, ушунчалык кооз жана жандуу жеткирип бергендиктен, ар бир окурманды өзүнө тартып турат. Окурмандар бул укмуштуудай китепти тереңирээк изилдеген сайын, Кудайдын аларга болгон сүйүүсү жана Анын өздүгүн аныктоонун маанилүүлүгү жөнүндө көбүрөөк биле алышат.

**– Мэттью Барнетт,** «Дрим центр» уюмунун негиздөөчүсү.

«Атаандаштыктан тышкары» китеби - Кудайдын бардык адамдарга болгон сүйүүсүн эң сонун эске салуучу. Лиза бул темага жаңы ачылыш менен мамиле кылып, өз оюн көркөмдүк жана тактык менен билдирет. Бул чынында эле ар бир окурманды шыктандырган, сонун китеп.

**– Кэролайн Барнетт,** «Дрим центр» жыйынынын теңпастору.

Атаандаштык жана салыштыруу оп тартып бараткан дүйнөдө бул китепти ар бир эне, кыз, лидер жана дос окушу керек. Өзүбүздү бири-бирибизге салыштырбай, кол кармаша турган учур келди. Бири-бирибизге чыдап жүрбөй, бири-бирибиз менен ырахаттана турган убак келди. Бизде атаандаштар жок; ошондуктан, келгиле, ар бир адамга ийгиликке жетүүгө мүмкүнчүлүк берели.

**– Шарлот Гамбилл,** «ЛАЙФ черч» жыйынынын улук пастору, Брэдфорд, Улуу Британия.

Эгер сиз өзүңүздү эч нерсеге арзыбагандай сезсеңиз же максатыңыз жок болсо, анда сизге ичиңиздеги сынчынын оозун жабуу үчүн, керектүү болгон нерсе – бул «Атаандаштыктан тышкары» китеби. Кудай сизди ар бир жагдайдан канааттануу таап, салыштыруусуз жашоо үчүн жараткан.

**– Пасторлор Стивен жана Холли Фуртик,** «Элевейшн Черч» жыйыны.

Лиза сизге салыштырууга жана атаандашууга болбой турган Кудайдын уникалдуу шедеври экениңизди, Кудай берген уникалдуу чакырууга кирүү үчүн, сизде бардык нерсе бар экенин билүүдөн келип чыккан эркиндикти жана ишенимди кантип сезүүгө болорун түшүнүүгө жардам берет.

**– Виктория Остин**, Хьюстондогу «Лейквуд черч» жыйынынын теңпастору, Техас.

Лиза Бивердин «Атаандаштыктан тышкары» китеби сизди Машайактагы инсандыгыңыздын жаңы өлчөмүнө ойготот. Лизанын китеби кыраакылыкка жана кудайлык акылмандыкка толгон. Ал сизге чакырык таштайт, шыктандырат жана Теңирдин жашооңуз үчүн болгон кайталангыс чакыруусуна умтулууга жардам берет. Эгерде сиз Теңирдин тагдырыңыз тууралуу

айткандарына ылайык келүүнү каалап жатсаңыз, анда бул китеп сиз үчүн! Мен аны чындап сунуштайм.

**– Крис Валлоттон,** Реддингдеги «Бетел черч» жыйынынын пасторунун улук жардамчысы, Калифорния.

Лиза Бивер биздин көп жылдардан берки жакын досубуз жана анын «Атаандаштыктан тышкары» деген китеби, көптөргө эркиндик алып келе турган акылмандык деп ишенебиз. Бул китептин барактарын окуп жатканыңызда, сизге салыштырууну жана атаандаштыкты жеңүүгө жардам беришин Кудайдан сураныңыз жана Ал сизди ким кылып жараткан болсо, ошону кабыл алып, баалай аларыңызды көрсөтүүгө уруксат бериңиз.

**– Джеймс Робисон,** «ЛАЙФ аутрич интернейшнл»дин негиздөөчүсү жана президенти.

Мен Лизаны сүйөм. Ал алып жүргөн сөз актуалдуу. Ар бир адам бул китепти окуп жана анын кабарына ишенүүсүн каалайм. Өзүңүздүн ким экениңизди түшүнүү жана башкаларга болгон муктаждыгыңызды билүү абдан маанилүү. Бул китеп сизди бекемдейт; Атаңыз сиздин чыныгы, майтарылбас инсандык экениңизди көрсөтүп жатканын сезесиз.

**– Дженн Джонсон,** табынуу тобунун лидери жана «Бетел Мьюзик»теги ырлардын автору.

«Атаандаштыктан тышкары» китеби - бул бардык курактагы аялдарды ойготуу үчүн эң сонун чакырык. Лизанын биз баарыбыз өзгөчө сүйүктүү жана Кудай тарабынан чакырылгандыгыбыз жөнүңдөгү кабары, абдан зарыл нерсе. Мен анын бул китептин ар бир барагын толтуруп турган ынталуулугун жана энергиясын жакшы көрөм.

**– Алли Уортингтон,** «*Разрушая занятость; Акылдан азган*

*дүйнөдө эркиндикти жана максатты кантип табууга болот» деген китептердин автору.*

Лизанын кайраттуу жана Рухка толгон сөздөрү аялдарга салыштыруудан, текеберчиликтен жана көрө албастыктан арылууга жардам берет. Ал эмнени насааттаса, ошону менен жашайт; качан сиз Ыйсага таандык болгондо, атаандаштыктан тышкары болосуз.

**– Сара Бесси,** «Ыйса – феминист», «Чырмалышкан», «Өсүп келе жаткан ишенимди түшүнүү» деген китептердин автору.

Лизанын жаңы китеби – бул чоң казына! Бул китеп - Кудайдын Өз алакандары менен бетибизден сылап, көңүлүбүздү Өзүнө буруп, анан акырын жана ишенимдүү түрдө: “Мен сени сүйөм” деп айтканынын басылма эквиваленти.

**– Лиза Харпер,** жазуучу жана Ыйык Китептин мугалими.

Сиздин Кудайга таандык экениңизди, Кудайдын үй-бүлөсүндө сиздин уникалдуу ордуңузду жана Машаяктын кулк-мүнөзүн түшүнүү - дени сак жүрөк менен жандын мындан ары өсүшү үчүн абдан маанилүү. Лиза Бивер бул түбөлүктүү принциптерине келгенде, ыйык китептик чындыкты, ошондой эле жеке ачылышты түшүндүрүү үчүн, уникалдуу жөндөмгө ээ. Сиз өзүңүздүн ким экениңизди гана эмес, Анын да - атаандашсыз, күчтүү Куткаруучу экендигин кайрадан көрө аласыз.

**– Брайан жана Бобби Хьюстон**дор**,** «Хилсонг» дүйнөлүк жыйынынын негиздөөчүлөрү жана улук пасторлору.

Аялдарга салыштыруу жана атаандаштык менен мүнөздөлгөн дүйнөдө Лиза Бивер өзүнүн колунан келген эң жакшы нерсесин кылат — бизди өзүнүн аялдык жүрөгүнө: «Кызым, сен толук

кандуусуң, анткени сен өзгөчө сүйүктүүсүң» деген кам көрүүчү, бекемдөөчү жана айыктыруучу сөздөрү менен жакындатат. «Атаандаштыктан тышкары» китеби бизден атаандаштыктын муктаждыгын жок кылат жана биз Атанын жүрөгүнө аман-эсен конуп, Анын кучагында тамыр жаябыз. Бул китеп, тереңирээк мамилелерди, инсандыкты жана максатты издеген бардык аялдар сөзсүз окушу керек болгон китеп.

**– Криста Блэк Глиффорд,** сыйлыктарга ээ болгон ырлардын автору, насаатчы жана «Кудай көксүздөрдү сүйөт» жана «Айыккан жүрөк» деген китептердин автору.

Лиза Бивердин "Атаандаштыктан тышкары» аттуу жаңы китеби Кудайдын ар бирибизге болгон кайталангыс сүйүүсүн сонун сүрөттөйт. Бул китеп бизге эч кандай атаандашыбыз жок экенин эскертет, анткени Кудай бизди Андагы өзгөчө бир баалуулук жана өзгөчөлүк менен жараткан. Бул китепти ар бир адам сөзсүз окушу керек!

**– Джентезен Франклин,** «Фри чейпел» жыйынынын улук пасн тору жана «Нью-Йорк Таймс» версиясы боюнча бестселлерлердин автору.

Менин кымбаттуу досум Лиза Бивер муну кайра жасады. «Атаандаштыктан тышкары» - бул күчтүү, пайгамбарчылык жана шыктандыруучу китеп, ал сизге ким экениңизди жана Кудайдын кызы катары кимге тиешелүү экениңизди табууга жардам берет. Бул китепти сиз тааныган ар бир аялга белекке бериңиз - мен өзүм да ошондой кылам.


**– Кристин Кейн,** «А21» жана «Продвижение для женщин» дин Негиздөөчүсү.

Кудай бизди бирдей эмес, өзгөчө сүйөт. "Атаандаштыктан тышкары" китебинде Лиза сизге кайрадан күчкө жана максатка ээ болууга жардам бере турган чындыктарды ачып берет.

– **Марк Беттерсон,** «New York Times» версиясы боюнча «*Чертящий круги»* бестселлеринин автору жана «Нэшнл комьюнити черч» жыйынынын пастору.

# АДАМАНТ

*ОЙ - ПИКИРЛЕРДИН ДҮЙНӨСҮНДӨ*
*ЧЫНДЫКТЫ КАНТИП ТАБЫШ КЕРЕК*




Байыркы салт боюнча, адамант деп алмазды жана эч нерсе таасир этпеген мистикалык ташты аташкан. Азыркы тилде адамант деген сөз ийилбеген, чечкиндүү, тайсалдабаган абалды билдирүү үчүн колдонулат. Эгерде качандыр бир учурда тарыхта сүйүү менен чындыктын адаманты болуш керек болсо, анда ал азыр. Кудай - Сүйүү. Кудай – Чындык. Чындык менен сүйүүнүн убактысы жок, алар заманбап агымдардан жана ой-пикирлерден жогору турат. Кээде сүйүүнүн эң чоң көрүнүшү – бул чындыкты айтуу, бирок, аны айтуу үчүн, алгач аны менен жашаш керек.

Ыйык Жазуунун жана тарыхтын жардамы менен бестселлерлердин автору Лиза Бивер сизди «Кудайдын тоосуна» саякатка алып барат, ал жерден сиз Кудайдын өзгөрүлгүс чындыгында жана сүйүүсүндө болууну гана үйрөнбөстөн, адамант адам болууга: өжөр, чечкиндүү жана бекем болууга да чечим чыгара аласыз. Кудайдын улуу максаты жана библиялык таржымалдар менен биргеликте, Лиза сизге ишенимдүүлүк жана кумарлануу менен адаманттын сырларын ачып берет. Качан биз Кудайда болгонубузда, бизге Анын планы ачылып, биз курч жана жылмаланган болуп калганыбызды көрөсүз. Биз Машайакта жашаганыбызда, Бурчка коюлган ташыбызда болгонубузда, биз адамантка айланабыз.

MessengerX.com сайтында жеткиликтүү

# УРГААЧЫ АРСТАНДАРДЫН ОЙГОНУУСУ

*Ойгон жана өз дүйнөңдү өзгөрт*




Ургаачы арстандын уйкудан ойгонуусу - күчтүн, кумарлануунун жана сулуулуктун кереметтүү образы. Анын чыныгы табияты - аны курчап турган дүйнөгө буйрук берүү, тукумун коргоо жана аны арстандын күчү менен толтуруу. Курчап турган бүт дүйнөгө таасир этиш үчүн, ургаачы арстандар бир жамаатта бир бүтүндүк катары араккеттенишет.

**Силер дагы – ургаачы арстансыңар.**

«Ургаачы арстандардын ойгонуусу» китебинде Лиза Бивер катуу (күчтүү), бирок ошол эле учурда назик аялдын образы катары ургаачы арстандардын жашоосун жана көрүнүшүн сунуштайт. Бул кереметтүү жаратуунун күтүлбөгөн өзгөчөлүктөрүн ачып берүү менен, Лиза аялдарды бири-бирине кам көрүүгө, алардын чакырыгында кызмат кылууга жана сыйынууда күчтүү болууга үндөйт. Бул кабар аркылуу силер жетиле электерди коргоо мүмкүнчүлүгүн ачасыңар жана мурда үнү жоктор үчүн добуш болосуңар.

Жапайы жаратылыш дүйнөсүнүн укмуштуудай окшоштуктарга жана арстандар жөнүндөгү библиялык тексттердин тереңдигине толгон “Ургаачы арстандардын ойгонуусу” – аялдарды биригүүгө жана бул жер жүзүндө түбөлүктүү күчкө ээ болууга чакырат.

Машайак Жүйүт уруусунун Арстаны деп аталат. Ал эми, биз - Анын ойгонгон арстандарыбыз.

**MessengerX.com** сайтында жеткиликтүү

# КЫЛЫЧЧАН КЫЗДАР

*Кантип өз айкашын баатырдык менен көтөрүп жүрүүгө болот*





Кудайдын Сөзү – бул кылыч. Аны колдонуудан көрө, үйрөнүү бизге ыңгайлуураак. Кыздарга кылыч берип, асманды жерге кантип тартаарын байкап көрүүгө убакыт келди. Дүйнө жүзү боюнча аялдар бейкалыс, сексуалдык кулчулук, зордук-зомбулук, ал тургай, гендердик кыргынга дуушар болушат. Лиза Бивер бул кол салуулар аялдардын мурункуга караганда, келечекте ким болору тууралуу көбүрөөк айтып жатканын жазат. «Кылыччан кыздарда» ал, руханий душман аларды ар кандай деңгээлде куралсыздандыруу үчүн кандай мүмкүнчүлүктөрдү издеп жатканын түшүндүрөт. Аялдар кайраттуу, акылман, кыраакы жана кечиримдүү болуш үчүн, Кудай аларды жараткан каармандарга айланууга учур келди. Өз кылычын колго алып, баатыр болууга убакыт келди.

MessengerX.com сайтында жеткиликтүү


# MessengerX

*Шакиртчиликке карай жол ар бир адам үчүн жана бардык жерде*




- **125 тен ашыгыраак тилде бекер**
- Онлайн жана тиркеме катары жеткиликтүү
- Материалдар силердин рухий өсүүңөр үчүн арналган
- Өз таржымалыңарды жана шакиртчилик жолуңарды аңдагыла






Окуп үйрөнүү үчүн Messenger программасынын толук китепканасын - электрондук китептерди, видео жана аудио окууларды, аудиокитептерди, Ыйык Жазууларды алыңыз... Бардык түзмөктөрүңүздө көрүп, окуп жана угуңуз.

**MessengerX.com**

Бул жерден жүктөп алууга болот App Store

Бул жерден алууга болот Google Play

App Store жана Google Play аркылуу дүйнө жүзү боюнча жеткиликтүү

"Атаандаштыктан тышкары" биздин Машаяктагы инсандыгыбыз үчүн тынымсыз согушка карата өзгөчө көз карашты ачып берет."
— ДЖОЙС МАЙЕР
Ыйык Китепти окутуучу жана бестселлерлердин автору

Башкаларды атаандаш катары көрүп, салыштыруу жана атаандашуу менен чектелип калганыбыз бекеринен эмес. Биздин акылыбызга, эркибизге жана сезимдерибизге коркунуч туудурган, өзүбүзгө жана айланабыздагыларга кол салууга түрткөн душманыбыз бар. Мына ошентип, биз жакындарыбыздан алыстап, өзүбүздүн индивидуалдуулугубузду жана максатыбызды жоготуп алабыз.

*"Атаандаштыктан тышкары"* китебинде бестселлерлердин автору Лиза Бивер Кудайдын сүйүүсүнүн ачылышы бул түйүндөрдү кантип үзөрүн айтып берет. Сиз адамдарды атаандаш катары көрүүнү кантип токтотуп, Жаратканыңыз менен өзүңүз каалаган терең мамилени, чыныгы индивидуалдык жана жакындыкты убада кылган мамилени сактоону үйрөнөсүз. Пайгамбарчылык акылмандыкка толгон, биздин заманда да актуалдуу болгон, бул үндүү библиялык окутууда Лиза сизге тамаша жана кумар менен чакырык таштайт.

- Атаандаштыктан баш тартсаңыз, ал сиздеги эң жакшы жактарды көрсөтөт.
- Катышууга керектүү баарлашуудан жашынганды токтотуңуз.
- Аялдар эч нерсеге арзыбаган, баёо жана жеңил ойлуу деген ойлорду четке кагыңыз.
- Жашооңуздагы жыныстык атаандаштыкты жок кылыңыз жана эркектер менен биргеликте эмгектениңиз.

Алдыга кадам таштап жана атаандаштыктан тышкары жашоого убакыт келди.

**Лиза Бивердин** чыныгы, жалындуу жана тамашакөй стили библиялык чындыкты практикалык колдонуу менен айкалыштырат. Анын *«Аялдай болуп күрөш», «Ургаачы арстанды ойготуу»* жана *«Кылыччан кыздар»* деген китептери 65тен ашык тилге которулуп, дүйнө жүзү боюнча миллиондогон нускада таратылган. Лиза жана анын күйөөсү Джон бестселлерлердин авторлору жана «Mesenger International» кызматынын негиздөөчүлөрү.



**MessengerX.com** сайтынан көбүрөөк маалымат алыңыз.

Messenger INTERNATIONAL

Бул китеп - автордун белеги.
Сатууга болбойт.

Көбүрөөктү каалайсызбы?
Сканирлеп алыңыз.